ООН ЖЕНЩИНЫ

ООН Миростроительство
Фонд миростроительства

IOM • OIM

UNFPA

STAT.KG

# Коомдун гендердик маселелерди кабыл алуусу








**Билим**
**Мамиле**
**Тажрыйба**

## Улуттук иликтөөнүн жыйынтыктары

2016

# Коомдун гендердик маселелерди кабыл алуусу

## (улуттук иликтөөнүн жыйынтыктары)

Бишкек - 2016

**Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:**
**Бишкек ш., Чүй проспекти 160,**
**телефон: 996 (312) 611202**
**факс: 996 (312) 611204**
**e-mail: unfpa-office@lists.undp.kg**
**интернет:http://kyrgyzstan.unfpa.org**
**© UNFPA 2016**

**БУУнун Кыргыз Республикасындагы Калкты жайгаштыруу фонду (ЮНФПА)**

**ЮНФПА – ар бир адам маанилүү**

## ЫРААЗЫЧЫЛЫК БИЛДИРҮҮ

«Коомдун гендердик маселелерди кабыл алуусу» деген аталыштагы изилдөөчүлүк басылма гендердик маселелердин беш чөйрөсүндө ар тараптуу изилдөөлөрдү жүргүзүүгө мүмкүндүк берет: аялдардын саясатка катышуусу; аялдардын экономикалык укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү; кыздарды ала качуу жана жашы жете электерге нике кыюу аркылуу аялдарга каршы зордук-зомбулук; аялдарды диний радикалдаштыруу; аялдардын эмгек миграциясына катышуусу.

Республикада биринчи жолу улуттук деңгээлде жогоруда аталган ар бир багытты кылдат изилдөөгө өбөлгө түзүүчү кеңири анык маалымат жыйналды. Аялдардын жана эркектердин билими жөнүндө маалымат чогултулду, алардын коюлган суроолорго мамилеси, ошондой эле аялдардын жана эркектердин ар кандай турмуштук кырдаалдарда колдонуучу тажрыйбалары аныкталды.

Изилдөөлөрдүн жыйынтыктары алдыдагы мезгилде гендердик теңчилик чөйрөсүндөгү саясатты иштеп чыгууда негиз катары пайдаланууга жарамдуу.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети БУУнун Калкты жайгаштыруу Фондунун (ЮНФПА) Аткаруучу Өкүлү М. Өмүрзаковго, ЮНФПАнын Программалык адиске Н. Сүйүналиевага, БУУ Аялдар уюмунун, Эл аралык Миграция уюмунун (МОМ) кызматкерлерине, эл аралык кеңешчи М. Маккормакка изилдөөлөрдүн бардык этаптарында ар тараптуу методологиялык, кеңештик жана техникалык жардам бергендиктери үчүн терең ыраазычылык билдирет.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети Төраганын кеңешчиси К. Койчумановага маалыматты жогорку сапатта жыйноону жана кайра иштеп чыгууну камсыз кылгандыгы, кесипкөйлүгү жана ушул басылманы даярдоодогу талкуулоолорго катышкандыгы үчүн ыраазычылык.билдирет. Изилдөөнү натыйжалуу башкарып, адистик кеңешин бергендиги жана отчетту даярдоодо жардам көрсөткөндүгү үчүн долбоордун менеджери Э. Исенкуловага өзгөчө ыраазычылык билдирилет.

Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин буйрутмасы менен түзүлгөн Ведомстволор аралык жумушчу топтун мүчөлөрүнө, коомдук уюмдардын өкүлдөрүнө жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин адистерине изилдөөлөргө кошкон салымдары жана гендердик маселелерди алдыга жылдыруудагы тайманбас эмгектери үчүн өзгөчө ыраазычылык билдирилет.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети улуттук кеңешчилер Л. Илибезовага жана Г. Абдуллаевага, ошондой эле талдоочулар Ч. Турдубаевага, Г. Сулаймановага, Н. Багдасаровага, З. Көчөрбаевага, Е. Карповичке, Л. Торгашевага, Т. Таиповага басылманы жогорку кесипкөйлүк деңгээлде даярдоого кошкон салымдары үчүн ыраазычылык билдирет.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети сапаттуу маалымат базасын түзүүгө жана маалыматты статистикалык иштетүүгө кошкон олуттуу салымы үчүн маалыматты иштетүү боюнча адис Л. Прасловага, ошондой эле маалыматтарды убагында жана сапаттуу киргизүүнү камсыз кылган адистерге ыраазычылык билдирет.

Кыргыз Республикасынын тургундарына алардын изилдөөчүлөргө бөлгөн убактысы, чынчыл жооптору жана ак ниет каалоолору үчүн өзгөчө ыраазычылык билдирилет.

**Шарттуу белгилер**

«-» - көрүнүш жок

«…» - маалымат жок

«0,0» - көрсөткүч мааниси өлчөө бирдигинен аз

Таблицаларда келтирилген пайыздык маалыматтар салмактанып алынган маалыматтардын негизинде келтирилген, “аялдардын саны”, “эркектердин саны” графаларында тандоонун негизинде салмактанып алынбаган абслюттук маалыматтар келтирилген.

**Кыскартуулардын тизмеси**

| | |
|---|---|
| АИЖ | Адамдын иммундук жетишсиздигинин вирусу |
| ЖКОЖ | Жогорку кесиптик окуу жайы |
| ҮЧ | Үй чарбасы |
| ЕАЭБ | Евразия экономикалык биримдиги |
| ЖКАБИ | Жыныстык жол аркылуу берилүүчү инфекция |
| ЖДЧ | Жамааттык дыйкан чарба |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| ИИМ | Ички иштер министрлиги |
| МЭУ | Миграция боюнча эл аралык уюм |
| БАЭ | Бириккен Араб Эмираттары |
| БДЧ | Бириккен дыйкан чарба |
| БУУ | Бириккен Улуттар уюму |
| РФ | Россия Федерациясы |
| КМШ | Көз карандысыз мамлекеттер шериктештиги |
| ФМК | Федералдык миграциялык кызмат |
| БУУКФ (ЮНФПА) | БУУнун Калк боюнча фонду |

# МАЗМУНУ


**1. Киришүү ........ 7**

**2 Улуттук контекст ........ 8**

**2.1 КАЛКТЫН ДЕМОГРАФИЯЛЫК ТҮЗҮМҮ ........ 9**
**2.2 ЖАКЫРЧЫЛЫК ЖАНА ТЕҢСИЗДИК ........ 9**
**2.3 АЯЛДАРДЫН ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ ........ 10**
**2.4 АЯЛДАРДЫН МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИК ЖАНА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНДАГЫ САНЫ ........ 11**
**2.5 НИКЕЛЕШҮҮ ........ 12**
**2.6 МИГРАЦИЯ ........ 14**

**3 Изилдөө методологиясы ........ 15**

**3.1 ИЗИЛДӨӨНҮН МАКСАТЫ ЖАНА КАМТЫШЫ ........ 15**
**3.2 СУРАМЖЫЛОО БАРАКЧАСЫ ........ 16**
**3.3 ТАНДОО ИШИН ТҮЗҮҮ ЖАНА СУРАМЖЫЛОО ЫКМАСЫ ........ 16**
**3.4 ЛИСТИНГ ӨТКӨРҮҮ ........ 19**
**3.5 АЛДЫН АЛА ИЗИЛДӨӨ (ПРЕТЕСТ) ........ 19**
**3.6 СУПЕРВАЙЗЕРЛЕРДИ ЖАНА ИНТЕРВЬЮ БЕРҮҮЧҮЛӨРДҮ ОКУТУУ ........ 19**
**3.7 ТАЛАА ЖУМУШТАРЫ ........ 20**
**3.8 МААЛЫМАТТАРДЫ ТЕСКӨӨ ........ 20**
**3.9 МААЛЫМАТТАРДЫ ИШТЕП ЧЫГУУ ........ 20**
**3.10 ҮЙ ЧАРБАЛАРЫНЫН БАКУБАТТУУУЛУГУНУН ДЕҢГЭЭЛИН АНЫКТОО ........ 21**

**4 Үй чарбаларынын мүнөздөмөсү жана курамы ........ 23**

**4.1 ҮЙ ЧАРБАЛАРЫНЫН МҮЧӨЛӨРҮН 15 ЖАНА АНДАН УЛУУ КЫЛЫП, ЖАШЫ ЖАНА ЖЫНЫСЫ БОЮНЧА БӨЛҮШТҮРҮҮ ........ 23**
**4.2 ҮЙ ЧАРБАЛАРЫНЫН 15 ЖАШ ЖАНА АНДАН УЛУУ МҮЧҮЛӨРҮНҮН МҮНӨЗДӨМӨСҮ 24**
**4.3 ҮЙ ЧАРБАЛАРЫНЫН ЖЕТИШТҮҮЛҮГҮНҮН ДЕҢГЭЭЛИНИН ДЕҢГЭЭЛИ ........ 25**
**4.4 АЯЛДАРДЫН НЕГИЗГИ МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ ........ 27**
**4.5 ЭРКЕКТЕРДИН НЕГИЗГИ МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ ЖАНА АЯЛДАРДЫН МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮНӨН ОЛУТТУУ АЙЫРМАЧЫЛЫКТАРЫ ........ 30**

**5. Активдерди ээлөө, иш менен камсыз болуу жана киреше ........ 35**

**5.1 АКТИВДЕРДИ ЭЭЛӨӨ ЖАНА БАШКАРУУ ........ 35**
**5.2 АЯЛДАРДЫН ЖАНА ЭРКЕКТЕРДИН ИШ МЕНЕН КАМСЫЗ БОЛУШУ ........ 39**

**6. Экономикалык аспекттер ........ 49**

**6.1 КИРЕШЕЛЕР ЖАНА ЧЫГАШАЛАР БОЮНЧА ЧЕЧИМДЕРДИ КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА ГЕНДЕРДИК РОЛДОРДУ БӨЛҮШТҮРҮҮ ........ 51**
**6.2. Микрокредиттер ........ 62**
**6.3 ИШКЕРДҮҮЛҮК ........ 72**

**7. Диний тажрыйбалар жана диний ишенимдер ........ 93**

**8 Нике тажрыйбалары ........ 101**

**8.1 НикелешүүнҮн жалпы маселелериЖ ........ 103**
**8.2 эрте НИКЕЛЕШҮҮ ........ 110**
**8.3 Кыздарды ҮЙЛӨНҮҮ үчүн ала качуу ........ 123**

**9 Аялдардын саясий катышуусу ........ 151**

**10 Миграция ........ 167**

**Тиркеме А. Изилдөөгө катышкан кызматкерлердин тизмеси ... 185**

**Тиркеме В. Тандоо каталарын саноо ... 188**

**Тиркеме С. Маалыматтардын сапатын текшерүү таблицасы ... 197**

## Таблицалардын тизмеси

- **4.1-Таблица. Үй чарбалардын 15 жана андан жогору жаштагылардын санын жашы, жынысы жана жайгашуу түрү боюнча бөлүштүрүү** ... 24
- **4.2–Таблица. Үй чарбалардын 15 жана андан жогору жаштагы мүчөлөрүнө мүнөздөмө** ... 24
- **4.3-Таблица. Үй чарбаларынын жетиштүү жашоо деңгээлине субъективдүү баа берүү** ... 25
- **4.4–Таблица. Үй чарбаларынын кирешесинин түзүмү** *(пайыз менен)* ... 26
- **4.5-Таблица. Үй чарбаларынын киреше булагынын саны** ... 26
- **4.6–Таблица. Үй чарбаларынын 15 жана андан жогору жаштагы аялдардын никелешүү статусу** 27
- **4.7-Таблица. Үй чарбаларынын 15 жана андан жогору жаштагы аялдардын никелешүү жашы** .. 29
- **4.8-Таблица. Үй чарбаларынын 15 жана андан жогору жаштагы мүчөлөрүнүн никелешүү ыкмасы** ... 29
- **4.9-Таблица. Үй чарбаларынын 15 жана андан жогору жаштагы эркектердин никелешүү статусу** ... 31
- 4.10 -Таблица. 15 жаш жана андан улуу курактагы үй чарба мүчөлөрүнүн ички миграциясы ... 33
- 8.1–Таблица. Аялдар жана эркектер эмнени нике деп эсептешет ... 105
- 8.2-Таблица. Сурамжылоого катышуучулардын депутаттардын диний ырым-жырым аркылуу нике кыйуу/ чиркөөдө баш кошууну ЖААК та никени расмий каттоого чейин өткөрүүгө тыюу салуу жөнүндө демилгесине карата болгон мамилеси ... 106
- 8.3-Таблица. Нике жана үй-бүлө тууралуу айтылган көндүм пикирлерге болгон аялдардын мамилеси ... 108
- 8.4-Таблица. Нике жана үй-бүлө тууралуу айтылган көндүм пикирлерге болгон эркектердин мамилеси ... 109
- 8.5-Таблица. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодекси менен жалпы эреже боюнча бекитилген минималдуу турмушка чыгуу курагын аялдар жана эркектердин билүүсү ... 111
- 8.6–Таблица. Акыркы беш жылдын ичинде жашы жете элек кыздардын турмушка чыгуу динамикасы ... 112
- 8.7-Таблица. Жашы жетпегендердин баш кошуусунун көбөйүш себептери ... 114
- 8.8 –Таблица. Респонденттердин жашы жетпеген кыздардын никеге тургандыгы жөнүндө маалыматынын бардыгы жана алардын ата-энесине карата болгон мамилелери ... 115
- 8.9 –Таблица. Сурамжылоонун катышуучуларынын жашы жете элек кыздын күйөөгө чыгуучу убагы келди деп ким чечкендиги жөнүндө пикири ... 117
- 8.10-Таблица Респонденттердин айтылган пикирлер менен макулдугу ... 119
- 8.11-Таблица. Жашы жете элек куракта күйөөгө чыгууну актоо мүмкүн болгон учурлар ... 120
- 8.12-Таблица. Респонденттердин аялдардын жана эркектердин минималдуу нике курагын өзгөртүүгө карата болгон пикирлери ... 121
- 8.13-Таблица. Аялдар менен эркектердин кыздарын жашы жете электе күйөөгө берген ата-энелерге карата мамлекет чара көрүшү керекпи же жокпу жөнүндө пикири ... 122
- 8.14-Таблица. Кызды макулдугуз ала качууга карата аялдар жана эркектердин пикири ... 124

- 8.15 –Таблица. Аялдар менен эркектердин кыздарды ала качуу учурларынын акыркы беш жылдын ичиндеги динамикасы жөнүндө пикирлери ........ 127
- 8.16-Таблица. Аялдардын акыркы эки- үч жылдын ичиндеги кыздарды ала качуу учурлары жөнүндө маалыматынын бардыгы ........ 129
- 8.17- Таблица. Эркектердин акыркы эки- үч жылдын ичиндеги кыздарды ала качуу учурлары жөнүндө маалыматынын бардыгы ........ 131
- 8.18–Таблица. Респонденттердин кызды анын макулдугу жок ала качып кеткен уланга карата болгон мамилеси ........ 132
- 8.19- Таблица. Кыздарды үйлөнүү үчүн ала качуу үчүн жоопкерчилик жөнүндө кабардар болуу ........ 136
- 8.20-Таблица. Кыздын отуруп калышы жана ала качкан адамга турмушка чыгышы жөнүндө пикирлер ........ 138
- 8.21-Таблица. Эмне үчүн кыздын отуруп калганы жана ала качкан адамга күйөөгө чыкканы жакшы тууралуу пикирлер ........ 140
- 8.22-Таблица. Кыздын калышы жана эгерде ала качкан адам аны жыныстыкбайланышка мажбурласа, ага турмушка чыгышы керекпи деген пикирлер ........ 143
- 8.23-Таблица. Кызды ала качкан адамдын аял-туугандары эмне үчүн кызды ала качууга катышкандыгы жөнүндө пикирлер ........ 145
- 8.24-Таблица. Аялдар жана эркектер, эгерде алардын кызын/карындашын/сиңдисин үйлөнүү үчүн алардын макулдугусуз ала качып кетсе эмне кылышат ........ 147
- 8.25-Таблица. Үйлөнүү үчүн кыздарды ала качууну кандай чаралар токтото алат ........ 148
- 9.1-Таблица. Аял-саясатчылар үчүн маанилүү үч сапат ........ 152
- 9.2-Таблица. Саясатта аялдардын санын көбөйтүү үчүн атайын социалдык чаралар жөнүндө кабардар болуу ........ 154
- 9.3-Таблица. Саясаттагы аялдар тууралуу ой-пикир менен макул болгон аялдар менен эркектердин үлүшү ........ 156
- 9.4-Таблица. Эгерде чечим кабыл алуучу адамдардын арасында аялдардын саны көп болсо, өлкөдө жашоо-турмуш кандай өзгөрөт деген ой-пикир ........ 157
- 9.5-Таблица. Аялдардын катышуусуна тоскоол болгон себептер тууралуу пикир ........ 159
- 9.6-Таблица. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин V жана VI чакырылышындагы айым депуттарынын аткарган ишинин сапатын баалоо ........ 161
- 9.7-Таблица. Аялдардын жергиликтүү кеңештердеги ишинин сапатын баалоо ........ 162
- 9.8–Таблица. 2010-жылдан бери калктын саясий активдүүлүгү ........ 163
- 9.9- Таблица. Митингтерди өткөрүп жатканда өз пикирин ачык жана өжөрдүк менен билдирип жаткан аялдар ким деген суроого жооп берген респонденттердин пикири ........ 164
- 9.10-Таблица. ОБОН тобунун пайда болуу себептери ........ 166
- 10.1- Таблица. Ар кайсы жыныстардын өкүлдөрү үчүн миграциянын тийгизген таасири тууралуу айтылгандар менен макул болгон аялдардын үлүшү ........ 171
- 10.2-Таблица. Ар кайсы жыныстардын өкүлдөрү үчүн миграциянын тийгизген таасири тууралуу айтылгандар менен макул болгон эркектердин үлүшү ........ 173
- 10.3-Таблица. Кыргыз Республикасынын ЕАЭБга кирүүсү менен байланыштуу эмгек миграциясына кирүүнү пландаштыруу ........ 176
- 10.4-Таблица. Кабыл алган өлкөдөгү мигранттардын (аялдардын жана эркектердин) динчилдигинин жогорулашы ........ 177
- 10.5-Таблица. Россия Федерациясына кирүүгө тыюу салынган адамдардын маалыматтар базасынын бардыгы тууралуу кабардар болуусу ........ 178

- 10.6-Таблица. ЕАЭБ мамлекеттерине кирүү, болуу жана жумушка орношуу тууралуу маалымат алуу үчүн аялдар жана эркектер кайсы кызматтарга кайрылышат ........ 180
- 10.7-Таблица. Тышкы эмгек миграциясында жүргөн аялдар менен эркектерге ар кандай мекемелер менен кызматтар кандай коркунуч туудурары жөнүндө пикирлер ........ 181
- 10.8–Таблица. Миграциядан кайтып келген аялдар менен эркектер туш болчу көйгөйлөр ........ 183


## Иллюстрациялардын тизмеси


2.1-Сүрөт. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде аялдардын саны ........ 12

2.2. –Сүрөт. Эрте үйлөнүү жана көп аял алуу ........ 13

8.1-Сүрөт. Эмне үчүн кыздын калганы жана ала качкан адамга турмушка чыкканы тууралуу аялдар менен эркектердин пикири *(пайыз менен)* ........ 140

9.1-Сүрөт. Аялдардын митингтерге катышуу себептери ........ 165

10.1-Сүрөт. Кыргыз Республикасынын ЕАЭБге кирүүсүнө байланыштуу жумушчу мигранттар тарабынан тандалган өлкөлөр *(чыгууга пландаштырган өлкөлөр боюнча барууну каалаган эркек менен аялдардын пайызы)* ........ 175

10.2-Сүрөт. Эмгек мигранттарынын динчилдик деңгээлинин өзгөрүлүш себептери *(пайыздар)* ........ 178

10.3-Сүрөт. Миграциядан кайтып келген аялдар менен эркектер туш болгон көйгөйлөр *(миграциядан кайтып келген аялдар менен эркектер туш болгон маселелерди айткан аялдар менен эркектердин пайызы)* ........ 182

# 1. Киришүү

Гендердик теңчилик демократиянын маанилүү курамдык бөлүгү болуп саналат, ошондуктан анын жетишкендиги бардык өлкөлөрдө артыкчылыктуу саясий жана социалдык милдеттердин бири болуп саналат. Кыргыз Республикасынын гендердик теңчиликке жетүү милдеттери Бириккен Улуттар Уюмунун адам укуктары боюнча универсалдуу конвенциясында бекитилип, декларацияларда жана эл аралык милдеттенмелерде тастыкталган, ошондой эле БУУнун Коопсуздук кеңешинин тынчтык жана коопсуздук маселелеринде өзгөчө белгиленген.

Кабыл алынган эл аралык жана улуттук милдеттенмелерди аткаруу менен Кыргыз Республикасы өнүгүүнүн бардык тармактарында, анын ичинде саясий жана экономикалык жана нике-үй бүлө чөйрөлөрүндө гендердик артыкчылыкка жетишүү каралган саясатты иштеп чыгат жана атайын программаларды кабыл алат.

2012-жылы Кыргыз Республикасы биринчи жолу узак мөөнөттүү документ – 2020-жылга чейин гендердик теңчиликке жетүү боюнча Улуттук стратегияны кабыл алган, анда экономикадагы аялдар, кыздар жана аялдар үчүн билим алуу, сот адилеттигинен пайдалануу жана саясий тең укуктуулук сыяктуу өнүгүү артыкчылыктары аныкталган. Тынчтыкты жана коопсуздукту камсыз кылууда аялдардын ролун жогорулатуу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан

2013-жылы, андан соң 2015-жылы БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 1325 Резолюциясын ишке ашыруу боюнча аракеттердин Улуттук планы бекитилген.

Мамлекеттердин жана коомчулуктардын ар кандай институттарынын аракеттеринен улам, 2008-жылы Кыргыз Республикасында “Эркектер жана аялдар үчүн тең укуктардын жана бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө” Мыйзам кабыл алынган, анда гендердик дискриминацияга тыюу салуулар каралып, укуктук, уюштуруучулук жана башка механизмдер аркылуу мамлекеттик бийликтин бардык бутактарында адамдардын гендердик өкүлчүлүгүн камсыз кылуу аркылуу мамлекетти башкарууга катышуу үчүн ар кандай жыныстагы адамдарга бирдей мүмкүнчүлүк түзүү кепилденген.

Бирок, прогрессивдүү мыйзам базасына жана ар кандай программалардын болушуна карабастан, Кыргыз Республикасында көптөгөн багыттар боюнча бул документтерде коюлган максаттарга жетүү мүмкүн болгон эмес. Экономикалык чөйрө аялдардын экономикалык жигердүүлүгүнүн төмөндүгү, эмгек рыногунда кесиптик сегрегациянын болушу менен мүнөздөлөт, мындан улам эмгек акы төлөөдө айырмачылыктар сакталып калган – аялдардын эмгек акысы эркектердикине караганда 2014-жылы 75,5 пайызды[1] түзгөн. Мында аялдардын ишкердигинин өнүгүүсү ар кандай, анын ичинде экономикалык, саясий-укуктук жана социалдык-маданий тоскоолдуктарга дуушар болот. Аялдардын эмгек миграциясына жигердүү тартылышына байланыштуу, барган өлкөсүндө сыяктуу эле, ата мекенине кайтып келгенде да ар кандай көйгөйлөргө туш болушат.

Республикада нике-үй бүлө мамилелери жашы жетпегендердин никеге турушу жана никесин каттатпагандардын, ошондой эле мажбурлап никеге тургандардын, анын ичинде кыз ала качуу аркылуу никелердин санынын өсүшү менен мүнөздөлөт.

Гендердик паритетти камсыз кылуу үчүн көрүлгөн чараларга карабастан, саясий чөйрөдө БУУнун Экономикалык жана Социалдык кеңеши жана Пекин платформасы тарабынан сунушталган– өлкөнүн мыйзам чыгаруу органында кеминде 30 пайыз аял болууга тийиш деген максаттуу көрсөткүч жеткиликсиз бойдон калууда. Мындан тышкары, 2007-жылдан тартып өлкөнүн жогорку өкүлдүк органы - Жогорку Кеңеште аялдардын саны жыл сайын азайып бараткандыгы байкалган.

Диний экстремизм жана терроризм Кыргыз Республикасы дуушар болгон жаңы чакырыктардын бири болуп саналат, буга өлкөнүн эркектери гана эмес аялдары да тартылууда.

Гендердик теңчилик принцибине негизделген дүйнөнүн калыптанышы алардын өбөлгөлөрүн жана кесепеттерин так түшүнө билүүнү талап кылат. Республикада гендердик көйгөйлөрдү камтыган кеңири масштабдагы изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес, бирок аларды өткөрүү зарылчылыгы БУУнун профилдик Комитети тарабынан аялдарга карата дискриминацияны жоюу жөнүндө конвенцияны аткаруу боюнча Кыргыз Республикасынын төртүнчү мезгилдүү Докладына карата Корутунду сын-пикирлерде белгиленген. Коомдун гендерге мамилеси боюнча маселелерге тиешелүү комплекстүү

[1] Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин малыматтары боюнча. http://www.stat.kg/ru/statistics/gendernaya-statistika/ сайтын караңыз.

улуттук изилдөөлөрдү жүргүзүү милдети 2015-2017-жылдарда гендердик теңчиликке жетишүү боюнча аракеттердин улуттук планында[2] Кыргыз Республикасынын 2020-жылга чейин гендердик теңчиликке жетүү боюнча улуттук стратегиясын[3] аткаруунун алкагында кайра каралган.

Ушуга байланыштуу, "Гендер калктын түшүнүгүндө" долбоорун өткөрүү демилгеленген, ал БУУнун Тынчтык орнотуу фондунун каражаттарынан каржыланат жана БУУнун Кыргыз Республикасындагы Аялдар кеңсеси, Калк боюнча фонду жана Миграция боюнча эл аралык уюм менен биргеликте ишке ашырылат. Долбоорду ишке ашыруу боюнча өнөктөш Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги болуп саналат. Изилдөө методологияларын жана инструменттерин иштеп чыгуу алдыңкы жогорку кесиптик окуу жайларынын, изилдөө институттарынын, коомдук уюмдардын, министрликтердин жана административдик ведомстволордун, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Президентинин аппаратынын, Улуттук илимдер академиясынын, Улуттук коргонуу кеңешинин, Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин өкүлдөрү тарабынан колдоого алынган. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети үй чарбаларын изилдөөнү камтыган, сандык компонентти аткаруучу болуп саналат.

Улуттук, общиналык жана коомдук деңгээлде маалыматтарды түзүү жана аялдар менен кыздар дуушар болушу мүмкүн болгон гендердик теңсиздик жана зордук көрсөтүү коркунучу тобокелдиктеринин негизги факторлору (алар эмне жөнүндө билишет, эмнеге ишенишет, жана эмнени колдонушат) тууралуу маалымат долбоордун жалпы максаты болуп саналат. Долбоордун конкреттүү максаттары төмөнкүлөрдөн турат:

(1) жынысы, зордоо жана эксплуатациялоо белгилери боюнча дискриминацияга алып келген, адамдар ортосундагы жана түзүмдүк деңгээлдеги актуалдуу маселелерди түшүнүү;
(2) общиналык деңгээлде тенденцияларды жана коомдун өзгөрүп туруучу гендердик стереотиптерди кабылдоосун жана мамилелерин түшүнүү;
(3) гендердик теңсиздик менен конфликттердин потенциалдуу триггерлеринин ортосундагы өз ара байланыштуу, анын ичинде тынчтык орнотууда аялдардын ролун түшүнүү.

Аялдардын саясатка катышуусу, алардын экономикалык укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, кыз уурдоо формасында аялдарга карата зордуктоо жана жашы жетпегендерди никеге мажбурлоо, миграция үчүн аялдарды диний радикалдаштыруу жана анын натыйжалары, ошондой эле аялдардын эмгек миграцияга катышуусу боюнча маселелерге сапаттык жана сандык изилдөө жүргүзүү аркылуу максаттарга жетүүгө болот. Бул темалар КАР методологиясынын жардамы менен (билим, мамиле, тажрыйба) иликтенген.

Изилдөө натыйжалары мамлекеттик институттардын гендердик теңчилик жана инклюзивдүү тынчтык орнотуу жагында саясаттарды жана программаларды иштеп чыгуулары үчүн, ошондой эле эл аралык агенттиктер, анын ичинде БУУнун өлкөлүк топторунун мүчөлөрү жана өнөктөштүк коомдук уюмдар үчүн сапаттуу тынчтыкты орнотуу жана аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү максатында пайдалуу болушу мүмкүн.

# 2 Улуттук контекст

Кыргыз Республикасы Борбордук Азиянын түндүк-чыгыш жагында жайгашкан. Түндүк жагынан Казакстан, түштүк-батыш жагынан Өзбекстан, түштүк жагынан Тажикстан, ал эми чыгыш жана түндүк-чыгыш жагынан Кытай менен чектеш. Кыргызстандын чек арасынын жалпы узундугу 4,5 миң километр, аймагы - 199,9 миң кв.

Кыргызстан - бийик тоолуу өлкө, мында дээрлик 90 пайыз аянты деңиз деңээлинен 1500 м жогору турат.

Республиканын туруктуу калкынын саны 2016-жылдын 1-январына карата 6,0 млн. адамды түзгөн. Орточо алганда республика боюнча 1 кв. километрге 30 адам туура келет.

---

[2] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябрындагы Р 786 токтому менен бекитилген.
[3]Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 27-июнундагы N 443 токтому менен бекитилген.

Борбору - Бишкек ш., калкынын саны 900 миң адамды түзөт.

## 2.1 КАЛКТЫН ДЕМОГРАФИЯЛЫК ТҮЗҮМҮ

Кыргыз Республикасынын калкынын туруктуу саны 2016-жылдын 1-январына карата 6 млн. 20 миң адамды түзгөн, алардын ичинен 3 млн. 39 миң - аялдар жана 2 млн. 981 миң - адамдар. Туруктуу калктын үчтөн бир бөлүгү (34 пайыз) шаарчаларда, ал эми үчтөн эки бөлүгү (66 пайыз) айыл жергесинде жашашат.

Республикада калкты жынысы боюнча бөлүштүрүү бирдей эмес. Шаарчаларда эркектерге караганда, аялдардын үлүшү көбүрөөк жана 52,5 пайызды түзөт, ал эми төрөлүү саны көбүрөөк болгон айыл жергесинде тескерисинче, эркектердин үлүшүнүн бир аз - 50,6 пайызга көбөйгөндүгү белгиленген. Республиканын калкы жаштардын көбү менен айырмаланат: 16 жашка чейинки балдар жана өспүрүмдөр калктын жалпы санынын 33,3 пайызын түзөт, ал эми ишке жөндөмдүүлөр 60 пайызга жакынды, ишке жөндөмдүүлөрдөн улуулар -7,1 пайызды түзөт.

БУУ классификациясына ылайык 65 жаштан жогорку адамдар жашоочулардын 7 пайызынан ашыкты түзсө, калк улгайган болуп саналат.

Демографиялык картаюу процесси көбүнчө аялдарга мүнөздүү. Алсак, 2016-жылдын башталышына карата 65 жаштан жогорку аялдардын үлүшүн 5,3 пайыз түзгөн, ал эми эркектердин үлүшү 3,5 пайызда катталган.

Кыргыз Республикасында 100дөн ашык улуттук өкүлдөрү жашашат, алардын көбү кыргыздар (калктын жалпы санынын 72,8 пайызы) өзбектер (14,5 пайыз) жана орустар (6,2 пайыз), ал эми башка улуттук өкүлдөрүнө 6,5 пайыз туура [4].

## 2.2 ЖАКЫРЧЫЛЫК ЖАНА ТЕҢСИЗДИК

Чарба жүргүзүүнүн рынок шарттарына өтүү республиканын социалдык-экономикалык чөйрөсүндө олуттуу өзгөрүүлөргө алып келген. Масштабдуу саясий жана экономикалык реформалар улуттук экономикага гана эмес, ошондой эле калктын жашоо деңгээлине да таасирин тийгизбей койгон эмес. Эмгек рыногунан жана мамлекеттик экономикадан сүрүлүп чыгуу менен адамдар туруктуу иштеген жеринен жана туруктуу киреше булагынан ажыраган. Көптөгөн адамдар жакыр категориясында болуп калышкан. Андыктан мамлекеттин азыркы социалдык саясатынын негизги артыкчылыктарынын бири болуп калктын жашоо деңгээлин жакшыртууга жана жакырчылыкты жоюуга алган багыт саналат.

Жакырчылыктын негизги көрсөткүчү болуп киши башына орточо керектөө жакырчылык деңгээлинен төмөн болгон калктын үлүшү катары аныкталуучу жакыр калктын үлүшү (өлкөдөгү жакырчылык деңгээли) саналат.

Үй чарбаларынын бюджеттерине жүргүзүлгөн интеграцияланган изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча жакырчылык деңгээли 2014-жылдагы 30,6 пайыздан, 2015-жылдагы 32,1 пайызга чейин көбөйгөн. Жалпысынан өлкө боюнча эркектер менен аялдардын ортосундагы жакырчылык деңгээли орчундуу диспропорцияга ээ эмес жана калктын демографиялык түзүмүнө дал келет.

---

4 Кыргыз Республикасынын демографиялык жылдыгы 2010-2014 жж. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети. (Кыргыз Республикасынын жыл сайын чыгуучу демографиялык басылмасы). Бишкек, 2015. http://www.stat.kg сайтында жеткиликтүү.

2015-жылы үй чарба башчысы аял болгон үй чарбаларында жакырчылык деңгээли (15,2 пайыз) эркек башкарган үй чарбаларына (27,1 пайыз) караганда төмөн, өтө жакырчылык деңгээли тиешелүүлүгүнө жараша 0,8 жана 0,9 пайыз.

2014-жылга караганда 2015-жылы айыл жергесинде жакырчылык деңгээли 1,0 пайыздык пунктка, ал эми шаар тургундарында – 2,4 пайыздык пунктка көбөйгөн. 2015-жылы өтө жакырчылыкта 1 млн 931 миң адам жашап турган, алардын ичинен 67,7 пайыз айыл калктуу конуштарынын тургандары болгон.

Өткөн жылга караганда 2015-жылы жакырчылык деңгээлинин өсүшү Ош жана Жалал-Абад областтарын кошпогондо, республиканын бардык региондорунда белгиленген. Өлкө региондору боюнча жакырчылыктын жайылтылышы бирдей эмес. Эгерде 2015-жылы Баткен, Жалал-Абад, Нарын областарында жана Ош шаарында жакырчылык деңгээли орточо республикалык деңгээлден ашса, ал эми калган региондордо ал, тескерисинче төмөн.

Кирешелердин бирдей эмес бөлүштүрүү тенденциясы боюнча Джини коэффициенти да тастыктап турат, ал калктын кирешелеринин бардык суммасын анын айрым топторунун ортосунда бөлүштүрүлүшүн көрсөтүп турат жана 0дөн 1ге чейинки интервалда өзгөрүлүп турат. Аталган коэффициенттин мааниси канчалык аз болсо, ошончолук калктын кирешелери бирдей бөлүштүрүлөт.

2015-жылы калктын кирешелерин бөлүштүрүүдөгү бирдей эместик 2014-жылы 0,429дан 2015-жылы 0,408ге чейин төмөндөгөнүн Джини коэффициентинин динамикасы көрсөтүп турат. Бирок, буга карабастан, 2011-жылы бул көрсөткүч 0,382 түзгөн.

## 2.3 АЯЛДАРДЫН ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

Үй чарбаларынын жана жумуш күчүнүн бюджеттерин интеграцияланган тандап жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн маалыматтары боюнча, 2015-жылы 15 жаш[5] жана андан улуу курактагы экономикалык активдүү калктын саны 2544,3 миң адам, алардын ичинен 2352,1 миң иш менен камсыздалган жана 192,2 миң иши жоктор болгон. Экономикалык жактан активдүү калкта аялдардын үлүшү 41 пайызды же 1043,3 миң адамды түзгөн.

15 жаш жана андан улуу курактагы калктын экономикалык жактан активдүүлүгүнүн деңгээли (белгилүү бир жаш курак боюнча топтун экономикалык жактан активдүү калктын санынын аталган жаш курак боюнча топтогу калктын жалпы санына карата катышы) 62 пайызды түзгөн. Эмгек рыногунда эркектер кыйла жигердүү, бул жумушчу күчкө жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары менен тастыкталып турат. Алсак, эркектердин экономикалык жигердүүлүк деңгээли 75 пайызга, ал эми аялдардыкы - 50 пайызга барабар.

Бардык курактык топтордо эркектердин иш менен камсыз болуу деңгээли аялдардын иш менен камсыз болуу деңгээлинен жогору, бирок кыйла ажырым 25-34 жаш курак топторунда байкалат. Бул куракта аялдар көбүнчө баланын төрөлүшүнө байланыштуу жумушун калтырып кетет. Бирок, 40-49 жаш курак тобунда эркектер жана аялдардын иш менен камсыз болуу деңгээлинин теңделиши белгиленет. Бул курактагы аялдар, эрежедегидей эле, балдары чоңоюп, иштей башташат.

Экономикалык иштин түрлөрү боюнча аялдар жана эркектердин иш менен камсыздалышын бөлүштүрүү алардын ар кандай мүмкүнчүлүктөрү жана түптөлгөн салттар менен шартталган олуттуу айырмачылыктар бар. Иш менен камсыз болгон калктын арасында аялдардын үлүшү кызмат көрсөтүү секторунда, айрыкча саламаттыкты сактоо жана калктын социалдык тейлөө (84 пайыз), билим берүү (79 пайыз) сыяктуу иштин түрлөрүндө, ошондой эле мейманкана жана ресторандык чөйрөдө (59 пайыз) кыйла жогору.

[5]Экономикалык жактан жигердүү калк – кароого алынып жаткан мезгил ичинде улуттук эсептер системасында көрсөтүлгөн товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүү үчүн жумушчу күчүн сунушталышын камсыз кылган калктын бир бөлүгү. Экономикалык жактан жигердүү калктын саны иш менен камсыз болгондорду жана иши жокторду камтыйт.

2015-жылы эркектердин орточо эмгек акысы аялдардын орточо эмгек акысынан 1,3 эсеге арткан, ал тиешелүүлүгүнө жараша 14743 жана 11125 сомду түзгөн.

Эркектердин орточо эмгек акысы аялдардын эмгек акысынан жогору. 2015-жылы аялдардын эмгек акысынын эркектердин эмгек акысына карата деңгээли болгону 75 пайызды түзгөн. Жалпысынан, аялдар менен эркектердин эмгек акысынын деңгээлдериндеги айырма гендердик бөлүштүрүүдөн алганда, иш менен камсыз болуунун тармактык түзүмү менен түшүндүрүлөт. Алсак, эмгек акы жогору болбогон билим берүү мекемесинде алектенген кызматкерлердин жалпы санында аялдар 78 пайызды, саламаттыкты сактоодо - 83 пайыздан көбүрөөк, кыймылсыз мүлк менен операциялар чөйрөсүндө - 93 пайыздан көбүрөгүн түзгөн.

## 2.4 АЯЛДАРДЫН МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИК ЖАНА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНДАГЫ САНЫ

Мамлекеттик кызматтарды ээлеген мамлекеттик кызматчылардын саны 2016-жылдын 1-январына карата 18,1 миң адамды түзгөн.

Мамлекеттик кызматчылардын жалпы санынын саясий жана атайы кызматтарды ээлеген аялдардын үлүшү 2015-жылдын баш жагына карата 26,4 пайызды, ал эми эркектер - 73,6 пайызды түзгөн. Административдик кызматтарды ээлеген мамлекеттик кызматчылардын катарында аялдар 40,7 пайыз, ал эми эркектер - 59,3 пайыз чегинде катталган.

Мамлекеттик кызматчылардын жалпы санында аялдардын салыштырма салмагы 2016-жылдын 1-январына карата 40 пайыздан көбүрөгүн түзгөн. Алардын басымдуу үлүшү Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин (73,7 пайыз), Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин (73,4 пайыз) Саламаттыкты сактоо министрлигинде (70,0 пайыз), Мамлекеттик каттоо кызматынын (61,8 пайыз) системасында берилген, ал эми Эсептөө палатасында аялдардын үлүшү бир аз эле болуп, 26,1 пайызды, Башкы прокуратурада жана Мамлекеттик бажы кызматында - 18,3 пайызды түзгөн.

Мамлекеттик кызматчы-аялдардын региондор боюнча санын айта турган болсок, анда алардын жалпы санында басымдуу үлүш Ысык-Көл (49,9 пайыз), Чүй (48,8 пайыз) жана Нарын областтарына (47,2 пайыз) туура келет.

Саясий жана атайын мамлекеттик кызматтарды ээлеген мамлекеттик органдардын жетекчилеринин арасында аял-жетекчилер 2016-жылдын 1-январына карата 14,2 пайызды түзгөн.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында иштеген муниципалдык кызматкерлердин саны 8,5 миң адамды, алардын ичинен үчтөн бирине жакынын - аялдар түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин I чакырылышында (1995-2000-жж.) аялдардын саны 4,7 пайызды түзгөн, ал эми алардын II чакырылыштагы Парламенттин курамында алардын үлүшү дээрлик 7,0 пайызга чейин өскөн. Муну менен бирге эле, Жогорку Кеңештин III чакырылышы (2005-2007-жж.) өлкөнүн парламентинде бир да аял болбогондугу белгиленген, ушундан кийин шайлоо мыйзамдарына гендердик квоталар киргизилген. Бүгүнкү күнү шайлоо мыйзамында талапкерлердин тизмесин түзүүдө саясий партиялар өлкөнүн парламентине бир жыныстагы талапкерлердин 70 пайыздан ашпаган өкүлчүлүгүн эске алууга милдеттүү экендиги каралган[6], мында тизмелерде саясий партиялар тарабынан көрсөтүлгөн аялдар жана эркектердин кезегинин айырмасы үч позициядан ашпоого тийиш. Бирок, буга карабастан, Кыргыз

[6] Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 2-июлундагы №68 "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Конституциялык Мыйзамынын 60-беренеси

Республикасынын Жогорку Кеңешине аялдардын болушу 2007-жылдан тартып кыскара баштаган (2.1-сүрөт).

**2.1-Сүрөт. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде аялдардын саны**
*(пайыз менен)*




Ошентип, Бириккен Улуттар Уюмунун Экономикалык жана Социалдык кеңеши тарабынан сунуш кылынган максаттуу көрсөткүч – өлкөнүн мыйзам чыгаруу органында аялдардын кеминде 30 пайыз өкүлчүлүгү жетишилбей келерин айтса болот.

## 2.5 НИКЕЛЕШҮҮ

Республикада үй-бүлөнү түзүүнүн алгылыктуу тенденциясы белгиленүүдө. Анын негизин калктын нике-үй-бүлөлүк жүрүм-турумдун туруктуу салттуу нормалары түзөт.

1999-жылдагы калкты каттоо маалыматтарына салыштырганда, никеде тургандардын саны кыскарган, бул акыркы жылдары өлкөдө никеге тура элек көп төрөлгөндөр белгиленгенде, 1980-жылы төрөлгөн жаштардын санынын кыйла көбөйүшү менен шартталган. Бул тыянак никеде эч качан турбаган адамдардын санынын: эркектердин - 1999-жылы 31,4 пайыздан 2009-жылы 36,3 пайызга чейин, аялдардын тиешелүүлүгүнө жараша 21,2 пайыздан 25,8 пайызга чейин көбөйгөндүгү тууралуу маалыматтар менен тастыкталат.

Кыргыз Республикасында каттоого турган никенин санынын өсүш тенденциясы белгиленет. 15 жыл ичинде (2000-2015-жж.) жарандык абал актыларын каттоо органдарында жыл сайын катталган никелердин саны 2,2 эсеге, ажырашуулардын саны – 1,6 эсеге көбөйгөн. 2000-жылы никелүүлүк деңгээли Экинчи дүйнөлүк согуш аяктагандан кийинки бүткүл жылдар ичинде өзүнүн минималдуу маанисине – 24 миң никелешүү же 1000 кишиге 5,0 адамга жеткендигин белгилей кетүү зарыл.

2015-жылы Кыргыз Республикасында никелешүү жана ажырашуу деңгээлинин төмөндөшү белгиленет.

2009-жылдын калкты каттоо жана турак-жай фондусунун маалыматтары боюнча, 15 жаш жана андан улуу курактагы калктын негизги бөлүгү – эркектердин 57 пайызы жана аялдардын 55 пайызы - никеде турат. Никеге турбоо таркатылган көрүнүш болуп саналбайт: болгону 50 жаштан улуу курактагы эркектердин 1,2 пайызы жана аялдардын 1,5 пайызы эч качан никеде турган эмес. 2009-жылы никеде эч качан турбаган адамдардын үлүшүнүн көбөйүшү белгиленген: эркектер - 31 пайыздан 36 пайызга чейин, аялдар - 21 пайыздан 26 пайызга чейин, бул 20 жаштан 30 жашка чейинки жаштардын санынын олуттуу көбөйүшүнө байланыштуу болгон.

Кыргыз Республикасында никелешүүнүн минималдуу жаш курак Үй-бүлөлүк кодексте[7] белгиленген – эркектер жана аялдар үчүн да 18 жаш. МИКО-2014[8] маалыматтары боюнча, 15-49 жашындагы аялдардын арасынан 0,4 пайызы 15 жашка чейин жана 20-49 жаш курактагы аялдардын 12,7 пайызы 18 жашка чейин турмушка чыгышкан. Дээрлик ар бир жетинчи 15-19 жашындагы аял (13,9 пайыз) учурда күйөөсү бар же расмий эмес никеде турат. Көп аял алуу учурлары да бар (15-49 жашындагы аялдардын 0,9 пайызы көп никеде/баш кошууда турат).

**2.2. –Сүрөт. Эрте үйлөнүү жана көп аял алуу**




2009-жылдын калкты каттоо жана турак-жай фондусунун маалыматтары боюнча, 15-49 жаш курактагы эркектердин 4,2 пайызы жана аялдардын 4,8 пайызы катталбаган никеде турат. Баарынан мурда жубайлык мамилелерди 25-29 жаш курактагы эркектер (7 пайыз) жана 20-29 жаш курактагы аялдар (6,5 пайыз) юридикалык жактан күбөлөбөйт.

Кыз ала качуу жана эрте үйлөнүү Кыргыз Республикасындагы гендердик зордук-зомбулуктун эң эле таркатылган түрлөрүнөн болуп саналат. Эрте үйлөнүүлөрдүн санынын өсүшү тууралуу никеге турганга чейинки курактагы аялдар арасында төрөттөрүнүн көбөйүү динамикасы тастыктай алат.

2011-жылы Бишкекте саламаттыкты сактоо органдары тарабынан Үй-бүлөлүк медицина борбору - 19 кош бойлуулук жана төрөт боюнча каттоого турган 118 жаш кош бойлуу изилдөөгө алынган. Бейтаптардын жашы орточо 17,0 ± 0,6 жылды түзгөн, алардын ичинен 67 пайызы жашы жете электер болгон.

Жашы жете элек 79 кош бойлуу кыздардын ичинен 5,1 пайызы экинчи жолу кош бойлуу болуп жатышса, 4,2 пайызы анамнезде биринчисин боюнан алдыргандар болушкан. Жашы жетпеген кош бойлуу кыздардын 70,3 пайызы жарандык же диний никеде болушкандыгы, ал эми 26,3 пайызынын никеси расмий катталгандыгы жана 3,4 пайызы жалгыз бой эне болушкандыгы аныкталган[9].

Расмий маалыматтар боюнча 2006-жылдан тартып республикада 15-17 жаш кыздар арасында төрөттөрдүн көбөйгөндүгү байкалган: 2006-жылы бул курактагы 1000 аялга 4,4 бала, ал эми 2014-жылы 7,4 бала туура келген. Мындан тышкары 18-19 жаш кыздар арасында бала төрөө көбөйгөн: 2008-жылы бул курактагы 1000 аялга 62,7 бала, 2014-жылы 92,7 бала туура келген.

[7] 2003-жылдын 30-августундагы №201 Кыргыз Республикасынын Үй-бүлөлүк кодекси
[8] Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети, БУУнун Балдар Фондусу (ЮНИСЕФ). Кыргыз Республикасы. 2014-жылдагы көп индикатордук кластердик изилдөө. Жыйынтыкталган отчет. Бишкек. http://www.mics2014.kg/index.php/ru/ сайтында жеткиликтүү.
[9] КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин маалыматтары боюнча чыгарылышы. № 393 2013-жылдын 4-марты.

Никелешүү үчүн кыз уурдоо жана жашы жетпегендерди никеге тургузуу Кыргыз Республикасында гендердик зомбулук түрлөрүнүн бири болгон. 2013-жылы КР Кылмыш кодексине адам уурдоо үчүн 7 ден 10 жылга чейин эркинен ажыратуу жагында оңдоолор киргизилген. Бирок иш жүзүндө кыз уурдоо фактысы өлкөнүн бардык аймактарынан катталууда. Freedom House уюмунун «Кыргызстанда кыз уурдоого бөгөт коюуга көмөктөшүү» долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн иликтөөлөрүнө ылайык, республикада жыл сайын 10 миңге жакын кыз уурдоо катталууда. КР ИИМнин маалыматтарына ылайык[10], никелешүүгө мажбурлоо учурлар көп катталууда – 2010-жылы 6 учур, 2015-жылы 23 учур же 3,8 эсеге көп катталган. Иликтөөлөр көрсөткөндөй, уурдалган кыздардын 30дан 50 пайызына чейинкилери уурдаган адам менен никелешүүга мажбур болушат.

Мындай фактылардын улам көбөйүп жаткандыгынан улам, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши өтүп жаткан июнь айында жашы жетпегендерди дин жолуна никелегендиги үчүн кылмыш жоопкерчилигин караган мыйзам долбоорун жактырган, ал биринчи окуусунда кабыл алынган.

## 2.6 МИГРАЦИЯ

Кыргыз Республикасы үчүн миграциянын терс сальдосу мүнөздүү – туруктуу жашоо үчүн (же узак убакытка) чет жерлерге көчүп кеткендердин саны келгендердин санынан артуууда. 2015-жылы республикага туруктуу жашоого 3,6 миң адам көчүп келсе, 7,8 адам көчүп кетишкен, калктын миграциялык агылып чыгуусу – 4,2 миң адамды түзгөн (2014-жылы 3,9 миң адам келсе, 11,7 миң адам чыгып кеткен, миграциялык агылып чыгуу – 7,8 адамды түзгөн). Ошентип, миграциялык баланс дээрлик 2 эсеге азайган. Миграциялык агылып чыгуунун интенсивдүүлүгү (миграциялык баланс 1000 калкка эсептелген) да 2014-жылы 1,3 адамга, 2015-жылы 0,7 адамга чейин төмөндөгөн.

Ошентип, 2015-жылы республикада өлкө калкынын туруктуу жашоо үчүн эмиграциясынын кыскаруусу байкалган. Калктын тышкы миграциясынын төмөндөөсүнө Россия Федерациясынын миграциялык мыйзамына киргизилген өзгөртүүлөр, ошондой эле Россиядагы экономикалык кырдаал себеп болгон.

КМШ өлкөлрүнүн ичинен көчүп кетүүлөрдүн саны боюнча Россиядан кийин Казакстан турат. Башка өлкөлөгө эмиграциянын көлөмү анчалык эмес.

2015-жылы эмиграннттардын көптөгөн этникалык топторунун бешөөнө орустар - 43,5 пайыз, кыргыздар - 27,5 пайыз, өзбектер - 8,0 пайыз, татарлар - 3,8 пайыз жана украиндер - 3,5 пайыз киришкен. 2014-жылга салыштырганда орустардын, украиндердин жана татарлардын үлүшү көбөйгөн, ал эми кыргыз менен өзбектердин ичинде көчүп кеткендер азайган.

Өлкөдөн чыгып кетүү интенсивдүүлүгү 2014-жылга салыштырганда үч эсе кыскарган (10 миң калкка 20 дан 13 адамга чейин). Ошону менен бирге эле, Бишкек шаарынан жана Чүй областынан көчүп кеткендер боюнча көрсөткүч орто республикалык деңгээлди 2 эседен ашыгыраакка арткан жана тиешелүүлүгүнө жараша 10 миң калкка 27-28 адамды түзгөн.

Изилдөөлөрдүн негизинде алынган маалыматтар боюнча [11]кабыл алуучу өлкөлөрдө көптөгөн мигранттардын жумушка орношууга уруксат берүүчү документтери жоктугу айтылат, натыйжасында, алардын эмгек укуктары бузулгандыгы тууралуу бир нече учурлар катталган,

[10] Статистикалык жыйнак “КР кылмыштуулук жана укук тартиби”, Бишкек, 2015-жыл.

[11] Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясы жана Казакстан Республикасындагы дипломатиялык өкүлчүлүктөрү менен консулдук мекемелери тарабынан көрсөтүлгөн кызматтардын мониторинги. Кыргыз Республикасынын Россия жана Казакстандагы (Москва, Санкт-Петербург, Астана, Алматы шаарларынын мисалында) эмгек мигранттарынын укуктарына жүргүзүлгөн талдап-иликтөө, Бишкек, 2013 - КБ «Бир Дүйнө Кыргызстан» укук коргоо кыймылы АКсы (Бишкек ш.) жана «Эл аралык коргоого көмөк көрсөтүү борбору» КФ (Ош ш.). http://birduino.kg/ сайтынан окуй аласыздар.

көпчүлүк мигранттар ден соолукка кам көрүү кызматынан пайдалана алышпайт. Мигранттар көбүнчө Кыргыз Республикасынын алыскы айыл аймактарынан келишкен, алар дени сак жашоо, репродуктивдүү ден соолук, жыныстык жол аркылуу жугуучу инфекциялар тууралуу жетиштүү билимге ээ эмес. Бойго бүтүрбөөчү (контрацепциялык) каражаттар тууралуу маалыматтын жетишсизидиген улам, көпчүлүк мигранттар бойдон алдырууга (абортко) барышат. Кайра-кайра бойдон алдыруу, жетишсиз тамактануу, суук климат мигрант аялдардын репродуктивдүү ден-соолугунун начарлашына жана кошумча ооруларга алып келет. Кабыл алуучу өлкөлөрдөгү Кыргыз Республикасынын жарандарынын арасында жыл сайын АИЖ (ВИЧ), жыныстык жол аркылуу берилүүчү инфекциялар, кургак учук оорулары катталууда.

Мигрант аялдар гендердик зордук-зомбулук коркунучуна, анын ичинде радикалдуу уюмдардын зомбулугуна кабылышууда. Алар өздөрү билдиргендей, кабыл алуучу өлкөлөрдөгү “мигрант аялдардын моралдык тартибин оңдоого” багытталган зомбулук аракеттерин жүргүзүшөт. Ошол эле учурда мыйзамсыз аракеттерден жабыркаган мигрант аялдар, чындыгында, өз учурунда квалификациялуу юридикалык жардам алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылган жана жардам бере турган уюмдар тууралуу да маалыматы жок.

### 2.7 ДИНИЙ ЭКСТРЕМИЗМ

Азыркы учурда диний экстремизмге каршы күрөшүү көйгөйү актуалдуу болуп жатат, ал мамлекеттердин коопсуздугуна жана коомдун туруктуу өнүгүшүнө коркуноч туудурууда. Тилекке каршы, радикалдуу экстремизмди жактоочулардын саны көбөйүп жаткандыгы анык.

Бул көйгөй маселе Борбордук Азия өлкөлөрүндө да болбой калган жок. Ислам интеллигенциясынын жана дин өкүлдөрүнүн арасында диний сабаттык жетишпеген көйгөй маселеге Кыргыз Республикасы өз убагында туш болгону алардын аброюнун төмөндөшүнө алып келген. Экстремисттик күчтөр мындан пайдаланышып, өз идеяларын таркатуу менен алек болушкан. Натыйжада, дин идеологиялык инструментке айланган, ал колдонулуп жаткан кандай гана болбосун ыкмаларды жана каражаттарды актай алат. Мындай тузакка турмушта ордун таба элек, күчкө толбогон жаштар гана илинбестен, жашоонун кыйынчылыктарына кабылган жана өз проблемаларын кантип чечүүнү билбеген аял, эркектер да тартылган.

Азыркы кезде республиканын аймагында экстремисттик жана террористтик деп таанылган[12] 20 диний кыймыл жана уюмдардын ишине тыюу салынган. Кыргыз Республикасынын ИИМинин маалыматтарына ылайык, Бишкек шаарында эле эң активдүү деп эсептелген «Хизб-ут-Тахрир» диний-экстремисттик уюмунун 189 мүчөсү (152 эркек жана 37 аял) каттоого алынган. Укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнүн айтымында, уюмдун мүчөлөрүн өлкөнүн коомдук-саясий жашоосу кызыктырат, үйлөрүндө болсо тыюу салынган адабияттарды, ал гана эмес курал-жарактарды да сакташат.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу түзүлгөн Дин иштери боюнча Мамлекеттик комиссиянын маалыматтарына ылайык, 2015-жылдын башында Кыргыз Республикасынын аймагында катталган диний бирикмелердин жана уюмдардын саны 2,6 миңди түзгөн, анын 85 пайызын Ислам динин кармануучу бирикмелер менен уюмдар түзөт.

# 3 Изилдөө методологиясы

### 3.1 ИЗИЛДӨӨНҮН МАКСАТЫ ЖАНА КАМТЫШЫ

2015-2016-жылдар ичинде жүргүзүлүп жаткан “Коомдун гендердик маселелерди кабыл алуусу” темасын изилдөө ишинин максаты катары аял затынын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңири жайылтууда жана алардын талаш маселелерди чечүүгө катышуусуна тобокелдиктерди

[12] Ар башка сот инстанциялары тарабынан Кыргыз Республикасынын аймагында ишине тыюу салынган уюмдардын тизмеси: http://www.religion.gov.kg/ru/not_registration_union.html сайтынан окуй аласыздар.

жараткан саясый катышуу, экономика, ишкердик, диний ишеним жана тажрыйба, миграция, эрте никелешүү, коомчулук деңгээлинде ала качуу чөйрөлөрүндө олуттуу көлөмдөгү ишенимдүү далилдүү базаны топтоо саналат.

"Коомдун гендердик маселелерди кабыл алуусу" атуу изилдөө улуттук, регионалдык деңгээлдерде жүргүзүлүп (7 дубан, ошондой эле Бишкек жана Ош шаарлары), жери боюнча (шаар/айыл) тандалма, репрезентативдүү болуп саналат.

Изилдөө ишинин максаттуу тобу катары үй чарбачылыгында жашаган 18 жана андан жогору жаштагы аялдар жана эркектер саналат. Бул изилдөө ишине улгайган курактагылар үчүн каралган интернаттарда жана ден соолугу начар болгондугунан улам мүмкүнчүлүгү чектелгендер, ошондой эле эркинен ажыратылгандар жашаган атайын адистештирилген мекемелердеги жарандар катышкан эмес.

Долбоорду натыйжалуу жүзөгө ашыруу үчүн мекемелер аралык жумушчу топ түзүлүп, анын курамына министрликтердин, коомдук жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү, илимий ишмерлер жана эксперттер коомчулугу кирген. Жумушчу топ семинарда катышып, анда тандоо модели, суроолор тизмеги жана изилдөө ишин жүргүзүү планы талкуугa алынып, жеткире иштелип чыгып, бекитилген.

### 3.2 СУРАМЖЫЛОО БАРАКЧАСЫ

Үй чарбаларын изилдөөдө ведомстволор аралык жумушчу топ тарабынан иштелип чыккан суроолор тизмеги пайдаланылган (Е тиркемеси). Сурамжылоо кыргыз же орус тилдеринде респонденттердин каалоосун эске алуу менен жүргүзүлгөн.

Анкета төмөнкүдөй сегиз бөлүктөн турат: "А" бөлүкчөсүндө 15 жана андан жогору жаштагы чарба мүчөлөрүнүн тууганчылыгын, үй-бүлөлүк абалын, билимин жана улутун аныктоого байланыштуу маселелер камтылат; "В" бөлүкчөсүндө 15 жана андан жогору жаштагы чарба мүчөлөрүнүн ишинин статусу аныкталат; "С" бөлүкчөсү активдердин абалы жана ээлик кылуу деңгээлин аныктоого багытталган (субъективдүү жашоо деңгээлин, турак-жайы, жеринин болушу); "Е" бөлүкчөсүндө кирешелер жана чыгашалар, ишке орношуу жана гендердик ролду бөлүштүрүү боюнча чечимдерди кабыл алуу, ошондой эле микрокредиттөө жана ишкердик ишине тиешелүү маселелер камтылат; «R» бөлүкчөсүндө респонденттердин диний ишенимин жана тажрыйбасын аныктоого багытталган маселелер каралган; "F" бөлүкчөсү эрте никелешүү жана ала качуу маселелерин кошо алганда, респонденттердин никелешүүсүнө арналган; «G» бөлүкчөсү аялдардын жана эркектердин саясатка катышуусун аныктоого каралган; "М" бөлүкчөсү миграция жана мигранттардын диний ишенимине анын таасирин иликтөөгө багытталган.

### 3.3 ТАНДОО ИШИН ТҮЗҮҮ ЖАНА СУРАМЖЫЛОО ЫКМАСЫ

Тандоо ишин түзүүдө негизги милдеттер болуп улуттук деңгээлде, айыл жана шаар жергесинде жашаган жана өлкөнүн тогуз региону боюнча 18 жана андан жогору жаштагы аялдардын жана эркектердин статистикалык ишенимдүү баа берүүсүн топтоо саналган. Тандоо ишин түзүүдө ар бир региондун тургундары (Баткен, Чүй, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын, Талас жана Ош областтары, Бишкек жана Ош шаарлары) эки бөлүккө – шаар жана айыл тургундарына бөлүштүрүлгөн. Тандоо ишин түзүүдө бул изилдөө иши үчүн стратификациясы менен көп баскычтуу кластердик тандалма пайдаланылган.

Эсептешүүнүн жыйынтыгы боюнча алынган Кыргыз Республикасында "Коомдун гендердик маселелерди кабыл алуусу" изилдөө үчүн алынган тандоо көлөмү 6000 үй чарбачылыгын түзгөн. Тандоо көлөмүн аныктоо үчүн негизги көрсөткүч катары эрте никелешүү (18 жашка чейин) деңгээли

тандалып алынган. Талап кылынган тандоо көлөмүнө баа берүү үчүн бул көрсөткүч үчүн төмөнкү формула пайдаланылган:

$$n = \frac{4 \times r \times (1 - r) \times deff}{(RME \times r)^2 \times p \times \bar{n} \times \mathrm{RR}}$$

мында:

- *n* – талап кылынган тандоо көлөмү, ал негизги индикатор үчүн үй чарбачылыгынын саны түрүндө берилген;
- 4 – 95 пайыздык ишенимдин зарыл деңгээлине жетүү үчүн көрсөткүч;
- *r* – катыш түрүндө берилген көрсөткүчтүн болжолдонгон же эсептик мааниси;
- *RR* – жооп берилбеген суроолор көрсөткүчү;
- *deff* – көрсөткүчтүн дизайн-эффектиси;
- *RME* –95 пайыздык чындык деңгээлинде катага жол берүү чеги;
- *p* - r көрсөткүчү негизденген калктын жалпы санындагы үлүш;
- $\bar{n}$ - үй чарбаларынын орточо көлөмү (үй чарба мүчөлөрүнүн саны).

Эсептерди жүргүзүүдө төмөнкүлөргө жол берилген: *r* (18 жашка чейинкилер арасында эрте никеге тургандар) – 13 пайыз. *deff* мааниси (дизайн-эффект) – 1,5, *p* (калктын жалпы санынын 20-49 жаштагылар арасында аялдардын пайыздык үлүшү) – 21,9 пайыз жана үй чарбаларынын орточо көлөмү тандоо чегинин негизинде 4,5 катары бааланган, RME – 0,25. Жооп алууну болжолдоо 98 пайызды түзөт. Бул операциянын натыйжасында алынган, ар бир регион үчүн талап кылынган үй чарбаларынын саны 665 түзгөн, бул жалпы алганда тогуз регион үчүн 5985 үй чарбасын түзөт (7 дубан, Бишкек жана Ош шаарлары).

Изилдөө үчүн алынган бир кластердеги үй чарбалардын саны дизайн-эффект, бюджет жана талаа иштери убактысы көрсөткүчүнөн алып караганда 15 үй чарба чегинде аныкталган. Бардыгы болуп изилдөө ишин жүргүзүү үчүн 400 кластер тандалып алынган.

Ар бир региондо кластерлер (алгачкы тандоо бирдиктери) областтар ортосунда ошол региондогу шаар жана айыл калкынын саны боюнча пропорционалдуу бөлүштүрүлгөн. Алгачкы тандоо эки учурда кайрадан каралган. Биринчиден, тандоо Жалал-Абад областында алты кластерге көбөйтүлгөн жана Ош шаарында ушул эле санга кластерлердин саны азайтылган. Бир жагынан бул, Жалал-Абад областы ири жана Ош шаарына караганда бирдей эмес регион болуп саналгандыгына байланыштуу болгон. Экинчиден, Ош областында шаар жана айыл жерлери ортосунда бөлүштүрүү айыл жергесинин эсебинен шаар жергесин үч кластерге көбөйтүү аркылуу кайрадан каралган. 3.1.-таблицада тандоо стратында кластердин бөлүштүрүлүшү көрсөтүлгөн.

**3.1.–Таблица. Кластерлерди облустар боюнча бөлүштүрүү**

| | Бардыгы | Кластерлердин саны | |
|---|---|---|---|
| | | Шаар | Айыл |
| Бардыгы | 400 | 166 | 234 |
| **Областтар** | | | |
| Баткен | 45 | 13 | 32 |
| Жалал-Абад | 50 | 16 | 34 |
| Иссык-Куль | 45 | 16 | 29 |
| Нарын | 45 | 10 | 35 |
| Ош | 45 | 8 | 37 |
| Талас | 43 | 9 | 34 |
| Чуй | 45 | 12 | 33 |
| Бишкек шаары | 44 | 44 | - |
| Ош шаары | 38 | 38 | - |

Кластерлерди тандоо үчүн негиз катары 2009-жылдагы каттоо маалыматтары алынган. Алгачкы тандоо бирдиктери (АТБ) катары 2009-жылы калкты жана турак-жай фондусун каттоо материалдарындагы ар бир эсеп участкасында катталган үй чарбаларынын санына жараша системалуу КПМ-тандоо ыкмасында (көлөмүнө пропорционалдуу мүмкүндүктү тандоо) ар бир стратада тандалып алынган эсептик каттоо участкалары тандалган.

Тандоо эки баскычта жүзөгө ашырылган. Биринчи тандоо баскычында ар бир жети региондо жана эки шаарда айыл жана шаар стратасында талап кылынган санда эсептик участкалар тандалып алынган. Экинчи баскычта тандалып алынган эсептик участкалардын чегинде (кластерлер) үй чарбаларына листинг жүргүзүлүп, системалуу ыкмада ар бир кластерден 15 үй чарбачылыгы тандалган.

Тандоо негизи (2009-жылы катталган калктын саны жана турак жай фондусу) жаңы маалымат болуп саналбагандыктан, үй чарбаларын тандоо үчүн бардык тандалып алынган эсептик участкаларда үй чарбаларынын жаңы тизмеси түзүлгөн. Бул максатта тизме түзүү ишин жүргүзгөн командалар түзүлгөн, алар ар бир эсептик участкага барып, жайгашуу картасына ылайык бардык үй чарбалар тизмесин түзүшкөн.

Тандоонун репрезентативдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн таразалоо жол-жобосу жүргүзүлгөн. Мүмкүнчүлүктөр ар бир тандоо баскычында каралып, изилдөө жыйынтыгын эсептөөдө колдонулган, бул пропорционалдуу бөлүштүрүүгө ылайык ар бир жооптун жыйынтык мааниге  салым кошуусун камсыздаган. Мүмкүнчүлүктөрдү корректировкалоо суроолорго жооп берилбеши жана расмий демографиялык статистика маалыматтарын эске алуу менен жүргүзүлгөн. Башкы компонент катары тандоо үлүшүнүн чоңдугуна каршы турган чоңдук саналат, ал биринчи деңгээлдеги тандоо бирдигинин (кластер/эсептик участкалар) жана экинчи деңгээлдеги (үч чарбалары) бирдиктер тандалмасына туура келүү мүмкүнчүлүгүнөн турат.

Тандоо мүмкүнчүлүгү төмөнкү формула боюнча эсептелген:

$$\text{Prob1} = \text{Тандалган кластерлердин саны} \times \frac{\text{Кластердеги үй чарбаларынын саны}}{\text{Страттагы үй чарбаларынын саны}}$$

$$\text{Prob2} = \frac{\text{Кластердеги тандалып алынган үй чарбаларынын саны}}{\text{Кластердеги үй чарбаларынын саны (ар бир белги боюнча өзүнчө)}}$$

Жыйынтык салмак 1 / (Prob1 * Prob2) формуласы боюнча эсептелет.

Ишти аяктагандан кийин ар бир тандалып алынган страт үчүн жооптор коэффициенти эсептелип чыккан, алар тандоонун жыйынтыкталган салмагын корректировкалоодо эске алынган.

Тандоо каталарын эсептөө тууралуу маалымат С тиркемесинде келтирилген.

### 3.4 ЛИСТИНГ ӨТКӨРҮҮ

Листинг 2015-жылдын октябрь-ноябрь айларында жүргүзүлүп, анда 400 кластер камтылган. Листинг жүргүзүүдө 45 листер жана картограф үчүн 1,5 күндүк тренинг өткөрүлгөн. Тренингде кайра каттоо портфели менен иштөө, листердин анкетасын толтуруу, схемалык картаны, үй чарбаны каттоо өзгөчөлүгүн даярдоо маселелери кароого алынган. Листинг жүргүзүүдө кластердин бардык үй чарбалары изилдөө иши жүргүзүлө тургандыгы тууралуу маалымдалган, бул интервью алуучуларга үй чарбалары тууралуу маалымат алуу ишин кыйла жакшырткан. Листинг бригада түзүү ыкмасында жүргүзүлгөн (эки картограф жана эки каттоону жүргүзүүчү). Үй чарбалары тууралуу маалымат алууну камсыз кылуу максатында, ар бир листерге Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин Төрагасынын изилдөө иши жүргүзүлө тургандыгы тууралуу колдоо каты тиркелген.

### 3.5 АЛДЫН АЛА ИЗИЛДӨӨ (ПРЕТЕСТ)

Анкетаны апробациялоо, аялдардын жана эркектердин маселелерди кабылдоосун жана түшүнүүсүн аныктоо, анкетанын кыргыз тилине которуу сапатын жана интервьюнун узактыгын ченелишин текшерүү үчүн негизги иштерди жүзөгө ашырууга чейин 40 үй чарбасын алдын ала изилдөө иши (претест) жүргүзүлгөн. Претест борбордук райондордо жана Бишкек шаарына караштуу конуштарда өткөрүлгөн.

Пилоттук изилдөө ишинин жыйынтыгы боюнча орус жана кыргыз тилиндеги суроолор тизмеси жеткире иштелип чыгып, интервьюнун убактысынын негизинде иш көлөмү жана интервью берүүчлөрдүн жалпы саны эсептелген.

### 3.6 СУПЕРВАЙЗЕРЛЕРДИ ЖАНА ИНТЕРВЬЮ БЕРҮҮЧҮЛӨРДҮ ОКУТУУ

Иштерди жүргүзүүчү персонал (областтык координаторлор, супервайзерлер, интервью берүүчүлөр) үй чарбаларын изилдөө жагында иш тажрыйбасын эске алуу менен топтолгон. Алардын бардыгы үчүн негизги тренинг (2015-жылдын декабрь айы) жана ишти баштоо алдында рефреш-тренинг (2016-жылдын февраль айы) жүргүзүлгөн.

Тренингдин программасында төмөнкү маселелер камтылган: гендердик изилдөө ишин жүргүзүү өзгөчөлүгү; изилдөө ишин жүргүзүү методологиясы; суроолорго жооп берүү жана интервью берүүчүлөрдүн документтерин толтуруу тартиби; респондентти тандоо жол-жобосу; карта жана тандоо жагында иш алып баруу; гендердик изилдөө ишине тиешелүү маалыматты сактоо стандарты; интервью берүүчүнүн психологиялык аспекттери; респонденттерди өзгөчө темалар боюнча сурамжылоо өзгөчөлүктөрү; карточкаларды пайдалануу; интервью берүүчүнүн сапаттуу иш алып баруусун контролдоо жана талап кылуу жол-жобосу; интервью берүүчүнүн тышкы жүрүм-туруму жана ишенимдүү болушу. Тренинг интерактивдүү ыкмаларды пайдалануу менен жана ал чакан топ түрүндө, ролго бөлүштүрүү аркылуу жүргүзүлгөн.

Ар бир ишке тартылган интервью берүүчү тренинг программасынын бардык суроолору камтылган, маалымат топтоо боюнча атайын иштелип чыккан колдонмо менен камсыздалган.

### 3.7 ТАЛАА ЖУМУШТАРЫ

Ишти аткаруу үчүн 81 кызматкер тартылган: интервью берүүчүлөр – 54 адам, супервайзерлер - 18, мамлекеттик статистика органдарынын аймактык башкармалыктарынын жетекчилеринин атынан областтык координаторлор - 9 адам. Тандалып алынган персоналдын ичинен аялдар 78 пайызын, ал эми эркектер 22 пайызын түзгөн.

Бул иш 2016-жылдын 24-февралынан тартып 31-мартына чейин республиканын бардык региондорунда бир эле учурда жүргүзүлгөн.

Бардыгы болуп 5950 үй чарбасына иликтөө иши жүргүзүлгөн, анда 15 жана андан жогору жаштагы 16145 адам жашай тургандыгы, алардын ичинен 8469 аялдар жана 7676 эркектер экендиги катталган.

### 3.8 МААЛЫМАТТАРДЫ ТЕСКӨӨ

Маалыматты топтоодо жана иштеп чыгууда көп баскычтуу көзөмөлдөө системасы пайдаланылган. Ишти жүзөгө ашыруунун жүрүшүндө интервью берүүчүлөр күн сайын областтык супервайзер тарабынан көзөмөлгө алынып, ал ар бир анкетанын туура толтурулгандыгын, суроолорго жооптор толук берилгендигин, документ менен иш туура жүргүзүлгөндүгүн текшерген. Ката табылган учурда маалымат респонденттин үйүнөн кошумча алынган.

Иштин жүрүшүндө атайын окутуудан өткөн контролерлор сурамжылоонун сапатына тышкы мониторинг жүргүзүп, анын чегинде алар үй чарбаларына экинчи ирет барып, үй чарбаларынын жана респонденттердин туура тандалгандыгын, анкеталардын так жана туура толтурулгандыгын текшерүү, сурамжылоо узактыгын, респонденттердин интервью берүчүлөрдүн сапаттуу иши тууралуу пикирин жүзөгө ашырышкан. Бардыгы болуп ар бир региондо анкеталардын 5 пайызынан көбү текшерүүгө алынган. Башка региондордо ушул сыяктуу каталарга жол бербөө максатында супервайзерлерге аныкталган ката тууралуу маалымат телефонограмма аркылуу жөнөтүлүп турган. Анкеталарды көзөмөлдөөнүн кийинки баскычы код коюунун жүрүшүндө жана базага маалыматтарды киргизүүдө жүзөгө ашырылган.

### 3.9 МААЛЫМАТТАРДЫ ИШТЕП ЧЫГУУ

Маалыматтарды иштеп чыгуу борборлоштурулган түрдө жүргүзүлгөн. Маалыматтарды киргизүү менен бирге алгачкы таблицаларды алуу үчүн статистикалык милдеттерди белгилөө боюнча иштер жүргүзүлгөн. Бардыгы болуп анкеталардын бардык бөлүктөрү боюнча 100дөн жогору аналитикалык таблица иштелип чыккан.

Маалыматтарды киргизүү программасы адистештирилген CSPro топтомунда иштелип чыккан жана ал маалыматтарды арифметикалык жана логикалык жактан көзөмөлдөөгө, алардын толук берилишин жана кайталанып кетпешине аныктоого мүмкүндүк берген. Маалыматтарды киргизүүнү жүргүзгөн операторлор үчүн программа иштөө боюнча тренинг өткөрүлгөн. Маалыматтарды киргизүү, аларды иргөө жана таблицаларды түзүү 2016-жылдын 1-апрелинен тартып 25-майга чейин жүргүзүлгөн.

Маалыматтардын сапатын текшерүү таблицасы D тиркемесинде келтирилген.

## 3.10 ҮЙ ЧАРБАЛАРЫНЫН БАКУБАТТУУУЛУГУНУН ДЕҢГЭЭЛИН АНЫКТОО

Жетиштүү жашоо деңгээли таблицаларда калктын ар бир жашоочусуна кеткен киреше квинтили[13] катары аныкталган. Үй чарбаларынын кирешелеринде төмөнкүдөй киреше булактары камтылган:

- жалданып иштөөдөн алган эмгек акы;
- фермер/айыл чарба ишкердигинен киреше (жер иштетүү, мал чарбачылыгы, айыл чарба продукциясын иштетүү);
- фермер чарбачылыгына байланышы жок ишкердиктен киреше (дүкөн ж.б.), кызмат көрсөтүүлөр (ташып жеткирүү, окутуу, бала багуу ж.б.);
- фермер чарбачылыгына байланышы жок ишкердикти жүргүзүү (колго жасалган продукция – килем, төшөк-жууркан, жыгачты оюп жасоо ж.б.);
- өздүк чакан чарбачылыктан алган киреше;
- пенсия /стипендия /жөлөк пул;
- жер тилкесин, турак-жайды, жабдууларды, мүлкүн ижарага берүүдөн, жеке кредиттөөдөн алынган киреше;
- үй чарбаларынын жана чет өлкөдө же республикада эмгек миграциясында жүргөн туугандардын акча которуулары (трансферлер);
- белектер жана башка кирешелер.

Киреше квинтилинин биринчи деңгээли жакыр жашаган үй чарбаларынын 20 пайыз минималдуу кирешеси менен, ал эми бешинчи деңгээл – кыйла бай жашаган үй чарбаларынын 20 пайыз чегинде кирешеси менен мүнөздөлөт.

[13] Изилдөөгө алынган үй чарбалары алардын деңгээли боюнча кароого алынып, беш бирдей бөлүккө: төмөндөн (эң жакыр) баштап жогору (бай) болуп бөлүнгөн (квинтиль).

# 4 Үй чарбаларынын мүнөздөмөсү жана курамы

**Негизги жыйынтыктар**

- Изилдөөгө алынган 5 950 үй чарбасында 15 жана андан жогору жаштагы 16 145 адам жашагандыгы, алардын ичинен 8 469 аялдар жана 7 676 эркектер экендиги аныкталган.
- Көпчүлүк үй чарбалардын башчысы катары эркектер экендиги, 28 пайыз гана аялдар экендиги катталган. Үй чарбаларынын орточо өлчөмү 3,7 адамды түзгөн.
- Изилдөө ишин жүргүзүү учурунда 15 жана андан жогору жаштагы аялдардын 65 пайызы турмушка чыккандыгы, 18 пайыз – турмушка чыкпагандыгы, 10 пайыз – жесир аялдар жана 7 пайызы – ажырашкан аялдар экендиги белгиленген.
- Никелешүү боюнча, аялдар арасында ЗАГСта никени/нике кыюуну каттоо кеңири тарап, ал 53 пайызды түзгөн, ал эми ЖААКта (ЗАГС) никени каттоосуз жана нике кыюусуз жашагандар - бир пайызды түзгөн. Мында эркектер арасында никелешүү тууралуу жооптору аялдардын жоопторуна дал келген. Никени расмий каттоосуз никелешүү кыйла кеңири тараган (15 жана андан жогору жаштагы аялдардын 4-6 пайызы).
- Битринчи никеге тургандардын орточо жашы аялдар арасында 20,8 жашты түзгөн. 18 жашка чейин биринчи жолу турмушка чыккандар аялдардын 8 пайызын ээлеген. Эрте турмушка чыгуу тажрыйбасы айыл жергесинде шаарга караганда 2,5 эсе жогору.
- Кыргызстанда никелешүүнүн бештен бир бөлүгү ала качуу саналат (анын макулдугун алуу менен жана макулдугун алуусуз). Макулдугун алуусуз ала качуу аркылуу нике кыйгандар төмөнкүчө белгиленген: Бишкек шаарында 2 пайыздын чегинде болсо, Нарын областында ал 21 пайызды түзгөн. Көпчүлүк учурда башталгыч гана билимге ээ же билими жок, ошондой эле жакыр үй-бүлөдө чоңойгон кыздарды ала качышат.
- Изилдөө жүргүзүү учурунда алардын 65 пайызы үйлөнгөндөр, 29 пайыз – никеге турбагандар, 3 пайыз – ажырашкандар жана 2 пайыз – жесир эркектер экендиги катталган. Үйлөнбөгөн 15 жаштан 49 жашка чейинки эркектердин үлүшү аялдар үлүшүнө салыштырмалуу 1,6 эсеге көп, бул алардын кечирээк үйлөнгөндүгү менен байланыштуу.
- Ички миграция агымы боюнча алганда аялдардын жана ошондой эле үлүштөгү эркектердин жарымы областтын чегинен тышкары, башка шаарларга да барышкан. Негизинен, аялдар конокко (37 пайыз), ал эми эркектер – иштегенге барышкан (47 пайыз). Кыйла мобилдүү катары бай үй чарбаларынан аялдар жана орто, бай үй чарбаларынан эркектер катталган.

Бул бөлүмдө изилдөөгө алынган үй чарбаларынын 15 жана андан жогору жаштагы калктын саны жана курамы, ошондой эле алардын никеси боюнча негизги мүнөздөмөлөр, билим деңгээли, иш менен камсыз болуу макамы жана үй чарбаларынын жашоо деңгээли тууралуу маалымат келтирилген. Мындан тышкары, бул главада 15 жана андан жогору жаштагылардын ички жана тышкы миграцияда катышуусу, миграция максаты жана кабыл алган өлкөлөр тууралуу маселелер каралган.

## 4.1 ҮЙ ЧАРБАЛАРЫНЫН МҮЧӨЛӨРҮН 15 ЖАНА АНДАН УЛУУ КЫЛЫП, ЖАШЫ ЖАНА ЖЫНЫСЫ БОЮНЧА БӨЛҮШТҮРҮҮ

Сурамжылоого алынган 5 950 үй чарбаларында 15 жана андан жогору жаштагы 16 145 адам жашагандыгы катталган, алардын ичинен 8 469 - аялдар, ал эми эркектер – 7 676 түзгөн. 4.1-таблицада калктын санынын жашы, жынысы жана жайгашуу түрү боюнча бөлүштүрүлүшү жөнүндө маалымат сунушталган.

**4.1-Таблица. Үй чарбалардын 15 жана андан жогору жаштагылардын санын жашы, жынысы жана жайгашуу түрү боюнча бөлүштүрүү**

Үй чарбаларынын калкын курактык топтору, жынысы жана жергесинин түрү боюнча пайыздык бөлүштүрүү

| | Шаар | | | Айыл | | | Калктын баары | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | аялдар | эркектер | аялдар-да, эркек-терда | аялдар | эркектер | аялдар-да, эркек-терда | аялдар | эркектер | аялдар-да, эркектер-да |
| Бардыгы | 54,0 | 46,0 | 100,0 | 49,7 | 50,3 | 100,0 | 51,2 | 48,8 | 100,0 |
| **Курагы, жаш** | | | | | | | | | |
| 15-17 | 4,1 | 5,9 | 5,0 | 7,7 | 8,1 | 7,9 | 6,3 | 7,4 | 6,9 |
| 18-20 | 8,2 | 8,2 | 8,2 | 8,8 | 8,5 | 8,7 | 8,6 | 8,4 | 8,5 |
| 21-30 | 27,5 | 29,2 | 28,3 | 25,8 | 28,3 | 27,1 | 26,5 | 28,6 | 27,5 |
| 31-40 | 19,1 | 20,6 | 19,8 | 19,2 | 19,9 | 19,5 | 19,1 | 20,1 | 19,6 |
| 41-50 | 16,9 | 16,1 | 16,5 | 14,8 | 15,2 | 15,0 | 15,6 | 15,5 | 15,5 |
| 51-60 | 12,5 | 12,1 | 12,3 | 13,3 | 11,9 | 12,6 | 13,0 | 12,0 | 12,5 |
| 61-70 | 7,1 | 5,8 | 6,5 | 6,1 | 5,1 | 5,6 | 6,5 | 5,4 | 5,9 |
| 70+ | 4,5 | 2,2 | 3,5 | 4,3 | 2,9 | 3,6 | 4,4 | 2,7 | 3,6 |
| Бардыгы | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |

Үй чарбаларынын калкынын жашынын түзүмүнө өлкөдөгү өткөн жылдардагы демографиялык тенденциянын, атап айтканда бала төрөө деңгээлинин жогору болушу таасирин тийгизген. Алсак, үй чарба мүчөлөрүнүн 43 пайызга жакынын 15 жаштан 30 жашка чейинкилер түзгөн. Айыл жерлеринде алардын үлүшү шаар жерине караганда бир аз жогору (тиешелүүлүгүнө жараша 43,7 пайыз жана 41,5 пайыз). Бул топто аялдардын саны шаарда, ошондой эле айыл жеринде да эркектердин санынан төмөн, мында 18 жаштан 20 жашка чейинки айыл жаштары эске алынбайт, анткени бул топто жаш уландар кыздарга караганда аз экендиги катталган, бул айыл тургундарынын эркектери аялдарга караганда көбүрөк миграцияга туш болгондугуна байланыштуу болушу мүмкүн. Кийинки топтордо аялдардын саны эркектерге караганда жогору, бул өлкөдө демографиялык тенденцияга дал келет.

## 4.2 ҮЙ ЧАРБАЛАРЫНЫН 15 ЖАШ ЖАНА АНДАН УЛУУ МҮЧҮЛӨРҮНҮН МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Үй чарбалары курамынын айрым аспекттери үй чарба мүчөлөрүнүн ресурстарын бөлүштүрүүгө таасирин тийгизиши мүмкүн. Алсак, аялдар үй чарбаларын баштаган учурда көпчүлүк жагдайларда финансылык ресурстар чектелүү болот.

4.2-таблицада келтирилгендей Кыргыз Республикасында үй чарбаларынын көпчүлүгүнүн башында эркектер турат (72 пайыз), ал эми аялдар 29 пайызды гана түзгөн. Шаар жергесинде аялдар башында турган үй чарбаларынын саны айыл жергесине караганда жогору (тиешелүүлүгүнө жараша 37 жана 22 пайыз).

**4.2–Таблица. Үй чарбалардын 15 жана андан жогору жаштагы мүчөлөрүнө мүнөздөмө**

Үй чарбаларынын башчыларын жынысы, үй чарбасынын көлөмүн жана айыл жергеси боюнча пайыздык бөлүштүрүү

| | Жергесинин түрү | | Бардыгы |
|---|---|---|---|
| | Шаар | Айыл | |
| Үй чарбасынын башчысы | | | |
| Аял | 36,5 | 21,8 | 28,5 |
| Эркек | 63,5 | 78,2 | 71,5 |
| Бардыгы | 100 | 100 | 100 |
| **Үй чарбаларынын туруктуу мүчөлөрүнүн саны** | | | |
| 1 | 17,0 | 5,3 | 10,6 |
| 2 | 25,8 | 18,7 | 21,9 |
| 3 | 20,3 | 18,2 | 19,2 |
| 4 | 19,6 | 18,0 | 18,7 |
| 5 андан көп | 17,3 | 39,7 | 29,6 |
| Бардыгы | 100 | 100 | 100 |
| **Үй чарбаларынын орточо өлчөмү**, адам | 3,1 | 4,2 | 3,7 |

Изилдөөгө алынган үй чарбаларынын орточо көлөмү 3,7 адамды түзгөн, шаар жергесинде – 3,1 адам, ал эми айыл жергесинде бир адамга көбүрөк – 4,2 адамды түзгөн. Үй чарбаларынын төрттөн бир бөлүгү эки-беш адамдан турат. Айыл жергесинде ушул сыяктуу көлөмдөгү үй чарбалары 82 пайызды, шаарда – 76 пайызды түзгөн. Айылга салыштырганда шаар жергесинде бир-төрт адамдан турган үй чарбаларынын, ал эми айылдарда – беш жана андан көп адамдан турган үй чарбаларынын үлүшү жогору. Бул шаар жана айыл жашоочуларынын тиричилигинин кыйла айырмаланышы менен байланыштуу болгон. Шаар жеринде бала төрөө деңгээли кыйла төмөн, ата-энеси менен же башка туугандары менен бир үй чарбасында жашоо тажрыйбасы азыраак, ошондой эле жалгыз жашаган үй чарбалары кыйла көбүрөк.

## 4.3 ҮЙ ЧАРБАЛАРЫНЫН ЖЕТИШТҮҮЛҮГҮНҮН ДЕҢГЭЭЛИНИН ДЕҢГЭЭЛИ

Үй чарбаларынын жетиштүү деңгээлде жашоосун аныктоо үчүн материалдык жактан жетиштүүлүгүнө субъективдүү баа берүүлөр жана респонденттердин кирешелери боюнча маалымат пайдаланылган. Жетиштүү жашоосуна баа берүү боюнча алганда, сурамжылоого алынган үй чарбаларынын 49 пайызы өзүн орточо киреше алгандар категориясына, ал эми 33 пайыз – орточо деңгээлден төмөн киреше алгандарга өзүн чегеришкен. Жашоо региону боюнча жетиштүү деңгээлде жашоосу боюнча бөлүштүрүү бирдей эмес. Алсак, Баткен, Нарын областтарын жана Ош шаарын эске албаганда, бардык региондордогу үй чарбаларынын көпчүлүгү орточо киреше алгандар категориясына чегерген.

**4.3-Таблица. Үй чарбаларынын жетиштүү жашоо деңгээлине субъективдүү баа берүү**

| Үй чарбаларын жетиштүү жашоо деңгээлине субъективдүү баа берүү боюнча пайыздык бөлүштүрүү | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Киреше тамак-ашка жетишет | Киреше тамак-ашка жана кийимге жетишет | Киреше тамак-ашка жана кийимге жетишет, бирок тиричилик техникасын сатып алуу үчүнжетишсиз | Киреше тамак-аш, кийим, жана тиричилик техникасын сатып алуу үчүн жетиштүү | Киреше кыймылсыз мүлктү сатып алуу үчүн жетиштүү | ЖБК/ЖБ | Бардыгы |
| Бардыгы | 2,4 | 33,3 | 49,0 | 14,3 | 0,7 | 0,2 | 100,0 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | |
| Шаар | 2,3 | 31,9 | 48,3 | 16,4 | 0,7 | 0,4 | 100,0 |
| Айыл | 2,5 | 34,5 | 49,5 | 12,7 | 0,7 | 0,1 | 100,0 |
| **Областтар** | | | | | | | |
| Баткен | 4,6 | 45,0 | 39,3 | 10,8 | 0,4 | 0,0 | 100,0 |
| Жалал-Абад | 1,1 | 21,7 | 61,4 | 14,8 | 0,9 | 0,1 | 100,0 |
| Ысык-Көл | 2,5 | 22,3 | 59,9 | 14,5 | 0,7 | 0,1 | 100,0 |
| Нарын | 2,6 | 48,2 | 41,5 | 7,5 | 0,2 | 0,0 | 100,0 |
| Ош | 2,7 | 50,1 | 39,1 | 7,6 | 0,4 | 0,1 | 100,0 |
| Талас | 2,6 | 41,3 | 50,4 | 4,6 | 0,9 | 0,1 | 100,0 |
| Чүй | 2,6 | 27,0 | 49,4 | 19,2 | 1,1 | 0,7 | 100,0 |
| Бишкек шаары | 1,6 | 32,2 | 46,3 | 19,3 | 0,5 | 0,1 | 100,0 |
| Ош шаары | 7,2 | 38,5 | 36,9 | 15,0 | 1,3 | 1,0 | 100,0 |

4.4-таблицада келтирилген маалыматка ылайык, шаар жергесинде сыяктуу эле айыл жеринде жашаган, сурамжылоого алынган үй чарбаларынын көпчүлүгү негизги киреше алуу булагы катары жалданып иштөөдөн алган эмгек акыны белгилешкен. Андан ары пенсия/стипендия/жөлөкпул (16 пайыз) жашоо үчүн каражат алуу булагы катары белгиленип, ал шаар тургандары үчүн сыяктуу эле, айыл тургандары үчүн да маанилүү экендиги катталган. Киршелер булагынын үчүнчү орунунда шаар жеринде фермер ишине, кызмат көрсөтүү (10 пайыз) байланыштуу болбогон ишкердиктен түшкөн киреше ал эми айыл жеринде, албетте, фермер ишинен, айыл чарба продукциясынан түшкөн киреше саналат (20 пайыз).

Чет өлкөдө же республика ичинде эмгек миграциясында катталган үй чарба мүчөлөрүнүн жана туугандарынын акча которууларынын салыштырма салмагынын көпчүлүк бөлүгү (трансферлер) өлкөнүн түштүк региондоруна, ал эми өздүк чарбадан алынган киреше боюнча – Ош областына туура келет (13 пайыз).

**4.4–Таблица. Үй чарбаларынын кирешесинин түзүмү**
*(пайыз менен)*

| | Жалданып иштөөдөн эмгек акы | Фермердик/ айыл чарба ишкердигинен түшкөн киреше (жер иштетүү, мал багуу, айыл чарба продукциясын иштетүү) | Фермер ишине байланыштуу болбогон (дүкөн ж.б.) ишкердиктен, кызмат көрсөтүүдөн (ташуу, окутуу, бала багуу ж.б.) киреше алуу | Фермер ишине байланыштуу болбогон иш менен камсыз болуу (колго жасалган буюмдар – килем, төшөк, жыгачты оюп жасоо, ж.б.) | Өз чарбачылыгынан алынган киреше | Пенсия / стипендия /жөлөкпул | Жерди, турак үйдү, жадууну, өз мүлкүн, жеке кредиттөөнү ижарага берүүдөн түшкөн киреше | Чет өлкөдө же республикада эмгек миграциясында жүргөн үйбүлө мүчөлөрүнүн, туугандардын акча которуулары | Белектер жана башка кирешелер | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | 46,5 | 11,2 | 8,9 | 3,2 | 3,7 | 16,2 | 0,7 | 6,8 | 2,9 | 100 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | | | | |
| Шаар | 60,1 | 2,6 | 10,4 | 4,1 | 1,7 | 11,4 | 0,8 | 4,7 | 4,3 | 100 |
| Айыл | 33,3 | 19,5 | 7,6 | 2,4 | 5,6 | 20,9 | 0,5 | 8,8 | 1,4 | 100 |
| **Областтар** | | | | | | | | | | |
| Баткен | 31,1 | 14,2 | 12,2 | 1,8 | 3,5 | 25,4 | 0,2 | 10,0 | 1,6 | 100 |
| Жалал-Абад | 26,0 | 24,0 | 13,2 | 1,8 | 4,5 | 16,9 | 1,2 | 8,8 | 3,5 | 100 |
| Ысык-Көл | 50,0 | 15,3 | 8,0 | 1,8 | 1,1 | 19,0 | 0,5 | 2,6 | 1,7 | 100 |
| Нарын | 42,6 | 12,5 | 7,1 | 1,4 | 1,2 | 28,7 | 1,1 | 0,9 | 4,7 | 100 |
| Ош | 25,9 | 8,3 | 9,6 | 1,4 | 12,5 | 22,7 | 0,5 | 17,9 | 1,1 | 100 |
| Талас | 30,6 | 27,2 | 17,4 | 0,6 | 1,5 | 17,8 | 0,7 | 3,1 | 1,2 | 100 |
| Чүй | 52,0 | 9,8 | 7,9 | 7,4 | 2,2 | 13,3 | 0,5 | 5,5 | 1,4 | 100 |
| Бишкек шаары | 75,9 | 0,0 | 3,7 | 3,7 | 0,9 | 10,3 | 0,4 | 0,7 | 4,4 | 100 |
| Ош шаары | 54,2 | 2,7 | 11,9 | 4,5 | 1,3 | 9,5 | 0,8 | 10,1 | 5,0 | 100 |

Изилдөө ишинин жыйынтыгы боюнча үй чарбаларынын 41 пайызы бир киреше алуу булагына ээ, ушундай эле, 41 пайыз – эки киреше булагына ээ (4.5-таблица). Жашаган жери боюнча алганда айырмачылыктар бар: шаар жергесинде көпчүлүк үй чарбалар бир киреше булагына ээ. Чүй областын, Бишкек жана Ош шаарларын эске албаганда, бардык региондордо үй чарбаларынын салыштырма салмагынын көпчүлүгү эки киреше булагына ээ.

**4.5-Таблица. Үй чарбаларынын киреше булагынын саны**

| Ар кандай киреше булактарына ээ үй чарбаларынын пайыздык үлүшү | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **1 булак** | **2 булак** | **3 булак** | **4 булак** | **5 булак андан көп** | **Бардыгы** |
| Бардыгы | 41,4 | 41,1 | 13,9 | 1,8 | 1,8 | 100 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | 100 |
| Шаар | 64,5 | 29,0 | 4,3 | 0,5 | 1,8 | 100 |
| Айыл | 28,8 | 47,7 | 19,2 | 2,5 | 1,8 | 100 |
| **Областтар** | | | | | | 100 |
| Баткен | 24,9 | 48,6 | 24,0 | 2,4 | 0,0 | 100 |
| Жалал-Абад | 29,9 | 46,4 | 18,5 | 2,8 | 2,4 | 100 |
| Ысык-Көл | 33,6 | 41,6 | 19,4 | 2,8 | 2,5 | 100 |
| Нарын | 29,8 | 54,3 | 11,7 | 0,9 | 3,4 | 100 |
| Ош | 20,2 | 51,4 | 24,0 | 3,7 | 0,6 | 100 |
| Талас | 28,4 | 50,9 | 19,9 | 0,8 | 0,0 | 100 |
| Чүй | 54,9 | 34,8 | 4,7 | 0,0 | 5,6 | 100 |
| Бишкек шаары | 77,7 | 22,2 | 0,0 | 0,0 | 0,1 | 100 |
| Ош шаары | 61,0 | 33,0 | 5,6 | 0,4 | 0,0 | 100 |

Республика боюнча бир адамга орточо айлык киреше 5463,3 сомду түзөт. Шаар тургунунун орточо айлык кирешеси (6971,9 сом) айыл жашоочусунун кирешесине (4249,4 сом) караганда кыйла жогору.

## 4.4 АЯЛДАРДЫН НЕГИЗГИ МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ

Иликтөө ишинин жүрүшүндө топтолгон маалымат аялдардын никеге турушу, алгач никеге турушуна мүнөздөмө берүүгө мүмкүндүк берет, бул маселе өлкөдө биринчи жолу козголуп, иликтөөгө алынган. Мындан тышкары, аялдар миграциясы тууралуу маалымат да келтирилген. Бардык ушул көрсөткүчтөр аялдардын жашы, жашаган аймагы, айыл жери, улуту боюнча кароого алынат. Ошентип, биз кыйла көйгөйлүү маселелерди аныктоого аракет жасайбыз, бул андан ары маселелерди чечүү жолдорун табууга мүмкүндүк берет.

4.6-таблицада 15 жана андан жогору жаштагы аялдардын санынын ичинен иликтөө иши жүргүзүлүп жаткан учурда 65 пайыз турмушка чыккандыгы[14], 18 пайыз – эч качан никеге турбагандыгы, 10 пайыз – жесир аялдар экендиги жана 7 пайыз – ажырашкан аялдар экендиги аныкталгандыгы келтирилген.

**4.6–Таблица. Үй чарбаларынын 15 жана андан жогору жаштагы аялдардын никелешүү статусу**

15 жана андан жогору жаштагы аялдардын айыл жери, областы жана жашы боюнча аялдардын никегу туруу статусунун пайыздык бөлүштүрүлүшү

| | Аялдардын саны | Алардын ичинен: | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Эч качан турмушка чыкпагандар | ЖААКта гана катоодон өткөндөр | Нике/үйлөнүү гана | ЖААК жана нике/үйлөнүү | Каттоодон өтүүсүз жана никелешүүсүз/үйлөнүүсүз бирге жашоо | Ажырашкандар | Жесир аялдар | Бардыгы |
| Бардыгы | 8469 | 18,0 | 7,5 | 4,2 | 52,8 | 0,8 | 6,5 | 10,1 | 100 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | | | |
| Шаар | 3226 | 22,1 | 13,0 | 3,7 | 38,7 | 0,9 | 10,8 | 10,9 | 100 |
| Айыл | 5243 | 15,6 | 4,3 | 4,5 | 61,3 | 0,8 | 4,0 | 9,6 | 100 |
| **Областтар** | | | | | | | | | |
| Баткен | 1077 | 14,7 | 0,3 | 4,2 | 66,5 | 0,5 | 5,4 | 8,4 | 100 |
| Жалал-Абад | 1071 | 17,4 | 1,9 | 6,1 | 62,3 | 0,6 | 3,8 | 8,0 | 100 |
| Ысык-Көл | 853 | 14,9 | 5,4 | 4,2 | 55,8 | 1,6 | 5,8 | 12,3 | 100 |
| Нарын | 914 | 16,3 | 0,4 | 1,9 | 65,5 | 0,4 | 3,3 | 12,2 | 100 |
| Ош | 1086 | 15,3 | 1,6 | 5,0 | 65,7 | 0,6 | 3,9 | 7,9 | 100 |
| Талас | 961 | 16,3 | 1,0 | 2,2 | 66,3 | 0,1 | 2,8 | 11,3 | 100 |
| Чүй | 877 | 14,7 | 14,8 | 4,4 | 43,0 | 1,6 | 7,6 | 13,9 | 100 |
| Бишкек шаары | 826 | 27,7 | 22,1 | 2,7 | 22,7 | 0,7 | 13,5 | 10,5 | 100 |
| Ош шаары | 804 | 18,7 | 1,5 | 3,0 | 61,3 | 0,5 | 6,0 | 9,0 | 100 |
| **Курагы, жаш** | | | | | | | | | |
| 15-17 | 379 | 96,7 | 0,0 | 1,8 | 1,5 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 |
| 18-20 | 508 | 61,7 | 1,6 | 5,7 | 29,1 | 0,2 | 1,6 | 0,0 | 100 |
| 21-30 | 1833 | 19,9 | 5,8 | 6,0 | 62,1 | 1,0 | 4,7 | 0,4 | 100 |
| 31-40 | 1621 | 3,2 | 9,0 | 4,8 | 71,1 | 0,9 | 9,0 | 2,0 | 100 |
| 41-50 | 1531 | 2,1 | 10,1 | 3,8 | 63,5 | 1,3 | 12,1 | 7,1 | 100 |
| 51-60 | 1342 | 1,9 | 11,9 | 2,4 | 55,0 | 0,9 | 8,6 | 19,3 | 100 |
| 61-70 | 768 | 1,1 | 12,5 | 2,1 | 37,9 | 0,5 | 4,2 | 41,7 | 100 |
| 70+ | 487 | 1,0 | 4,7 | 2,0 | 15,4 | 0,0 | 2,7 | 74,3 | 100 |
| алардын ичинен: | | | | | | | | | |
| 15-49 | 5250 | 25,3 | 6,2 | 5,1 | 55,2 | 0,7 | 6,1 | 1,4 | 100 |

[14] Мында, ошондой эле "Эркектердин негизги мүнөздөмөлөрү жана алардын аялдардан негизги айырмачылыктары" бөлүгүндө, турмушка чыккан аялдардын/үйлөнгөн эркектердин катарына төмөнкүдөй нике каттоодон өткөн адамдардын санынын суммасы кирген: ЖААК (ЗАГС)та гана, нике/үйлөнүү гана, ЖААК жана нике/үйлөнүү, ошондой эле ЖААКта катоосуз жана нике кыюусуз/үйлөнүүсүн жашоо.

Кыргыз Республикасында жүргүзүлгөн бул иликтөө ишинин жыйынтыктары, ошондой эле башка иликтөө ишинин материалдары[15] көпчүлүк аялдар өз турмушунда никеге кеминде бир жолу тургандыгын, ал эми эч качан турмушка чыкпагандардын үлүшү төмөндөй баштагандыгын тастыктайт. Изилдөө иши жүргүзүлүп жаткан учурда никеде жашап жаткан аялдардын үлүшү 41-50 жашка чейин жогорулап, андан кийин улуураак курактагылар арасында төмөндөгөн. 50дөн жогору жаштагы аялдар арасында 1-2 пайыз гана эч качан турмушка чыккан эмес[16].

Аялдардын никелешүү статусу мурдагы иликтөө ишинин жыйынтыгында катталган чекте өзгөрүүсүз калгандыктан, никелешүү ыкмасы катары ушул иликтөө ишинин жыйынтыгында алынган жаңы маалыматтар кыйла кызыгууну жаратат. Алсак, аялдар арасында никени никелешүү/үйлөнүү тоюн өткөрүү менен ЖААКта никени катоодон өткөн үй-бүлөлөрдүн саны кыйла кеңири (53 пайыз), ал эми ЖААКта никени катоосуз жана никелешүү/үйлөнүү тоюн өткөрүүсүз жашаган үй-бүлөлөрдүн саны (0,8 пайыз) кыйла азыраак.

Никелешүү/үйлөнүү тоюн өткөрүү менен ЖААКта никени каттоо көбүнчө шаар жергесине караганда айыл жеринде, Баткен, Талас, Ош жана Нарын областтарында кеңири тараган. Мында, аялдардын негизги жашы 21ден 60ка чейинкини түзөт, б.а. бул каада-салт мурдагы муун арасында кеңири тарап, учурда үй чарбаларынын жаш мууну арасында да көп байкалган.

ЖААКта каттоодон өтүү менен гана негизинен, шаар (15 жана андан жогору жаштагы аялдарды сурамжылоодо 22 пайыз) жана Чүй областынын (15 пайыз) тургундары белгиленген.

Анын натыйжасында көчпүлүк аялдар ажырашкандан кийин эч бир жашоого каражатсыз калган, никени расмий каттоосуз никелешүү тенденциясы өзгөчө Жалал-Абад (15 жана андан жогору жаштагы аялдарды сурамжылоодо 6 пайыз), Ош (5 пайыз), Баткен, Ысык-Көл жана Чүй областтарында (4,2-4,4 пайыз) катталган, ал эми Нарын, Талас областтарында, Бишкек жана Ош шаарларында мындай жагдайлар 2-3 пайыз чегинде гана катталган.

Мындай каада-салтка өзгөчө 18-30 жашка чейинки (6 пайыз), билими жок же төмөн билимге ээ, өзгөчө экинчи квинтилдеги жакыр жашаган үй-чарбаларынан (4,7-5,2 пайыз) аялдар артыкчылык беришкен, ал эми жетиштүү жашаган үй-бүлөлөрдөн (2 пайыз), улуту өзбек (5 пайыз), кыргыз (5 пайыз), ошондой эле башка улутундагы аялдар (орус улутундагылардан тышкары) (5 пайыз) түзгөн. Бойго жете элек 15-17 жаштагы кыздарды нике кыюу (2 пайыз) же болбосо ЖААКта никени расмий каттоо менен гана никеге тургузуу (2 пайыз) менен гана күйөөгө беришет. Ушуну менен катар эле, статистикалык маалыматтарга ылайык, мындай жол-жобо ЗАГС кызматкерлери тарабынан кыйла аз жүргүзүлөт (жыл сайын 15-17 жаштагылар арасында 200гө жакын катоодон өтөт), анткени Кыргыз Республикасынын Үй-бүлөлүк кодексинде никелешүүнүн минималдуу жашы – аялдар жана эркектер үчүн да 18 жаш белгиленген.

Никени ЖААКта каттоосуз, ошондой эле никени/үйлөнүү салтын өткөрүүсүз жашоо Ысык-Көлдө жана Чүй областында жана орус улутундагылар арасында кеңири тараган (дал ушул жерде гана жетишерлик көп сандагы орус диаспорасы жашайт).

Алгачкы нике маанилүү социалдык жана демографиялык индикатор болуп саналат, анткени көпчүлүк коомдо ал биринчи бала төрөлгөндө жашоо жыргалчылыгы катары кабыл алынат.

4.7-таблицада 15 жана андан жогору жаштагы аялдар арасында алгачкы никелешүүнүн орточо курагы 20,8 жашты түзгөн. 15 жашта турмушка чыккан аялдардын саны бир пайыздан азды жана 8

---

[15] Кыргыз Республикасынын медицина-демографиялык изилдөөсү, 2012-ж. MEASURE DHS долбоорунун алкагында, Америка Кошмо Штаттарынын Эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттигинин (USAID) колдоосу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан - Бишкек, 2014.
Кыргыз Республикасында көп индикаторлуу кластердик изилдөө, Балдар жана аялдар абалына мониторинг, 2014-ж.
Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан БУУнун Балдар фондусу (ЮНИСЕФ), ошондой эле БУУ фондусунун калк тууралуу биргелешип каржылоосу (ЮНФПА) - Бишкек, 2015.
[16] Эл аралык тажрыйбада никеге турбоо деңгээлин иликтөө үчүн кабыл алынган көрсөткүч.

пайыз – 18 жашка чейинкилер түзгөн. Сурамжылоого алынган аялдардын санынын жарымы (48 пайыз) 18-20 жашта турмушка чыккан жана алардын үчтөн бир бөлүгүнөн көбүрөгү (37 пайыз) 21-25 жаштагылар жана 7 пайыз аялдар – 25 жаштан кийин турмушка чыгышкан.

**4.7-**Таблица. **Үй чарбаларынын 15 жана андан жогору жаштагы аялдардын никелешүү жашы**

15 жана андан жогору жаштагы аялдарды никелешүү боюнча жашы, жашаган жери жана областы боюнча пайыздык бөлүштүрүү

| | Аялдар, жашы | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 15 | 16-17 | 18-20 | 21-25 | 25 жана андан улуу | Никелешүүнүн орточо курагы |
| Бардыгы | 0,4 | 7,5 | 48,2 | 37,3 | 6,6 | 20,8 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | |
| Шаар | 0,4 | 3,6 | 39,8 | 45,1 | 11,1 | 21,7 |
| Айыл | 0,4 | 9,7 | 52,8 | 33,0 | 4,1 | 20,2 |
| **Областтар** | | | | | | |
| Баткен | 0,3 | 6,5 | 58,6 | 31,7 | 2,9 | 20,2 |
| Жалал-Абад | 0,4 | 6,5 | 53,5 | 36,4 | 3,2 | 20,4 |
| Ысык-Көл | 0,2 | 7,2 | 46,0 | 38,8 | 7,8 | 21,0 |
| Нарын | 0,5 | 12,1 | 49,5 | 32,2 | 5,7 | 20,3 |
| Ош | 0,1 | 9,3 | 55,6 | 32,3 | 2,6 | 20,0 |
| Талас | 1,0 | 10,4 | 50,3 | 33,4 | 4,9 | 20,3 |
| Чүй | 0,4 | 12,1 | 45,4 | 35,8 | 6,3 | 20,5 |
| Бишкек шаары | 0,8 | 1,6 | 29,3 | 49,6 | 18,7 | 22,8 |
| Ош шаары | 0,1 | 4,5 | 52,4 | 39,3 | 3,7 | 20,6 |

Эрте турмушка чыгуу учурлары шаарга караганда (тиешелүүлүгүнө жараша, 10 пайыз жана 4 пайыз) айыл жергесинде кеңири тараган (2,5 эсе). Аялдардын эрте турмушка чыгуу жагдайлары бардык региондордо белгиленген, бирок бул Нарын жана Чүй областтарында (13 пайызга жакын) көбүрөөк, ал эми Бишкек шаарында азыраак (2,4 пайыз) катталган.

Никелешүүнүн дагы бир формасы болгон кыз ала качуу өткөн мезгилдерде кыйла азыраак болгон[17]. 4.8-таблицада Кыргыз Республикасында 20 пайызынан көбү кыз ала качуу аркылуу никеге турушат (уруксат суроо жана уруксат суроосуз). Мында кыз ала качуу шаар жергесине караганда айыл жеринде 2 эсеге көбүрөөк болот.

**4.8-**Таблица. **Үй чарбаларынын 15 жана андан жогору жаштагы мүчөлөрүнүн никелешүү ыкмасы**

Никеге турган 15 жана андан жогору жаштагы респонденттерди никеге турушу, турмушка чыгышы, жашаган жери жана областы боюнча пайыздык бөлүштүрүлүшү

| | Кызды никелешүү үчүн ала качкан | Анын ичинде | | Кызды никелешүү үчүн эмес ала качкан | Башка | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | анын макулдугу боюнча ала качкан | анын макулдугусуз ала качкан | | | |
| Бардыгы | 22,1 | 16,3 | 5,8 | 77,6 | 0,3 | 100 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | |
| Шаар | 14,7 | 10,7 | 4,0 | 84,9 | 0,5 | 100 |
| Айыл | 25,9 | 19,2 | 6,7 | 73,9 | 0,2 | 100 |
| **Областтар** | | | | | | |
| Баткен | 13,1 | 9,7 | 3,4 | 86,8 | 0,2 | 100 |
| Жалал-Абад | 28,4 | 25,8 | 2,6 | 71,6 | 0,0 | 100 |
| Ысык-Көл | 44,9 | 27,2 | 17,7 | 54,4 | 0,7 | 100 |
| Нарын | 30,6 | 10,0 | 20,6 | 69,4 | 0,0 | 100 |
| Ош | 20,2 | 14,8 | 5,4 | 79,7 | 0,2 | 100 |
| Талас | 59,8 | 50,1 | 9,7 | 40,2 | 0,0 | 100 |
| Чүй | 14,2 | 9,9 | 4,3 | 84,7 | 1,2 | 100 |
| Бишкек шаары | 8,3 | 5,9 | 2,4 | 91,6 | 0,1 | 100 |
| Ош шаары | 14,2 | 10,9 | 3,3 | 85,5 | 0,3 | 100 |

[17] «Кыргыздар жана алардын этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланышы», С.М.Абрамзон, илимий-популярдуу басылма, Фрунзе (Бишкек), 1990-ж.

4.1-сүрөттө көрсөтүлгөндөй эле, никелешүү формасы болуп саналган кыз ала качуу өзгөчө Талас областында (никеге турган респонденттердин 60 пайызга жакыны), Ысык-Көл областында (45 пайыз), Жалал-Абад жана Нарын областтарында (28-31 пайыз) катталган. Мында кыздын макулдугун сурабай мажбурлап үйлөнүү өзгөчө Нарында (21 пайыз), Ысык-Көлдө (18 пайыз) жана Таласта (10 пайыз) кеңири тараган.

**4.1–Сүрөт. Аймак боюнча 15 жана андан жогору жаштагы ала качуу аркылуу турмуш курган аялдардын үлүшү**
*(пайыз менен)*




Макулдугусуз никеге туруу үчүн кызды ала качуу өлкөнүн бардык эле аймагында кездешет: Бишкек шаарында 2 пайыздан Ысык-Көлдө 18 пайыз, Нарында 21 пайызга чейин катталган. Көпчүлүк учурда баштапкы билимге гана ээ кыздарды (10 пайыз) же билими жок кыздарды (8 пайыз), ошондой эле жакыр жашаган үй-бүлөнүн кыздарын (7 пайыз) ала качышат.

Эгерде никелешүү ыкмасы боюнча ЖААКта никени каттоосуз жана нике кыюусуз/үйлөнүүсүз жашоо бир аз гана үлүштү түзсө (0,8 пайыз), кызды ала качуу аркылуу никеге тургандардын үлүшү 6 пайызга чейин жетет.

## 4.5 ЭРКЕКТЕРДИН НЕГИЗГИ МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ ЖАНА АЯЛДАРДЫН МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮНӨН ОЛУТТУУ АЙЫРМАЧЫЛЫКТАРЫ

Иликтөө ишинин жүрүшүндө эркектердин негизги мүнөздөмөлөрү боюнча аялдар кароого алынган маселелер боюнча каралган, бул билим деңгээли, никелешүүсү, алгачкы турмушка чыгуу, никелешүү ыкмасы, иш менен камсыз болуусу жана эркектердин миграциясы саналат. Андан кийин биз аялдар жана эркектер ортосунда айырмачылыктар тууралуу маалымат беребиз.

4.9-таблицада иликтөө иши жүргүзүлүп жаткан учурда 15 жана андан жогору эркектердин 65 пайызы үйлөнгөндөр экендигин, 29 пайыз – үйлөнбөгөндүгүн, 3 пайыз – ажырашкандар экендигин жана 2 пайыз – жесир эркектер экендиги көрсөтүлгөн. 15-49 жаштагы үйлөнбөгөн эркектердин үлүшү аялдар үлүшүнө караганда 1,6 эсеге көп, бул кечирээк үйлөнгөндүгүнө байланыштуу болгон.

Эркектер да аялдар  сыяктуу эле  өз турмушунда кеминде бир жолу үйлөнүшөт, ал эми эч үйлөнбөгөн эркектердин үлүшү жашына жараша төмөндөйт жана 50 жаштан жогору эркектердин 1,5 пайызы гана такыр үйлөнгөн эмес.

Изилдөө ишинин жыйынтыгы боюнча биринчи жолу турмушка чыккан аялдардын орточо жашы – 20,8 жаш, эркектердики – 24,0 жаш, ал ал эми эрте үйлөнүү Кыргыз Республикасынын эркектерине мүнөздүү эмес.

**4.9-Таблица. Үй чарбаларынын 15 жана андан жогору жаштагы эркектердин никелешүү статусу**

15 жана андан жогору жаштагы эркектердин нике статусун жашаган жери, областы жана жашы боюнча пайыздык бөлүштүрүү

| | Эркектердин саны | Алардын ичинен: | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Эч качан никеде турушкан эмес | ЖААКта гана каттоо | Нике гана/чиркөөдө нике кыюу | ЖААК жана нике/ чиркөөдө нике кыюу | ЖААК жана никеси/ чиркөөдө нике кыюусу жок чогуу жашоо | Ажырашкандар | Аялы каза болгондор | Бардыгы |
| Бардыгы | 7676 | 29,2 | 7,7 | 4,1 | 53,3 | 0,8 | 3,0 | 1,9 | 100 |
| **Отуруктапкан жеринин түрү** | | | | | | | | | |
| Шаар | 2663 | 31,2 | 14,9 | 3,9 | 43,7 | 0,9 | 3,3 | 2,1 | 100 |
| Айыл | 5013 | 28,2 | 4,1 | 4,2 | 58,1 | 0,8 | 2,9 | 1,8 | 100 |
| **Областтар** | | | | | | | | | |
| Баткен | 995 | 26,3 | 0,2 | 3,7 | 65,4 | 0,7 | 2,4 | 1,3 | 100 |
| Жалал-Абад | 930 | 28,6 | 1,6 | 4,6 | 61,1 | 0,7 | 1,9 | 1,4 | 100 |
| Ысык-Көл | 770 | 30,0 | 4,9 | 3,9 | 52,8 | 1,8 | 4,4 | 2,2 | 100 |
| Нарын | 888 | 30,2 | 0,3 | 1,9 | 62,8 | 0,4 | 2,9 | 1,5 | 100 |
| Ош | 992 | 27,0 | 1,7 | 5,1 | 62,5 | 0,5 | 1,8 | 1,4 | 100 |
| Талас | 925 | 30,0 | 0,8 | 2,2 | 62,9 | 0,1 | 2,6 | 1,4 | 100 |
| Чүй | 835 | 28,2 | 15,0 | 4,5 | 42,3 | 1,5 | 5,5 | 3,0 | 100 |
| Бишкек шаары | 627 | 34,0 | 26,9 | 3,2 | 29,1 | 0,6 | 3,7 | 2,4 | 100 |
| Ош шаары | 714 | 31,0 | 1,7 | 3,4 | 59,6 | 0,5 | 1,5 | 2,3 | 100 |
| **Жашы** | | | | | | | | | |
| 15-17 | 411 | 99,0 | 0,0 | 0,0 | 1,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 |
| 18-20 | 457 | 96,8 | 0,0 | 0,9 | 2,2 | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 100 |
| 21-30 | 1718 | 43,1 | 4,2 | 5,1 | 45,0 | 0,7 | 1,8 | 0,0 | 100 |
| 31-40 | 1481 | 5,1 | 8,6 | 5,1 | 75,1 | 1,2 | 4,7 | 0,2 | 100 |
| 41-50 | 1480 | 1,8 | 10,7 | 5,8 | 74,1 | 1,0 | 5,7 | 1,0 | 100 |
| 51-60 | 1173 | 0,8 | 15,3 | 2,4 | 73,4 | 1,2 | 3,6 | 3,2 | 100 |
| 61-70 | 616 | 0,4 | 17,0 | 3,3 | 65,7 | 0,8 | 4,1 | 8,6 | 100 |
| 70+ | 340 | 0,3 | 12,7 | 6,1 | 47,2 | 0,0 | 0,5 | 33,2 | 100 |
| алардын ичинен: | | | | | | | | | |
| 15-49 | 5000 | 39,2 | 5,5 | 4,3 | 47,5 | 0,8 | 2,7 | 0,1 | 100 |

4.2-сүрөттө эркектердин негизги бөлүгү 21-25 жашка чейинки, ал эми аялдар арасында 18-20 жашка чейинкилер никеге турушат.

**4.2-сүрөт. 15 жана андан жогору жаштагы аялдарды жана эркектерди жашы, биринчи жолу никеге турушу боюнча бөлүштүрүү**

**Аялдар**




**Эркектер**




Белгилей кетүү керек, анын макулдугусуз ала качуу аркылуу никеге турганы тууралуу билдирген аялдарга караганда, аялдын макулдугусуз ала качуу аркылуу никеге тургандыгын билдирген эркектердин үлүшү 3 эсеге аз (6 пайызга каршы 2 пайыз).

Калктын санынын жана курамынын өзгөрүүсүнө олуттуу таасирди калктын миграциясы көрсөтөт. Изилдөөнүн убагында изилдөөгө туш болгон акыркы 12 айдын ичиндеги бир айдан ашык убакта үй чарба мүчөлөрүнүн жоктугу маселеси, ошондой эле респонденттер кайда кетип жаткан орду, акыркы жолу кеткен максаты жана мөөнөтү изилденди (өзүнчө тышкы жана ички миграция боюнча).

4.10. таблицада көрүнүп тургандай, ички миграциянын агымы боюнча миграцияга дуушар болгон 15 жаш жана андан жогору куракtagы аялдардын жарымы менен болжол менен ошончо эркектер областтан тышкары башка шаарга чыгышкан (болжол менен, Бишкек шаарына), жана азыраагы - областтан тышкары башка айылга (аялдар 13 пайыз, эркектер – 12 пайыз). Областтын чегинен тышкары башка шаарга чыгуу боюнча Нарын областындагы аялдар менен эркектер басымдуулук кылат (80 пайыз ашыгы), анын үстүнө бул агымда респонденттердин билими жана жетиштүүлүгүнүн деңгээли таасир тийгизген эмес.

4.10. таблицасындагы маалыматтардан көрүнгөндөй, ички миграциянын агымында бай үй чарбаларындагы аялдар азыраак мобилдүү (10 пайыз) жана эркектер - орто жана бай үй чарбаларындагылар (7 пайыз жана 15 пайыз).

**4.10-Таблица. Жетиштүүлүк деңгээли боюнча 15 жаш жана андан улуу курактагы үй чарба мүчөлөрүнүн ички миграциясы**

Өзү жашаган жердин чегинен тышкары акыркы 12 айда республика боюнча жана жакшы жашоо деңгээли боюнча чыккан 15 жаш жана андан улуу куракта аялдардын жана эркектердин пайыздык бөлүштүрүүсү

| | Аялдар | | | | | Эркектер | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Областтын чегиндеги башка айылга | Областтын чегинен тышкары башка айылга | Областтын чегиндеги башка шаарга | Областтын чегинен тышкары башка шаарга | Бардыгы | Областтын чегиндеги башка айылга | Областтын чегинен тышкары башка айылга | Областтын чегиндеги башка шаарга | Областтын чегинен тышкары башка шаарга | Бардыгы |
| Эң жакыр | 13,0 | 28,6 | 35,7 | 42,6 | 33,3 | 25,0 | 20,0 | 23,5 | 38,8 | 30,3 |
| Экинчи | 21,7 | 35,7 | 14,3 | 29,6 | 26,7 | 14,3 | 40,0 | 29,4 | 22,4 | 23,9 |
| Орточо | 26,1 | 21,4 | 21,4 | 5,6 | 14,3 | 10,7 | 13,3 | 5,9 | 4,1 | 7,3 |
| Төртүнчү | 30,4 | 7,1 | 21,4 | 11,1 | 16,2 | 39,3 | 6,7 | 23,5 | 20,4 | 23,9 |
| Эң бай | 8,7 | 7,1 | 7,1 | 11,1 | 9,5 | 10,7 | 20,0 | 17,6 | 14,3 | 14,7 |
| Бардыгы | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |

Аялдардын ички миграциясынын негизги максаты - мейманга баруу (37 пайыз), эркектердики - жумуш (47 пайыз). Андан кийин тигилерде да, буларда да окуу болгон (25 жана 20 пайыз). Конокко баруу аялдардын арасында Бишкек шаарынан жана Ош шаарында басымдуулук кылган, эркектердин жумушка барuусу - Ысык-Көл жана Чүй областтарда басымдуулук кылган. Окууга негизинен 15-20 жаштагы кыздар жана уландар кетишкен. Акыркы кетүүнүн узактыгы (бардык максаттар боюнча) жетиштүү узак болгон, анда аялдардыкы - 2,5 айды түзсө, эркектердики - үч айдан ашык убакытты түзгөн.

Азыркы учурда республиканын калкынын эмиграцияны эмигранттардын социалдык-экономикалык абалы менен тыгыз байланышкан. Кыргыз Республикасынын Евразия экономикалык биримдигинин (ЕАЭБ) мүчө-мамлекеттерине кошулуусунун натыйжасында бажы постторунун жана башка преференциялардын жөнөкөйлөшүнүн натыйжасында, республиканын жарандары үчүн ЕАЭБ мүчө-мамлекеттеринин ичинде эркин жүрүүгө, анын ичинде жумушка орношууга да мүмкүнчүлүк түзүлдү.

4.11-таблицада көрүнгөндөй, тышкы миграциянын агымында ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери Россия Федерациясы менен Казакстан Республикасы басымдуулук кылат. Россияга агымдар аялдардын арасында, ал эми эркектердин арасында - бардык областтарда, а Казакстан - чектеш Талас жана Чүй областтарынан басымдуулук кылат.

Аялдардын да, эркектердин да миграциясынын негизги максаты - бул жумуш (50 пайыз жана 82 пайыз), андан кийин конокко баруу (32 пайыз жана 12 пайыз). Аялдар эркектерге караганда алты эсе көбүрөк окууга барышкан (14 пайыз жана 3 пайыз). Аялдар жумушка 50 жаш куракка чейин чыгышса, эркектер - 60 жашка чейин, ал эми окууга 30 жашка чейинки жаштар кетишкен. Аялдардын ичинен да, эркектердин ичинен да эмигранттардын көпчүлүгү орто жана кесиптик билимге ээ (эмигранттардын жалпы санын 60-70 пайызы).

## 4.11 -Таблица. 15 жаш жана андан улуу курактагы үй чарба мүчөлөрүнүн ички миграциясы

Айрым өлкөлөргө бир айдан көп мөөнөткө республиканын чегинен тышкары чыккан 15 жаш жана андан улуу курактагы аялдардын жана эркектердин областынын, жашынын, билим алуу деңгээли, жетиштүүлүгүнүн деңгээли боюнча пайыздык бөлүштүрүү

| | Аялдар | | | | | | | | Эркектер | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Росси я | Казакстан | Түркия | АКШ | БАЭ | Кытай | Башка | Бар-дыгы | Россия | Казак-стан | Түркия | БАЭ | Түштүк Корея | Кытай | Башка | Бар-дыгы |
| Бардыгы | 79,1 | 9,1 | 2,0 | 1,9 | 1,7 | 1,6 | 4,6 | 100 | 89,0 | 5,7 | 1,5 | 0,3 | 0,8 | 0,4 | 2,3 | 100 |
| **Областтар** | | | | | | | | | | | | | | | | |
| Баткен | 100,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 | 98,3 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 1,7 | 100 |
| Жалал-Абад | 94,5 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 5,5 | 0,0 | 100 | 95,9 | 0,0 | 2,4 | 0,0 | 0,0 | 1,6 | 0,0 | 100 |
| Ысык-Көл | 100,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 | 100,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 |
| Нарын | 100,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 | 84,8 | 0,0 | 15,2 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 |
| Ош | 81,7 | 9,9 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 8,4 | 100 | 90,3 | 5,1 | 1,1 | 0,9 | 0,9 | 0,0 | 1,8 | 100 |
| Талас | 43,3 | 29,8 | 11,3 | 15,6 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 | 70,3 | 29,7 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 |
| Чүй | 46,2 | 36,5 | 0,0 | 10,6 | 0,0 | 0,0 | 6,7 | 100 | 67,0 | 21,6 | 0,0 | 0,0 | 3,6 | 0,0 | 7,8 | 100 |
| Бишкек шаары | 33,3 | 0,0 | 33,3 | 0,0 | 33,3 | 0,0 | 0,0 | 100 | 68,5 | 31,5 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 |
| Ош шаары | 62,5 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 37,5 | 100 | 55,3 | 0,0 | 22,4 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 22,4 | 100 |
| **Курагы, жаш** | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 15-17 | 87,9 | 0,0 | 0,0 | 12,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 | 80,5 | 19,5 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 |
| 18-20 | 100,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 | 83,4 | 7,1 | 9,5 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 |
| 21-30 | 76,9 | 4,6 | 4,8 | 0,0 | 4,8 | 4,5 | 4,5 | 100 | 91,6 | 4,2 | 0,8 | 0,7 | 0,7 | 0,0 | 2,0 | 100 |
| 31-40 | 81,5 | 16,6 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 1,9 | 100 | 90,3 | 2,4 | 0,0 | 0,0 | 2,3 | 0,0 | 5,0 | 100 |
| 41-50 | 97,7 | 0,0 | 2,3 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 | 89,0 | 7,9 | 0,6 | 0,0 | 0,0 | 2,5 | 0,0 | 100 |
| 51-60 | 64,8 | 10,0 | 0,0 | 12,1 | 0,0 | 0,0 | 13,1 | 100 | 89,5 | 10,5 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 |
| 61-70 | 51,8 | 26,2 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 22,0 | 100 | 22,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 78,0 | 100 |
| 70+ | 75,8 | 24,2 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 | 0,0 | 100,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 |
| **Билим деңгээли** | | | | | | | | | | | | | | | | |
| Билими жок | 100,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 | 100,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 |
| Башталгыч мектеп (1-4- класстар) | 60,5 | 39,5 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 |
| Негизги жалпы (5-9 -класстар) | 90,7 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 9,3 | 100 | 72,0 | 16,8 | 0,0 | 4,1 | 4,1 | 0,0 | 2,9 | 100 |
| Орто жалпы (10-11-класстар) | 85,4 | 10,1 | 0,0 | 1,1 | 0,0 | 0,0 | 3,4 | 100 | 93,1 | 4,0 | 1,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 2,0 | 100 |
| Кесиптик. башталгыч ./орто. | 86,6 | 13,4 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 | 95,7 | 4,3 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 |
| Аяктабаган жогорку | 58,1 | 0,0 | 21,5 | 0,0 | 0,0 | 20,3 | 0,0 | 100 | 63,1 | 22,5 | 14,4 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 |
| Жогорку | 69,3 | 5,0 | 1,1 | 5,9 | 6,8 | 0,0 | 11,9 | 100 | 88,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 3,0 | 2,6 | 6,4 | 100 |
| **Жетиштүүлүгүнүн деңгээли** | | | | | | | | | | | | | | | | 100 |
| Эң жакыр | 76,4 | 13,7 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 9,9 | 100 | 86,5 | 4,6 | 2,1 | 1,4 | 0,0 | 1,6 | 3,9 | 100 |
| Экинчи | 100,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 | 89,7 | 10,3 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 |
| Орточо | 70,1 | 18,0 | 0,0 | 7,3 | 0,0 | 0,0 | 4,6 | 100 | 91,1 | 5,3 | 1,7 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 1,9 | 100 |
| Төртүнчү | 81,3 | 0,0 | 10,0 | 0,0 | 8,7 | 0,0 | 0,0 | 100 | 94,0 | 3,8 | 0,0 | 0,0 | 2,2 | 0,0 | 0,0 | 100 |
| Эң бай | 74,1 | 9,3 | 0,0 | 2,1 | 0,0 | 9,4 | 5,1 | 100 | 83,4 | 3,2 | 4,0 | 0,0 | 3,1 | 0,0 | 6,3 | 100 |

4.12-таблица, аялдардын жана эркектердин чет өлкөгө миграциясы максаттарындагы айырмачылыкты көрсөтөт. Эгер Россия Федерациясына дээрлик эркектердин бардыгы (94 пайыз) жумушка орношуу максаты менен чыгышса, аялдардын чейрегинен көбү конокко баруу үчүн чыгышат (28 пайыз), алар же күйөөсүнүкүнө же ата-энелериникине барышат. Эркектердин үчтөн экиси (68 пайыз) Казакстан Республикасына акча табуу максаты менен барышат, андан айырмаланып, аялдардын 79 пайызы кошуна мамлекетке конокко барышат. Түрк Республикасына эркектердин дээрлик жарым саны иштөөгө же окууга барат (47 пайыз жана 43 пайыз), андан айырмаланып, аялдар негизинен (79 пайыз) ал жакка окууга барышат.

### 4.12–Таблица. Чет өлкөгө чыгуу максаты

Чет мамлекетке жумушка орношуу, окуу, конокко баруу максаты, о.э. башка максаттар менен барган аялдар менен эркектердин пайыздык үлүшү

| | Аялдар | | | | | | Эркектер | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Акыркы сапарынын максаты | | | | | | Акыркы сапарынын максаты | | | | | |
| | Иш-төөгө | Окууга | Мейман-га | Башка | ЖБК/ЖБ | Бар-дыгы | Иш-төөгө | Окууга | Мей-манга | Башка | ЖБК/ЖБ | Бар-дыгы |
| Россия Федерациясы | 67,7 | 1,6 | 28,1 | 2,5 | 0,0 | 100 | 94,4 | 0,3 | 4,0 | 1,2 | 0,0 | 100 |
| 61-70 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 70+ | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| **Билим деңгээли** | | | | | | | | | | | | | | |
| Негизги жалпы (анын ичинде баштапкы) | 14,0 | 14,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 7,9 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 14,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Орто жалпы | 9,6 | 8,7 | 2,1 | 6,6 | 5,7 | 1,7 | 7,4 | 4,2 | 2,3 | 10,0 | 11,7 | 5,6 | 3,3 | 7,5 |
| Баштапкы жана орто кесиптик | 20,9 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 6,6 | 1,6 | 12,0 | 9,9 | 0,7 | 2,8 | 13,5 | 9,9 | 10,5 | 9,9 |
| Жогорку кесиптик жана аяктабаган жогорку | 23,7 | 8,9 | 0,7 | 17,9 | 6,0 | 4,3 | 8,6 | 2,3 | 4,5 | 11,3 | 13,5 | 0,8 | 24,1 | 4,5 |

Бизнести жүргүзүү учурунда көйгөй маселелерди пайда кылган кайсы органдар жана мекемелер деген суроого жооп катары аялдар менен эркектердин ортосундагы салыштырмалуу анализ 6.19, 6.20 таблицаларда, о.э. 6.8. сүрөттө көрсөтүлгөн. Ошентип, бизнести жүргүзүүдө аялдар үчүн проблемалуу мамилелер салык органдары менен, санэпидемкызмат, Социалдык фонд, о.э. энергетика тармагындагы органдар жана мекемелер менен түзүлөт. Бул учурда, салык инспекция органы жана санэпидкызматы менен болгон проблемалар эркектердикине караганда аялдардын арасында дээрлик 2 эсе пайда болот, ал эми энергетика тармагындагы органдар жана мекемелер менен - 1,5 эсе көп.

Андан сырткары, эркектер бизнести жүргүзүү учурунда өрт өчүрүүчү кызмат, милиция, базардын админитсрациясы жана криминалдык топтор менен проблема табышат.

Саналып өткөн кызматтар менен мекемелерге баарынан көп таянуулар ар кандай текшерүүлөрдүн жүргүзүлүшүнө, уруксаттарды берүүдө, бизнести каттоодо жана салык администрациясына келтирилген.

**Сүрөт 6.8. Айрым мекемелер/топтор менен бизнес жүргүзүүдө кыйынчылык тарткан аялдар менен эркектерди бөлүштүрүү**
*(пайыз менен)*



## 6.21-Таблица. Бизнести жүргүзүүдө көйгөй маселелерди чечүү үчүн аялдар менен эркектер кайда кайрылышат

Көйгөй маселелерди чечүү үчүн айрым органдарга жана уюмдарга/топторго кайрылышкан ишкерлердин пайызы жайгашуусу, областы жана жашы тиби боюнча

| | Органдар жана мекемелер/топтор | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Бардык проблемалар-ды өз алдынча чечишет | Проблема жаралган ал органдын жетекчилигине | Укук коргоо органдарына | Сотторго | ЖӨБГгө | Профессио-налдык/ бизнес ассоциацияларга, профсоюздарга | ММКга | Туугандарга/ досторго | Криминалдык топторго | Бардыгы |
| Бардыгы | 21,4 | 62,7 | 4,5 | 0,7 | 3,3 | 0,0 | 0,0 | 0,3 | 7,2 | 100 |
| **Жынысы** | | | | | | | | | | |
| Аялдар | 30,1 | 57,1 | 3,6 | 1,8 | 2,2 | 0,0 | 0,0 | 0,3 | 4,9 | 100 |
| Эркектер | 15,6 | 66,3 | 5,1 | 0,0 | 4,0 | 0,0 | 0,0 | 0,2 | 8,8 | 100 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | | | | |
| Шаар | 26,2 | 57,2 | 3,8 | 1,7 | 5,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 6,1 | 100 |
| Айыл | 17,9 | 66,6 | 5,0 | 0,0 | 2,0 | 0,0 | 0,0 | 0,4 | 8,0 | 100 |
| **Областтар** | | | | | | | | | | |
| Баткен | 25,8 | 62,0 | 5,2 | 0,0 | 7,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 |
| Жалал-Абад | 10,4 | 69,3 | 4,5 | 2,3 | 5,8 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 7,6 | 100 |
| Ысык-Көл | 22,2 | 47,6 | 14,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 16,2 | 100 |
| Нарын | 30,4 | 46,0 | 6,6 | 0,0 | 12,6 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 4,3 | 100 |
| Ош | 27,4 | 60,3 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 12,3 | 100 |
| Талас | 22,8 | 72,4 | 0,8 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 4,0 | 0,0 | 100 |
| Чүй | 12,8 | 78,4 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 8,8 | 100 |
| Бишкек шаары | 23,2 | 69,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 7,8 | 100 |
| Ош шаары | 40,1 | 48,6 | 8,7 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 2,6 | 100 |
| **Курагы, жаш** | | | | | | | | | | |
| 18-20 | 74,0 | 26,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 |
| 21-30 | 13,6 | 65,4 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 21,0 | 100 |
| 31-40 | 12,5 | 78,1 | 0,9 | 0,0 | 2,8 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 5,6 | 100 |
| 41-50 | 23,2 | 62,0 | 4,8 | 0,0 | 2,5 | 0,0 | 0,0 | 0,9 | 6,6 | 100 |
| 51-60 | 30,6 | 39,1 | 14,4 | 4,5 | 9,6 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 1,8 | 100 |
| 61-70 | 15,0 | 60,3 | 18,3 | 0,0 | 4,5 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 2,0 | 100 |
| 70+ | 0,0 | 100,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 100 |

Изилдөөнүн натыйжалары көрсөткөндөй, өз бизнесин жүргүзүү учурунда көйгөй маселелерди чечүү үчүн, көпчүлүк учурларда аялдар да (57 пайыз), о.э. эркектер да (66 пайыз) проблема келип чыккан органдын жетекчилигине түздөн түз кайрылууга артыкчылык жасашат (Таблица 6.21). Суралган аял-ишкерлердин үчтөн бир бөлүгү бардык проблемаларын өз алдынча чечишет, ошол эле убакта эркек-ишкерлердин арасында проблеманы өз алдынча чечүүнү суралгандардын 16 гана пайызы ишке ашыра алышат. Белгилей кетчү нерсе, криминалыдк топторго кайрылуу (7 пайыз) укук коргоо органдарына (5 пайыз) кайрылууга караганда бир топ артыкчылыктуу . Бул учурда, эркектер (9 пайыз) аялдарга караганда (5 пайыз) криминалдык топторго көбүрөөк кайрылышат.

Бизнестин проблемаларын чечүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарыа ишкерлердин бир азы гана кайрылышат. Аялдар 2 пайыз жана эркектер 4 пайыз. Эркектер менен салыштырмалуу, аял-ишкерлер өз проблемаларын сот аркылуу чечишет (суралган аял ишкерлердин 2 пайызы). Аялдар да, эркектер да профсоюздар, профессионалдык ассоциациялар, массалык маалымат каражаттары ж.б. сыяктуу мекемелерге кайрылышпайт.

Өз бизнесин ачуу, албетте, респонденттердин пикири боюнча алардын жашоо сапатына таасир берди. Эркектер да, аялдар да бул суроодо бирдей бирдиктүүлүктү көрсөтүштү (Таблица 6.22). Ошентип, үй чарбасындагы каржы абалынын жакшырышы туурасында ишке - респонденттердин 87 пайызы билдиришти (85 пайыз аялдар жана 89 пайыз эркектер), жеке каржы абалы - респонденттердин 84 пайызы билдиришти (85 пайыз аялдар жана 83 пайыз эркектер). Өз көз карандысыздыгы тууралуу ишкерлердин 77 пайызы айтышты (75 пайыз аялдар жана 78 пайыз эркектер), өз баасынын жогорулагандыгы тууралуу 66 пайызы, үй-бүлөдөгү мамилелердин жакшырышы туурасында - ишкерлердин 65 пайызы, өз балдарын окутуу мүмкүнчүлүгү туурасында - 30 пайыздан 33 пайызга чейинки респонденттер билдиришти. Ошентип, бизестин ачылышы жашоонун сапатын, үй бүлөдөгү мамилелерди бирдей жакшыртты, эркектердин да, аялдардын да өз баалоосун жогорулатты деп айтууга болот. Коомдо кеңири жайылтылган, аялдардын ишкердикке кириши алардын үй бүлөлүк турмушун бузат деген уламыш иликтөөдө өз тастыктоосун таба алган жок. Андан сырткары, аялдар тарабынан өз ишин ачышы эркектерге салыштырмалуу алардын кыздарынын окуусу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүгө позитивдүү таасир этерин белгилей кетүү керек (36 жана 31 пайыз).

**6.22.- Таблица. Бизнести ачуу менен байланышкан жашоонун айрым аспектилерин жакшыртуу**

ҮЧ каржы абалынын, жеке каржы абалынын, үй бүлөдөгү мамиленин, балдардын окуусуна төлөө мүмкүнчүлүгүнүн, өз баасынын жакшырышы жана көзк арандысыздыгы туурасында билдиришкен ишкерлердин пайызы жайгашуусунун, областынын, жашкурагынын, билим алуу деңгээли, жетиштүүлүгүнүн деңгээли жана улуту тиби боюнча

| | Каржы жагдайын жакшыртуунун аспектилери | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ҮЧ каржы жагдайы | Жеке каржы абалы | Үй бүлөдөгү мамиле | Кызынын билим алуусун төлөө мүмкүнчүлүгү | Уулунун билим алуусун төлөө мүмкүнчүлүгү | Жеке өзүн баалоосу | Көз каранды-сыздык / жетиш-сиздик |
| Бардыгы | 87,3 | 84,1 | 65,1 | 33,2 | 29,9 | 66,4 | 76,5 |
| **Жынысы** | | | | | | | |
| Аялдар | 84,8 | 85,1 | 63,2 | 36,0 | 28,4 | 65,4 | 74,5 |
| Эркектер | 89,0 | 83,4 | 66,3 | 31,4 | 31,0 | 67,1 | 77,7 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | |
| Шаар | 81,5 | 75,8 | 62,9 | 32,2 | 28,4 | 69,3 | 77,7 |
| Айыл | 91,5 | 90,1 | 66,7 | 33,9 | 31,0 | 64,3 | 75,6 |
| **Областтар** | | | | | | | |
| Баткен | 100,0 | 86,9 | 87,7 | 31,3 | 25,0 | 78,6 | 78,8 |
| Жалал-Абад | 90,2 | 93,9 | 82,4 | 45,5 | 45,2 | 74,9 | 84,9 |
| Ысык-Көл | 69,1 | 52,6 | 56,4 | 21,3 | 21,6 | 52,5 | 52,6 |
| Нарын | 97,6 | 95,3 | 74,5 | 23,9 | 30,8 | 78,7 | 76,4 |
| Ош | 97,1 | 97,1 | 47,3 | 34,3 | 18,5 | 58,4 | 77,3 |
| Талас | 84,1 | 75,3 | 51,4 | 31,7 | 12,2 | 53,5 | 58,9 |
| Чүй | 91,5 | 97,3 | 41,6 | 19,6 | 19,6 | 52,7 | 78,9 |
| Бишкек шаары | 45,9 | 60,6 | 56,9 | 45,9 | 45,9 | 78,5 | 78,5 |
| Ош шаары | 81,7 | 60,6 | 47,7 | 17,2 | 24,1 | 56,1 | 77,3 |
| **Курагы, жаш** | | | | | | | |
| 18-20 | 95,6 | 85,0 | 89,8 | 9,2 | 26,7 | 90,5 | 90,5 |
| 21-30 | 76,5 | 72,3 | 62,3 | 10,7 | 17,8 | 78,8 | 85,4 |
| 31-40 | 90,1 | 89,4 | 65,5 | 46,3 | 45,0 | 71,3 | 77,7 |

ҮЧ каржы абалынын, жеке каржы абалынын, үй бүлөдөгү мамиленин, балдардын окуусуна төлөө мүмкүнчүлүгүнүн, өз баасынын жакшырышы жана көзк арандысыздыгы туурасында билдиришкен ишкерлердин пайызы жайгашуусунун, областынын, жашкурагынын, билим алуу деңгээли, жетиштүүлүгүнүн деңгээли жана улуту тиби боюнча

| | Каржы жагдайын жакшыртуунун аспектилери | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ҮЧ каржы жагдайы | Жеке каржы абалы | Үй бүлөдөгү мамиле | Кызынын билим алуусун төлөө мүмкүнчү-лүгү | Уулунун билим алуусун төлөө мүмкүнчү-лүгү | Жеке өзүн баалоосу | Көз каранды-сыздык / жетиш-сиздик |
| 41-50 | 89,5 | 85,1 | 56,0 | 38,3 | 22,8 | 44,7 | 66,0 |
| 51-60 | 87,7 | 80,4 | 79,4 | 22,3 | 25,0 | 77,2 | 82,5 |
| 61-70 | 100,0 | 93,3 | 42,6 | 37,6 | 37,6 | 81,8 | 83,8 |
| 70+ | 0,0 | 90,7 | 90,7 | 90,7 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| **Билим деңгээли** | | | | | | | |
| Негизги жалпы (анын ичинде баштапкы) | 65,1 | 100,0 | 75,5 | 26,7 | 8,4 | 56,5 | 66,8 |
| Орто жалпы | 91,7 | 86,9 | 72,2 | 35,3 | 29,4 | 69,7 | 78,9 |
| Баштапкы жана орто кесиптик | 90,5 | 75,9 | 63,4 | 32,7 | 21,7 | 64,4 | 76,7 |
| Жогорку кесиптик жана аяктабаган жогорку | 80,3 | 82,1 | 51,6 | 30,7 | 39,3 | 63,1 | 73,2 |
| **Жетиштүүлүгүнүн деңгээли** | | | | | | | |
| Эң жакыр | 91,7 | 84,6 | 51,8 | 55,9 | 32,0 | 49,7 | 62,6 |
| Экинчи | 85,4 | 85,8 | 67,7 | 30,6 | 28,4 | 69,7 | 75,2 |
| Орточо | 77,3 | 71,1 | 80,1 | 21,8 | 18,1 | 68,4 | 75,9 |
| Төртүнчү | 89,9 | 85,7 | 55,3 | 21,2 | 21,0 | 65,6 | 80,0 |
| Эң бай | 91,4 | 90,6 | 69,2 | 38,8 | 46,9 | 74,3 | 84,8 |
| **Улуту** | | | | | | | |
| Кыргыздар | 85,6 | 84,8 | 62,6 | 30,7 | 27,5 | 66,1 | 74,7 |
| Өзбектер | 94,9 | 75,2 | 83,8 | 35,5 | 36,9 | 64,4 | 86,4 |
| Орустар | 100,0 | 100,0 | 66,3 | 94,1 | 66,3 | 72,3 | 72,3 |
| Башкалар | 100,0 | 100,0 | 26,8 | 73,2 | 56,2 | 100,0 | 100,0 |

6.23-Таблицанын маалыматтарына ылайык, бизнестин жабылышына эреже катары бир нече сеьептер таасир этет, көптөгөн респонденттер үч-төрт себепти билдиришти, алардын ичинен негизгиси - акча коротууларынын кесепети жана кирешенин жоктугу болду - 24 пайыз (аялдар үчүн - 26 пайыз жана эркектер үчүн - 23 пайыз).

Аялдар эркектерге караганда 1,7 эсеге көбүрөөк бизнести башкарууга убактысы жок болгонуна жана үй бүлөсү жана балдарын кароо зарылдыгы келип чыкканына карата бизнесин жабышат (24 пайыз жана 14 пайыз). Бизнести башкарууга убакыттын жоктугу айылдык аялдар, же азыраак кирешелүү үй чарбасынан чыккан репродуктивдүү курактагы аялдар үчүн мүнөздүү.

Эркектер, аялдардан айырмаланып, кызыкчылыгынын жоголгондугуна байланыштуу бизнесин жабышат (23 пайыз жана 10 пайыз). Бизнести улантуу үчүн финансы каражатынын жоктугу эркектердин да, аялдардын да бизнесин жабууга бирдей таасир берет (13 жана 10 пайыздар).

Бизнести жабууга мажбур кылуу же тартып алуу сыяктуу себептер өтө кеңири жайылтылган эмес, ал көп учурда эркек ишкерлердин бизнесинде кезигет.

Респонденттер тарабынан бизнести жабууга алып келген бир катар башка себептер (25 пайыз) белгиленди. Алардын ичинен өтө көп аталганы: бизнес үчүн андан пайдалуу багыттын пайда болушу, жашаган жеринин өзгөрүшү, эмгек миграциясы, үй бүлөлүк шарттар (оору, жакындарынын өлүмү, үйлөнүү/ажырашуу).

**6.23.-Таблица. Аялдар менен эркектердин бизнестерин жабуу себептери боюнча пикирлеринин бөлүштүрүлүшү**

Себептер боюнча бизнесин жапкан аялдар менен эркектердин пайыздары жайгашуусунун, областынын, жашынын, билим алуу деңгээли, жетиштүүлүгүнүн деңгээли жана улуту тиби боюнча

| | Акча коротуула-ры/бизнес киреше алып келген жок | Бизнести башкарууга жетиштүү убакыт болгон жок | Бизнеске болгон кызыгуу-нун жоголушу | Мени бизнести жабууга мажбур кылышты | Менден бизнести тартып алышты | Бизнести башкарууга көндүм жетишкен жок | Айлануу капиталы үчүн жетиштүү акча каражаты болбой калды | Башка |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | 24,4 | 18,4 | 17,1 | 2,1 | 0,4 | 2,8 | 11,5 | 25,0 |
| **Жынысы** | | | | | | | | |
| Аялдар | 26,0 | 23,6 | 9,7 | 0,2 | 0,0 | 1,3 | 10,1 | 29,8 |
| Эркектер | 23,1 | 13,9 | 23,4 | 3,6 | 0,7 | 4,0 | 12,7 | 20,9 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | | |
| Шаар | 34,0 | 13,6 | 4,8 | 1,8 | 1,2 | 3,0 | 12,2 | 29,4 |
| Айыл | 19,4 | 20,9 | 23,6 | 2,2 | 0,0 | 2,6 | 11,1 | 22,7 |
| **Областтар** | | | | | | | | |
| Баткен | 16,2 | 13,1 | 6,4 | 0,0 | 0,0 | 6,0 | 19,7 | 38,6 |
| Жалал-Абад | 8,9 | 24,7 | 32,4 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 6,1 | 28,0 |
| Ысык-Көл | 0,0 | 18,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 81,9 | 0,0 |
| Нарын | 23,7 | 22,0 | 7,4 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 5,8 | 54,3 |
| Ош | 31,1 | 19,1 | 12,8 | 7,2 | 0,0 | 4,0 | 4,2 | 26,6 |
| Талас | 4,2 | 31,6 | 0,0 | 3,1 | 0,0 | 4,2 | 43,9 | 13,0 |
| Чүй | 19,1 | 12,9 | 29,9 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 11,9 | 26,1 |
| Бишкек шаары | 52,4 | 13,4 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 7,7 | 19,2 | 7,2 |
| Ош шаары | 37,8 | 8,1 | 14,0 | 0,0 | 6,5 | 0,0 | 7,9 | 25,9 |
| **Курагы, жаш** | | | | | | | | |
| 18-20 | 42,3 | 0,0 | 46,5 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 11,2 |
| 21-30 | 33,8 | 15,1 | 16,6 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 8,8 | 25,8 |
| 31-40 | 29,5 | 23,9 | 3,9 | 2,6 | 0,0 | 5,2 | 11,5 | 29,3 |
| 41-50 | 26,4 | 19,8 | 11,4 | 0,5 | 0,0 | 0,0 | 19,0 | 24,1 |
| 51-60 | 11,1 | 16,4 | 29,2 | 0,0 | 1,6 | 2,0 | 9,2 | 30,6 |
| 61-70 | 10,5 | 22,3 | 28,5 | 15,7 | 0,0 | 12,2 | 10,9 | 0,0 |
| 70+ | 61,7 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 38,3 |
| **Билим деңгээли** | | | | | | | | |
| Негизги жалпы (анын ичинде баштапкы) | 35,0 | 35,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 29,9 |
| Орто жалпы | 26,2 | 23,7 | 22,9 | 0,0 | 0,0 | 3,2 | 10,1 | 17,1 |
| Баштапкы жана орто кесиптик | 20,2 | 12,1 | 21,8 | 0,0 | 0,0 | 1,7 | 16,5 | 28,6 |
| Жогорку кесиптик жана аяктабаган жогорку | 24,5 | 14,6 | 7,3 | 7,5 | 1,4 | 3,8 | 10,3 | 31,3 |
| **Жетиштүүлүгүнүн деңгээли** | | | | | | | | |
| Эң жакыр | 35,4 | 9,0 | 11,5 | 2,8 | 0,0 | 5,5 | 16,1 | 24,6 |
| Экинчи | 10,1 | 34,8 | 17,3 | 0,0 | 2,4 | 0,0 | 5,9 | 29,4 |
| Орточо | 25,3 | 21,3 | 19,3 | 4,9 | 0,0 | 5,2 | 8,6 | 15,5 |
| Төртүнчү | 22,8 | 13,0 | 21,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 12,5 | 33,8 |
| Эң бай | 23,9 | 15,1 | 16,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 15,8 | 29,1 |
| **Улуту** | | | | | | | | |
| Кыргыздар | 23,6 | 18,3 | 17,1 | 2,0 | 0,0 | 1,7 | 12,3 | 27,3 |
| Өзбектер | 19,8 | 24,5 | 15,5 | 3,2 | 2,0 | 0,0 | 12,5 | 22,6 |
| Орустар | 54,0 | 22,6 | 17,5 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 5,9 |
| Башкалар | 40,1 | 0,0 | 22,1 | 0,0 | 0,0 | 22,9 | 2,9 | 12,0 |

Келтирилген маалыматтар, аялдар эркектерге караганда эки эсеге аз ишкердик менен алектенерин көрсөтөт, бул учурда аял-ишкерлерди көбүнчөсү шаар жергесинде жашашат.

Изилдөө тарабынан ишкердик тармагы боюнча гендердик сегрегация табылды: эркектер жогорку киреше алып келген тармактарда көбүрөөк иштешет, ал эми аялдар төмөнкү кирешелери

менен бизнестерге тартылышкан. Мисалы, соода менен алектенген аялдардын үлүшү эркектердин үлүшүнөн 1,6 эсеге ашат, эркектер аялдарга караганда 2 эсе көбүрөөк дүң соода менен алектенет, ал ажкта киреше абдан жогору.

Мындан сырткары, аялдардын ишкердиги негизинен үч тармак менен чектелет (соода, тигүү өндүрүшү, персоналдык кызматтар). Мындан айырмаланып, эркектер ишкердик тармактары боюнча кеңири иш алып барышат - аялдар өздөштүргөн тармактардан башка, трансопрттук кызматтарды көргөзүү, айыл чарба өндүрүшү, кайра иштетүү, автотранспортту жана турмуштук буюмдарды оңдоо, медициналык жана билим берүү кызматтарын көрсөтүү  менен алектенишет.

Изилдөө тарабынан, аялдардын бизнеске кириши алардын үй-бүлөлүк жашоосун бузат деген көз караш тастыкталган жок. Бул учурда, аялдардын ишкердикке катышуусу кыздардын билим алуусуна болгон инвестицияны жогорулатат.

Бизнес менен алектенүү аялды үй бүлөлүк милдеттерден бошотпойт, мындан сырткары, репродуктивдүү куракттагы аялдар, өзгөчө айыл жергесиндегилер эркектерге караганда көбүрөөк өз ишин жабышат, ал үй-бүлөсүн жана балдарын кароо зарылдыгына жараша келип чыгат.

# 7. Диний тажрыйбалар жана диний ишенимдер

**Негизги жыйынтыктар**

- Дин мамлекеттик саясаттын бөлүгү болууга тийишпи деген маселе боюнча улуттук деңгээлде гендердик айырмачылыктар аныкталган эмес. Алсак, эркектердин жана аялдардын 74 пайызы "Дин жеке адамдын өзүнө гана таандык болууга тийиш, ал мамлекеттик саясатка таасирин тийгизбөөсү абзел" деп эсептешсе, 19 пайызы "Ислам принциптери мамлекеттик саясаттын бөлүгү болууга тийиш" дешсе жана 3 пайызы "Мамлекеттик саясат Ислам принциптеринин негизинде калыптанууга тийиш" деген пикирге толугу менен кошулушкан.
- Өлкөдө динге ишенген мусулмандардын саны көбөйүп жаткандыгы боюнча бир аз кайчы пикирлер бар. Калктын олуттуу бөлүгү (аялдардын 46 пайызы, эркектердин 52 пайызы) муну "туура жана кадыресе көрүнүш" деп санашат. Бирок аялдардын 39 пайызы жана эркектердин 31 пайызы "мындан кооптонушуп, бул биздин коом үчүн коркунуч жаратышы мүмкүн деп чочулашат". Бул көрүнүшкө алгылыктуу мамиле жасашкан аялдардын жана эркектердин жарымына жакыны "бул үй-бүлөнү бекемдөөгө жана балдарды туура тарбиялоого өбөлгө түзөт" деп эсептешет. Бул жагдайдан кооптонушкан респонденттердин жарымына жакыны, эркектер сыяктуу эле, аялдар да "бул экстремизмдин күч алышына алып келет" деп болжолдошот.
- Жарандык көз караштарга каршы келген диний нормалар тарабынан жактырылган айрым айтылган пикирлер боюнча гендердик ар башка көз караштар аныкталган. "Кудайдан берилген ислам мыйзамдары мамлекеттик мыйзамдан маанилүүрөөк" деген пикирге аялдардын 27 пайызы жана эркектердин 31 пайызы макул болушкан. Респонденттердин ичинен аялдардын 16 пайызы жана эркектердин 19 пайызы "соттук жана укук коргоо органдарына кайрылгыча, молдонун кеңешин угуп, Шариаттын нормаларына таянуу зарыл" деп эсептешсе, аялдардын 23 пайызы жана эркектердин 29 пайызы "чыныгы мусулман аял күйөөсүнө башка аял алууга тыюу салбайт" деген пикирди колдошот.
- Жалал-Абад, Нарын, Ош областтарында жана Ош шаарында диний нормалар кыйла тарагандыгын аймактык айырмачылыктар көрсөтүп турат.
  "Мамлекеттик саясат толугу менен ислам принциптеринде калыптанууга тийиш" деп санаган респонденттер тобунда да бул нормалар көбүрөк жактырылат.
- Калк арасында Сириянын согушчул аракеттери жүрүп жаткан райондоруна барышкан эркектер (1 пайызга жакын) жана аялдар (1 пайызга жетпейт) менен тааныш адамдарды кездештирүүгө болот.
- ЖМК (38 пайызга жакыны) жана Интернет (22 пайызга жакын) сурамжылоо жүргүзүлгөндөрдүн көпчүлүгү үчүн тыюу салынган диний уюмдар тууралуу маалымат алуу булагы болуп саналат. Респонденттердин 10 пайызга жакыны бул суроого жооп бере алышпайт же мындай маалыматты "эч жерден алууга болбойт" деп эсептешет.
- Эркектер аялдарга караганда экстремисттик уюшулган иштерге катышкандыгы үчүн жоопкерчилик тууралуу көбүрөк маалымдалган болушат. Алардын ичинен 64 пайызы бул үчүн эркинен ажыратыларын билишсе, 19 пайызы бул суроого жооп берүүдө кыйналышууда. Аялдар арасында жазага тартылары тууралуу 58 пайызы билишсе, 24 пайызы жооп берүүдө кыйналышат.

Совет доорунан кийин көптөгөн адамдардын динге берилүүсү байкаларлык көрүнүш болгон. Кыргыз Республикасында көз карандысыздык жылдар ичинде КМШнын башка өлкөлөрүндөгүдөй эле мечиттердин, чиркөөлөрдүн жана сыйынуу үйлөрүнүн саны көбөйгөн. Диний окуу жайларында окуган жаштардын саны да көбөйгөн. Бул главада өлкөдө кеңири тараган дин катары Исламга өзгөчө

көңүл бөлүнгөн. Диний көз караштардын күч алышы коомдо гендердик сыяктуу эле, үй-бүлөлүк ролдорду кошо алганда, көптөгөн маселелерге карата мамиленин өзгөрүшүнө алып келет. Бул маселелердин ичинде мамлекеттик жана коомдук деңгээлде диний жана жарандык өз ара мамилелер негизгилердин бири болуп саналат.

Эң оболу, сурамжылоолор учурунда респонденттердин мамлекеттик саясатта диндин ролу тууралуу пикири аныкталган. Жооп тандоо үчүн үч ырастама сунушталган. "Дин жеке адамдын өзүнө гана таандык болууга тийиш, ал мамлекеттик саясатка таасирин тийгизбөөсү абзел" деген биринчи ырастамага аялдардын жана эркектердин 74 пайызы макул болушкан. Бул сандар сурамжылангандардын көпчүлүгү жарандык мамлекеттин баалуулуктарын колдошорун жана чиркөөнү мамлекеттик саясаттан ажыратуу пикирин колдошорун айгинелеп турат. Ошол эле учурда, республиканын айрым райондорунда бул көрсөткүч олуттуу төмөн деңгээлде. Мисалы, Ош шаарында бул үлүш аялдардын 55 пайызын жана эркектердин 45 пайызын, ал эми Нарын областында аялдардын 61 пайызын жана эркектердин 67 пайызын түзгөн. Бул пайыз бул аймактарда респонденттердин көпчүлүгү "Ислам принциптери мамлекеттик саясаттын бир бөлүгү болууга тийиш" жана "Мамлекеттик саясат толугу менен Ислам принциптеринин негизинде калыптанууга тийиш" деп эсептегендигинен улам төмөндөөдө. Эгерде жалпысынан алганда, республикада биринчи ырастамага аялдардын 18 пайызы жана эркектердин 19 пайызы, ал эми экинчисине аялдардын 3 пайызы жана эркектердин 2 пайызы макул болушса, аймактар боюнча бул сандар олуттуу айырмаланышат (7.1-сүрөт).

**7.1-Сүрөт. "Ислам принциптери мамлекеттик саясаттын бир бөлүгү болушу керек" жана "Мамлекеттик саясат толугу менен Исламдын принциптеринен түзүлүшү керек" деген ырастоолор боюнча макул болгон аялдар менен эркектердин аймактар боюнча саны**

*(пайыз менен)*




Ошентип, Ош шаарында "Ислам принциптери мамлекеттик саясаттын бир бөлүгү болууга тийиш" деген биринчи ырастамага макул болушкан аялдар 34 пайызды, эркектер 40 пайызды, Ош областында аялдар 20 пайызды жана эркектер 24 пайызды, Нарын областында аялдар 29 пайызды

жана эркектер 24 пайызды түзүшкөн. Ал эми "Мамлекеттик саясат толугу менен Ислам принциптеринин негизинде калыптанууга тийиш" деген экинчи ырастамага Ош шаарында аялдардын 6 пайызы жана эркектердин 7 пайызы, Ош областында аялдардын 5 пайызы жана эркектердин 4 пайызы, Нарын областында аялдардын 8 пайызы жана эркектердин 5 пайызы макул болушкан.

"Ислам принциптери мамлекеттик саясаттын бир бөлүгү болууга тийиш" деген биринчи ырастаманы колдоодо айрым гендердик айырмачылыктар келип чыкканын белгилей кетүү зарыл. Шаардык респонденттер арасында бул ырастамага аялдарга караганда (17 пайыз) эркектер (20 пайыз) көбүрөөк макул болушат, ал эми айыл жергесинде мындай айырмачылыктар деле байкалбайт (аялдардын жана эркектердин 19 пайызы).

Мамлекетте диндин ээлеген ролуна карата мамиле жашы менен да айырмаланат: 60 жаштан жогорку адамдарга салыштырганда жаш респонденттер арасында Ислам принциптерин мамлекеттик саясатка киргизүү көбүрөк колдоого алынган. Алсак, "Ислам принциптери мамлекеттик саясаттын бир бөлүгү болууга тийиш" деген биринчи ырастамага 18-20-жаштагы жаш кыз-келиндердин 21 пайызы жана жаш жигиттердин 28 пайызы кошулушкан.

61-70 жашка чейинки муундарда бул көрсөткүч аялдар үчүн да, эркектер үчүн да 16 пайызды түзөт. Бул маселеге карата мамиле да жашоо деңгээлине байланыштуу болгон. Жакыр катмарда жашаган аялдар (23 пайыз) бул ырастамага бай жашаган катмардагы аялдарга караганда (12 пайыз) дээрлик 2 эсеге көбүрөөк кошулушат. Ушундай эле тенденция жакры жана бай үй чарбаларындагы эркектер арасында да, тиешелүүлүгүнө жараша 24 жана 13 пайыз чегинде катталган.

Коомдо динчил мусулмандардын көбөйүүсүнөн улам, респонденттердин пикиринде айырмачылыктар пайда болгон. Сурамжылоо жүргүзүлгөндөрдүн дээрлик жарымы (аялдардын 46 пайызы жана эркектердин 31 пайызы) муну "бул эң жакшы жана нормалдуу көрүнүш" деп эсептешсе, үчтөн бир бөлүгүнөн көбүрөгү "кооптонушат" же бул "биздин коом үчүн коркунучтуу" деп эсептешет. Жалпысынан, аялдар бул боюнча көбүрөөк тынчсызданышат, айрыкча чакан шаарчаларда, мында аялдардын 38 пайызы "бул эң жакшы жана нормалдуу көрүнүш" деп эсептешсе, 44 пайызы кооптонушат. Ал эми шаардык эркектердин арасында бул көрсөткүч, тиешелүүлүгүнө жараша 43 пайызды жана 35 пайызды түзгөн. Бишкек шаарында башка аймактарга караганда кооптонуулар көбүрөөк катталган: аялдардын 26 пайызы "бул эң жакшы жана нормалдуу көрүнүш" деп эсептешсе, респонденттердин 2 эседен көбүрөгү кооптонууну сезишсе, 58 пайызы коркунучту сезишет. Бул ажырым эркектер ортосунда байкалаарлык азыраак, бирок кооптонуулар баары бир орун алган (тиешелүүлүгүнө жараша, 32 пайыз жана 43 пайыз). Айыл жергесинде бир башка көрүнүш орун алган, мында аялдардын 50 пайызы бул көрүнүшкө алгылыктуу мамиле жасашса, 34 пайызы кооптонушууда. Бирок айыл жергесиндеги эркектер ортосунда эркектердин кооптонушкандарынан (29 пайыз) эки эсе көбүрөөгү муну жакшы деп эсептешет (57 пайыз).

Мамлекеттик саясат толугу менен же жарым-жартылай Ислам принциптерине таянуусу зарыл деген респонденттердин көпчүлүгү, эркектер сыяктуу эле аялдар дагы динге ишенгендердин көбөйүп жатышына алгылыктуу мамиле жасашууда деп айтууга болот. Ошол эле учурда Ислам принциптеринин саясатка жайылтылышын көпчүлүгү колдошкон Жалал-Абад областында аялдар арасында бул көрүнүшкө канча респондент алгылыктуу пикирин билдирсе, ошончо респондент кооптонушкан (47 пайызы жакшы жана кадыресе көрүнүш деп санашса, 43 пайызы кооптонууну сезишкен). Мында эркектер арасында алгылыктуу мамиле басымдуу кылат (тиешелүүлүгүнө жараша 53 пайыз жана 36 пайыз). Баткен областында кооптонууну сезишкен аялдардын үлүшү (55 пайыз) буга алгылыктуу мамиле жасашкандарга караганда (40 пайыз) ал тургай жогору, ал эми эркектер арасында бул ажырым анчалык эмес (тиешелүүлүгүнө жараша 49 пайыз жана 46 пайыз).

Ошентип, динчилдиктин өсүшүнө алгылыктуу мамиле кылуу менен катар эле, көпчүлүк адамдарда кооптонуулар да бар, бул эркектерге караганда айрыкча аялдар арасында ачык байкалат. Динге ишенгендердин санынын көбөйүүсү – "эң жакшы жана кадыресе көрүнүш" деп

эсептешкендердин арасында жарымына жакынын “бул үй-бүлөнү бекемдөөгө жана балдарды туура тарбиялоого өбөлгө түзөт” деп санагандардын 50 пайызы аялдар жана ушунча эле пайыз эркектер. Мындан тышкары, көптөрү “бул коомдо тартипти жакшыртат жана сакталышына өбөлгө түзөт” деп болжолдошот (аялдардын 26 пайызы жана эркектердин 26 пайызы), ошондой эле “биздин улуттук баалуулуктарды бекемдейт” деп ишенишет (тиешелүүлүгүнө жараша аялдардын 12 пайызы жана эркектердин 14 пайызы). Бул боюнча кооптонушкандардын арасында жарымына жакыны “бул экстремизмдин күч алышына алып келет” деп болжолдошот. Респонденттердин бөлүгү “бул инсандын эркиндиги жана адам укугунун сакталышы үчүн кооптуу” (аялдардын 18 пайызы жана эркектердин 14 пайызы), ошондой эле “коомчулукта чыдамсыздыкка жана келишпестиктердин келип чыгышына алып келет” деп эсептешкен.

Жарандыктарга каршы диний нормаларды жактырышкан айрым билдирүүлөр боюнча бир аз гендердик айырмачылыктар аныкталган. “Кудай берген ислам мыйзамдары мамлекеттик мыйзамдан маанилүүрөөк” деген пикирге аялдардын 27 пайызы жана эркектердин 31 пайызы макул болушкан. Сурамжыланган аялдардын 16 пайызы жана эркектердин 19 пайызы соттук жана укук коргоо органдарына кайрылгыча, молдонун кеңешин угуп, Шариаттын нормаларына таянуу зарыл” деп эсептешет, ал эми аялдардын 23 пайызы жана эркектердин 29 пайызы “чыныгы мусулман аял күйөөсүнө башка аял алууга тыюу салбайт” деген пикирге кошулушат.

Бирок олуттуу аймактык өзгөчөлүктөргө да көңүл буруубуз абзел (7.1 -таблица).

**7.1-Таблица. Динге жактоочулугун мүнөздөгөн, сунушталган стереотиптүү пикирлерге ылайык, аялдар менен эркектердин үлүшү**

Көйгөй маселелерди чечүү үчүн айрым органдарга жана уюмдарга/топторго кайрылышкан ишкерлердин пайызы жайгашуусу, областы жана жашы тиби боюнча

| | Респондент-тердин саны | Мектепке окугандан көрө, медресе окуган балдардын билими пайдалуу-раак | Чыныгы динге ишенген адам дарыгердин жардамынан жана эмдөөлөрдөн баш тартышы керек, эгер бул диндин талаптарына каршы келсе | Бойго бүтүүгө каршы каражаттарды колдонуу нравалык ченемдерге каршы келет | Бойдон алдыруу - бул адам өлтүрүү | Мамлекет-тик мыйзамдар-га караганда, кудай берген исламдын мыйзамда-ры маанилүү | Ислам баалуулуктарын коргоо үчүн жанынды курмандыкка чалса болот | Сот жана укук коргоо органдарына кайрыл-ганга караганда, молдонун кеңеши менен шарияттын ченемде-рин ээрчиген жакшы | Чыныгы мусул-ман аял күйөө-сүнө башка аялдарды алууга жолтоо болбойт | Никеден сырткары жана чейинки жыныстык байланыш аялдар үчүн жол коюлгус | Никеден сырткары жана чейинки жыныстык байланыш эркектер үчүн жол коюлгус | Чыныгы мусулман аял жакшы көргөн кишисинин артынан бардык жерде ээрчип жүрүшү керек, ал турсун, куралдуу жаңжал тилкелеринде |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Аялдар** | | | | | | | | | | | | |
| Бардыгы | 3435 | 10,1 | 8,5 | 36,2 | 89,7 | 27,2 | 13,6 | 16,0 | 22,8 | 85,0 | 77,6 | 19,1 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | | | | | | |
| Шаар | 1481 | 10,3 | 7,2 | 31,1 | 86,4 | 18,5 | 7,7 | 12,0 | 20,5 | 82,1 | 68,1 | 15,2 |
| Айыл | 1954 | 10,0 | 9,2 | 39,3 | 91,8 | 32,5 | 17,2 | 18,5 | 24,2 | 86,8 | 83,4 | 21,5 |
| **Областтар** | | | | | | | | | | | | |
| Баткен | 410 | 5,6 | 3,1 | 39,8 | 89,5 | 32,2 | 11,4 | 19,3 | 13,3 | 89,9 | 83,6 | 18,7 |
| Жалал-Абад | 407 | 8,6 | 9,3 | 43,1 | 93,7 | 53,4 | 30,8 | 29,0 | 37,9 | 93,5 | 92,5 | 34,6 |
| Ысык-Көл | 370 | 7,5 | 2,1 | 25,2 | 91,8 | 12,7 | 3,2 | 6,9 | 15,6 | 88,5 | 82,6 | 14,0 |
| Нарын | 355 | 18,2 | 17,4 | 37,7 | 97,4 | 30,6 | 18,8 | 19,4 | 29,3 | 88,3 | 85,8 | 30,8 |
| Ош | 388 | 11,7 | 13,7 | 48,8 | 96,2 | 33,8 | 22,2 | 25,5 | 33,4 | 94,0 | 94,2 | 20,4 |
| Талас | 353 | 7,2 | 2,5 | 8,9 | 82,5 | 18,9 | 5,9 | 2,4 | 10,7 | 96,1 | 92,9 | 14,5 |
| Чүй | 404 | 8,7 | 5,1 | 31,1 | 86,9 | 18,2 | 3,9 | 4,5 | 11,6 | 67,3 | 59,1 | 9,3 |
| Бишкек шаары | 426 | 7,9 | 6,3 | 20,5 | 80,8 | 6,6 | 3,8 | 7,8 | 13,2 | 74,1 | 49,3 | 7,0 |
| Ош шаары | 322 | 30,1 | 20,2 | 70,1 | 90,7 | 36,5 | 10,0 | 19,1 | 32,7 | 94,5 | 92,8 | 41,4 |
| **Эркектер** | | | | | | | | | | | | |
| Бардыгы | 2514 | 12,9 | 9,8 | 37,9 | 88,0 | 30,8 | 18,6 | 18,8 | 29,2 | 86,3 | 80,7 | 21,4 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | | | | | | |
| Шаар | 944 | 14,8 | 8,3 | 34,8 | 83,0 | 18,7 | 11,3 | 14,9 | 27,0 | 80,5 | 70,5 | 16,3 |
| Айыл | 1570 | 12,0 | 10,6 | 39,4 | 90,5 | 36,8 | 22,2 | 20,8 | 30,3 | 89,1 | 85,7 | 23,8 |
| **Областтар** | | | | | | | | | | | | |
| Баткен | 258 | 11,2 | 8,2 | 49,1 | 89,6 | 31,4 | 12,3 | 23,9 | 24,7 | 88,6 | 85,0 | 17,1 |
| Жалал-Абад | 328 | 10,4 | 8,7 | 47,4 | 95,6 | 56,6 | 37,0 | 34,6 | 41,2 | 97,8 | 98,3 | 33,5 |
| Ысык-Көл | 300 | 13,5 | 4,4 | 27,5 | 91,7 | 16,5 | 10,3 | 7,5 | 26,5 | 92,9 | 84,9 | 18,0 |
| Нарын | 311 | 22,8 | 19,6 | 38,8 | 97,5 | 29,6 | 12,4 | 19,4 | 28,8 | 85,5 | 84,2 | 34,3 |
| Ош | 286 | 12,6 | 13,2 | 44,7 | 89,7 | 40,9 | 28,8 | 20,6 | 39,8 | 95,8 | 91,6 | 20,6 |
| Талас | 291 | 11,3 | 4,0 | 9,0 | 81,6 | 24,7 | 10,3 | 5,2 | 13,3 | 95,1 | 90,9 | 16,8 |
| Чүй | 265 | 8,8 | 7,8 | 29,4 | 85,7 | 17,9 | 6,1 | 7,0 | 12,4 | 67,5 | 60,1 | 16,7 |
| Бишкек шаары | 232 | 12,8 | 5,8 | 26,2 | 74,6 | 5,2 | 5,9 | 14,1 | 21,1 | 68,1 | 52,4 | 4,1 |
| Ош шаары | 243 | 30,5 | 25,8 | 58,1 | 87,4 | 32,6 | 15,2 | 19,5 | 37,6 | 94,0 | 90,9 | 45,8 |

Аймактар ортосунда ажырым өзгөчө чоң деген пикирди кыйла кененирээк кароо зарыл (7.2 жана 7.3-сүрөт). Сүрөттөн башка областтарга караганда Ош шаарында, Ош, Жалал-Абад жана Нарын областтарында эркектер сыяктуу эле, аялдар да диний баалуулактарды жарандык баалуулуктардан маанилүү катары эсептей тургандыгын көрүүгө болот. Бардык тандалып алынган пикирлер боюнча жана башка бардык аймактарда буга аялдарга караганда эркектер макул болушарын да байкоого болот.

**7.2-Сүрөт. Динди жактоочулугун мүнөздөгөн сунушталган стереотиптүү пикирлерге макул болушкан аялдардын аймактар боюнча пайыздык үлүшү**
*(пайыз менен)*




**7.3-Сүрөт. Алардын динди жактоочулугун мүнөздөгөн сунушталган стереотиптүү пикирлерге макул болушкан эркектердин аймактар боюнча пайыздык үлүшү**
*(пайыз менен)*



Республиканын айрым райондорунда жарандык баалуулуктар аброюн жоготкондугу жана көптөгөн адамдар өз жашоо шарттарын Ислам нормаларына ылайык өзгөртүүгө даяр экендиктерин айтууга болот.

Коомдо диний экстремизмдин өсүшүнө байланыштуу коопнтонуулардын жогору экендигине карабастан, бул көрүнүшкө бетме-бет келгендердин саны сейрек кездешет. Суралган аялдар менен эркектердин кээ бирлери гана (6 миңдин 85 адамы гана) Сирияга согушчул аракеттерге катышуу үчүн барып келген аялдарга жолугушкан. Ал эми мындай эркектер менен жолуккан респонденттердин саны көбүрөк – Чүй областында 0,2 пайыз, Ош областында 3,3 пайыз катталган. Дээрлик бардык эркектер бул аялдарды “диний уюмдардын өкүлдөрү” барууга мажбур кылышкан деген пикир айтышса, буга аялдардын жарымы гана (52 пайыз) кошулушкан. Аялдардын калган жарымы (48 пайызы) мындай кадамга күйөөлөрү мажбурлашкан деп эсептешет. Бардык респонденттердин дээрлик үчтөн бир бөлүгү (30 пайыз) алар өз ыктыярлары боюнча барышкан дешсе, 80 пайызга жакыны диний уюмдардын алдоосуна кабылышкан деп болжолдошот.

Тыюу салынган диний уюмдар тууралуу маалымат булагы болуп, көпчүлүк сурамжылангандар үчүн ЖМК (38 пайызга жакын) жана Интернет (22 пайызга жакын) калууда. Респонденттердин 10 пайызга жакыны бул суроого жооп берүүдөн кыйналышат жана бул маалыматты “эч жерден алууга болбойт” деп эсептешет.

Эркектер аялдарга караганда “экстремисттик уюмдун ишине катышкандыгы үчүн жоопкерчилик” тууралуу көбүрөөк маалымдалышкан. Алардын ичинен 64 пайызы бул эркинен ажыроого алып келерин болжолдошсо, 19 пайызы жооп берүүдө кыйналышат. Аялдар ортосунда жаза тууралуу 58 пайызы билген болсо, 24 пайызы жооп берүүдөн кыйналышат.

Жыйынтыктоодо диний баалуулуктарды тандоо менен мамлекеттик саясатта исламдын ролунун ортосундагы байланышты көрсөтүү зарыл. Үч көрсөтмөлүү пикирди мисал катары келтирүү жетиштүү (7.2-таблица)

**7.2-Таблица. Исламдын мамлекеттик саясаттагы ролуна карата мамилеси боюнча, баалуулуктар тууралуу пикирлерди колдошкон аялдар жана эркектер**

| Алардын Исламдын мамлекеттик саясаттагы ролуна карата мамилеси боюнча, баалуулуктар тууралуу пикирлерди колдошкон аялдар жана эркектер боюнча пайыздык көрсөткүч | Балдар үчүн мектепке караганда медреседе окуу пайдалуу | | Чыныгы динчил адам эгер бул диний канондорго каршы келе турган болсо, доктурлардын жардамынан баш тартуулары тийиш | | Соттук жана укук коргоо органдарына кайрылганга караганда, молдонун кеңешин угуп Шариаттын нормаларына таянуу зарыл | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | аялдар | эркектер | аялдар | эркектер | аялдар | эркектер |
| Дин жеке адамдын өзүнө гана таандык болууга тийиш, ал мамлекеттик саясатка таасирин тийгизбөөсү абзел | 8,3 | 11,4 | 5,9 | 7,8 | 14,1 | 17 |
| Ислам принциптери мамлекеттик саясаттын бөлүгү болууга тийиш | 13,4 | 18,3 | 13 | 14,9 | 22 | 24,3 |
| Мамлекеттик саясат толугу менен ислам принциптеринин негизинде калыптанууга тийиш | 47,5 | 26,3 | 46,8 | 41,1 | 42,9 | 39,4 |

Келтирилген маалыматтардан улам, калайык калк ислам принциптери мамлекеттик саясаттын бир бөлүгү болуу менен ага толук шайкеш келүүгө тийиш деген көз караштарды канчалык көп колдошсо, алар ошончолук мектепте окуганга караганда медреседе окуган пайдалуу деп эсептеген болушат. Мында аялдар арасында бул пикир эркектерге караганда көбүрөөк колдоого алынган. Бул тенденция доктурлардын жардамынан жана эмдөөдөн, ошондой эле укук коргоо жана сот органдарына кайрылуудан баш тартууда да байкалат.

Ошентип, сурамжылоо жүргүзүлгөндөрдүн көпчүлүгү жарандык мамлекеттин баалуулуктарын жана динди мамлекеттик саясаттан бөлүү пикирин колдошсо да, Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Нарын областтарында респонденттердин олуттуу бөлүгү “Ислам принциптери мамлекеттик саясаттын бир бөлүгү болууга тийиш” жана “Мамлекеттик саясат толугу менен Ислам принциптеринин негизинде калыптанууга тийиш” деп эсептешет.

Суралгандардын көпчүлүгү динге ишенгендердин өсүшүнө алгылыктуу көз караште экенине карабастан, көпчүлүк адамдар мындан кооптонууга дуушар болушат, бул эркектерге караганда аялдарда бир кыйла ачык байкалат.

Республиканын айрым райондорунда динге берилген мусулмандардын арасында жарандык баалуулуктар аброюн жоготууда деп айтууга болот. Белгилүү бир шарттарда көптөгөн адамдар өз жетиштүүлүгүнүн деңгээлин Ислам нормаларына ылайык өзгөртүүгө даяр экени да ыктымал.

# 8 Нике тажрыйбалары

**Негизги жыйынтыктар**

**Никенин жалпы маселери**

- Сурамжылоонун катышуучуларынын үчтөн эки бөлүгүнөн көбү (аялдардын 65 пайызы жана эркектердин 70 пайызы) диндик ырым - жырым аркылуу нике кыюуну жана чиркөөдө баш кошууну нике катары санашат. Айыл жергесинде респондентердин 74 пайызы, шаарларда - 55 пайызы нике деп диндик ырым - жырым аркылуу нике кыюуну/ чиркөөдө баш кошууну түшүнүшөт.
- Чоңойгон калктын жарымынан көбү - 51 пайызы, анын ичинде айыл жергесинин жашоочуларынын 54 пайызы жана шаардыктардын 48 пайызы никени расмий түрдө каттабай туруп диндик ырым - жырым аркылуу нике кыюуга/ чиркөдөө баш кошууга тыюу салууну киргизүү жөнүндөгү мыйзам долбоорун жашына карабай колдошкон. Бул мыйзам чыгаруу демилгесин аялдардын 37 пайызы жана эркектердин 40 пайызы колдошпойт.
- Аялдар жана эркектер нике мамилелер чөйрөсүндөгү көндүмдөргө бирдей эле деңгээлде дуушар болушат, ал эми аныкталган айырмачылыктар көбүнчө сурамжылоонун катышуучуларынын жашаган жери, билиминин статусу ана этникалык таандыгы менен мүнөздөлөт: респонденттердин 89 пайызы үй-бүлөнүн бактылуу жашашынын кепилдиги бойго жеткен кыздын кыз бойдон турганы экенине кошулат; 82 пайызы - балалуу үй-бүлөнү гана толук кандуу деп айтууга болот деп эсептейт; 86 пайызы - энеси жок үй-бүлөдө кыз бала туура өсө албашына, 77 пайызы - атасы жок үй-бүлөдө эркек баланын туура өсүшү мүмкүн эмес экенине кошулат;
- Аял үй-бүлөнү сактоо үчүн бардык нерсесин курмандыкка чалыш керек деген көз карашты эркектер (63 пайыз) аялдарга (58 пайыз) караганда көбүрөөк карманышат.
- Аялдардын жана эркектердин көбү үй-бүлөлүк салттуу баалуулуктарды карманышат: 97 пайызы үйлөнүү же күйөөгө чыгаардын алдында ата-эненин макулдугун алуу зарыл деп эсептейт.

**Жашы жетпегендердин никелери**

- Респонденттердин ар бир алтынчысы (аялдардын 17 пайызы жана эркектердин 16 пайызы) Кыргыз Республикасынын жарандарынын кайсы жаштан баштап жалпы эрежеге ылайык никелешүү мүмкүнчүлүгү бар экенин туура айта алышкан жок.
- Ар бир алтынчы аял (15 пайыз) жана ар бир онунчу эркек (13 пайыз) жашы жете элек кыздар менен никелешүүнүн саны көбөйгөнүн белгилешти.
- Сурамжылоого катышкандардын ар бир бешинчиси (20 пайызы) жашы жете электе күйөөгө берилген кыздарды билет. Сурамжылоого катышкандарга белгилүү болгон, 18 жашка чыга электе күйөөгө берилген кыздардын ичинен жарымынан азыраагы (45 пайызы) чоң адамдардын чечими боюнча берилген.
- Жашы жете электердин никеге турушунун көбөйүшүнө төмөндөгүдөй бир топ себептер таасирин тийгизет: кыздардын өзүнүн каалоосу (23 пайыз), жакырчылыктын өсүшү жана үй-бүлөнүн кызын батыраак күйөөгө бергиси келгени (18 пайыз), жаш адамдардын жыныстык эрте жетилүүсү (17 пайыз), кыздарга эрте жашынан никелешүүгө уруксат берген исламдын жана башка диндердин таасиринин күчөшү (16 пайыз), жана ошондой эле жашы жете электерди никеге туруш үчүн ала качуулардын санынын көбөйүшү (11 пайыз).
- Аялдар менен эркектердин басымдуу көпчүлүгү (60 пайыздан көбү) өздөрүнүн 18 жашка чыга элек кыздарын күйөөгө берген ата-энелерди айыпташат. Ошол эле учурда, респонденттердин 27 пайызы өзүнүн кыздарын күйөөгө жашы жете электе береби же бербейби – бул толугу менен ата-эненин өзүнүн жеке иши экенин айтышкан.
- Респонденттердин басымдуу көпчүлүгү (77 пайызы) жашы жете электе күйөөгө чыккан аял көп учурда күйөөсүнө өтө катуу көз каранды болуп жана кесиби жок калат деп эсептешет.
- Жарымынан азы (аялдардын 46 пайызы жана эркектердин 48 пайызы) жашы жете элек менен никелешүүнү эч нерсе менен актоо мүмкүн эместигин айтышкан. Респонденттердин андан азырагы (аялдардын 44 пайызы жана эркектердин 42 пайызы) жашы электер менен никелешүүнү төмөндөгүдөй учурларда актоого даяр экенин билдиришкен, эгерде:

- жашы жете элек кыздын боюнда болуп калса (81 пайыз);

- кыз жакшы көрүп жана жакшы көргөн адамына турмушка чыгууну кааласа (54 пайыз);
- кызды үйлөнүү үчүн ала качып кетишсе (23 пайыз);
- жашы жете электин зомбулукка же зордукка кабыл болуу коркунучу туулса (22 пайыз).

- Респонденттердин аз гана бөлүгү (2 пайызга чейин) аялдар жана эркектер үчүн никелешүүнүн жашын төмөндөтүүнү туура көрүшкөн, ошол эле убакта сурамжылоого катышкандардын 40 пайызы никелешүүнүн жашын аялдар үчүн жана 57 пайызы эркектер үчүн чоңойтууну туура деп табышат.
- Сурамжылоонун катышуучуларынын жарымынан көбү (аялдардын 58 пайызы жана эркектердин 55 пайызы) мамлекет өзүнүн кыздарын жашы жете электе күйөөгө берген ата-энелерге карата чара көрүш керек деп эсептейт. Респонденттердин үчтөн бири мындай ата-энелерге карата мамлекеттин чара көрүшүнө каршы болгон, анда эркектер (36 пайызы) аялдарга (31 пайыз) караганда мамлекеттин ата-энелерге карата чара көрүшүнө каршы экенин көбүрөөк билдиришкен.

**Үй-бүлө куруу үчүн кыздарды ала качуу.**

- Респонденттердин басымдуу көпчүлүгү (аялдардын 81 пайызы жана эркектердин 78 пайызы) кыздарды ала качуу көрүнүшүнө тескери карашат. 5 пайызга жакыны бул көрүнүштү туура деп санашат жана 12 пайызы - нейтралдуу карашат. Бул көйгөйлүү маселени туура деп санагандардын арасында 21-30 жаштагы айыл жергесинде жашаган кыргыздардын (аялдардын да, эркектердин да) саны көптүк кылат.
- Аялдар менен эркектердин жарымынан көбү (55 жана 56 пайызы, тийешелүү түрдө) акыркы беш жылдын ичинде аялдарды никелешүү үчүн мажбурлап күчкө салуу менен ала качуу учурлары азайып калды деп эсептешет. Респонденттердин андан аз гана азыраагы (аядардын да, эркектердин да 48ден пайызы) аялдарды мажбурлабай, алардын макулдугу менен ала качуулар дагы азайып калганын белгилешет. Респонденттердин бирдей саны ( 20 пайыздын тегерегинде) акыркы беш жылдын ичинде кыздарды мажбурлап да, мажбурлабай да ала качуулардын динамикасы өзгөргөн деп эсептешет.
- Сурамжылоонун катышуучуларынын ар бир онунчусу (аялдардын 11 пайызы жана эркектердин 12 пайызы) акыркы беш жылдын ичинде алардын чөйрөсүндө кыздарды алардын макулдугу менен ала качуу учурлары көбөйгөнү жөнүндө билдиришсе, респонденттердин 4 пайызы кыздарды никелешүү үчүн алардын макулдугу жок күчкө салып ала качуу көбөйгөнүн айтышкан.
- Шаардын жашоочулары (аялдар - 5 пайыз, эркектер - 6 пайыз) кыздарды күчкө салып, зордоп ала качуулардын саны көбөйгөнүн айылдын жашоочуларына (аялдар да, эркектер да 3 пайыздан) караганда дээрлик эки эсе көп белгилешкен.
- Кыздарды күчкө салып, зордоп ала качуу учурлары жөнүндө Нарын менен Ош областтарында, ошондой эле Бишкек жана Ош шаарларында жашаган, билим деңгээли жогору, 18-30 жаштагы кыргыз эркектеринин (9-11 пайыз) көбүрөөк кабары бар.
- Кызды никелешүү үчүн ала качкан эркектерге аялдар (59 пайыз) эркектерге (49 пайыз) караганда көбүрөөк тескери көз караште болушат. Ошол эле убакта, эркектер мындай ишке барган эркекге оң баа беришет (12 пайызга каршы 18 пайыз) же нейтралдуу карашат (25 пайызга каршы 31 пайыз).
- Кыздарды никелешүү үчүн ала качуунун негизги себептери деп аялдар төмөнкүлөрдү эсептешет: ала качкан адам кыздын башка адамга күйөөгө чыгышын каалаган эмес (30 пайызы); себеби, ала качкан адам ал макулдугун бербейт деп корккон (24 пайызы); ала качкан адам аны менен таанышууга батынган эмес (21 пайызы) же калың берүү мүмкүнчүлүгү болбогон (18 пайызы), жана ошондой эле ата-энеси/ туугандары кызды ала качууну туура көрүп, талап кылышкан (19 пайызы). Эркектер дагы жалпысынан ушул эле себептерди белгилешкен, бирок алар кыз менен таанышууда болгон кыйынчылыктарды жана калың төлөөнүн мүмкүн болбогонун көбүрөөк көрсөтүшкөн (21 пайыздан).
- Респонденттердин дээрлик ар бир бешинчиси (аялдар - 17 пайыз, эркектер - 21 пайыз) ала качып кеткенден кийин кыздын отуруп калып, ала качкан адамга күйөөгө чыкканы туура болот деп эсептешет. Кыздын ала качкан адамдан кеткени туура деген пикир менен макул болгондордун саны аялдар менен эркектердин билиминин деңгээлинин жогорулашына жана жетиштүүлүгүнүн деңгээлинун жакшырышына жараша көбөйгөн. Ала качкан адам менен никелешүүнү туура көргөн эркектердин саны баардык жаштардагы аялдардын санынан көбүрөөк, ошондой эле алардын ичинде, жетиштүүлүгүнүн деңгээлинун деңгээлине жана

этникалык таандыгына карабастан, кесиптик-техникалык билим деңгээли төмөн эркектер көптүк кылат.

- Кыздын отуруп калганы туура деген себептердин ичинде төмөндөгүлөр аталган: тегерегиндеги чөйрө тарабынан болгон тескери сөздөр, пикирлер (аялдар жана эркектер - 39 пайыздан), кыз эркекке баш ийиш керек деген калыптанып калган ишенич, (аялдардын 25 пайызы жана эркектердин 34 пайызы), кийин турмушка чыгуу кыйын болуп кала турганы (аялдар – 24 пайыз, эркектер – 20 пайыз). Кыз отуруп калыш керек деген пикир шаарларда айылдарга караганда 2 эсе көбүрөөк тараган. Ала качып кеткен кызга карата жыныстык (сексуалдык) зордук көрсөтүлгөн учурларда, кыз кетип калыш керек деп эсептегендердин саны көбөйгөн: аялдар – 25 пайыз, эркектер – 29 пайыз.
- Аялдардын 58 пайызы жана эркектердин 53 пайызы кызды ала качууда сексуалдык зордук көрсөтүлгөн болсо кыз кетип калыш керек жана укук коргоо органдарына кайрылыш керек деп эсептегине карабастан, аялдардын 39 жана эркектердин 26 гана пайызы алардын кызын/карындашын/ сиңдисин ала качып кетсе, үйүнө алып кетише турганын жана милицияга кайрылып ала качуу жөнүндө арыз беришерин айтышкан.
- Сурамжылангандардын жарымынан көбү (52-53 пайызы), жынысына карабастан, аял-туугандардын кызды ала качууга катышканын элдик каада- салт деп эсептешет, ал эми аялдардын үчтөн бири өздөрүнүн катышканын тууганына жардам берүү керектиги менен акташат (31 пайыз). Ар бир онунчу сурамжыланган аялдардын ала качууга катышканын чарбалыкта жардам берүүчү келин керек болгондугу (12-13 пайыз), же аларды дагы бирөөлөр ала качып келгени менен актайт (аялдардын 10 пайызы жана эркектердин 13 пайызы).
- Шаар жергесинде да, айыл жергесинде аялдардын жана эркектердин көпчүлүгү (70-71 пайызы) кыздарды ала качкандыгы үчүн мыйзам алдында жооп берерин билишет. Жарымысынан азыраагы (аялдардын 41 пайызы жана эркектердин 44 пайызы) кыздарды никелешүү үчүн ала качууга каралган жаза жөнүндө туура жооп беришкен.
- Кыздарды никелешүү үчүн ала качуу практикасын токтото турган чаралардын арасында төмөндөгүлөр аталган: бул маселе боюнча берилген арыздарды кароодогу соттордун жана милициянын ишине талаптарды күчөтүү; ала качкан адамды жазалоону камсыз кылуу (19 пайыз); уландарга кыздарды ала качып жана никелешүүгө мажбурлоого жардам берип, кылмышка кошо катышкан достору менен аялдарды жоопко тартуу (16 пайыз); ала качуу кыздардын укуктарын бузууга жатары жөнүндө калкка маалымат берүү (15 пайыз).

Бул бөлүмдө кандай никелешүүнү аялдар менен эркектер колдоору, алардын нике мамилелеринин ар түрдүү аспектерине, анын ичинде катталбаган нике, диний нике, жашы жетпегендердин никеси, никелешүү үчүн аялдарды ала качууга болгон көз караштары менен пикирлери, жана ошондой эле аялдардын жана кыздардын жубайын эркин тандоого болгон укугунун бузулуш жана минималдуу нике жашынын сакталбаган учурлары жөнүндө арызданбаганынын себептери жөнүндө толук маалымат берилген. Бөлүмдө расмий каттабай туруп нике кыюу/чиркөөдө баш кошуу ырым-жырымдарын өткөрүүгө тыюу салуу боюнча мыйзам чыгаруу демилгелерине тийешелүү маселелер, жана ошондой эле никелешүү жөнүндө чечим кабыл алуунун маселелери изилденет. Жашы жетпегендердин никеге турушу, катталбаган нике жана никелешүү үчүн кыздарды ала качуу сыяктуу тескери көрүнүштөрдү токтотуш үчүн мамлекет кандай чараларды көрүшү керек жөнүндөгү калктын пикири келтирилет.

## 8.1 НИКЕЛЕШҮҮНҮН ЖАЛПЫ МАСЕЛЕЛЕРИЖ

Үй-бүлө кодексине ылайык[18], нике - бул үй-бүлө күтүү максатында түзүлгөн, жубайлардын ортосундагы мүлктүк жана мүлктүк эмес мамилелерин жарата турган, мыйзамда белгиленген тартипте тараптардын эркин жана толук макулдугу менен эркек жана аялдын ортосундагы тең укуктуу баш кошуусу; Эч кандай диний ырым-жырымдар нике деп таанылбайт жана аял менен эркектин ортосунда эч кандай мүлктүк укуктарды жаратпайт.

[18] Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө Кодексинин 2- Беренеси, 30 август 2003 жыл № 201.

8.1-таблицада берилген маалыматтар үй-бүлө мыйзамдары боюнча нике деп ЖААК (ЗАГС) органдарында расмий катталуу гана таанылаары жөнүндө калктын жетиштүү маалыматы жок экенин көргөзөт. Ошентип, республиканын чоңойгон калкынын үчтөн эки бөлүгүнөн көбүрөөгү нике деп эч кандай юридикалык натыйжаларды бербеген, мусулмандардын диндик ырым-жырым аркылуу нике кыюусун жана христиандардын чиркөөдө баш кошуусун түшүнүшөт. Мында, болжол менен, сурамжылоонун ар бир бешинчи катышуучусу нике деп диндик ырым-жырымды гана түшүнөт.

Ошентип, аялдардын үчтөн эки бөлүгү (65 пайызы) жана эркектердин дээрлик 70 пайызы нике деп диндик ырым-жырымдар аркылуу нике кыюу менен чиркөөдө баш кошууну эсептешет. Муну менен катар, аялдардын 85 пайызы жана эркектердин 80 пайызы нике деп ЖААК(ЗАГС) органдарында катталууну эсептешет. Ошентип, аялдар расмий никенин баалуулугун эркектерге караганда көбүрөөк деңгээлде түшүнүшөт. Диндик ырым-жырым өткөрбөй жана расмий каттоосу жок чогуу жашоону аялдардын да, эркектердин да көпчүлүгү (94–95 пайызы) нике деп эсептебейт.

Шаардыктарга караганда айыл жергесинде жашаган аялдар жана эркектер диндик ырым-жырым аркылуу нике кыюу/ чиркөөдө баш кошууну нике деп көбүрөөк санашат. Ошентип, айыл жергесинде аялдардын 74 пайызы жана эркектердин 75 пайызы нике деп диний ырым-жырым менен нике кыюуну/ чиркөөдө баш кошууну түшүнүшөт, ал эми шаар жергесинде бул көрсөткүчтөр бир топ төмөн – аялдардын арасында 51 пайыз жана эркектердин арасында 58 пайыз.

Диний ырым-жырымдардын баалуулугу Бишкек шаары (30 пайыз аялдар арасында жана 40 пайыз эркектер арасында) жана Ысык-Көл областы (48 пайыз аялдар арасында жана 55 пайыз эркектер арасында) менен салыштырганда, Баткен областында (аялдар жана эркектер арасында 94 и 95 пайыздан), Ош шаарында (аялдар жана эркектер арасында 86 жана 88 пайыздан), Ош (аялдар жана эркектер арасында 83 жана 85 пайыздан), Талас (аялдар жана эркектер арасында 82 жана 80 пайыздан), Жалал-Абад (79 пайыз аялдар арасында жана 78 пайыз эркектер арасында) жана Нарын областтарында (79 пайыз аялдар арасында жана 82 пайыз эркектер арасында) бийигирээк. Диний никелердин баалуулугу аялдардын жашы өткөн сайын төмөндөй баштайт: 18-20 жаштагылардын тобунда 70 пайызы жана 60 жаштан өйдөгүлөрдүн тобунда 58-59 пайызы диний ырым-жырым аркылуу нике кыюуну/ чиркөөдө баш кошууну нике деп эсептешет.

Билим деңгээли жогорураак респонденттер билим деңгээли төмөн респонденттерге караганда расмий никелешүүнү өйдөрөөк коюшат. Ошентип, расмий катталууну жогорку билими бар аялдардын 88 пайызы жана эркектердин 84 пайызы, негизги (орто) жалпы билими бар аялдардын 80 пайызы жана эркектердин 82 пайызы нике деп эсептешет. Ошого жараша, жогорку билими бар респонденттерден айырмаланып (аялдардын 55 пайызы жана эркектердин 63 пайызы) жалпы орто билимдүү респонденттердин арасында диндик нике кыюуну жана чиркөөдө баш кошууну никелешүү деп эсептегендердин саны көп (аялдардын 76 пайызы жана эркектердин 71 пайызы).

Бул көрсөткүч боюнча жетиштүүлүгүнүн деңгээлинун деңгээлине жана этникалык таандыгына карата айырмачылыктар байкалат. Жетиштүүлүгүнүн деңгээлинун жакшырышы менен диндик никелердин баалуулугу төмөндөй баштайт. Ошентип, өтө жакыр үй чарбалыктарында аялдардын 74 пайызы жана эркектердин 77 пайызы диний ырым-жырым аркылуу нике кыюну/ чиркөөдө баш кошууну нике деп эсептешет, ал эми бай үй-бүлөлөрдө мындай ойлогондор чанда гана – аялдардын 47 пайызы жана эркектердин 55 пайызы.

Никеге тура электер, ажырашкандар же никесин диний ырастабагандарга караганда никесинин диний ырастоосу бар респонденттер диний ырым-жырым аркылуу нике кыюуну/ чиркөөдө баш кошууну көбүрөөк нике деп эсептешет.

**8.1–Таблица. Аялдар жана эркектер эмнени нике деп эсептешет**

Чогуу жашоону, диний ырым-жырымды же ЖААК органдарында расмий катталууну нике деп эсептеген аялдар менен эркектердин отурукташкан жеринин түрлөрү, областтар, жашы боюнча топтор, билиминин деңгээли, жетиштүүлүгүнүн деңгээли, улуту жана үй-бүлөлүк абалы боюнча аныкталган пайыздары

| | Аялдар | | | | Эркектер | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Чогуу жашоо/ бирге жашоо (расмий каттоосу же диний ырым-жырымы жок ) | Диний ырым – жырым нике кыюу/ чиркөөдө баш кошуу | ЖААК та катталуу | ЖБК/ЖБ | Чогуу жашоо/ бирге жашоо (расмий катто-осу же диний ырым-жыры-мы жок ) | Диний ырым – жырым нике кыюу/ чиркөөд ө баш кошуу | ЖААК та катта луу | ЖБК/ ЖБ |
| Бардыгы | 4,7 | 65,2 | 84,8 | 0,7 | 4,1 | 69,2 | 80,4 | 1,0 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | | |
| Шаар | 5,1 | 51,2 | 86,7 | 0,8 | 4,8 | 58,0 | 81,2 | 1,2 |
| Айыл | 4,5 | 73,9 | 83,6 | 0,6 | 3,7 | 74,7 | 79,9 | 0,9 |
| **Областтар** | | | | | | | | |
| Баткен | 10,7 | 93,6 | 87,5 | 0,2 | 8,5 | 95,2 | 90,5 | 0,0 |
| Жалал-Абад | 0,6 | 79,3 | 71,4 | 0,9 | 2,0 | 77,6 | 64,5 | 1,5 |
| Ысык-Көл | 3,5 | 47,8 | 91,8 | 0,5 | 1,5 | 55,2 | 84,0 | 0,8 |
| Нарын | 2,5 | 78,7 | 61,7 | 0,9 | 2,1 | 82,4 | 59,8 | 1,0 |
| Ош | 6,6 | 82,8 | 86,6 | 0,0 | 3,4 | 85,0 | 84,1 | 1,5 |
| Талас | 0,3 | 81,9 | 95,0 | 0,0 | 0,0 | 80,5 | 96,3 | 0,0 |
| Чүй | 5,5 | 50,4 | 89,9 | 1,2 | 6,9 | 48,8 | 89,6 | 0,5 |
| Бишкек шаары | 1,4 | 30,3 | 89,6 | 1,2 | 1,8 | 39,7 | 83,0 | 1,1 |
| Ош шаары | 18,6 | 85,8 | 84,9 | 0,7 | 17,4 | 87,6 | 79,8 | 1,3 |
| **Курагы, жаш** | | | | | | | | |
| 18-20 | 3,4 | 69,5 | 91,5 | 0,0 | 1,2 | 70,5 | 75,1 | 1,4 |
| 21-30, | 5,0 | 64,5 | 83,8 | 1,5 | 3,6 | 70,5 | 77,7 | 0,7 |
| 31-40 | 5,7 | 69,2 | 84,6 | 0,2 | 4,8 | 69,2 | 81,0 | 0,5 |
| 41-50 | 4,2 | 65,3 | 83,4 | 1,1 | 4,2 | 70,6 | 81,4 | 2,4 |
| 51-60 | 3,6 | 65,2 | 87,3 | 0,2 | 4,6 | 68,3 | 83,1 | 0,6 |
| 61-70 | 5,9 | 57,6 | 84,0 | 0,4 | 4,8 | 60,1 | 84,7 | 0,8 |
| 70+ | 4,1 | 59,2 | 80,9 | 0,4 | 3,6 | 75,4 | 76,7 | 1,1 |
| **Билим деңгээли** | | | | | | | | |
| Негизги жалпы (баштапкыны камтыганда) | 1,9 | 76,2 | 80,2 | 0,5 | 2,7 | 70,9 | 81,7 | 1,4 |
| Жалпы орто | 5,9 | 74,1 | 82,5 | 0,6 | 4,4 | 73,9 | 77,0 | 1,3 |
| Баштапкы жана орто кесиптик | 4,0 | 55,0 | 87,3 | 1,0 | 4,0 | 64,9 | 83,4 | 0,4 |
| Жогорку кесиптик жана бүтпөгөн (аяктабаган) жогорку | 4,3 | 54,8 | 88,4 | 0,8 | 4,0 | 63,1 | 83,8 | 0,9 |
| **Жетиштүүлүгүнүн деңгээли** | | | | | | | | |
| Өтө жакыр | 4,0 | 74,4 | 84,4 | 0,5 | 3,0 | 76,5 | 80,5 | 1,1 |
| Экинчи | 5,4 | 74,9 | 83,2 | 0,5 | 3,6 | 74,7 | 80,2 | 0,9 |
| Орточо | 4,7 | 67,6 | 83,4 | 0,9 | 6,5 | 72,8 | 80,8 | 0,2 |
| Төртүнчү | 5,0 | 55,4 | 87,6 | 0,7 | 2,5 | 58,8 | 79,3 | 1,5 |
| Өтө бай | 4,3 | 47,4 | 86,0 | 1,1 | 5,2 | 55,3 | 81,2 | 1,7 |
| **Улуту** | | | | | | | | |
| Кыргыздар | 3,8 | 70,0 | 82,6 | 0,7 | 2,8 | 72,0 | 79,1 | 0,6 |
| Өзбөктөр | 8,0 | 82,1 | 89,4 | 0,4 | 5,2 | 83,8 | 81,8 | 1,6 |
| Орустар | 8,7 | 8,6 | 93,7 | 1,1 | 12,9 | 8,8 | 90,1 | 2,3 |
| Башкалар | 0,9 | 57,9 | 86,6 | 0,7 | 6,9 | 65,5 | 82,1 | 3,4 |
| **Үйбүлө абалы** | | | | | | | | |
| Никеде эч качан турган эмес | 3,4 | 48,4 | 85,9 | 0,7 | 4,0 | 64,8 | 73,8 | 1,7 |
| Расмий никеде гана турушат | 5,3 | 23,0 | 94,4 | 0,0 | 7,7 | 22,6 | 96,7 | 0,5 |
| Диний никеде гана турушат | 8,3 | 79,4 | 70,8 | 2,2 | 2,7 | 84,5 | 65,6 | 0,0 |
| Расмий жана диний никеде турушат | 4,6 | 75,6 | 84,5 | 0,5 | 3,1 | 76,7 | 81,2 | 1,0 |
| Расмий жана диний никеси жок чогуу (бирге) жашашат | 20,8 | 51,4 | 77,4 | 5,3 | 7,6 | 65,3 | 55,9 | 2,2 |
| Ажырашкан | 3,7 | 52,3 | 88,4 | 1,3 | 12,9 | 52,8 | 87,0 | 0,2 |
| Жесирлер | 3,8 | 64,2 | 82,3 | 0,8 | 6,0 | 66,9 | 74,5 | 2,1 |

8.2-таблицада депутаттардын никени ЖААКта расмий каттабай туруп диний ырым-жырым аркылуу нике кыюуну/чиркөөдө баш кошууну өткөрүүгө тыйуу салуу боюнча мыйзам чыгаруу демилгеси жөнүндө респонденттердин пикирлери келтирилген. Аялдардын (52 пайызы) жана эркектердин (51 пайызы) жарымынан көбү никени расмий каттабай туруп диний ырым-жырым

аркылуу нике кыюуну/чиркөөдө баш кошууну өткөрүүгө тыйуу салууну киргизүүнү колдоорун билдиришкен. Бул демилгеге каршы экенин билдиргендердин ичинде аялдардын саны 37 пайызды түзгөн жана эркектердин арасында да болжол менен ошончо эле (39 пайыз) болгон.

Айылдарда жашаган аялдар (55 пайыз) шаардык аялдарга (46 пайыз) караганда мындай тыюу салууну колдоорун көбүрөөк билдиришкен. Бул маселе боюнча эркектердин арасында шаар менен айылдын ортосунда көп айырмачылыктар байкалган эмес (50 пайыз шаарда жана 52 пайыз айылда). Ошол эле убакта, шаардык аялдарга айылдыктарга караганда бул суроого жооп берүү 2 эсе көп кыйыныраак болду (16 пайыз жана 8 пайыз, тийешелүү түрдө).

Бул көрсөткүчтүн жашоо регионуна карата өзгөрүмдүүлүгү байкалат. Ошентип, расмий каттабай туруп диний ырым-жырым аркылуу нике кыюуну/чиркөөдө баш кошууну өткөрүүгө тыюу салууну киргизүүнүн жактоочуларынын саны Ош шаарында (аялдар арасында 76 пайыз жана эркектер арасында 73 пайыз), Баткен (аялдар арасында 75 пайыз жана эркектер арасында 71 пайыз) жана Нарын (аялдар арасында 70 пайыз жана эркектер арасында 61 пайыз) областтарында бир кыйла көбүрөөк. Белгилей кетсек, так ушул областтарда диний ырым-жырым аркылуу нике кыюуну/ чиркөөдө баш кошуу никелешүү деп эсептегендердин саны көбүрөөк. Суроого жооп берүү кыйынчылык туудурган респонденттердин саны абдан көп болгон (25 пайызга чейин) Бишкек шаарынын (аялдар арасында 30 пайыз жана эркектер арасында 38 пайыз) жана Чүй областынын (аялдар арасында 44 пайыз жана эркектер арасында 47 пайыз) жашоочулары депутаттардын бул демилгесин баарынан азыраак колдошот.

Диний ырым-жырым аркылуу нике кыюуну/чиркөөдө баш кошууну өткөрүүгө тыюу салууну киргизүү демилгесин колдоо билим деңгээли төмөнүрөөк болгон, жакыр үй чарбалыктарынан чыккан респонденттердин арасында көбүрөөк жана респонденттердин жашы чоңойгон сайын дагы көбөйөт.

**8.2-Таблица. Сурамжылоого катышуучулардын депутаттардын диний ырым-жырым аркылуу нике кыйуу/ чиркөөдө баш кошууну ЖААК та никени расмий каттоого чейин өткөрүүгө тыюу салуу жөнүндө демилгесине карата болгон мамилеси**

Депутаттардын диний ырым-жырым аркылуу нике кыюу/ венчаниени (чиркөөдө баш кошууну) ЖААК та никени расмий каттоого чейин өткөрүүгө тыюу салуу жөнүндө демилгесин колдогон жана колдобогон аялдар менен эркектердин санынын жашаган жеринин түрү, билиминин деңгээли, жетиштүүлүгүнүн деңгээли жана улуту боюнча пайызы

| | Аялдар | | | Эркектер | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Колдошот | Колдошпойт | ЖБК/ЖБ | Колдошот | Колдошпойт | ЖБК/ЖБ |
| Бардыгы | 51,9 | 36,8 | 11,3 | 51,4 | 39,8 | 8,7 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | |
| Шаар | 46,3 | 37,6 | 16,1 | 50,3 | 39,0 | 10,7 |
| Айыл | 55,3 | 36,3 | 8,4 | 52,0 | 40,2 | 7,8 |
| **Областтар** | | | | | | |
| Баткен | 75,1 | 17,8 | 7,2 | 70,9 | 23,3 | 5,8 |
| Жалал-Абад | 52,6 | 42,7 | 4,7 | 48,8 | 45,3 | 5,9 |
| Ысык-Көл | 65,0 | 30,1 | 5,0 | 62,9 | 33,9 | 3,3 |
| Нарын | 70,2 | 28,8 | 1,0 | 60,8 | 33,7 | 5,5 |
| Ош | 55,4 | 39,0 | 5,7 | 50,8 | 46,2 | 3,1 |
| Талас | 49,6 | 46,3 | 4,1 | 41,7 | 53,6 | 4,7 |
| Чүй | 43,8 | 31,4 | 24,7 | 47,2 | 31,0 | 21,8 |
| Бишкек шаары | 29,6 | 48,9 | 21,5 | 37,7 | 47,4 | 14,9 |
| Ош шаары | 75,5 | 19,8 | 4,7 | 72,8 | 22,5 | 4,6 |
| **Курагы, жаш** | | | | | | |
| 18-20 | 45,5 | 37,5 | 17,0 | 44,1 | 40,9 | 15,1 |
| 21-30 | 51,4 | 38,9 | 9,7 | 50,6 | 38,5 | 10,9 |
| 31-40 | 49,7 | 40,5 | 9,8 | 51,7 | 38,7 | 9,6 |
| 41-50 | 53,6 | 37,3 | 9,1 | 50,1 | 44,0 | 5,8 |
| 51-60 | 55,1 | 33,8 | 11,1 | 52,9 | 39,1 | 8,0 |
| 61-70 | 54,8 | 27,5 | 17,8 | 57,2 | 37,1 | 5,7 |
| 70+ | 49,9 | 32,5 | 17,7 | 55,2 | 40,6 | 4,2 |
| **Билим деңгээли** | | | | | | |
| Негизги жалпы (жалпы орто (баштапкыны камтый) | 55,3 | 30,2 | 14,4 | 45,5 | 41,1 | 13,4 |
| Орто жалпы | 51,0 | 39,8 | 9,1 | 53,6 | 38,6 | 7,8 |
| Баштапкы жана орто кесиптик | 51,1 | 34,0 | 14,9 | 53,1 | 37,4 | 9,5 |
| Жогорку кесиптик жана бүтпөгөн (аяктабаган) жогорку | 52,8 | 36,4 | 10,8 | 47,8 | 44,1 | 8,1 |

Депутаттардын диний ырым-жырым аркылуу нике кыюу/ венчаниени (чиркөөдө баш кошууну) ЖААК та никени расмий каттоого чейин өткөрүүгө тыюу салуу жөнүндө демилгесин колдогон жана колдобогон аялдар менен эркектердин санынын жашаган жеринин түрү, билиминин деңгээли, жетиштүүлүгүнүн деңгээли жана улуту боюнча пайызы

| | Аялдар | | | Эркектер | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Колдошот | Колдошпойт | ЖБК/ЖБ | Колдошот | Колдошпойт | ЖБК/ЖБ |
| **Жетиштүүлүгүнүн деңгээли** | | | | | | |
| Өтө жакыр | 57,0 | 35,4 | 7,6 | 53,9 | 39,0 | 7,1 |
| Экинчи | 59,8 | 33,7 | 6,5 | 53,5 | 39,9 | 6,6 |
| Орто | 49,0 | 40,9 | 10,1 | 53,7 | 41,5 | 4,8 |
| Төртүнчү | 45,3 | 37,2 | 17,5 | 45,6 | 40,6 | 13,8 |
| Өтө бай | 44,4 | 38,1 | 17,5 | 48,0 | 37,8 | 14,2 |
| **Улуту** | | | | | | |
| Кыргыздар | 52,1 | 40,2 | 7,7 | 50,0 | 43,6 | 6,5 |
| Өзбөктөр | 65,1 | 29,4 | 5,5 | 58,7 | 36,3 | 5,0 |
| Орустар | 38,4 | 22,9 | 38,7 | 49,9 | 19,0 | 31,1 |
| Башкалар | 39,1 | 36,3 | 24,5 | 53,3 | 26,4 | 20,3 |

8.3, 8.4- Таблицаларда жана берилген маалыматтар аялдар менен эркектер бирдей деңгээлде никелешүү мамилелериндеги көндүмдөрдүн(стереотиптердин) таасиринде экенин көргөзөт, ал эми аныкталган айырмачылыктар бир топ деңгээлде сурамжылоонун катышуучуларынын жашаган жери, билим статусу жана этникалык таандыгы менен мүнөздөлөт.

Жалпысынан алганда респонденттердин 89 пайызы кыздын кыз бойдон турганы анын үй-бүлөдө бактылуу жашашынын кепилдиги болору менен макул, 82 пайызы балалуу гана үй-бүлө толук кандуу үй-бүлө болуп саналарына кошулушат.

Сурамжылоого катышуучулардын көпчүлүгү (86 пайызы) энеси жок үй-бүлөдө кыз бала туура өсүп жетиле албай тургандыгына жана 75 пайызы атасы жок үй-бүлөдө эркек баланын туура өсүп жетиле албай тургандыгына кошулушат, демек респонденттердин оюу боюнча тарбиялоодо атанын катышканына караганда эненин катышканы көбүрөөк маанилүү.

Эркектер менен аялдардын дээрлик бардыгы (97 пайызы) үйлөнөөрдө же турмушка чыгаарда ата-энесинин макулдугун алуу зарыл экендиги менен макул. Жаштар никелешүү жөнүндөгү чечимди өздөрү кабыл алуу керек экендиги менен макул болгон спонденттердин саны бир кыйла төмөн – 74 пайыз.

Эркектер (63 пайыз) аялдарга (58 пайыз) караганда көбүрөөк аял үй-бүлөнү сактап калыш үчүн бардык нерсесин курмандыкка чалыш деген көз караште болушат. Ошол эле учурда, эркек үчүн (56 пайыз) ажырашуу аялга (61 пайыз) караганда анчалык уят эмес.

Нике мамилелеринин тегерегиндеги көндүмдөрдүн таасирине шаардын жашоочуларына караганда айылдын жашоочулары көбүрөөк кабыл болушат. Алар өйдөдө келтирилген пикирлердин баары менен көбүрөөк макул болушат, бирок төмөндө келтирилген пикирлер боюнча айырмачылыктар көбүрөөк байкалат:

- балалуу үй-бүлөлөр гана толук кандуу үй-бүлө болуп эсептелет (84 жана 74 пайыз, тийешелүү түрдө);
- атасы жок үй-бүлөдө эркек бала туура өсүп жетиле албайт (84 жана 64 пайыз, тийешелүү түрдө);
- аял үй-бүлөнү сактап калыш үчүн баардык нерсесин курмандыкка чалыш керек (66 жана 51 пайыз тийешелүү түрдө);
- аял үчүн ажырашуу уят (68 жана 49 пайыз тийешелүү түрдө) ;
- эркек үчүн ажырашуу уят (62 жана 44 пайыз тийешелүү түрдө).

## 8.3-Таблица. Нике жана үй-бүлө тууралуу айтылган көндүм пикирлерге болгон аялдардын мамилеси

Нике жана үй-бүлө тууралуу айтылган көндүм пикирлер менен макул болгон аялдардын санынын жашаган жеринин түрү, биламининин деңгээли, жетиштүүлүгүнүн деңгээли жана улуту боюнча пайызы (суроого жооп берүү кыйынчылык туудургандарды эсепке албаганда)

| | Аялдардын саны | Айтылган пикирлер менен макул болгон аялдардын салыштырмалуу салмагы, пайыздарда: | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кыздын кыз бойдон турганы анын үй-бүлөдө бактылуу жашашынын кепилдиги | Балалуу үй-бүлө гана толук кандуу үй-бүлө болуп эсептелет | Атасы жок үй-бүлөдө эркек бала туура өсүп жетиле албайт | Энеси жок үй-бүлөдө кыз бала туура өсүп жетиле албайт | Үйлөнүш же турмушка чыгыш үчүн ата-энесинин макулдугун алуу зарыл | Жаштар никеге туруу жөнүндөгү чечимди өздөрү кабыл алышы керек | Аял үй-бүлөнү сактап калыш үчүн баардык нерсени курмандык кылыш керек | Аял үчүн ажырашуу уят деп эсептелет | Эркек үчүн ажырашуу уят деп эсептелет |
| Бардыгы | 3432 | 88,3 | 79,5 | 75,3 | 85,9 | 96,4 | 73,8 | 58,2 | 58,3 | 52,6 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | | | | |
| Шаар | 1481 | 84,5 | 72,0 | 64,0 | 81,0 | 96,8 | 75,7 | 47,8 | 44,7 | 40,2 |
| Айыл | 1951 | 90, | 84,2 | 82,3 | 89,0 | 96,1 | 72,6 | 64,7 | 66,8 | 60,3 |
| **Областтар** | | | | | | | | | | |
| Баткен | 410 | 97,7 | 87,7 | 79,6 | 83,1 | 98,1 | 72,2 | 47,2 | 62,3 | 55,2 |
| Жалал-Абад | 407 | 96,4 | 92,1 | 92,9 | 97,8 | 97,5 | 79,4 | 63,9 | 95,2 | 90,0 |
| Ысык-Көл | 368 | 82,3 | 84,8 | 83,6 | 88,5 | 96,2 | 69,2 | 47,4 | 29,3 | 23,6 |
| Нарын | 355 | 86,1 | 76,8 | 72,8 | 83,7 | 96,0 | 81,1 | 54,3 | 82,6 | 76,1 |
| Ош | 388 | 96,1 | 77,2 | 74,9 | 83,4 | 93,1 | 56,3 | 76,1 | 68,2 | 64,0 |
| Талас | 352 | 97,7 | 94,3 | 90,4 | 95,9 | 99,0 | 77,2 | 51,8 | 50,0 | 46,5 |
| Чүй | 404 | 74,6 | 80,5 | 81,7 | 90,8 | 97,2 | 84,8 | 68,2 | 50,6 | 41,8 |
| Бишкек шаары | 426 | 80,2 | 59,0 | 48,8 | 73,3 | 96,3 | 77,9 | 38,6 | 26,3 | 22,0 |
| Ош шаары | 322 | 93,1 | 91,0 | 69,1 | 83,7 | 99,0 | 73,5 | 54,8 | 66,4 | 58,7 |
| **Курагы, жаш** | | | | | | | | | | |
| 18-20 | 142 | 92,7 | 76,7 | 81,0 | 81,4 | 95,4 | 69,0 | 50,8 | 60,6 | 55,8 |
| 21-30 | 676 | 87,0 | 81,4 | 77,3 | 87,1 | 96,7 | 76,5 | 57,2 | 61,5 | 53,2 |
| 31-40 | 778 | 90,0 | 77,4 | 73,5 | 85,5 | 96,9 | 71,4 | 56,8 | 58,8 | 54,9 |
| 41-50 | 719 | 88,8 | 78,3 | 70,1 | 83,4 | 96,1 | 73,0 | 57,1 | 54,4 | 49,8 |
| 51-60 | 584 | 90,0 | 81,6 | 78,3 | 88,9 | 97,9 | 74,7 | 61,9 | 57,4 | 51,5 |
| 61-70 | 342 | 84,8 | 79,8 | 74,4 | 87,7 | 97,2 | 73,1 | 63,3 | 58,0 | 53,1 |
| 70+ | 191 | 81,3 | 79,5 | 76,8 | 85,8 | 88,6 | 76,9 | 64,2 | 55,3 | 50,0 |
| **Билим деңгээли** | | | | | | | | | | |
| Негизги жалпы (баштапкыны камтый) | 293 | 91,7 | 83,1 | 82,6 | 90,1 | 95,4 | 65,1 | 70,2 | 68,9 | 60,1 |
| Жалпы орто | 1 462 | 92,0 | 83,4 | 79,7 | 87,7 | 96,0 | 74,5 | 62,8 | 68,7 | 63,6 |
| Баштапкы жана орто кесиптик | 821 | 83,0 | 75,8 | 69,9 | 82,2 | 96,4 | 72,6 | 50,8 | 43,5 | 37,3 |
| Жогорку кесиптик жана бүтпөгөн жогорку | 856 | 85,4 | 74,7 | 69,8 | 84,7 | 97,4 | 76,7 | 52,5 | 49,7 | 44,5 |
| **Жетиштүүлүгүнүн деңгээли** | | | | | | | | | | |
| Өтө жакыр | 790 | 93,3 | 84,5 | 79,6 | 86,6 | 96,8 | 68,3 | 65,3 | 66,8 | 60,9 |
| Экинчи | 732 | 92,3 | 81,6 | 79,0 | 89,4 | 97,1 | 73,5 | 59,5 | 64,7 | 58,7 |
| Орто | 622 | 90,8 | 82,6 | 76,9 | 86,7 | 94,3 | 77,2 | 59,4 | 63,0 | 59,0 |
| Төртүнчү | 696 | 81,7 | 74,8 | 69,6 | 82,6 | 97,3 | 74,0 | 53,8 | 46,6 | 40,3 |
| Өтө бай | 592 | 80,6 | 71,5 | 68,9 | 83,3 | 96,1 | 78,1 | 49,9 | 45,7 | 39,6 |
| **Улуту** | | | | | | | | | | |
| Кыргыздар | 2 496 | 90,5 | 81,3 | 76,5 | 86,5 | 96,0 | 75,7 | 58,5 | 59,4 | 54,1 |
| Өзбөктөр | 435 | 98,2 | 86,0 | 80,4 | 89,1 | 98,3 | 56,6 | 64,6 | 78,9 | 69,3 |
| Орустар | 320 | 56,7 | 53,9 | 58,4 | 77,8 | 94,8 | 87,4 | 43,1 | 16,8 | 12,4 |
| Башкалар | 181 | 88,9 | 83,2 | 76,3 | 84,8 | 99,2 | 70,8 | 64,0 | 61,8 | 59,0 |

Келтирилген калыптанып калган көндүм көз караштар билим деңгээли төмөн, өтө жакыр үй-чарбаларынан чыккан респонденттерге мүнөздүү жана Бишкек шаары менен Чүй областында жашаган кыргыз жана өзбек улутундагы эмес аялдар менен эркектердин арасында эң эле аз кездешет.

### 8.4-Таблица. Нике жана үй-бүлө тууралуу айтылган көндүм пикирлерге болгон эркектердин мамилеси

Нике жана үй-бүлө тууралуу айтылган көндүм пикирлер менен макул болгон эркектердин санынын жашаган жеринин түрү, билиминин деңгээли, жетиштүүлүгүнүн деңгээли жана улуту боюнча пайызы (суроого жооп берүү кыйынчылык туудургандарды эсепке албаганда)

| | Айтылган көндүм пикирлер менен макул болгон эркектердин саны | Айтылган ойлор менен макул болгон эркектердин салыштырмалуу салмагы, пайыздарда: | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кыздын кыз бойдон тургандыгынын үй-бүлөдө бактылуу жашашынын кепилдиги | Балалуу үй-бүлө гана толук кандуу үй-бүлө болуп эсептелет | Атасы жок үй-бүлөдө эркек бала туура өсүп жетиле албайт | Энеси жок үй-бүлөдө кыз бала туура өсүп жетиле албайт | Үйлөнүш же турмушка (күйөөгө) чыгыш үчүн ата-энесинин макулдугун алуу зарыл | Жаштар никеге туруу жөнүндө гү чечимди өздөрү кабыл алышы керек | Аял үй-бүлөнү сактап калыш үчүн баардык нерсесин курмандык кылыш керек | Аял үчүн ажырашуу уят деп эсептелет | Эркек үчүн ажырашуу уят деп эсептелет |
| Бардыгы | 2 505 | 89,7 | 81,5 | 79,2 | 86,4 | 96,8 | 74,2 | 62,6 | 63,9 | 58,3 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | | | | |
| Шаар | 942 | 86,0 | 76,1 | 65,5 | 81,8 | 98,2 | 78,1 | 54,4 | 52,7 | 47,2 |
| Айыл | 1 563 | 91,4 | 84,1 | 86,0 | 88,6 | 96,1 | 72,3 | 66,7 | 69,4 | 63,8 |
| **Областтар** | | | | | | | | | | |
| Баткен | 258 | 98,3 | 84,8 | 80,7 | 81,3 | 98,0 | 70,8 | 44,3 | 61,1 | 57,3 |
| Жалал-Абад | 327 | 97,5 | 92,4 | 93,3 | 95,1 | 98,0 | 75,2 | 64,6 | 94,4 | 91,4 |
| Ысык-Көл | 297 | 88,7 | 86,4 | 84,7 | 89,0 | 94,7 | 62,5 | 56,6 | 40,1 | 28,2 |
| Нарын | 311 | 92,5 | 71,6 | 73,9 | 84,8 | 98,5 | 85,2 | 58,4 | 85,4 | 80,1 |
| Ош | 286 | 97,2 | 74,7 | 78,3 | 82,6 | 93,5 | 60,3 | 75,6 | 67,6 | 63,3 |
| Талас | 291 | 97,7 | 93,9 | 90,2 | 95,3 | 100,0 | 78,7 | 52,4 | 47,8 | 45,8 |
| Чүй | 260 | 72,2 | 84,5 | 89,0 | 91,1 | 96,2 | 88,4 | 76,9 | 54,0 | 46,0 |
| Бишкек шаары | 232 | 79,0 | 65,9 | 50,4 | 74,0 | 98,4 | 80,4 | 46,4 | 37,7 | 30,6 |
| Ош шаары | 243 | 92,6 | 91,2 | 70,6 | 87,8 | 99,0 | 73,7 | 58,5 | 71,0 | 65,4 |
| **Курагы, жаш** | | | | | | | | | | |
| 18-20 | 123 | 89,1 | 77,8 | 73,1 | 78,8 | 96,4 | 72,6 | 53,4 | 59,5 | 49,9 |
| 21-30 | 463 | 90,2 | 79,7 | 74,4 | 84,5 | 96,4 | 76,9 | 62,5 | 64,4 | 58,0 |
| 31-40 | 551 | 90,1 | 81,6 | 78,2 | 84,7 | 97,2 | 69,7 | 62,3 | 62,4 | 56,4 |
| 41-50 | 580 | 90,7 | 83,6 | 81,7 | 86,8 | 96,1 | 74,9 | 65,7 | 65,1 | 59,0 |
| 51-60 | 447 | 89,8 | 80,9 | 83,2 | 89,9 | 97,5 | 74,5 | 63,8 | 64,6 | 60,4 |
| 61-70 | 227 | 86,8 | 84,2 | 84,5 | 91,4 | 97,6 | 75,1 | 57,6 | 61,9 | 57,7 |
| 70+ | 114 | 85,0 | 84,0 | 84,1 | 90,7 | 95,9 | 75,8 | 70,1 | 70,6 | 71,4 |
| **Билим деңгээли** | | | | | | | | | | |
| Негизги жалпы (баштапкыны камтый) | 212 | 88,8 | 81,3 | 83,4 | 89,3 | 96,6 | 67,6 | 64,4 | 69,4 | 61,2 |
| Жалпы орто | 1150 | 93,3 | 84,0 | 82,6 | 86,5 | 96,5 | 72,1 | 67,0 | 69,9 | 64,3 |
| Баштапкы жана орто кесиптик | 582 | 86,4 | 81,5 | 78,2 | 85,2 | 97,5 | 75,1 | 57,2 | 56,5 | 51,0 |
| Жогорку кесиптик жана бүтпөгөн жогорку | 561 | 85,6 | 76,5 | 71,8 | 86,1 | 96,7 | 80,1 | 58,3 | 56,6 | 51,8 |
| **Жетиштүүлүгүнүн деңгээли** | | | | | | | | | | |
| Өтө жакыр | 658 | 93,8 | 83,1 | 84,8 | 87,9 | 97,8 | 70,2 | 70,2 | 69,9 | 65,1 |
| Экинчи | 553 | 94,1 | 83,9 | 79,4 | 85,9 | 96,6 | 73,7 | 62,3 | 68,8 | 63,4 |
| Орто | 454 | 90,0 | 84,2 | 78,7 | 85,7 | 96,9 | 73,1 | 59,3 | 60,8 | 54,4 |
| Төртүнчү | 445 | 81,9 | 78,7 | 73,6 | 86,1 | 95,2 | 78,7 | 59,4 | 56,3 | 50,3 |
| Өтө бай | 395 | 84,3 | 74,6 | 76,5 | 85,5 | 96,8 | 78,2 | 57,8 | 58,9 | 53,0 |
| **Улуту** | | | | | | | | | | |
| Кыргыздар | 1906 | 91,4 | 82,1 | 80,2 | 87,5 | 97,2 | 76,6 | 62,6 | 64,5 | 59,4 |
| Өзбөктөр | 312 | 98,2 | 87,3 | 82,6 | 88,2 | 98,8 | 59,1 | 66,6 | 78,6 | 71,2 |
| Орустар | 159 | 53,5 | 55,2 | 55,5 | 69,6 | 91,9 | 84,0 | 47,6 | 21,5 | 17,3 |
| Башкалар | 128 | 87,3 | 88,1 | 83,7 | 86,2 | 92,7 | 70,9 | 69,1 | 66,8 | 57,6 |

Келтирилген маалыматтар калктын нике жана үй-бүлө жөнүндөгү мыйзамдар жөнүндө маалыматынын жетишсиздигин көрсөтүп турат. Коомдун аң-сезиминде үй-бүлөнүн жана никенин баалуулугунун трансформацияланып жатканы байкалат. Бул көрүнүш расмий никенин баалуулугунун диний ырым-жырым аркылуу нике кыюунун/чиркөөдө баш кошуунун пайдасына

төмөндөшү менен мүнөздөлөт. Мындай трансформация жаш муундун, айыл калкынын, эркектердин, жана ошондой эле жакырыраак үй-чарбаларында жашаган билими төмөн жарандардын аң-сезиминде өзгөчө айкын байкалат. Ошол эле маалда калк, өзгөчө айылдык аялдар катталбаган никелердин зыяндуу жактарын, терс натыйжаларын түшүнүп, сезип жатышат жана ЖААКтын органдарында расмий каттоосу жок нике кыюу/ чиркөөдө баш кошуу каадаларын өткөрүүгө тыюу салууну мыйзам деңгээлинде киргизүүнү көбүрөөк колдошот. Калктын бир топ көп бөлүгү мындай мыйзам долбooруна өзүнүн мамилесин анык айта албагандыгын белгилей кетиш керек. Муну маалыматтын жетишсиздиги, жана ошондой эле мыйзам долбоорунун диний нормаларына карата кээ бир каршылыктары келип чыгышы менен байланыштуу деп айтса болот. Мисалы, расмий каттоосу жок нике кыюу/ чиркөөдө баш кошууну өткөрүүгө тыюу салуу, көп аял алуу мыйзам тарабынан жазалана турган болгондуктан мусулмандардын төрт аял алууга боло турган мүмкүнчүлүгүнө күмөн жаратат.

### 8.2 ЭРТЕ НИКЕЛЕШҮҮ

Кыргыз Республикасы «Никелешүүгө макулдук жөнүндө, адамдын никеге турушуна укук берген курак жана никени катоо" конвециаларына кошулду жана "Баланын укуктары", "Аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу" жөнүндөгү конвенцияларын ратификациялады. Бул эл аралык документтерде никелешүүгө макулдук, нике курагы, никени каттоо жана жубайын эркин тандоо укугу, никеге эрте турууну/жашы жетпегендердин никелери жана мажбурлап никелешүү маселелери каралат. Кыргыз Республикасынын Конституциясында нике курагына жеткен адамдар никелешүүгө жана үй-бүлө курууга акысы бар экендиги аныкталып бекитилген.[19] Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинде жалпы эрежелер боюнча минималдуу нике курагы 18 жаш деп белгиленген [20]. Жашы 17 ге жете элек адамды иш жүзүндө үйлөнүү үчүнга мажбурлоо үчүн кылмыш-жаза мыйзамы менен жоопкерчилик каралып, 5 жылга чейин эркиндигинен ажыратуу каралган. Ал эми жашы 17 ге жете элек адамды иш жүзүндө үйлөнүү үчүн үчүн ала качуу - эркиндиктен 5 жылдан 10 жылга чейинки мөөнөткө ажыратуу менен жазаланат[21].

Өлкөнүн мыйзамы боюнча жарандарга кайсы жаштан баштап никелешүүгө уруксат берилери, иш жүзүндө үйлөнүү үчүн мажбурлоого жоопкерчилик жөнүндө калктын жетиштүү маалымат алуусу нике курагы жана жубайды эркин тандоо укугу жөнүндө мыйзамдарды сактоонун эң маанилүү аспектиси болуп саналат. Жашы жетпегендердин никелешүүсүн болтурбоо үчүн алдын алууда эффективдүү саясат иштеп чыгуу үчүн калктын кыздарын жашы жете электе күйөөгө берген ата-энелерге болгон мамилесин, жана ошондой эле никеге эрте туруулардын себептери жөнүндө пикирин аныктоо эң маанилүү. Бул бөлүм эрте үйлөнүү көйгөйлөрүнүн ушул аспектерин изилдөөгө арналган.

8.5-таблицада респонденттердин Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинде аныкталган минималдуу нике жашы жөнүндө кандай деңгээлде билери жөнүндө маалыматтар берилген. Келтирилген маалыматтарга ылайык респонденттердин ар бир алтынчысы (аялдардын 17 пайызы жана эркектердин 16 пайызы) жалпы эреже боюнча жарандарга никелешүүгө уруксат берилген жашты туура айта алышкан эмес. Нике курагын билүү жашаган жерине карата болгон эмес, бирок областтар боюнча ар башка болуп чыккан. Мына ошентип, аялдардын нике курагы жөнүндө маалыматынын эң төмөн деңгээли Ош областында (туура жооп бергендер 76 пайыз), Ош шаарында (79 пайыз), ал эми эң жогорку деңгээли Талас областында байкалган (туура жооп бергендер 96 пайыз). Бул маселе боюнча эркектердин эң төмөн маалымат деңгээли дагы эле Ош шаарында (туура жооп бергендер 80 пайыз), ал эми эң жогорку деңгээли Талас областында (туура жооп бергендер 94 пайыз) байкалган. Аялдардын жашынын чоңоюшуна жараша нике курагы жөнүндө маалыматы да көбөйгөн, ал эми эркектердин маалыматы баардык эле жашы боюнча топтордо дээрлик бирдей.

[19] 2010-жылдын 27-июнунда референдум (бүткүл элдик добуш берүү) аркылуу кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын Б.5 Бер. 36.
[20] Нике курагы 18 жаш деп бекитилет. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодекси, Бер. 14, 30-август 2003- жыл N 201.
[21] Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси, Бер. 154, 1-октябрь, 1997- жыл № 69.

Аялдардын, билим деңгээли жогору эркектердин жана өтө бай үй-чарбаларынын өкүлдөрүнүн арасында нике курагын билгендер көбүрөөк.

**8.5-Таблица. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодекси менен жалпы эреже боюнча бекитилген минималдуу турмушка чыгуу курагын аялдар жана эркектердин билүүсү**

КРнын Үйбүлөлүк кодекси менен бекитилген минималдуу жашы жөнүндө туура жана туура эмес жооп берген аялдар менен эркектердин отурукташкан жердин түрү, областтар, билим деңгээли, жетиштүүлүгүнүн деңгээли жана улуту боюнча санынын пайыздары

| | Аялдардын саны | Аялдар | | | | Эркектердин саны | Эркектер | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Туура жооп | Туура эмес жооп | З/О | Бардыгы | | Туура жооп | Туура эмес жооп | З/О | Бардыгы |
| Бардыгы | 3435 | 82,5 | 12,9 | 4,5 | 100 | 2514 | 83,9 | 12,4 | 3,7 | 100 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | | | | |
| Шаар | 1481 | 83,5 | 13,2 | 3,3 | 100 | 944 | 84,4 | 12,1 | 3,5 | 100 |
| Айыл | 1954 | 82,0 | 12,8 | 5,3 | 100 | 1570 | 83,7 | 12,6 | 3,8 | 100 |
| **Областтар** | | | | | | | | | | |
| Баткен | 410 | 87,0 | 8,5 | 4,5 | 100 | 258 | 86,7 | 8,9 | 4,5 | 100 |
| Жалал-Абад | 407 | 84,8 | 7,9 | 7,3 | 100 | 328 | 84,9 | 8,0 | 7,1 | 100 |
| Ысык-Көл | 370 | 88,9 | 10,4 | 0,7 | 100 | 300 | 85,8 | 11,2 | 3,0 | 100 |
| Нарын | 355 | 89,1 | 8,8 | 2,1 | 100 | 311 | 83,7 | 12,4 | 3,9 | 100 |
| Ош | 388 | 75,7 | 19,7 | 4,6 | 100 | 286 | 80,9 | 16,9 | 2,2 | 100 |
| Талас | 353 | 95,9 | 3,3 | 0,9 | 100 | 291 | 93,8 | 5,9 | 0,3 | 100 |
| Чүй | 404 | 80,2 | 11,8 | 8,0 | 100 | 265 | 83,0 | 12,7 | 4,3 | 100 |
| Бишкек шаары | 426 | 82,0 | 15,7 | 2,3 | 100 | 232 | 83,7 | 15,1 | 1,1 | 100 |
| Ош шаары | 322 | 78,7 | 18,5 | 2,8 | 100 | 243 | 80,3 | 15,6 | 4,1 | 100 |
| **Курагы, жаш** | | | | | | | | | | |
| 18-20 | 142 | 79,0 | 17,0 | 4,0 | 100 | 123 | 82,6 | 12,6 | 4,8 | 100 |
| 21-30 | 676 | 84,2 | 10,9 | 4,9 | 100 | 463 | 81,2 | 15,7 | 3,2 | 100 |
| 31-40 | 778 | 81,5 | 14,7 | 3,8 | 100 | 553 | 83,5 | 11,1 | 5,4 | 100 |
| 41-50 | 719 | 83,7 | 11,9 | 4,4 | 100 | 583 | 83,2 | 13,9 | 2,9 | 100 |
| 51-60 | 585 | 80,0 | 14,9 | 5,1 | 100 | 447 | 89,2 | 7,7 | 3,1 | 100 |
| 61-70 | 343 | 86,3 | 8,5 | 5,2 | 100 | 231 | 85,2 | 13,1 | 1,7 | 100 |
| 70+ | 192 | 80,1 | 16,1 | 3,8 | 100 | 114 | 82,6 | 10,9 | 6,4 | 100 |
| **Билим деңгээли** | | | | | | | | | | |
| Негизги жалпы (баштапкыны камтый) | 294 | 74,9 | 17,0 | 8,1 | 100 | 214 | 76,4 | 16,6 | 7,0 | 100 |
| Жалпы орто | 1462 | 83,4 | 11,8 | 4,8 | 100 | 1155 | 83,4 | 12,7 | 3,9 | 100 |
| Баштапкы жана орто кесиптик | 823 | 81,8 | 14,5 | 3,7 | 100 | 584 | 85,1 | 11,3 | 3,6 | 100 |
| Жогорку кесиптик жана бүтпөгөн жогорку | 856 | 84,5 | 12,1 | 3,4 | 100 | 561 | 86,7 | 11,3 | 2,0 | 100 |
| **Жетиштүүлүгүнүн деңгээли** | | | | | | | | | | |
| Өтө жакыр | 791 | 80,2 | 13,4 | 6,3 | 100 | 660 | 80,6 | 15,5 | 3,9 | 100 |
| Экинчи | 732 | 83,7 | 11,7 | 4,5 | 100 | 555 | 84,6 | 12,4 | 3,0 | 100 |
| Орто | 622 | 82,7 | 13,2 | 4,1 | 100 | 454 | 89,0 | 8,3 | 2,7 | 100 |
| Төртүнчү | 698 | 82,6 | 12,9 | 4,5 | 100 | 447 | 82,6 | 13,8 | 3,7 | 100 |
| Өтө бай | 592 | 84,1 | 13,7 | 2,3 | 100 | 398 | 83,8 | 10,7 | 5,6 | 100 |
| **Улуту** | | | | | | | | | | |
| Кыргыздар | 2498 | 83,6 | 11,9 | 4,5 | 100 | 1911 | 84,1 | 12,3 | 3,6 | 100 |
| Өзбөктөр | 435 | 79,7 | 16,3 | 4,0 | 100 | 312 | 85,1 | 11,5 | 3,4 | 100 |
| Орустар | 321 | 85,4 | 10,6 | 4,0 | 100 | 162 | 80,6 | 15,8 | 3,6 | 100 |
| Башкалар | 181 | 72,8 | 20,7 | 6,5 | 100 | 129 | 82,8 | 12,7 | 4,5 | 100 |

8.6-таблицада берилген маалыматтар боюнча аялдардын (47 пайыз) жана эркектердин (45 пайыз) салыштырмалуу көпчүлүгү акыркы беш жылда жашы жете элек кыздарды күйөөгө берүү азайып калды деп эсептешет. Төрттөн биринен азыраагы (аялдардында, эркектердин да 24 пайызы) эрте никелешүүнүн динамикасында эч кандай өзгөрүүлөр жок деп эсептешет. Ошол эле убакта, ар бир алтынчы аял (15 пайыз) жана ар бир онунчу эркек (13 пайыз) жашы жете элек кыздар менен никелешүүлөрдүн саны көбөйгөнүн белгилешти. Бул суроого жооп берүү кыйынчылыкка тургандардын үлүшүнүн бир топ э чоң болгонун белгилей кетиш керек: аялдар - 14 пайыз, эркектер - 17 пайыз.

Айыл жергесинин жашоочуларына (аялдар - 12 пайыз, эркектер - 11 пайыз) караганда шаардын жашоочулары (аялдар - 20 пайыз, эркектер - 19 пайыз) никеге эрте туруулардын саны

көбөйгөнүн эки эсе көбүрөөк белгилешкен. Бул көрсөткүч областтар боюнча ар башка: эрте никелешүүлөрдүн көбөйгөнүн белгилегендердин эң көп саны Ош шаарында (аялдар - 29 пайыз, эркектер - 27 пайыз), ал эми эң азы - Ысык-Көл областында (аялдар - 11 пайыз, эркектер - 12 пайыз) байкалган.

Жашы жетпегендердин никелешүүлөрүнүн саны көбөйгөнүн 40 жашка чейинки, жана ошондой эле жогорку билими бар аялдар, жашы улуурак жана жалпы орто билими бар аялдарга караганда көбүрөөк белгилешет. Эркектердин эрте никелешүүлөрдүн санынын өсүшүнүн динамикасына баа берүүсүнө алардын билими эч кандай экени таасир эткен эмес, ошондо да, 30 жашка чейинки курактагылардын топторунда жашы жете электердин никелешүүлөрүнүн санын көбөйгөнүн белгилегендердин үлүшү бир кыйла чоңураак.

**8.6–Таблица. Акыркы беш жылдын ичинде жашы жете элек кыздардын турмушка чыгуу динамикасы**

Акыркы беш жылдын ичинде жашы жете элек кыздардын күйөөгө чыгышы көбөйдү, азайды же өзгөрүү жок деп эсептеген аялдар менен эркектердин санынын отурукташкан жеринин түрү, областтар, билим деңгээли, жетиштүүлүгүнүн деңгээли жана улуту боюнча пайыздары

| | Аялдардын саны | Аялдар | | | | | Эркектердин саны | Эркектер | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Көбөйдү | Өзгөрүү жок | Азайды | Жооп берүү кыйын болду | Бардыгы | | Көбөйдү | Өзгөрүү жок | Азайды | Жооп берүү кыйын болду | Бардыгы |
| Бардыгы | 3435 | 15,1 | 23,5 | 47,2 | 14,2 | 100 | 2514 | 13,7 | 23,8 | 45,0 | 17,4 | 100 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | | | | | | |
| Шаар | 1481 | 20,0 | 23,4 | 37,3 | 19,3 | 100 | 944 | 18,7 | 24,7 | 37,9 | 18,7 | 100 |
| Айыл | 1954 | 12,0 | 23,6 | 53,3 | 11,0 | 100 | 1570 | 11,3 | 23,4 | 48,5 | 16,8 | 100 |
| **Областтар** | | | | | | | | | | | | |
| Баткен | 410 | 12,7 | 18,4 | 62,0 | 6,9 | 100 | 258 | 12,0 | 17,5 | 62,0 | 8,6 | 100 |
| Жалал-Абад | 407 | 16,8 | 13,9 | 65,0 | 4,2 | 100 | 328 | 13,3 | 14,9 | 65,0 | 6,8 | 100 |
| Ысык-Көл | 370 | 10,9 | 39,4 | 25,8 | 23,9 | 100 | 300 | 11,7 | 36,4 | 28,5 | 23,4 | 100 |
| Нарын | 355 | 13,7 | 13,2 | 69,7 | 3,4 | 100 | 311 | 12,1 | 19,4 | 59,9 | 8,6 | 100 |
| Ош | 388 | 12,6 | 34,8 | 45,3 | 7,3 | 100 | 286 | 12,0 | 36,9 | 34,9 | 16,1 | 100 |
| Талас | 353 | 16,5 | 15,8 | 57,3 | 10,4 | 100 | 291 | 14,7 | 16,4 | 59,2 | 9,7 | 100 |
| Чүй | 404 | 12,6 | 14,4 | 44,4 | 28,6 | 100 | 265 | 11,7 | 11,4 | 38,6 | 38,3 | 100 |
| Бишкек шаары | 426 | 17,1 | 27,6 | 33,4 | 22,0 | 100 | 232 | 16,5 | 31,2 | 32,3 | 20,1 | 100 |
| Ош шаары | 322 | 29,4 | 23,8 | 38,1 | 8,6 | 100 | 243 | 26,9 | 21,3 | 38,6 | 13,1 | 100 |
| **Курагы, жаш** | | | | | | | | | | | | |
| 18-20 | 142 | 16,5 | 29,9 | 43,8 | 9,7 | 100 | 123 | 19,0 | 19,9 | 40,1 | 20,9 | 100 |
| 21-30 | 676 | 17,2 | 21,9 | 47,2 | 13,8 | 100 | 463 | 18,7 | 26,2 | 37,2 | 17,9 | 100 |
| 31-40 | 778 | 13,2 | 26,2 | 46,8 | 13,9 | 100 | 553 | 11,3 | 20,8 | 50,1 | 17,9 | 100 |
| 41-50 | 719 | 15,2 | 23,3 | 47,5 | 14,0 | 100 | 583 | 13,2 | 26,9 | 43,6 | 16,3 | 100 |
| 51-60 | 585 | 14,8 | 20,8 | 49,2 | 15,3 | 100 | 447 | 12,2 | 24,0 | 47,7 | 16,1 | 100 |
| 61-70 | 343 | 14,1 | 24,0 | 44,3 | 17,5 | 100 | 231 | 7,0 | 21,0 | 52,8 | 19,2 | 100 |
| 70+ | 192 | 11,6 | 21,2 | 50,8 | 16,3 | 100 | 114 | 9,6 | 21,4 | 54,5 | 14,6 | 100 |
| **Билим деңгээли** | | | | | | | | | | | | |
| Негизги жалпы (баштапкыны камтый) | 294 | 9,9 | 21,4 | 53,4 | 15,4 | 100 | 214 | 16,6 | 13,4 | 50,8 | 19,1 | 100 |
| Жалпы орто | 1462 | 13,1 | 24,0 | 51,3 | 11,5 | 100 | 1155 | 11,3 | 23,6 | 49,3 | 15,8 | 100 |
| Баштапкы жана орто кесиптик | 823 | 14,6 | 24,9 | 40,9 | 19,6 | 100 | 584 | 13,5 | 25,5 | 40,2 | 20,8 | 100 |
| Жогорку кесиптик жана бүтпөгөн жогорку | 856 | 20,9 | 22,2 | 43,4 | 13,6 | 100 | 561 | 17,7 | 26,7 | 38,6 | 17,1 | 100 |
| **Жетиштүүлүгүнүн деңгээли** | | | | | | | | | | | | |
| Өтө жакыр | 791 | 12,1 | 24,8 | 50,1 | 13,1 | 100 | 660 | 14,5 | 25,2 | 45,3 | 15,0 | 100 |
| Экинчи | 732 | 14,4 | 25,7 | 48,6 | 11,3 | 100 | 555 | 10,3 | 25,1 | 48,4 | 16,2 | 100 |
| Орто | 622 | 14,7 | 21,1 | 51,6 | 12,5 | 100 | 454 | 11,4 | 21,6 | 52,0 | 15,0 | 100 |
| Төртүнчү | 698 | 16,1 | 23,7 | 40,7 | 19,5 | 100 | 447 | 18,9 | 23,7 | 36,6 | 20,7 | 100 |
| Өтө бай | 592 | 19,6 | 21,2 | 43,8 | 15,4 | 100 | 398 | 14,3 | 22,4 | 40,0 | 23,2 | 100 |
| **Улуту** | | | | | | | | | | | | |
| Кыргыздар | 2498 | 16,0 | 24,3 | 48,5 | 11,2 | 100 | 1911 | 13,7 | 25,9 | 46,0 | 14,4 | 100 |
| Өзбектөр | 435 | 13,9 | 23,4 | 54,3 | 8,4 | 100 | 312 | 15,4 | 16,8 | 50,5 | 17,3 | 100 |
| Орустар | 321 | 8,4 | 19,5 | 30,6 | 41,5 | 100 | 162 | 10,0 | 21,6 | 27,8 | 40,6 | 100 |
| Башкалар | 181 | 17,5 | 20,8 | 41,1 | 20,7 | 100 | 129 | 13,6 | 18,3 | 38,7 | 29,3 | 100 |

8.7-таблицада эрте үйлөнүү санынын өсүшүнүн себептери жөнүндө жүргүзүлгөн сурамжылоонун катышуучуларынын пикирлери келтирилген. Респонденттердин жоопторун изилдөө никеге эрте туруулардын санына өсүшүнө кыздардын өзүнүн мыйзам менен аныкталган курактан эрте күйөөгө чыгууну каалоосу (23 пайыз), жакырчылыктын өсүшү жана үй-бүлөнүн кызын күйөөгө батыраак берүүнү каалаганы (18 пайыз), жаштардын жыныстык эрте жетилүүсү (17 пайыз), кыздарга жашы жете электе никелешүүгө уруксат берген ислам жана башка диндердин таасиринин күчөшү (16 пайыз), жана ошондой эле жашы жетпегендерди никелешүү үчүн ала качуу учурларынын (11 пайыз) санынын өсүшүнө окшогон бир катар себептер таасирин тийгизип жатканын көрсөткөн. Кыздар үчүн күйөөгө чыгуудан башка келечек жок экенин сурамжылоонун катышуучуларынын 9 пайызы белгилеген.

Аялдар менен эркектердин эрте никелешүүлөрдүн санынын өсүшүнүн себептери боюнча берген жоопторунда эч кандай айырмачылыктар болгон эмес. Ошол эле убакта, кээ бир регионалдык өзгөчөлүктөр байкалат. Мисалы, кыздар үчүн келечектин жок экенин баарынан көп Талас жана Чүй областтарынын жашоочулары (18 и 17 пайыз, тийешелүү түрдө) айтышкан. Жашы жете электерди никелешүү үчүн ала качуу учурларынын санынын өсүшү жөнүндө баарынан көп Бишкек шаарынын респонденттери (19 пайыз), ошондой эле Баткен, Ысык-Көл жана Талас областтарынын респонденттери (12-13 пайыз) айтышкан. Кыздарга жашы жете электе никеге эрте турууга уруксат берген ислам жана башка диндердин таасиринин күчөшү жөнүндө Ош жана Баткен областтарынын жашоочулары (20-21пайыз) Талас жана Ысык-Көл областтарына (7 пайыздан) караганда көбүрөөк белгилешкен.

## 8.7-Таблица. Жашы жетпегендердин баш кошуусунун көбөйүш себептери

Жашы жетпеген кыздардын баш кошуусунун көбөйүш үч себебин билдирген аялдар менен эркектердин санынын отурукташкан жашоо жеринин түрү, областтар жана жаш курактары боюнча пайыздары

| | | Кыздар үчүн башка перспектива жок | Жакырчылык өсүп жатат жана ошондуктан жакыр үй-бүлөлөр кызын тезирээк күйөөгө берүүнү каалашат | Кыздарды никелешүү үчүн көп ала кача башташты | Кыздарга жаш кезинен никелешүүгө уруксат берген исламдын жана башка диндердин таасири күчөп жатат | Кыздардын улам көбү өздөрү эрте күйөөгө чыгууну каалашат | Жаштар жыныстык мамилелерге эрте барып жатышат | Кайнене менен күйөөсү келинди тарбиялап алыш үчүн | Башка | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | 5 949 | 8,6 | 18,5 | 10,7 | 15,5 | 23,1 | 17,3 | 5,0 | 1,3 | 100 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | | | | |
| Шаар | 2 425 | 7,3 | 18,8 | 13,7 | 15,9 | 21,1 | 17,5 | 4,5 | 1,2 | 100 |
| Айыл | 3 524 | 9,7 | 18,2 | 8,0 | 15,0 | 25,1 | 17,1 | 5,5 | 1,5 | 100 |
| **Областтар** | | | | | | | | | | |
| Баткен | 668 | 10,1 | 20,4 | 12,9 | 20,4 | 16,2 | 11,4 | 7,8 | 0,9 | 100 |
| Жалал-Абад | 735 | 4,8 | 13,1 | 5,7 | 17,0 | 30,9 | 19,3 | 6,2 | 2,9 | 100 |
| Ысык-Көл | 670 | 4,5 | 20,4 | 12,6 | 6,7 | 29,1 | 17,3 | 9,2 | 0,1 | 100 |
| Нарын | 666 | 7,2 | 18,1 | 6,1 | 17,5 | 26,9 | 17,4 | 3,3 | 3,4 | 100 |
| Ош | 674 | 8,8 | 18,0 | 6,4 | 21,2 | 22,7 | 17,2 | 5,3 | 0,4 | 100 |
| Талас | 644 | 17,6 | 19,2 | 12,2 | 6,8 | 28,0 | 13,3 | 2,8 | 0,0 | 100 |
| Чүй | 669 | 17,1 | 18,8 | 5,9 | 13,5 | 22,1 | 17,0 | 4,2 | 1,4 | 100 |
| Бишкек шаары | 658 | 7,8 | 20,2 | 19,0 | 14,4 | 18,0 | 17,7 | 2,5 | 0,5 | 100 |
| Ош шаары | 565 | 6,1 | 20,0 | 6,6 | 17,0 | 21,2 | 18,6 | 4,8 | 5,5 | 100 |
| **Курагы, жаш** | | | | | | | | | | |
| 18-20 | 265 | 8,2 | 15,5 | 13,1 | 14,6 | 26,8 | 17,2 | 4,2 | 0,4 | 100 |
| 21-30 | 1 139 | 9,1 | 18,7 | 11,2 | 14,5 | 23,2 | 16,6 | 5,5 | 1,1 | 100 |
| 31-40 | 1 331 | 10,6 | 18,0 | 11,6 | 15,7 | 21,3 | 17,3 | 3,6 | 2,0 | 100 |
| 41-50 | 1 302 | 6,8 | 20,4 | 9,1 | 15,5 | 24,2 | 16,8 | 5,9 | 1,5 | 100 |
| 51-60 | 1 032 | 8,9 | 17,9 | 9,2 | 18,2 | 22,2 | 18,4 | 4,4 | 0,8 | 100 |
| 61-70 | 574 | 7,5 | 18,9 | 11,6 | 14,0 | 22,4 | 18,0 | 4,1 | 3,5 | 100 |
| 70+ | 306 | 4,5 | 19,3 | 8,9 | 14,3 | 23,6 | 18,5 | 10,2 | 0,7 | 100 |

Сурамжылоонун ар бир бешинчи катышуучусу (20 пайызы) жашы жете электе күйөөгө берилген кыздарды билет. (Таблица 8.8). Аялдар менен эркектердин негизги бөлүгү (60 пайыздан көбү) 18 жашка чейинки куракта кыздарын күйөөгө берген ата-энелерди айыпташат. Бирок, кыздын укуктарынын бузулушуна кайыл болгондордун саны бир кыйла чоң - респонденттердин 27 пайызы жашы жете элек кыздарын күйөөгө береби же бербейби - бул толугу менен ата-эненин өзүнүн жеке иши деп айтышкан. Ал гана эмес, респонденттердин 4 пайызы кыздарын 18 жашка чыга электе күйөөгө берген ата-энелерди колдой турганын айтышкан.

Шаардын жашоочуларына (53 пайыз) караганда айылдын жашоочулары (65 пайыз) жашы жете элек кызын күйөөгө берген ата-энелерди көбүрөөк айыпташат. Айыл жергесинде жашаган респонденттердин арасында шаарлардын жашоочуларына караганда (23 пайыз жана 33 пайыз, тийешелүү түрдө) жашы жете элек кызын күйөөгө берүү ата-эненин жеке иши деп санагандар аздык кылат. Мындай тенденциялар шаардын жетиштүүлүгүнүн деңгээли менен байланыштуу экенин бир топ эле ишеним менен болжолдосо болот – айылдын жашоочуларына караганда шаардыктар, адатта, сырттан башкалардын кийлигишүүсүнө жол бербей жабыгыраак жашашат.

Жашы жете электе күйөөгө берилген кыздарды билген респонденттердин көбүрөөк саны Жалал-Абад, Ош (26 пайыздан), Нарын (24 пайыз) областтарына, ошондой эле Ош шаарына (23 пайыз) мүнөздүү. Ушул эле региондор диний баалуулуктарды өтө бийик деңгээлде колдой тургандыгы менен айырмаланып турат. Жашы жете электе, 18 жашка чыга электе күйөөгө берилген кыздарды билген сурамжылоонун катышуучулардын эң аз саны Ысык-Көл областында байкалган (13 пайыз). Бул маселе боюнча аялдар менен эркектердин берген жоопторунда өзгөчө айырмачылыктар аныкталган эмес .

**8.8 –Таблица. Респонденттердин жашы жетпеген кыздардын никеге тургандыгы жөнүндө маалыматынын бардыгы жана алардын ата-энесине карата болгон мамилелери**

18 жашка чыга электе күйөөгө берилген кыздарды билген аялдар менен эркектердин санынын отурукташкан жеринин түрү, областтар жана улуту боюнча пайызы, жана алардын кыздардын ата-энесине болгон мамилеси

| | Аялдардын жана эркектердин саны | 18 жашка чыга электе күйөөгө чыккан кыздарды өздөрү билишет | Кызын 18 жашка чыга электе күйөөгө берген ата-энелерди колдошот | Кызын 18 жашка чыга электе күйөөгө берген ата-энелерди айыпташат | Кызын 18 жашка чыга электе күйөөгө береби же бербейби бул ата-энение өзүнүн иши деп эсептешет, | ЖБК/ЖБ | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | 5949 | 20,4 | 3,6 | 60,7 | 26,7 | 9,0 | 100 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | |
| Шаар | 2425 | 19,8 | 2,6 | 53,3 | 32,8 | 11,3 | 100 |
| Айыл | 3524 | 20,8 | 4,1 | 64,8 | 23,4 | 7,8 | 100 |
| **Областтар** | | | | | | | |
| Баткен | 668 | 20,9 | 1,9 | 69,3 | 17,0 | 11,8 | 100 |
| Жалал-Абад | 735 | 25,5 | 3,5 | 73,4 | 18,5 | 4,6 | 100 |
| Ысык-Көл | 670 | 12,6 | 4,7 | 60,6 | 32,8 | 1,9 | 100 |
| Нарын | 666 | 23,6 | 2,4 | 71,4 | 20,1 | 6,1 | 100 |
| Ош | 674 | 25,5 | 3,7 | 60,7 | 33,2 | 2,4 | 100 |
| Талас | 644 | 16,8 | 1,4 | 66,5 | 26,3 | 5,7 | 100 |
| Чүй | 669 | 16,4 | 5,6 | 55,4 | 18,1 | 20,9 | 100 |
| Бишкек шаары | 658 | 15,6 | 3,3 | 41,4 | 39,5 | 15,8 | 100 |
| Ош шаары | 565 | 22,5 | 1,6 | 69,0 | 25,0 | 4,5 | 100 |
| **Улуту** | | | | | | | |
| Кыргыздар | 4409 | 20,8 | 3,3 | 62,1 | 26,5 | 8,1 | 100 |
| Өзбөктөр | 747 | 25,2 | 3,0 | 72,0 | 21,4 | 3,5 | 100 |
| Орустар | 483 | 7,1 | 2,4 | 37,1 | 38,3 | 22,3 | 100 |
| Башкалар | 310 | 22,4 | 10,5 | 47,7 | 27,3 | 14,5 | 100 |

8.9-таблицада берилген маалыматтар сурамжылоонун катышуучулары билген жашы 18 ге жете электе күйөөгө берилген кыздардын ичинен жарымынан азыраагы (45 пайыз) чоң адамдардын чечими боюнча берилгенин көрсөтүп турат. Ошонун ичинде ар бир бешинчи учурда чечимди кыздын ата-энеси (20 пайыз) жана ар бир төртүнчү учурда (25 пайыз) күйөө бала жана анын ата-энеси кабыл

алган. Аялдарга караганда (45 пайыз) эркектер (49 пайыз) күйөөгө чыгуу жөнүндө чечимди жашы жетпеген кыз өзү кабыл алган эмес деген көз карашта бир канча эсе көбүрөөк болушат.

Сурамжылоого катышуучулардын пикири боюнча айылдык кыздар (47 пайыз) шаарда жашаган кыздарга (54 пайыз) караганда күйөөгө чыгуу жөнүндө чечимди азыраак кабыл алышкан. Күйөөгө берүү жөнүндөгү чечим кабыл алуу жашы жете элек кыздын ата-энесине таандык болгонун шаар жергесинде жашаган аялдар (24 пайыз) 1,6 эсе көбүрөөк айтышкан. Ошол эле убакта, айыл жергесинде жашаган аялдар жашы жете элек кыздын күйөөгө чыгышы жөнүндөгү чечим күйөө бала жана анын ата-энеси тарабынан кабыл алынганын 1,5 эсе көбүрөөк айтышкан. Кызды күйөөгө берүү жөнүндө чечимди ким - кыздын ата-энесиби (20 пайыз жана 22 пайыз, тийешелүү түрдө) же күйөө бала жагыбы (29 пайыз жана 26 пайыз, тийешелүү түрдө) - кабыл алганы тууралуу шаарлардагы жана айыл жергесиндеги эркектердин пикирлери айырмаланбайт.

Ош шаарындагы (61 пайыз), Баткен жана Жалал-Абад областтарындагы (59 пайыздан) респонденттердин жарымынан көбү алар билген жашы жете элек кыздарды күйөөгө берүү жөнүндөгү чечим кабыл алуу чоңдорго таандык болгонун билдиришкен. Күйөөгө берүү жөнүндөгү чечим кабыл алуу жашы жете элек кыздын ата-энеси тарабынан кабыл алынганын билдирген аялдардын көбүрөөк саны Ош шаарында (36 пайыз) жана Жалал-Абад областында (22 пайыз) байкалган, ал эми алар билген жашы жете элек кыздын күйөөгө чыгышы жөнүндөгү чечим күйөө бала тарапка таандык болгонун билдирген аялдардын көбүрөөк саны - Ош областында 33 пайыз жана Ысык-Көл областында 26 пайыз.

## 8.9 –Таблица. Сурамжылоонун катышуучуларынын жашы жете элек кыздын күйөөгө чыгуучу убагы келди деп ким чечкендиги жөнүндө пикири

Жашы жете элек кыздын күйөөгө чыгуучу убагы келди деген чечимди кыздын ата-энеси, күйөө бала ж\а аны ата-энеси, кыздын өзү кабыл алды деп эсептеген аялдар менен эркектердин санынын пайызы , отурукташкан жеринин түрү, областтар жана улуту боюнча

| | Жашы 18 ге жете электе күйөөгө чыккан кыздарды билген аялдардын саны | Аялдар | | | | | | Жашы 18 ге жете электе күйөөгө чыккан кыздарды билген эркектердин саны | Эркектер | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кыздын ата-энеси | Күйөө бала ж\а анын ата-энеси | Кыздын өзү | Башкалар | ЖБК/ЖБ | Бардыгы | | Кыздын ата-энеси | Күйөө бала ж\а анын ата-энеси | Кыздын өзү | Башкалар | ЖБК/ЖБ | Бардыгы |
| Бардыгы | 730 | 18,0 | 23,8 | 50,4 | 3,1 | 4,6 | 100 | 437 | 21,4 | 26,6 | 46,6 | 0,6 | 4,8 | 100 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | | | | | | | | |
| Шаар | 315 | 23,5 | 18,4 | 53,8 | 2,7 | 1,6 | 100 | 159 | 20,4 | 28,6 | 50,1 | 0,1 | 0,9 | 100 |
| Айыл | 415 | 14,8 | 27,0 | 48,5 | 3,3 | 6,4 | 100 | 278 | 21,9 | 25,6 | 44,9 | 0,9 | 6,6 | 100 |
| **Областтар** | | | | | | | | | | | | | | |
| Баткен | 86 | 28,1 | 17,6 | 47,3 | 0,6 | 6,4 | 100 | 47 | 18,2 | 20,8 | 34,3 | 2,5 | 24,3 | 100 |
| Жалал-Абад | 113 | 21,5 | 25,1 | 44,8 | 1,0 | 7,5 | 100 | 69 | 33,9 | 26,3 | 37,7 | 0,0 | 2,1 | 100 |
| Ысык-Көл | 54 | 12,8 | 26,2 | 55,7 | 2,3 | 3,1 | 100 | 32 | 6,3 | 29,3 | 60,6 | 0,0 | 3,8 | 100 |
| Нарын | 87 | 18,9 | 5,1 | 70,0 | 4,8 | 1,3 | 100 | 67 | 16,2 | 9,5 | 72,5 | 1,8 | 0,0 | 100 |
| Ош | 112 | 13,6 | 32,8 | 50,3 | 0,5 | 2,9 | 100 | 63 | 24,0 | 33,0 | 42,4 | 0,0 | 0,6 | 100 |
| Талас | 63 | 11,3 | 14,1 | 58,8 | 8,2 | 7,5 | 100 | 44 | 14,7 | 1,4 | 70,9 | 10,3 | 2,7 | 100 |
| Чүй | 66 | 11,8 | 23,4 | 47,3 | 9,0 | 8,4 | 100 | 33 | 14,6 | 27,0 | 43,6 | 0,0 | 14,8 | 100 |
Жалпысынан республика боюнча жоопордун варианттарынын ичинен кызды ала качуу – бул салт боюнча үйлөнүү (10-16 пайыз), жана ошондой эле ата-энелери жаштардын үйлөнүүсүнө макулдугун беришкен жок (6–10 пайыз) деген жоопторду чанда гана тандашкан. Ошол эле убакта, кээ бир региондордо кыздарды ала качууну, баарынан мурда, Кыргыз Республикасында болгон маданий үрп-адаттар жана салттар менен акташат. Ошентип, Ысык-Көл областында кыздарды ала качуу учурларын үйлөнүүнүн салттуу түрү катары түшүнүү өтө көп тараган (аялдардын 36 пайызы жана эркектердин 58 пайызы). Чүй областынында аялдардын аз гана саны (6 пайыз) бул себепти көргөзгөн учурда эркектеринин көпчүлүгү (61 пайыз) так ушул себепти аташкан фактыны белгилей кетиш керек. Андан тышкары, Баткен областында аялдардын дээрлик 40 пайызы жана эркектердин 22 пайызы ата-энелердин жаштардын үйлөнүүсүнө каршы болушкан фактыны себеп катары аташкан.

8.18-таблицада респонденттердин тааныш кызын анын макулдугу жок ала качып кеткен уланга карата болгон жеке өздүк мамилесин көрсөтүп турат. Аялдар менен эркектердин көпчүлүгү (59 пайыз жана 49 пайыз, тиешелүү түрдө) кызды ала качып кеткен адамга терс мамиледе болушат. Алардын ичинде шаар жергесинде жашаган аялдардын саны (64 пайыз) эркектерге караганда (42 пайыз) бир топ көп болуп чыккан. Ала качкан адамга терс мамиледе болгон респонденттердин үлүшү, жашы 51-60 тагы аялдар менен эркектердин арасында (75 жана 76 пайыз, тийешелүү түрдө), анын ичинде баштапкы жана орто кесиптик билими бар аялдардын (71 пайыз) жана негизги жалпы билими бар эркектердин (56 пайыз) арасында олуттуу көптүк кылат.

Респонденттердин жоопторун алардын жетиштүүлүгүнүн деңгээлибоюнча изилдөөдө бай үй-чарбалыктарынан чыккан (төртүнчү деңгээлде) аялдардын арасында дээрлик 71 пайызы кызды анын макулдугу жок ала качып кеткен уланга терс мамиледе экенин, ал эми өтө жакыр үй-бүлөлөрдүн эркектеринин 64 пайыздын тегерегиндеги саны терс мамиледе экенин белгилесе болот. Ала качкан адамга терс мамиледе экенин айткандардын эң көп пайызы Талас областындагы (92 пайыз), Жалал-Абад областындагы (72 пайыз) жана Нарын областындагы (аялдардын 69 пайызы жана эркектердин 73 пайызы) аялдардын да, эркектердин да арасында аныкталган.

**8.18–Таблица. Респонденттердин кызды анын макулдугу жок ала качып кеткен уланга карата болгон мамилеси**

Аялдар менен эркектердин санынын ала качкан адамга карата болгон оң, нейтралдуу же терс мамилесине карата отурукташкан жашоо жеринин түрү, областтар, билим деңгээли, жетиштүүлүгүнүн деңгээли жана улуту боюнча пайызы

| | Аялдар | | | | Эркектер | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Оң | Нейтрал-дуу | Терс | ЖБК/ЖБ | Оң | Нейтрал-дуу | Терс | ЖБК/ЖБ |
| Бардыгы | 11,7 | 25,4 | 59,4 | 3,5 | 17,6 | 31,1 | 49,4 | 1,9 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | | |
| Шаар | 11,8 | 23,5 | 64,0 | 0,7 | 24,0 | 32,7 | 41,8 | 1,5 |
| Айыл | 11,7 | 26,7 | 56,3 | 5,3 | 14,1 | 30,2 | 53,5 | 2,2 |
| **Областтар** | | | | | | | | |
| Баткен | 4,7 | 9,0 | 70,2 | 16,1 | 0,0 | 20,3 | 44,0 | 35,7 |
| Жалал-Абад | 20,0 | 8,3 | 71,8 | 0,0 | 4,8 | 23,7 | 71,5 | 0,0 |
| Ысык-Көл | 10,2 | 27,1 | 62,7 | 0,0 | 18,1 | 50,6 | 31,3 | 0,0 |
| Нарын | 2,5 | 26,8 | 69,2 | 1,5 | 4,3 | 20,6 | 73,1 | 2,1 |
| Ош | 11,9 | 38,3 | 43,4 | 6,4 | 26,0 | 39,5 | 34,5 | 0,0 |
| Талас | 2,9 | 5,2 | 91,9 | 0,0 | 0,0 | 7,9 | 92,1 | 0,0 |
| Чүй | 8,0 | 23,4 | 64,1 | 4,5 | 9,4 | 24,8 | 65,8 | 0,0 |
| Бишкек шаары | 15,8 | 24,6 | 59,6 | 0,0 | 38,1 | 34,8 | 27,1 | 0,0 |
| Ош шаары | 8,2 | 26,8 | 63,4 | 1,6 | 10,3 | 35,0 | 51,9 | 2,8 |
| **Курагы, жаш** | | | | | | | | |
| 18-20 | 0,9 | 25,4 | 71,7 | 2,0 | 13,9 | 51,5 | 29,3 | 5,3 |
| 21-30 | 16,7 | 25,2 | 56,9 | 1,2 | 21,4 | 33,1 | 44,1 | 1,4 |
| 31-40 | 1,0 | 32,4 | 61,0 | 5,6 | 18,4 | 37,4 | 44,2 | 0,0 |
| 41-50 | 11,9 | 33,3 | 54,0 | 0,8 | 23,0 | 27,4 | 48,2 | 1,4 |
| 51-60 | 15,7 | 9,3 | 75,0 | 0,0 | 1,9 | 18,7 | 76,5 | 2,9 |
| 61-70 | 37,6 | 18,2 | 44,2 | 0,0 | 0,0 | 32,4 | 67,6 | 0,0 |

Аялдар менен эркектердин санынын ала качкан адамга карата болгон оң, нейтралдуу же терс мамилесине карата отуруктакшан жашоо жеринин түрү, областтар, билим деңгээли, жетиштүүлүгүнүн деңгээли жана улуту боюнча пайызы

| | Аялдар | | | | Эркектер | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Оң | Нейтрал-дуу | Терс | ЖБК/ЖБ | Оң | Нейтрал-дуу | Терс | ЖБК/ЖБ |
| 70+ | 0,0 | 24,4 | 37,7 | 37,8 | 49,7 | 0,0 | 41,3 | 9,0 |
| **Билим деңгээли** | | | | | | | | |
| Негизги жалпы (баштапкыны камтый) | 7,3 | 26,3 | 34,7 | 31,7 | 38,3 | 0,0 | 55,8 | 5,9 |
| Жалпы орто | 14,5 | 24,2 | 57,9 | 3,4 | 13,6 | 36,4 | 48,4 | 1,6 |
| Баштапкы жана орто кесиптик | 9,9 | 18,9 | 71,1 | 0,0 | 28,0 | 26,2 | 44,2 | 1,6 |
| Жогорку кесиптик жана бүтпөгөн жогорку | 9,8 | 31,1 | 58,8 | 0,3 | 12,5 | 31,6 | 53,9 | 2,0 |
| **Жетиштүүлүгүнүн деңгээли** | | | | | | | | |
| Өтө жакыр | 7,3 | 24,8 | 52,2 | 15,7 | 13,1 | 22,1 | 63,7 | 1,1 |
| Экинчи | 18,4 | 13,9 | 67,7 | 0,0 | 16,7 | 40,6 | 37,8 | 4,8 |
| Орто | 23,9 | 23,9 | 51,1 | 1,1 | 19,7 | 38,7 | 41,7 | 0,0 |
| Төртүнчү | 1,5 | 27,7 | 70,8 | 0,0 | 22,3 | 32,8 | 41,6 | 3,3 |
| Өтө бай | 5,2 | 39,5 | 53,4 | 1,9 | 18,8 | 25,1 | 54,6 | 1,5 |
| **Улуту** | | | | | | | | |
| Кыргыздар | 11,1 | 27,7 | 59,8 | 1,4 | 18,6 | 33,9 | 46,3 | 1,2 |
| Өзбөктөр | 14,5 | 14,8 | 53,2 | 17,5 | 7,7 | 10,6 | 74,6 | 7,2 |
| Орустар | 4,4 | 4,9 | 76,6 | 14,1 | 19,8 | 8,9 | 71,4 | 0,0 |
| Башкалар | 22,0 | 21,3 | 56,7 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 73,8 | 26,2 |

Респонденттердин жоопторунда болгон кээ бир гендердик жана регионалдык айырмачылыктарды белгилей кетиш керек. Сурамжылоо кызды ала качкан адамга эркектер (17 пайыздан көп) аялдарга (12 пайыздын тегеринде) караганда көбүрөөк оң мамиледе болорун көрсөткөн. Алардын арасында айылдыктарга (14 пайыз) караганда шаардык эркектер 1,7 эсе көп экени белгиленген. Жалал-Абад областында "оң" жооп берген аялдар эркектерге караганда 4 эсе көп, (5 пайыз), ал эми Ысык-Көл, Нарын, Ош областтарында жана Бишкек шаарында, тескерисинче, мындай пикирдеги эркектер аялдарга караганда эки эсе көп (18 ден 38 пайызга чейин). "Оң" жооп бергендердин ичинде 60 жаштагы жана андан улуу аялдар менен эркектер (37 жана 49 пайыз, тийешелүү түрдө) жана ошондой эле жалпы орто, орто кесиптик билими барлар (14 жана 28 пайыз) көптүк кылат.

Изилдөөнүн натыйжалары көргөзгөндөй, аялдардын төрттөн бири (25 пайыз) жана эркектердин үчтөн бири (31 пайыз) жерине карабастан кызды ала качкан адамга карата нейтралдуу позицияны ээлешкен. Мындай жооп бергендердин ичинде Ош областында жашаган аялдардын (38 пайыз), ал эми эркектердин Ысык-Көл областында жашагандарынын ( 50 пайыздан ары) үлүшү көп. 30 дан 50 жашка чейинки курактагы аялдар (32-33 пайыз) улуураак жаштагы респонденткаларга караганда нейтралдуу позициясын көбүрөөк билдиришкен. Бул 51-60 жаштагы (75 пайыз), кызды ала качкан уланга терс мамиледе болгон аялдардын чоң үлүшү менен шартталат. 18-20 жаштагы уландардын жарымынан көбү (51 пайыз) башка эркектерге караганда көбүрөөк "нейтралдуу" деген жоопту тандашканын белгилей кетиш керек. Мында, ушул жашынын группасынын өкүлдөрүнүн 29 пайызы гана ала качкан адамга мамилеси терс экенин, ал эми дээрлик 14 пайызы –оң экенин айтышкан. Мына ошентип, кызды ала качууга мамилеси оң болгондордун көпчүлүгү – бул жакыр үй-чарбалыктарынан чыккан, билим деңгээли төмөн айылдык жаштар. Ошону менен бирге, жалпысынан алганда, нейтралдуу позицияны ээлеген респонденттердин үлүшү, жогорку билими барлардын (31 пайыздан көп), жана ошондой эле абдан бай аялдардын жана кедей эркектердин арасында (39-40 пайыз) эң чоң.

Сурамжылоонун маалыматтары Нарын (никеге тургандардын санынын 20 пайызы), Ысык-Көл (18 пайыздын тегерегинде) жана Талас (10 пайыздын тегерегинде) областтарынын сурамжыланган үй-чарбалыктарынын мүчөлөрү үчүн кызды анын макулдугу жок ала качуу-

үйлөнүүнүн өтө көп тараган түрү экенин ырастап турат. Кыздарды ала качуу учурларына карата болгон мамилелери жана пикири көп учурда респонденттердин жынысына, анын жашаган жерине, билим деңгээлине жана жетиштүүлүгүнүн деңгээлина карата болот. Биздин өлкөдө мындай мыйзамга каршы практиканын болушу коомчулуктун чыдамдуулугунан жана калктын кыздарды алардын макулдугу жок ала качуу учурларына болгон токтоо мамилесинен колдоо таап турат. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза мыйзамдарына ылайык (КР КМ, 155 бер.), кызды ала качуу/уурдоо 10 жылга чейин эркинен ажыратуу каралган оор кылмыш катары квалификацияланат. Бирок, кыздарды ала качуу бардык жерлерде болуп жаткандыгы байкалат жана бул сферада укук колдонуу практикасы өтө начар. Республикада кыздарды ала качуулардын бирин – серин учурлары гана расмий түрдө катталат, ошондуктан ала качкан адамдар жана ошондой эле мыйзамга каршы иш-аракеттердин катышуучулары жоопкерчиликке тартылбай калат. Соттордо иштердин каралышында улуттук жана эл аралык мыйзамдардын ченемдерге караганда жөн, күнүмдүк укуктук ченемдерге артыкчылык берилет. Бул өзгөчө, салт жана үрп-адаттарга чоң маани берилген айыл жерлерине мүнөздүү.

Сурамжылоо аркылуу изилдөө улуттук мыйзамдар менен бекитилген кыздарды ала качуу үчүн болгон жоопкерчилик тууралуу эркектер менен аялдардын маалымдуулугунун деңгээли жөнүндө маселени камтыган. Респонденттерге мыйзамда кыздарды үйлөнүү максатында ала качуу үчүн жоопкерчилик каралганбы деген суроо берилген. Жоопкерчилик каралгандыгын ырастагандарга кандай жоопкерчилик каралгандыгы жөнүндө суроо берилген жана жооптордун бир нече варианттары сунушталган.

Шаар жергесинде да, айыл жергесинде да аялдар менен эркектердин көпчүлүгү (70-71 пайыз) кыздарды ала качкан үчүн мыйзам алдында жоопкерчилик каралганын билише турганы 8.19-таблицада көрүнүп турат. Маалымдуулуктун көбүрөөк жогору деңгээли Талас (82 и 87 пайыз, тийешелүү түрдө), Баткен (77 жана 79 пайызы), Ош (76 жана 75 пайызы) жана Жалал-Абад ( 75 пайыздан) областтарындагы аялдар менен эркектердин арасында, жана ошондой эле Ош шаарынын эркектеринин (74 пайыз) арасында белгиленген. Маалымдуулуктун өтө төмөн деңгээли Нарын областынын респонденттеринин арасында (аялдардын 44 пайызы жана эркектердин 47 пайызы) белгиленген. Мында, кыздарды ала качуу үчүн каралган кылмыш-жаза жоопкерчилиги тууралуу орто жашындагы 40 дан 60 жашка чейинки (72-73 пайыз), жана өзгөчө 61-70 жаштагы (77 пайыз) эркектердин көбүрөөк маалыматы бар болуп чыккан. Аялдардын да, эркектердин да (74 жана 75 пайыз) билим деңгээли жогорулаган сайын маалымдуулугунун деңгээли да өскөн. Жетиштүүлүгүнүн деңгээли орто денгээлде болгон үй-чарбалыктарынын арасында маалымдуулук абдан жогору (73-74 пайыз).

Ошондой эле, 8.19-таблицада респонденттердин кызды ала качуу үчүн кандай жоопкерчилик каралганы тууралуу маалымдуулугу жөнүндө маалыматтар келтирилген. Шаар жергелеринде да, айыл жеринде да дээрлик бирдей аялдардын 41 пайызы жана эркектердин 44 пайызы "3 жылдан 10 жылга чейин эркинен ажыратуу" деген туура жоопту тандашкан. Туура жоопту тандоонун жогорку көрсөткүчтөрү Ысык-Көл (62 жана 58 пайыз, тийешелүү түрдө), Талас (53 жана 61 пайыз) жана Ош (51 жана 48 пайыз) областтарындагы аялдар менен эркектердин, жана ошондой эле Чүй областынындагы эркектердин (53 пайыз) арасында белгиленген. Кызды анын макулдугу жок ала качуу үчүн каралган кылмыш-жаза жоопкерчилигин билүүнүн эң төмөн деңгээли Баткен областында (21 пайыз), өзгөчө эркектердин арасында (18 пайыз) аныкталган. Бул алардын дээрлик жарымы (48 пайыз) жоопкерчиликтин чарасын 3 жылга чейин эркинен ажыратуу деп туура эмес көрсөткөнү менен шартталган.

Берилген маалыматтар боюнча 18-20 жаштагы уландар менен кыздардын жарымы (48-50 пайыз) улуу жаш топторундагы (60 жаштан улуу) респонденттерге жана никеде тургандарга салыштырмалуу жоопкерчилик чарасын туура көргөзүшкөн.

Кызды мажбурлап үйлөнүү үчүн ала качууга каралган жоопкерчилик тууралуу маалымдуулук аялдардын да, эркектердин да ( 34 төн  45 пайызга чейин) билим деңгээлинин, жана ошондой эле респонденттердин жетиштүүлүгүнүн деңгээлинун деңгээлинин ( аялдарда 37 ден 43 пайызга чейин, эркектерде 43 төн 51 пайызга чейин) өсүшү менен  жогорулайт.

Аялды анын макулдугу жок ала качууга барган күнөөкөөрлөрдү жоопко тартуунун көйгөйлөрүнүн бири зордуктун курманы болгон аялдардын өздөрүнүн ала качкан адамдын үйүнөн кетүүнү жана укук коргоо органдарына арыз менен кайрылууну каалабагандыгы.  Изилдөө жүргүзүүдө респонденттерге анын макулдугу жок үйлөнүү үчүн ала качып кеткенде, кыз эмне кылышы керек деген алардын пикирин мүнөздөй турган суроо берилген. “Кыздын кетип калганы жакшы” же “кыздын отуруп калганы жана ала качкан адамга күйөөгө  чыкканы жакшы” деген жооптун эки вариантынын бирин тандап алуу сунушталган. Жооптун экинчи вариантын тандап алгандарга эмне үчүн кыздын отуруп калганы жакшы  деген кошумча суроо берилген, жана мажбурлаган никени актай турган себептердин бир нече варианттары сунушталган.

## 8.19- Таблица. Кыздарды үйлөнүү үчүн ала качуу үчүн жоопкерчилик жөнүндө кабардар болуу

Аялдар менен эркектердин санынын ала качууга карата болгон жоопкерчилик жөнүндө маалымдуулугунун отурукташкан жашоо жеринин түрү,облусттар, билим деңгээли, жетиштүүлүгүнүн деңгээли жана улуту боюнча пайызы

| | Аялдар | | | | | | Эркектер | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Жоопкерчилик жөнүндө маалыматы бар | Жоопкерчиликтин түрү | | | | | Жоопкерчилик жөнүндө маалыматы бар | Жоопкерчиликтин түрү | | | | |
| | | штраф | 3 жылга чейин эркинен ажыратуу | 3 дөн 10 жылга чейин эркинен ажыратуу | 11 ден 20 жылга чейин эркинен ажыратуу | ЖБК/ЖБ | | штраф | 3 жылга чейин эркинен ажыратуу | 3 дөн 10 жылга чейин эркинен ажыратуу | 11 ден 20 жылга чейин эркинен ажыратуу | ЖБК/ЖБ |
| Бардыгы | 69,6 | 16,9 | 28,0 | 41,2 | 1,9 | 11,9 | 71,0 | 16,9 | 26,3 | 43,6 | 1,5 | 11,6 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | | | | | | |
| Шаар | 68,8 | 14,9 | 32,3 | 39,0 | 2,1 | 11,7 | 71,2 | 15,2 | 27,2 | 42,2 | 1,4 | 14,0 |
| Айыл | 70,0 | 18,1 | 25,4 | 42,6 | 1,8 | 12,0 | 70,9 | 17,8 | 25,9 | 44,3 | 1,6 | 10,5 |
| **Областтар** | | | | | | | | | | | | |
| Баткен | 77,2 | 26,7 | 38,1 | 24,2 | 1,0 | 10,0 | 78,9 | 26,1 | 48,1 | 18,5 | 1,0 | 6,2 |
| Жалал-Абад | 75,4 | 21,3 | 11,0 | 41,2 | 0,7 | 25,9 | 75,1 | 24,1 | 13,4 | 39,2 | 1,4 | 21,9 |
| Ысык-Көл | 56,9 | 9,8 | 25,2 | 62,0 | 2,0 | 1,0 | 63,8 | 10,6 | 28,1 | 57,8 | 0,3 | 3,2 |
| Нарын | 44,3 | 17,5 | 44,9 | 32,9 | 1,4 | 3,3 | 47,3 | 14,2 | 43,4 | 34,6 | 4,8 | 3,0 |
| Ош | 75,9 | 19,5 | 20,2 | 51,5 | 3,2 | 5,6 | 75,4 | 20,7 | 23,4 | 48,5 | 1,8 | 5,5 |
| Талас | 81,8 | 4,8 | 34,0 | 53,5 | 0,2 | 7,4 | 87,0 | 4,3 | 31,4 | 61,1 | 0,4 | 2,8 |
| Чүй | 62,0 | 13,8 | 37,4 | 37,1 | 2,5 | 9,2 | 64,0 | 10,0 | 28,0 | 53,1 | 1,9 | 7,0 |
| Бишкек шаары | 68,9 | 11,8 | 39,9 | 34,5 | 2,3 | 11,5 | 69,1 | 9,8 | 30,9 | 40,2 | 1,5 | 17,7 |
| Ош шаары | 68,9 | 19,5 | 24,0 | 33,1 | 1,3 | 22,2 | 74,3 | 18,9 | 21,6 | 35,2 | 0,9 | 23,4 |
| **Курагы, жаш** | | | | | | | | | | | | |
| 18-20 | 63,0 | 11,1 | 19,3 | 50,2 | 5,4 | 13,9 | 66,3 | 19,0 | 23,0 | 48,5 | 0,7 | 8,7 |
| 21-30 | 71,3 | 19,4 | 28,1 | 40,5 | 1,8 | 10,3 | 70,1 | 12,8 | 25,7 | 47,5 | 1,1 | 12,9 |
| 31-40 | 67,5 | 17,7 | 29,7 | 42,3 | 1,4 | 9,0 | 71,0 | 16,9 | 24,0 | 45,4 | 1,8 | 12,0 |
| 41-50 | 72,7 | 17,0 | 31,9 | 38,3 | 2,0 | 10,8 | 73,9 | 20,3 | 28,3 | 40,7 | 0,9 | 9,8 |
| 51-60 | 72,2 | 16,5 | 25,6 | 44,9 | 1,8 | 11,2 | 67,8 | 19,2 | 28,3 | 46,0 | 1,2 | 5,3 |
| 61-70 | 65,8 | 11,3 | 27,6 | 36,7 | 1,0 | 23,4 | 77,0 | 19,8 | 23,7 | 33,7 | 2,4 | 20,5 |
| 70+ | 63,1 | 17,8 | 24,8 | 36,6 | 1,9 | 18,9 | 72,3 | 6,7 | 33,9 | 31,0 | 6,4 | 22,0 |
| **Билим деңгээли** | | | | | | | | | | | | |
| Негизги жалпы (баштапкыны камтый) | 59,0 | 17,8 | 24,9 | 34,3 | 3,5 | 19,4 | 66,7 | 11,8 | 31,8 | 33,8 | 1,5 | 21,2 |
| Жалпы орто | 68,9 | 18,3 | 25,7 | 40,9 | 1,4 | 13,6 | 69,5 | 18,5 | 25,4 | 43,0 | 1,0 | 12,1 |
| Баштапкы жана орто кесиптик | 69,8 | 15,1 | 28,8 | 42,0 | 4,0 | 10,0 | 71,5 | 18,6 | 26,1 | 44,7 | 1,7 | 8,9 |
| Жогорку кесиптик жана бүтпөгөн жогорку | 74,4 | 15,9 | 32,1 | 43,2 | 0,4 | 8,5 | 75,3 | 14,3 | 26,3 | 47,1 | 2,3 | 9,9 |
| **Жетиштүүлүгүнүн деңгээли** | | | | | | | | | | | | |
| Өтө жакыр | 67,3 | 19,0 | 29,4 | 36,7 | 1,4 | 13,6 | 71,4 | 19,3 | 25,7 | 43,2 | 1,4 | 10,4 |
| Экинчи | 71,6 | 17,9 | 26,6 | 39,6 | 1,6 | 14,4 | 73,2 | 15,9 | 28,8 | 41,9 | 1,7 | 11,7 |
| Орто | 73,0 | 17,2 | 25,3 | 46,0 | 1,5 | 10,0 | 74,3 | 17,5 | 25,3 | 42,5 | 1,0 | 13,6 |
| Төртүнчү | 70,2 | 13,4 | 28,1 | 42,7 | 4,4 | 11,3 | 66,0 | 18,5 | 28,1 | 41,7 | 2,7 | 9,0 |
| Өтө бай | 65,4 | 16,6 | 31,6 | 42,8 | 0,5 | 8,5 | 68,7 | 11,3 | 22,6 | 51,4 | 0,5 | 14,2 |

Аялдар менен эркектердин санынын   ала качууга карата болгон жоопкерчилик жөнүндө маалымдуулугунун  отурукташкан жашоо жеринин түрү,областтар, билим деңгээли, жетиштүүлүгүнүн деңгээли жана улуту боюнча пайызы

| | Аялдар | | | | | | Эркектер | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Жоопкерчилик жөнүндө маалыматы бар | Жоопкерчиликтин түрү | | | | | Жоопкерчилик жөнүндө маалыматы бар | Жоопкерчиликтин түрү | | | | |
| | | штраф | 3 жылга чейин эркинен ажыратуу | 3 дөн 10 жылга чейин эркинен ажыратуу | 11 ден 20 жылга чейин эркинен ажыратуу | ЖБК/ЖБ | | штраф | 3 жылга чейин эркинен ажыратуу | 3 дөн 10 жылга чейин эркинен ажыратуу | 11 ден 20 жылга чейин эркинен ажыратуу | ЖБК/ЖБ |
| **Улуту** | | | | | | | | | | | | |
| Кыргыздар | 72,9 | 16,8 | 29,0 | 42,5 | 1,6 | 10,0 | 73,0 | 17,5 | 28,3 | 44,0 | 1,5 | 8,7 |
| Өзбөктөр | 61,0 | 23,5 | 21,8 | 36,7 | 1,9 | 16,1 | 67,9 | 17,6 | 15,8 | 44,8 | 1,3 | 20,4 |
| Орустар | 65,2 | 8,5 | 28,6 | 43,1 | 5,2 | 14,7 | 62,6 | 10,5 | 26,3 | 37,7 | 1,1 | 24,4 |
| Башкалар | 57,4 | 16,7 | 28,1 | 30,8 | 0,0 | 24,4 | 64,3 | 14,4 | 26,2 | 41,6 | 1,7 | 16,1 |

8.20-таблицада берилген маалыматтар респонденттер үйлөнүү үчүн анын макулдугу жок ала качып кеткенде кыз ала качып кеткен адамдан кетип калышы керек деген пикирде экенин көргөзүп турат (аялдардын 78 пайызга жана эркектердин 74 пайызга жакыны). Республиканын шаарларындагы жана айылдарындагы аялдар менен эркектердин болжол менен бирдей саны ушундай ойлошот. Аялдар менен эркектердин басымдуу көпчүлүгү (95 жана 96 пайыз, тийешелүү түрдө) ала качканда кыз кетип калышы керек деп эсептеген Талас областы баардык региондордун фонунда өзгөчөлөнүп турат. Мындай жооп бергендердин жогору пайызы ошондой эле Нарын (аялдардын 85 пайызы жана эркектердин 78 пайызы) жана Жалал-Абад (83 пайыздан) областтарында, жана ошондой эле Бишкек шаарында (83 жана 67 пайыз, тийешелүү түрдө) байкалат. Мында, респонденттердин жоопторунун деңгээлинин ортосунда жашына байланыштуу олуттуу айырмачылыктар байкалган эмес.

Аялдардын дагы, эркектердин дагы (83 жана 77 пайыз, тийешелүү түрдө) билим деңгээли жогорулаган сайын кыз ала качып кеткен адамдан кетип калышы керек деген пикир менен макул болуунун деңгээли да өсө баштаган. Жетиштүүлүгүнүн деңгээлинун деңгээлинин жогорулашы менен кыздын ала качып кетишкендеги мындай иш-аракетин аялдар эркектерге (81 жана 73 пайыз, тийешелүү түрдө) караганда көбүрөөк колдошкон. Ошол эле убакта, эркектер арасында эң жогорку пайыз жашоосу орто үй-чарбалыктарында белгиленген.

**8.20-Таблица. Кыздын отуруп калышы жана ала качкан адамга турмушка чыгышы жөнүндө пикирлер**

Ала качып кеткенде кыздын кетип калышы же калып ала качкан адамга күйөөгө чыгышы керек деп эсептеген аялдар менен эркектердин отурукташкан жашоо жеринин түрү,областтар, билим деңгээли, жетиштүүлүгүнүн деңгээли жана улуту боюнча пайызы

| | Аялдар | | | Эркектер | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Кыздын кетип калганы жакшы | Кыздын отуруп калганы жана ала качкан адамга күйөөгө чыкканы жакшы | ЖБК/ЖБ | Кыздын кетип калганы жакшы | Кыздын отуруп калганы жана ала качкан адамга күйөөгө чыкканы жакшы | ЖБК/ЖБ |
| Бардыгы | 77,8 | 16,8 | 5,4 | 73,6 | 20,6 | 5,8 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | |
| Шаар | 81,0 | 15,2 | 3,8 | 71,5 | 24,0 | 4,5 |
| Айыл | 75,8 | 17,8 | 6,4 | 74,7 | 18,9 | 6,4 |
| **Областтар** | | | | | | |
| Баткен | 68,8 | 26,8 | 4,4 | 62,2 | 31,5 | 6,3 |
| Жалал-Абад | 82,9 | 6,3 | 10,8 | 82,8 | 6,9 | 10,2 |
| Ысык-Көл | 72,7 | 24,8 | 2,5 | 66,8 | 31,3 | 1,9 |
| Нарын | 84,8 | 13,3 | 1,9 | 78,2 | 16,2 | 5,5 |
| Ош | 73,4 | 24,8 | 1,9 | 71,6 | 27,2 | 1,2 |
| Талас | 95,6 | 3,0 | 1,3 | 94,7 | 4,6 | 0,6 |
| Чүй | 72,5 | 13,7 | 13,8 | 72,5 | 13,3 | 14,2 |
| Бишкек шаары | 83,4 | 15,7 | 0,9 | 66,9 | 31,2 | 1,9 |
| Ош шаары | 77,9 | 19,0 | 3,1 | 74,5 | 23,3 | 2,2 |
| **Курагы, жаш** | | | | | | |
| 18-20 | 79,5 | 15,3 | 5,2 | 70,5 | 23,4 | 6,0 |
| 21-30 | 78,1 | 15,1 | 6,8 | 74,5 | 19,5 | 6,1 |
| 31-40 | 78,6 | 16,5 | 4,8 | 75,9 | 20,3 | 3,8 |
| 41-50 | 79,4 | 17,3 | 3,3 | 73,2 | 21,2 | 5,6 |
| 51-60 | 78,2 | 16,5 | 5,4 | 72,3 | 19,2 | 8,5 |
| 61-70 | 69,5 | 23,5 | 7,0 | 73,4 | 21,2 | 5,4 |
| 70+ | 77,2 | 16,4 | 6,4 | 70,5 | 26,5 | 3,1 |
| **Билим деңгээли** | | | | | | |
| Негизги жалпы (баштапкыны камтый) | 63,5 | 24,8 | 11,7 | 69,1 | 25,6 | 5,3 |
| Жалпы орто | 77,1 | 18,3 | 4,6 | 73,6 | 19,9 | 6,4 |
| Баштапкы жана орто кесиптик | 78,9 | 15,8 | 5,3 | 71,5 | 23,4 | 5,1 |
| Жогорку кесиптик жана бүтпөгөн жогорку | 83,3 | 12,0 | 4,7 | 77,3 | 17,4 | 5,2 |

Ала качып кеткенде кыздын кетип калышы же калып ала качкан адамга күйөөгө чыгышы керек деп эсептеген аялдар менен эркектердин отурукташкан жашоо жеринин түрү,областтар, билим деңгээли, жетиштүүлүгүнүн деңгээли жана улуту боюнча пайызы

| | Аялдар | | | Эркектер | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Кыздын кетип калганы жакшы | Кыздын отуруп калганы жана ала качкан адамга күйөөгө чыкканы жакшы | ЖБК/ЖБ | Кыздын кетип калганы жакшы | Кыздын отуруп калганы жана ала качкан адамга күйөөгө чыкканы жакшы | ЖБК/ЖБ |
| **Жетиштүүлүгүнүн деңгээли** | | | | | | |
| Өтө жакыр | 75,2 | 18,9 | 5,9 | 73,1 | 20,5 | 6,5 |
| Экинчи | 77,6 | 18,4 | 4,0 | 72,1 | 23,3 | 4,6 |
| Орто | 79,1 | 15,6 | 5,2 | 80,0 | 15,4 | 4,6 |
| Төртүнчү | 77,8 | 16,1 | 6,0 | 70,2 | 25,0 | 4,8 |
| Өтө бай | 80,7 | 13,4 | 6,0 | 72,6 | 18,3 | 9,1 |
| **Улуту** | | | | | | |
| Кыргыздар | 78,9 | 16,8 | 4,3 | 73,9 | 21,0 | 5,1 |
| Өзбөктөр | 71,8 | 21,6 | 6,6 | 73,6 | 20,2 | 6,2 |
| Орустар | 82,9 | 8,0 | 9,1 | 78,0 | 12,8 | 9,3 |
| Башкалар | 71,5 | 18,9 | 9,6 | 66,7 | 24,4 | 8,8 |

Ошону менен бирге, респонденттердин болжол менен бештен бири (аялдардын 17 пайызы жана эркектердин 21 пайызы) ала качып кетишкенде кыздын отуруп калып ала качкан адамга күйөөгө чыкканы жакшы деп эсептешет. Мында, эгерде мындай көз караште болгон эркектердин саны шаар жергесинде аялдарга караганда үчтөн экиге көп болсо, айылдарда аялдар менен эркектердин бирдей саны (17-18 пайыз) ушундай деп эсептешет. Булардын ичинде Баткен (аялдардын 27 пайызы жана эркектердин 31 пайызы), Ысык-Көл (аялдардын 25 пайызы жана эркектердин 31 пайызы) жана Ош (аялдардын 25 пайызы жана эркектердин 27 пайызы) областтарынын жашоочулары, жана ошондой эле Бишкек шаарындагы мындай ойдогу аялдарга караганда саны эки эсе көбүрөөк болгон эркектер (31 пайыз) өзгөчө бөлүнүп турат. Кыздын ала качып кеткен адам менен үйлөнүүсүн туура көргөндөрдүн эң аз саны Талас областында (аялдардын 3 пайызы жана эркектердин 5 пайызы), жана ошондой эле 30 жашка чейинки жаш аялдардын (15 пайыз), жогорку билимдүү аялдардын ичинде (12 пайыз), жана Жетиштүүлүгүнүн деңгээлижогору болгон үй-чарбалыктарында (13 пайыз) байкалган.

Ала качкан адам менен үйлөнүүнү колдогон эркектердин үлүшү баардык жаш курактарынын топторундагы аялдарга салыштырганда жогору. Бул көрүнүш, өзгөчө18-20 дагы жаштардын (23 пайыз) жана 70 жаштан улуу эркектердин (26 пайыз), жакыр дагы, бай дагы үй-бүлөлөрдөгү билим деңгээли төмөн жана кесиптик-техникалык билими бар эркектердин (23-25 пайыз), ар түрдүү улуттагы эркектердин (20-24 пайыз) арасында байкаларын белгилей кетүү керек.

Кыздардын ала качып кеткенде кандай себептер менен мажбурдуу никеге тураарын иликтөө үчүн сурамжылоонун жүрүшүндө эмне үчүн кыздын калганы жана ала качкан адамга күйөөгө чыкканы жакшы тууралуу респонденттердин пикири изилденген. 8.21-таблицада респонденттер кыздын мажбурдуу никеге турушун актоо иретинде белгилеген негизги себептерин көргөзүп турат. Жалпысынан, кыз кетип калганда ата-энесинин, туугандарынын, тааныштарынын же кошуналарынын айыптоосуна кабыл болот деп эсептегендердин үлүшү абдан көп (39 пайыз). Аялдар менен эркектердин ортосундагы мажбурдуу үйлөнүүнү актоо боюнча көрсөткүчтөрдүн өтө чоң айырмачылыктарынын себеби, “кыз баш ийиш керек” деген пикирде (аялдардын 25 пайызы жана эркектердин 34 пайызы ушундай пикирде). Мындан тышкары, аялдардын дээрлик төрттөн бири (24 пайыз) жана эркектердин бештен бири (20 пайыз) кыз зордукчудан кетип калгандан кийин аны эч ким күйөөгө албайт деп эсептешет. Орто эсеп менен, аялдар менен эркектер кыздардын никеге мажбурдуу макул болушунун негизи катары ата-энеси аны үй-бүлөгө кайра кабыл албайт (5-7 пайыз),

ошондой эле анын бара турган жери жок болуп калат (4-5 пайыз) деген себептерди бир канча эсе сейрек аташкан.

**8.1-Сүрөт. Эмне үчүн кыздын калганы жана ала качкан адамга турмушка чыкканы тууралуу аялдар менен эркектердин пикири**
*(пайыз менен)*




**8.21-Таблица. Эмне үчүн кыздын отуруп калганы жана ала качкан адамга күйөөгө чыкканы жакшы тууралуу пикирлер**

Ала качып кеткенде кыздын отуруп калганы жана ала качкан адамга күйөөгө чыгышы жакшы деп эсептеген аялдар менен эркектердин отурукташкан жашоо жеринин түрү,областтар, билим деңгээли, жетиштүүлүгүнүн деңгээли боюнча пайызы

| | Аялдар | | | | | | | Эркектер | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Эмне үчүн кыздын отуруп калганы жана ала качкан адамга күйөөгө чыкканы жакшы | | | | | | | Эмне үчүн кыздын отуруп калганы жана ала качкан адамга күйөөгө чыкканы жакшы | | | | | | |
| | Элдер айыт-пайт | Кыз баш ийиш керек | Эч ким кийин күйөө-гө ал-байт | Ата-эне-си ка-был ал-байт | Анын барар жери жок болот | Баш-ка | ЖБК /ЖБ | Эл-дер айыт пайт (кү-нөө-лөйт) | Кыз баш ий-иш ке-рек | Эч ким ки-йин күй-өөгө ал-байт | Ата-эне-си ка-был ал-байт | Анын ба-рар жери жок болот | Баш ка | ЖБК /ЖБ |
| Бардыгы | 38,8 | 25,4 | 24,3 | 5,3 | 6,3 | 3,9 | 14,0 | 38,5 | 34,4 | 20,4 | 6,5 | 5,5 | 4,8 | 12,2 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | | | | | | | | |
| Шаар | 29,6 | 13,5 | 26,2 | 2,9 | 7,5 | 1,5 | 25,6 | 37,1 | 24,5 | 15,7 | 4,7 | 8,0 | 5,6 | 18,6 |
| Айыл | 43,7 | 31,8 | 23,2 | 6,6 | 5,6 | 5,2 | 7,8 | 39,4 | 40,5 | 23,3 | 7,7 | 3,9 | 4,2 | 8,3 |
| **Областтар** | | | | | | | | | | | | | | |
| Баткен | 46,9 | 20,8 | 38,9 | 2,2 | 1,5 | 3,3 | 5,6 | 55,1 | 31,2 | 23,3 | 2,8 | 2,2 | 1,6 | 11,7 |
| Жалал-Абад | 8,6 | 22,2 | 26,8 | 5,3 | 5,0 | 0,0 | 32,1 | 15,2 | 37,0 | 30,1 | 0,0 | 5,2 | 0,0 | 12,4 |
| Ысык-Көл | 48,7 | 57,1 | 22,7 | 0,9 | 9,7 | 0,0 | 0,9 | 54,2 | 59,4 | 22,6 | 0,7 | 11,0 | 1,3 | 2,0 |
| Нарын | 30,3 | 15,3 | 22,1 | 6,5 | 16,0 | 8,6 | 6,6 | 27,9 | 26,9 | 21,6 | 0,0 | 0,0 | 9,3 | 14,3 |
| Ош | 48,4 | 32,7 | 30,4 | 10,6 | 6,9 | 0,0 | 3,4 | 34,8 | 46,7 | 29,7 | 13,7 | 5,5 | 2,4 | 0,0 |
| Талас | 10,8 | 47,5 | 8,9 | 0,0 | 20,8 | 0,0 | 12,1 | 35,3 | 46,6 | 9,6 | 0,0 | 8,4 | 0,0 | 0,0 |
| Чүй | 36,6 | 16,6 | 10,4 | 6,6 | 1,5 | 20,8 | 16,8 | 35,4 | 12,9 | 10,4 | 10,8 | 0,0 | 13,5 | 31,2 |
| Бишкек шаары | 24,2 | 9,5 | 14,4 | 0,7 | 7,7 | 2,1 | 41,6 | 37,8 | 19,8 | 7,0 | 4,5 | 7,6 | 9,1 | 26,0 |
| Ош шаары | 44,1 | 12,8 | 25,0 | 5,7 | 8,4 | 2,8 | 3,9 | 33,5 | 24,8 | 28,2 | 7,1 | 4,2 | 0,0 | 3,7 |
| **Курагы, жаш** | | | | | | | | 1,5 | | | | | | |
| 18-20 | 36,1 | 29,4 | 28,7 | 0,0 | 16,3 | 0,0 | 17,3 | 42,1 | 35,0 | 17,2 | 8,0 | 16,4 | 7,5 | 2,0 |
| 21-30 | 38,3 | 17,7 | 22,2 | 2,9 | 10,9 | 7,0 | 13,3 | 36,4 | 27,7 | 28,1 | 7,2 | 4,9 | 5,6 | 13,0 |
| 31-40 | 43,8 | 32,7 | 17,2 | 0,4 | 5,0 | 3,9 | 13,0 | 34,5 | 36,6 | 19,1 | 12,5 | 3,8 | 2,8 | 13,8 |
| 41-50 | 37,7 | 26,4 | 24,7 | 15,0 | 3,3 | 1,3 | 11,3 | 40,9 | 26,9 | 16,7 | 3,8 | 5,1 | 4,3 | 18,7 |
| 51-60 | 35,1 | 25,2 | 32,8 | 1,8 | 4,2 | 6,0 | 13,4 | 51,1 | 43,3 | 13,9 | 3,2 | 7,9 | 4,5 | 5,5 |

Ала качып кеткенде кыздын отуруп калганы жана ала качкан адамга күйөөгө чыгышы жакшы деп эсептеген аялдар менен эркектердин отурукташкан жашоо жеринин түрү,областтар, билим деңгээли, жетиштүүлүгүнүн деңгээли боюнча пайызы

| | Аялдар | | | | | | | Эркектер | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Эмне үчүн кыздын отуруп калганы жана ала качкан адамга күйөөгө чыкканы жакшы | | | | | | | Эмне үчүн кыздын отуруп калганы жана ала качкан адамга күйөөгө чыкканы жакшы | | | | | | |
| | Элдер айыт-пайт | Кыз баш ийиш керек | Эч ким кийин күйөө-гө ал-байт | Ата-эне-си ка-был ал-байт | Анын барар жери жок болот | Баш-ка | ЖБК /ЖБ | Эл-дер айыт пайт (кү-нөө-лөйт) | Кыз баш ий-иш ке-рек | Эч ким ки-йин күй-өөгө ал-байт | Ата-эне-си ка-был ал-байт | Анын ба-рар жери жок болот | Баш ка | ЖБК /ЖБ |
| 61-70 | 42,2 | 27,4 | 28,4 | 12,0 | 2,0 | 0,0 | 16,7 | 27,0 | 39,5 | 18,9 | 5,3 | 0,0 | 1,6 | 20,2 |
| 70+ | 32,1 | 20,6 | 19,9 | 0,0 | 4,9 | 7,2 | 23,3 | 27,8 | 46,9 | 32,1 | 2,0 | 1,7 | 11,8 | 1,4 |
| **Билим деңгээли** | | | | | | | | 1,2 | | | | | | |
| Негизги жалпы (баштапкыны камтый) | 47,6 | 23,3 | 23,6 | 4,6 | 3,4 | 9,1 | 9,4 | 26,5 | 31,6 | 34,7 | 10,3 | 2,0 | 7,3 | 11,6 |
| Жалпы орто | 38,3 | 32,8 | 24,6 | 5,1 | 6,8 | 1,5 | 10,5 | 39,7 | 41,8 | 20,1 | 6,3 | 7,6 | 2,8 | 8,0 |
| Баштапкы жана орто кесиптик | 39,3 | 15,7 | 22,8 | 10,1 | 5,1 | 5,0 | 18,4 | 47,1 | 28,1 | 16,8 | 6,0 | 4,9 | 5,1 | 15,7 |
| Жогорку кесиптик жана бүтпөгөн жогорку | 32,8 | 18,8 | 25,6 | 0,4 | 8,6 | 5,2 | 21,5 | 31,8 | 26,5 | 17,5 | 5,7 | 3,2 | 7,5 | 18,0 |
| **Жетиштүүлүгүнүн деңгээли** | | | | | | | | | | | | | | |
| Өтө жакыр | 44,8 | 28,7 | 21,3 | 8,8 | 3,8 | 3,7 | 12,5 | 33,1 | 43,3 | 26,5 | 5,2 | 5,6 | 2,9 | 7,9 |
| Экинчи | 39,1 | 36,7 | 20,5 | 3,2 | 5,5 | 3,4 | 9,3 | 40,3 | 38,2 | 21,6 | 10,2 | 2,0 | 4,6 | 12,5 |
| Орто | 36,5 | 22,3 | 30,4 | 4,3 | 6,4 | 3,0 | 13,9 | 38,2 | 40,7 | 20,4 | 6,4 | 3,8 | 2,7 | 14,3 |
| Төртүнчү | 36,8 | 15,4 | 26,8 | 6,9 | 7,1 | 7,1 | 15,4 | 42,3 | 20,3 | 17,6 | 2,8 | 10,8 | 4,5 | 11,9 |
| Өтө бай | 31,5 | 16,0 | 25,6 | 0,7 | 11,6 | 1,8 | 24,1 | 40,1 | 24,8 | 10,2 | 8,6 | 5,1 | 11,7 | 18,8 |

Кээ бир учурларда, уят болуудан жана улутук салттарды бузуудан жана ата-энелеринен корккондуктан, экономикалык өз алдынчалыктын жоктугунан, ошондой эле укук коргоо органдарына кайрылууга мумкүндүк бербеген туугандарынын басымынан улам кыздар зордукка кабыл болгондон кийин аргасыз абалда калышат. Бул кээде алардын өзүнө кол салышына алып келет.

Шаардык жана айылдык аялдардын ортосундагы айырмачылыктар кыздарды мажбурдуу үйлөнүүгө түрткөн себептердин варианттарын тандоодо ачык байкалат. Бул “эл сөз кылат, айыптайт” (30 жана 44 пайыз, тийешелүү түрдө), “кыз баш ийиш керек” (13 жана 32 пайыз) жана “ата-энеси кайра кабыл албайт” (3 жана 7 пайыз) деген жооптордун варианттарынын пайыздарынан көрүнүп турат. Берилген маалыматтар ошондой эле респонденттердин арасындагы гендердик жана регионалдык олуттуу айырмачылыктарды көргөзүп турат. Баткен, Ысык-Көл жана Ош областтарындагы (47-49 пайыз), жана ошондой эле Ош шаарындагы (44 процента) аялдардын дээрлик жарымынан көбү эл айыптайт, кеп кылат деген үчүн кыздын отуруп калганы жана ала качкан адамга күйөөгө чыкканы жакшы деп эсептешет. Ошол эле убакта, Баткен жана Ысык-Көл областтарында жашаган эркектердин жарымынан көбү (54-55 пайыз) ушундай түшүндүрмөнү тандашкан.

Башка региондорго салыштырмалуу жана жооптордун ар кандай варианттарынын фонунда, аялдардын менен эркектердин жарымынан көбү бирдей ала качып кеткенде кыз баш ийүүсү жана ала качкан адамга күйөөгө чыгуусу керек (57 жана 59 пайыз, тийешелүү түрдө) деп эсептеген Ысык-Көл областы өзгөчө бөлүнүп турат. Ал эми, Ош шаарында ушундай эле ойду аялдарга караганда эркектер эки эсе көп (25 жана 13 пайыз, тийешелүү түрдө) билдиришкен. Андан тышкары, Баткен областында ала качкан адамдан кетип калгандан кийин кызды эч ким күйөөгө албайт деп эсептеген

аялдардын үлүшү жогору болсо, эркектердин арасында бул пайыз бир топ төмөнүрөөк (39 пайыз 23 пайызга каршы, тийешелүү түрдө). Талас областында жашаган аялдар башка региондордун өкүлдөрүнө караганда кетип калгандан кийин кыздын бара турган жери жок болуп калат деп көбүрөөк жооп беришсе, мындай пикирдеги эркектердин саны бир топ аз болгон (аялдар 21 пайыз жана эркектер 8 пайыз).

Никелешүүгө мажбур болууну эл айыптайт деген себеп менен актоонун эң жогорку көрсөткүчү - билим деңгээли төмөн 31-40 жаш жана 61-70 жашындагы (42-44 пайыз), жана ошондой эле өтө жакыр үй-чарбаларында жашаган аялдардын арасында байкалган. Ошондой эле, көпчүлүгү жакыр үй-бүлөлөрдөн чыккан жана орто гана билими бар 31-40 жаштагы аялдардын үчтөн бирине жакыны ала качып кеткенде кыз баш ийиш керек деп эсептешет. 51-60 жашындагы респонденткалардын (33 пайыз) ушундай эле саны дагы кыз ала качып кеткен адамдан кетип калгандан кийин аны эч ким күйөөгө албайт эсептешет, алардын ичинде жогорку билими бар жана жашоо деңгээли орто аялдар да көп.

Таблицада көрсөтүлгөндөй аялдардын арасындагыдай эле, эркектердин арасында да, кыздын мажбурдуу никеге турушунун негизги үч себебине туура келген пикир өтө көп тараган. Эл айыптайт (51 пайыз) жана кыз баш ийиш керек (43 пайыз) деген себептер менен түшүндүрүүнү жаштар менен улгайган адамдарга караганда 51-60 жаштагы эркектер көп тандашкан. Ошону менен бирге, жашы 70 тен улуу эркектер кыздын баш ийиши керек (47 пайыз) жана аны эч ким күйөөгө албайт (32 пайыз) деген пикир менен башкаларга караганда көбүрөөк макул болушкан.

Адам укуктары боюнча ар кандай изилдөөлөрдө жана докладдарда белгиленгендей, мажбурлап үйлөнүү үчүн кызды ала качуу Кыргыз Республикасында өтө көп таралган, дүйнөлүк коомчулук тарабынан адам укуктарын орой бузуу деп таанылган көрүнүш жана тийешелүү түрдө жазаланыш керек. Бирок, көпчүлүк учурларда жаштардын тууганы бири-бири менен өз ара келишип алып, арыздар түшсө дагы сот өндүрүш процессине жетпей калгандыктан ички иштер органдары мындай иштерге кызыктар эмес. Кыздарды алардын макулдугу жок ала качуулар көбүнчө сексуалдык зордук менен коштолот, бирок ушундай болгондо да жапа чеккендердин өздөрү менен ата-энелери ала качкан адамды айыптоодон баш тарткан учурлар аз эмес. Кызды ала качкан адам менен сексуалдык байланышка мажбурлоо болгон учурларда кандай иш-аракеттер болушу жөнүндө калктын пикирин изилдөө үчүн респонденттерге суроо берилип, ага жооп берүүдө сунушталган варианттардын бирин гана тандап алыш керек болгон.

8.22-таблицада берилген маалыматтар көргөзүп тургандай, аялдар менен эркектердин жарымынан көбү (59 жана 53 пайыз,тийешелүү түрдө) кыз кетип калышы жана укук коргоо органдарына арыз бериши керек деп эсептешет. Ошону менен бирге, респонденттердин төрттөн биринен көбү (аялдардын 25 пайызы жана эркектердин 29 пайызы ), кыз ала качкан адам менен калышы жана ага күйөөгө чыгышы керек, жана аялдар менен эркектердин дээрлик бирдей саны (8-9 пайыз) кыз укук коргоо органдарына кайрылбай жөн гана кетип калышы керек деген пикирди айтышкан. Мында, айылдагы аялдар шаарлардагыларга караганда эки эсе көп кыздын отуруп калышы керек (29 жана 17 пайыз, тийешелүү түрдө), жана эч жакка арызданбай кетип калышы керек (10 жана 6 пайыз) деп жооп беришкен. Бул салт жана үрп-адаттарга чоң маани берилген айыл жергесине өзгөчө мүнөздүү. Шаардын жашоочулары, аялдар да, эркектер да (67 жана 58 пайыз), жапа чеккен кыздын кетип калышы жана укук тартип органдарына кайрылышы керек деп көбүрөөк айтышкан.

**8.22-Таблица. Кыздын калышы жана эгерде ала качкан адам аны жыныстык байланышка мажбурласа, ага турмушка чыгышы керекпи деген пикирлер**

Ала качып кеткенде жана сексуалдык байланышка мажбурласа кыздын калганы жана ала качкан адамга күйөөгө чыгышы жакшы деп эсептеген аялдар менен эркектердин отурукташкан жашоо жеринин түрү,областтар, билим деңгээли, жетиштүүлүгүнүн деңгээли жана улуту боюнча пайызы

| | Аялдар | | | | Эркектер | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Анын отуруп калышы керек | Ал кетип калышы жана укук коргоо органдарын аарызданба шы керек | Ал кетип калышы жана укук коргоо органда-рына арызданы-шы керек | ЖБК/ЖБ | Анын отуруп калышы керек | Ал кетип калышы жана укук коргоо органдарын аарызданба шы керек | Ал кетип калышы жана укук коргоо органда-рына арызданы-шы керек | ЖБК/ЖБ |
| Бардыгы | 24,7 | 8,4 | 58,5 | 8,4 | 28,7 | 9,0 | 52,7 | 9,6 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | | |
| Шаар | 17,3 | 5,9 | 67,4 | 9,3 | 24,1 | 5,8 | 58,1 | 12,1 |
| Айыл | 29,2 | 10,0 | 53,0 | 7,8 | 31,0 | 10,6 | 50,1 | 8,4 |
| **Областтар** | | | | | | | | |
| Баткен | 36,1 | 16,6 | 33,3 | 14,1 | 34,4 | 13,0 | 36,0 | 16,6 |
| Жалал-Абад | 13,7 | 20,5 | 61,0 | 4,8 | 15,3 | 20,7 | 57,0 | 7,0 |
| Ысык-Көл | 31,8 | 3,3 | 58,3 | 6,6 | 37,4 | 4,6 | 50,3 | 7,7 |
| Нарын | 16,7 | 13,4 | 65,2 | 4,7 | 20,0 | 13,9 | 59,8 | 6,3 |
| Ош | 55,9 | 7,4 | 31,9 | 4,9 | 63,5 | 7,3 | 25,8 | 3,3 |
| Талас | 5,6 | 6,2 | 86,0 | 2,2 | 5,5 | 10,8 | 77,1 | 6,6 |
| Чүй | 6,7 | 1,7 | 74,6 | 17,0 | 6,9 | 2,5 | 72,4 | 18,3 |
| Бишкек шаары | 11,5 | 4,2 | 75,2 | 9,0 | 22,3 | 3,4 | 61,3 | 12,9 |
| Ош шаары | 37,8 | 1,0 | 56,0 | 5,3 | 32,9 | 0,8 | 59,5 | 6,8 |
| **Курагы, жаш** | | | | | | | | |
| 18-20 | 18,8 | 8,7 | 65,6 | 6,9 | 26,9 | 6,4 | 53,9 | 12,8 |
| 21-30 | 25,9 | 9,9 | 57,9 | 6,3 | 29,5 | 7,5 | 53,2 | 9,8 |
| 31-40 | 25,3 | 8,7 | 58,0 | 7,9 | 29,0 | 9,4 | 53,2 | 8,4 |
| 41-50 | 23,6 | 9,5 | 60,0 | 6,8 | 30,9 | 8,9 | 52,4 | 7,8 |
| 51-60 | 24,6 | 6,6 | 58,3 | 10,5 | 29,2 | 10,9 | 49,8 | 10,1 |
| 61-70 | 25,6 | 5,9 | 56,3 | 12,2 | 20,2 | 9,0 | 60,1 | 10,8 |
| 70+ | 26,0 | 5,2 | 52,2 | 16,6 | 29,1 | 13,6 | 44,5 | 12,9 |
| **Билим деңгээли** | | | | | | | | |
| Негизги жалпы (баштапкыны камтый) | 31,4 | 7,8 | 42,8 | 17,9 | 29,5 | 5,9 | 51,5 | 13,1 |
| Жалпы орто | 30,7 | 10,4 | 51,7 | 7,2 | 31,5 | 12,8 | 47,4 | 8,3 |
| Баштапкы жана орто кесиптик | 18,1 | 6,5 | 66,8 | 8,5 | 26,9 | 6,5 | 56,4 | 10,3 |
| Жогорку кесиптик жана бүтпөгөн жогорку | 17,5 | 7,0 | 68,7 | 6,8 | 24,4 | 5,0 | 60,4 | 10,2 |
| **Жетиштүүлүгүнүн деңгээли** | | | | | | | | |
| Өтө жакыр | 34,9 | 7,1 | 47,1 | 10,8 | 34,7 | 9,7 | 48,1 | 7,5 |
| Экинчи | 30,5 | 6,7 | 55,3 | 7,5 | 28,9 | 8,8 | 53,5 | 8,8 |
| Орто | 22,3 | 13,0 | 57,9 | 6,8 | 26,3 | 13,3 | 49,4 | 11,0 |
| Төртүнчү | 16,9 | 7,9 | 67,3 | 7,9 | 27,5 | 6,6 | 54,7 | 11,2 |
| Өтө бай | 13,4 | 8,3 | 70,0 | 8,4 | 22,0 | 5,4 | 61,9 | 10,7 |
| **Улуту** | | | | | | | | |
| Кыргыздар | 23,9 | 10,1 | 59,0 | 7,0 | 29,8 | 9,1 | 51,9 | 9,2 |
| Өзбөктөр | 43,1 | 6,8 | 41,2 | 8,9 | 36,6 | 11,0 | 46,0 | 6,4 |
| Орустар | 2,7 | 1,9 | 82,9 | 12,5 | 5,7 | 7,3 | 71,8 | 15,2 |
| Башкалар | 24,6 | 3,3 | 55,2 | 16,9 | 21,1 | 5,4 | 58,1 | 15,5 |

Башка региондорго салыштырмалуу, Талас (86 жана 77 пайызы, тийешелүү түрдө) жана Чүй (75 жана 72 пайыз) областтарында, жана ошондой эле Бишкек шаарында (75 жана 61 пайыз) аялдар менен эркектердин кыйла бөлүгү ала качкан адамдан зордук көрүп, жапа чеккен кыздын кетип калышы жана укук тартип органдарына кайрылышы керек деп эсептешет. Ошол эле убакта, Ош областында кыз ала качкан адам менен калышы жана ага күйөөгө чыгышы керек деген пикир өтө көп

таралган (аялдардын 56 пайызы жана эркектердин 64 пайызы), ал эми Жалал-Абад областында кыз укук коргоо органдарына кайрылбай жөн гана кетип калышы керек деген жооптун жогорку көрсөткүчү белгиленген (20-21 пайыз).

Жалпысынан, респонденттердин билим жана Жетиштүүлүгүнүн деңгээликанчалык төмөн болсо, кыз зордукчу менен калышы керек деген пикир менен макул болгондордун үлүшү ошончолук жогору. 18-20 жаштагы жаш аялдардын (66 пайыз) менен 61-70 жаштагы эркектердин (60 пайыз) арасында зордуктан жапа чеккен кыз кетип калышы жана милиция органдарына кайрылышы керек деп жооп бергендердин пайызы өтө жогору. Мындай жооп менен макул болгон аялдар менен эркектердин үлүшү, эреже катары, алардын билим жана жашоо деңгээли жогорулаган сайын өсөт.

Кызды ала качуу учурлары, эреже катары көптөгөн адамдардын - көп убакта ала качкан кызды никеге мажбурлоо максатында ага физикалык жана психологиялык басым көрсөтүшкөн күйөө баланын досторунун, туугандарынын, тааныштарынын катышуусу менен болот. Сурамжылоо – изилдөөнүн жүрүшүндө, ала качкан адамдын аял - туугандары кандай себептер менен мындай мыйзамга каршы иштерге катышаарын аныктоо максатында респонденттерге суроо берилген. 8.23-таблицада берилген маалыматтар көргөзгөндөй сураштырылгандардын жарымынан көбү, жынысына карабастан, аял-туугандардын кызды ала качууга катышысын элдик салт, үрп-адат (52-53 пайыз) деп эсептейт, ал эми аялдардын үчтөн бири (31 пайыз) өзүнүн катышканын тууганына жардам берүүгө милдеттүү экени менен актап, түшүндүрөт. Калгандары аларга чарбачылыкта жардамчы (12-13 пайыз) керектигин, андыктан алар чарбачылыкта жардам бере турган келин – жардамчы болушун каалларын, жана ошондой эле аларды да убагында бирөөлөр ала качканын айтышкан (аялдардын 10 пайызы жана эркектердин 13 пайызы). Респонденттердин басымдуу көпчүлүгү кыздарды ала качуу көрүнушүнө терс мамилесин билдиргенине карабастан иш жүзүндө алар өздөрү мындай иш-аракеттерге катышат. Мында, шаар менен айылдын респонденттеринин ортосунда олуттуу айырмачылыктар байкалган эмес.

Башка региондорго салыштырганда Ысык-Көл (59 жана 65 пайыз, тийешелүү түрдө) жана Ош (58 жана 56 пайыз) областтарында, жана ошондой эле Бишкек шаарында (59 жана 57 пайыз) аял-туугандардын кызды ала качууга катышуусун салт деп түшүндүргөн аялдар менен эркектердин үлүшү өтө жогору. Белгилөөчү нерсе, Ысык-Көл областында башка региондорго салыштырганда катышуунун баардык себептери боюнча жооптордун эң жогорку көрсөткүчтөрү белгиленген. Ошентип, бул Областтартун калкы ала качкан адамдын аял-туугандарынын жүрүшүн актап, алардын өзүнүн тууганына жардам бериши керек экендиги (аялдардын 47 пайызы жана эркектердин 52 пайызы), аларга үй-чарбасында жардам бергенге келин керектиги (27 жана 24 пайыз) же аларды да бирөөлөр ала качып келгендиги (25 жана 34 пайыз) жана мында жаман эч нерсе жок экендиги (8–9 пайыз) жөнүндө пикирлерин айтышкан. Мурда белгиленгендей эле, сурамжылоонун маалыматтары кыздарды ала качуу Ысык–Көл областында кеңири таралган көрүнүш экенин тастыктайт. Ошол эле убакта, Талас областында кызды ала качууга катышуу – бул салт деген пикир калктын үчтөн биринде, аялдарда да, эркектерде да (30-32 пайыз) белгиленген. Бирок, респонденттер көп учурда аялдар мындай кылуу менен өзүнүн туугандарына жардам беришет деп жооп беришкен (40-43 пайыз).

**8.23-Таблица. Кызды ала качкан адамдын аял-туугандары эмне үчүн кызды ала качууга катышкандыгы жөнүндө пикирлер**

Аялдар менен эркектердин мында жаман эч нерсе жок, аларды да бирөөлөр ала качып кеткен, бул салт, тууганына жардам бериш керек же үй-чарбасында жардам бергенге келин керек деп эсептеген пайызы, отурукташкан жашоо жеринин түрү, областтар, жашынын топтору, билим жана жашоо деңгээли боюнча

| | Аялдар | | | | | | | Эркектер | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Анткени мында эч жаман нерсе жок | Анткени аларды да бирөөлөр ала качып кеткен | Анткени бул салт деп эсетешет | Анткени өзүнүн тууганына жардам берүү керек | Анткени аларга үй-чарбасында жардам бере турган келин керек | Башка | ЖБК/ЖБ | Анткени мында эч жаман нерсе жок | Анткени аларды да бирөөлөр ала качып кеткен | Анткени бул салт деп эсетешет | Анткени өзүнүн тууганына жардам берүү керек | Анткени аларга үй-чарбасын-да жардам бере турган келин керек | Башка | ЖБК/ЖБ |
| Бардыгы | 6,1 | 10,1 | 52,3 | 31,4 | 12,2 | 0,7 | 10,4 | 5,5 | 12,8 | 52,6 | 30,8 | 13,2 | 1,1 | 8,9 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | | | 1,3 | | | | | |
| Шаар | 5,3 | 11,1 | 51,8 | 29,6 | 10,1 | 0,5 | 11,1 | 5,3 | 13,0 | 51,6 | 33,3 | 9,6 | 1,1 | 9,1 |
| Айыл | 6,6 | 9,4 | 52,6 | 32,5 | 13,6 | 0,8 | 9,9 | 5,6 | 12,7 | 53,2 | 29,5 | 14,9 | 1,1 | 8,9 |
| **Областтар** | | | | | | | | | | | | | | |
| Баткен | 4,6 | 5,1 | 33,5 | 22,0 | 18,5 | 1,1 | 19,9 | 9,7 | 10,6 | 35,4 | 13,1 | 18,3 | 0,0 | 18,5 |
| Жалал-Абад | 6,1 | 11,9 | 52,9 | 22,1 | 4,8 | 1,2 | 10,4 | 3,8 | 14,4 | 55,3 | 20,2 | 5,0 | 1,1 | 7,3 |
| Ысык-Көл | 8,2 | 25,3 | 59,4 | 46,8 | 27,4 | 0,0 | 5,4 | 9,1 | 34,0 | 65,5 | 51,8 | 24,4 | 0,3 | 4,0 |
| Нарын | 2,7 | 8,3 | 45,6 | 36,1 | 13,5 | 1,9 | 2,0 | 3,2 | 4,8 | 43,8 | 38,6 | 14,4 | 2,4 | 2,4 |
| Ош | 8,6 | 9,6 | 58,5 | 34,3 | 14,6 | 0,1 | 8,3 | 6,7 | 10,9 | 55,5 | 32,6 | 21,4 | 0,5 | 7,5 |
| Талас | 1,4 | 13,6 | 31,6 | 42,8 | 26,7 | 0,7 | 2,3 | 1,8 | 10,2 | 29,6 | 40,4 | 26,7 | 0,0 | 4,1 |
| Чүй | 4,6 | 4,1 | 52,7 | 32,4 | 8,1 | 1,2 | 18,9 | 4,7 | 8,2 | 56,0 | 30,1 | 7,4 | 1,7 | 17,7 |
| Бишкек шаары | 7,0 | 9,3 | 59,1 | 29,6 | 9,3 | 0,3 | 6,8 | 4,7 | 12,3 | 56,8 | 34,4 | 8,3 | 2,2 | 5,7 |
| Ош шаары | 2,7 | 10,9 | 38,9 | 34,8 | 7,0 | 0,3 | 9,6 | 6,0 | 7,6 | 39,2 | 33,2 | 7,3 | 0,5 | 9,4 |
| **Курагы, жаш** | | | | | | | | | | | | | | |
| 18-20 | 1,4 | 10,1 | 53,6 | 33,2 | 13,7 | 0,4 | 10,3 | 8,9 | 7,1 | 43,0 | 41,6 | 21,1 | 0,0 | 10,7 |
| 21-30 | 7,9 | 10,9 | 49,8 | 31,1 | 12,1 | 0,5 | 8,7 | 3,6 | 12,1 | 53,3 | 28,8 | 13,3 | 1,5 | 10,4 |
| 31-40 | 7,4 | 10,0 | 54,5 | 31,7 | 11,8 | 1,1 | 9,1 | 5,0 | 14,7 | 52,9 | 29,0 | 14,7 | 1,0 | 7,2 |
| 41-50 | 5,1 | 8,6 | 55,3 | 33,2 | 12,6 | 0,4 | 10,3 | 6,5 | 14,3 | 54,1 | 28,5 | 11,1 | 0,5 | 7,5 |
| 51-60 | 4,5 | 9,7 | 52,9 | 27,8 | 12,9 | 0,9 | 10,7 | 6,2 | 15,0 | 51,3 | 35,2 | 12,9 | 1,2 | 8,7 |
| 61-70 | 7,6 | 10,0 | 49,2 | 30,5 | 11,4 | 0,5 | 14,6 | 4,6 | 8,7 | 54,9 | 28,1 | 8,8 | 1,4 | 12,5 |
| 70+ | 4,4 | 12,6 | 46,1 | 34,1 | 11,1 | 0,8 | 16,9 | 8,2 | 8,5 | 56,2 | 30,5 | 11,2 | 2,4 | 6,8 |
| **Билим деңгээли** | | | | | | | | | | | | | | |
| Негизги жалпы (баштапкыны камтый) | 6,6 | 10,9 | 40,8 | 31,4 | 10,5 | 1,7 | 15,1 | 5,5 | 11,8 | 48,6 | 26,0 | 12,0 | 1,1 | 15,6 |
| Жалпы орто | 7,3 | 9,9 | 53,0 | 28,9 | 12,5 | 0,4 | 11,1 | 5,5 | 13,7 | 51,7 | 29,0 | 14,2 | 0,9 | 9,7 |
| Баштапкы жана орто кесиптик | 4,4 | 9,8 | 54,6 | 32,2 | 12,5 | 0,6 | 10,2 | 7,0 | 13,8 | 51,6 | 33,4 | 14,8 | 0,2 | 7,0 |
| Жогорку кесиптик жана бүтпөгөн жогорку | 5,2 | 10,3 | 53,1 | 34,9 | 12,3 | 0,8 | 7,4 | 4,2 | 10,3 | 57,0 | 33,5 | 9,9 | 2,3 | 6,6 |
| **Жетиштүүлүгүнүн деңгээли** | | | | | | | | | | | | | | |
| Өтө жакыр | 6,1 | 9,5 | 52,7 | 27,7 | 12,2 | 1,1 | 11,7 | 5,6 | 15,1 | 48,6 | 26,4 | 16,8 | 1,0 | 11,1 |
| Экинчи | 6,6 | 9,4 | 51,8 | 34,5 | 12,5 | 0,5 | 7,9 | 4,6 | 11,1 | 53,3 | 31,8 | 15,0 | 0,6 | 7,8 |
| Орто | 8,1 | 11,1 | 51,1 | 30,7 | 13,1 | 0,0 | 9,7 | 8,5 | 11,6 | 52,1 | 31,9 | 12,6 | 1,1 | 6,2 |
| Төртүнчү | 4,2 | 10,5 | 54,2 | 32,8 | 13,2 | 0,8 | 11,5 | 3,3 | 12,3 | 55,4 | 34,7 | 8,4 | 2,7 | 8,4 |
| Өтө бай | 5,5 | 10,1 | 51,2 | 31,4 | 9,9 | 0,7 | 11,4 | 5,4 | 13,4 | 56,3 | 30,7 | 10,2 | 0,0 | 11,2 |

Аял-туугандарынын ала качууга катышуусун салтты сактоо катары түшүндүрүү жынысына, билим жана жетиштүүлүгүнүн деңгээлинун деңгээлине карабастан баардык жаш куракталынын топторундагы респонденттердин арасында кеңири таралганын белгилей кетиш керек. Көрсөткүчтөрдүн деңгээлинин респонденттердин жашына карата анча көп эмес өзгөрүшү, ала качууга катышуунун калган башка себептери боюнча да байкалган көрүнүш. Мында, ала качууга катышуунун негизги эки себебин көргөзгөн аялдар менен эркектердин үлүшү, негизинен, алардын билим жана жетиштүүлүгүнүн деңгээлинун деңгээлинин өсүшү менен кошо жогорулайт. Сурамжылоону жүргүзүүдө респонденттердин эгерде алардын кызын/карындашын/сиңдисин макулдугу жок үйлөнүү үчүн ала качып кетсе алардын кандай иш-аракеттерди кылышары жөнүндө маалымат алынган.

8.24-таблицада көрсөтүлгөндөй, респонденттердин үчтөн биринен көбү алар аны үйүнө алып кетишерин жана ала качкан адамдын үстүнөн милицияга арыз беришерин айтышкан (аялдардын 39 пайызы жана эркектердин 36 пайызы). Жооп бергендердин төрттөн биринен көбү, жынысына карабастан, аны үйгө кайтарыш үчүн болгон чараларды көрөбүз деген вариантты белгилешкен (27 пайыз), ал эми аялдардын 24 пайызы жана эркектердин 28 пайызы эч нерсе кылбай тургандыгын, кыздын отуруп калаарын же кетип калаарын өзү чечиши керектигин айтышкан. Берилген маалыматтар шаар жана айыл жергесинде жашаган респонденттердин жоопторундагы айырмачылыктарды көргөзүп турат. Ошентип, шаардагыларга караганда (17 жана 23 пайыз, тийешелүү түрдө) айылдардагы аялдар менен эркектердин көбү (28 жана 30 пайыз, тийешелүү түрдө), кандайдыр бир аракет да кылышпайт. Андан тышкары, шаардагыларга караганда айылдагы аялдардын дээрлик эки эсе, ал эми эркектердин үч эсе көбүрөөгү кызды ала качкан адамдыкында калтыруу керек деп ойлошот.

Жалпысынан алганда, аялдар алардын жакындарын ала качуу болгон учурлардагы иш-аракеттери боюнча эркектерге караганда көбүрөөк активдүү позициясын ээлешкен. Мында, респонденттердин жоопторунда, гендердик айырмачылыктардан тышкары регионалдык жана жашына жараша айырмачылыктар байкалат. Ошентип, Ысык-Көл областында, ала качып кетишсе кызды үйүнө кайра алып келебиз жана милицияга арыз менен кайрылабыз деп эсептеген аялдардын саны эркектерге караганда эки эсе көп (49 жана 26 пайыз, тийешелүү түрдө). Ушундай пикирдеги аялдар менен эркектердин саны Бишкек (47 жана 43 пайыз, тийешелүү түрдө) жана Ош (45 жана 46 пайыз) шаарларында, жана ошондой эле Чүй (46 жана 42 пайыз) жана Талас (43 жана 36 пайыз) областтарында өтө жогору. Ошол эле убакта, Баткен областында бул көрсөткүч (27 жана 28 пайыз, тийешелүү түрдө) абдан төмөн. Көрсөткүчтүн мындай төмөндүгү бул жерде сурамжыланган аялдар менен эркектердин үчтөн биринен көбү (32 жана 36 пайызы) эч кандай иш-аракет кылбай тургандыгы жана областтартун жашоочуларынын, республика боюнча орто эсеп менен алган сандан эки эсе көбүрөөгү, ала качып кеткенде кыз отуруп калып жана ала качкан адамга күйөөгө чыгышына аракет кылаарын (9 жана 10 пайыз) билдиргенине байланыштуу болгон. Нарын областында - эч кандай иш-аракет кылбайбыз (аялдардын 41 пайызы жана эркектердин 47 пайызы), ал эми Талас областында – кызды үйгө кайра алып келүү үчүн чара көрөбүз (39 жана 40 пайыз, тийешелүү түрдө) деген жоопту көп беришкен.

Жашы 18-20 дагы жаштардын арасында кыздардын дээрлик жарымы (49 пайыз) ала качып кеткен кызды үйгө кайра алып келиш керек жана милицияга кайрылыш керек эсептешсе, уландардын үчтөн бир гана бөлүгү ушундай пикирде болгон (33 пайыз).

30 дан 50 чейинки жашындагы аялдар менен эркектердин бирдей эле саны (25-30 пайыз) кызды үйгө алып келүүгө аракет кылышат. Улуу куракттык тобундагы (61-70 жаш) эркектер кызды үйгө алып кетип, ала качкан адамдын үстүнөн укук коргоо органдарына кайрыла тургандыгы жөнүндө аялдарга караганда көбүрөөк айтышкан (41 жана 29 пайыз, тийешелүү түрдө).

## 8.24-Таблица. Аялдар жана эркектер, эгерде алардын кызын/карындашын/сиңдисин үйлөнүү үчүн алардын макулдугусуз ала качып кетсе эмне кылышат

Аялдар менен эркектердин алардын кызын/карындашын/сиңдисин үйлөнүү үчүн алардын макулдугусуз ала качып кетсе кандайдыр бир иш-аракет кылабыз дегендеринин пайызы,отурукташкан жашоо жеринин түрү, областтар, жаш курактарынын топтору, билим жана жетиштүүлүгүнүн деңгээли боюнча

| | Аялдар | | | | | | Эркектер | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Эч кандай иш-аракет кылыш-пайт – кыз өзү чечиш керек | Аны ошол жерде калтырыш үчүн чара көрүшөт | Үй кайтып келиши үчүн чара көрүшөт | Үйүнө алып кетишет жана милиция-га арыз менен кайры-лышат | Башка | ЖБК/ЖБ | Эч кандай иш-аракет кылыш-пайт – кыз өзү чечиш керек | Аны ошол жерде калтырыш үчүн чара көрүшөт | Аны үйүнө алып келүү үчүн чара көрүшөт | Үйүнө алып кетишет жана милицияга арыз менен кайры-лышат | Башка | ЖБК/ЖБ |
| Бардыгы | 23,5 | 3,8 | 26,8 | 39,1 | 1,3 | 7,2 | 27,7 | 3,4 | 26,7 | 35,7 | 1,1 | 6,3 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | | | | | | |
| Шаар | 17,1 | 2,5 | 25,7 | 44,6 | 1,7 | 10,0 | 22,6 | 1,4 | 24,4 | 43,2 | 1,1 | 8,2 |
| Айыл | 27,5 | 4,7 | 27,4 | 35,7 | 1,2 | 5,5 | 30,2 | 4,4 | 27,8 | 32,0 | 1,1 | 5,4 |
| **Областтар** | | | | | | | | | | | | |
| Баткен | 32,4 | 9,2 | 20,4 | 27,3 | 0,3 | 11,2 | 35,9 | 9,5 | 16,3 | 27,6 | 0,7 | 11,1 |
| Жалал-Абад | 30,0 | 0,7 | 29,5 | 33,4 | 1,9 | 4,8 | 30,1 | 1,2 | 34,8 | 27,9 | 1,4 | 4,6 |
| Ысык-Көл | 28,2 | 2,9 | 22,5 | 48,7 | 0,2 | 3,0 | 48,8 | 1,3 | 24,2 | 26,3 | 0,0 | 2,9 |
| Нарын | 40,8 | 1,6 | 24,0 | 30,6 | 1,2 | 1,8 | 47,5 | 3,9 | 15,2 | 31,6 | 1,4 | 0,7 |
| Ош | 27,3 | 9,0 | 31,6 | 31,1 | 1,5 | 2,8 | 25,5 | 8,6 | 25,0 | 38,2 | 0,6 | 3,6 |
| Талас | 13,1 | 3,8 | 39,3 | 43,3 | 0,3 | 0,8 | 20,8 | 1,5 | 40,3 | 36,1 | 0,0 | 2,1 |
| Чүй | 16,8 | 1,8 | 24,1 | 46,1 | 1,2 | 10,7 | 15,7 | 1,0 | 27,6 | 42,1 | 2,0 | 11,9 |
| Бишкек шаары | 12,3 | 1,8 | 24,5 | 47,3 | 1,9 | 13,8 | 21,3 | 1,2 | 23,2 | 42,7 | 1,5 | 10,6 |
| Ош шаары | 22,9 | 2,8 | 25,0 | 44,9 | 1,7 | 5,6 | 22,4 | 1,7 | 28,4 | 46,4 | 1,5 | 2,1 |
| **Курагы, жаш** | | | | | | | | | | 1,5 | | |
| 18-20 | 22,5 | 3,7 | 18,4 | 48,8 | 1,3 | 7,6 | 32,5 | 3,4 | 24,9 | 33,2 | 2,2 | 4,5 |
| 21-30 | 25,2 | 4,1 | 24,6 | 39,4 | 2,0 | 6,3 | 24,8 | 2,4 | 31,3 | 33,3 | 1,2 | 7,9 |
| 31-40 | 18,2 | 2,6 | 31,0 | 41,2 | 1,4 | 7,2 | 28,7 | 2,6 | 27,6 | 36,9 | 0,6 | 4,4 |
| 41-50 | 23,7 | 4,9 | 28,3 | 37,7 | 1,3 | 5,6 | 28,6 | 3,0 | 25,3 | 37,0 | 1,1 | 5,8 |
| 51-60 | 26,7 | 2,8 | 26,6 | 37,2 | 0,5 | 6,8 | 28,2 | 5,2 | 25,7 | 35,8 | 1,8 | 5,3 |
| 61-70 | 27,6 | 3,0 | 29,0 | 29,4 | 0,8 | 12,5 | 25,2 | 3,0 | 21,2 | 41,3 | 0,2 | 9,3 |
| 70+ | 20,7 | 8,0 | 22,6 | 41,9 | 1,4 | 10,5 | 31,1 | 9,1 | 19,7 | 30,1 | 0,0 | 10,0 |
| **Билим деңгээли** | | | | | | | | | | | | |
| Негизги жалпы (баштапкыны камтый) | 26,5 | 6,2 | 24,4 | 33,8 | 1,0 | 11,2 | 21,1 | 5,1 | 23,8 | 38,7 | 2,2 | 9,6 |
| Жалпы орто | 26,8 | 5,1 | 26,5 | 36,0 | 1,4 | 5,7 | 30,7 | 3,5 | 27,6 | 31,8 | 0,8 | 6,3 |
| Баштапкы жана орто кесиптик | 22,0 | 2,9 | 28,8 | 37,7 | 1,3 | 8,8 | 29,0 | 3,6 | 24,6 | 37,8 | 0,6 | 6,0 |
| Жогорку кесиптик жана бүтпөгөн жогорку | 18,0 | 1,5 | 26,1 | 47,9 | 1,5 | 6,9 | 22,9 | 2,6 | 27,9 | 40,4 | 1,8 | 5,5 |
| **Жетиштүүлүгүнүн деңгээли** | | | | | | | | | | | | |
| Өтө жакыр | 25,8 | 4,5 | 27,5 | 36,0 | 0,8 | 7,9 | 28,5 | 3,5 | 28,9 | 34,0 | 1,4 | 5,5 |
| Экинчи | 26,1 | 5,2 | 25,5 | 38,8 | 1,3 | 5,0 | 24,5 | 6,5 | 31,3 | 32,6 | 0,9 | 5,4 |
| Орто | 28,0 | 5,5 | 26,3 | 35,5 | 1,0 | 5,1 | 30,7 | 2,8 | 27,8 | 33,9 | 0,1 | 5,1 |
| Төртүнчү | 19,4 | 1,9 | 29,2 | 38,7 | 1,9 | 10,3 | 28,0 | 1,2 | 20,8 | 40,7 | 2,4 | 7,5 |
| Өтө бай | 16,5 | 1,4 | 24,9 | 48,4 | 2,1 | 7,9 | 26,6 | 2,3 | 21,4 | 39,8 | 0,7 | 9,7 |

Ала качып кеткенде кызды үйүнө кайра алып келиш үчүн чара көрүш керек, жана ошондой эле милицияга кайрылыш керек деп эсептеген аялдар менен эркектердин үлүшү, эреже катары, алардын билим жана Жетиштүүлүгүнүн деңгээлижогорулаган сайын өсөт. Ошону менен бирге, эч кандай чара көрүүнүн кереги жок, ала качып кеткенде кыз өзү чечим кабыл алыш керек, жана ошондой эле кызды ала качкан адамдыкында калтырууга аракет кылыш керек деп ойлогондордун санынын пайызы алардын билим жана жашоо деңгээли канчалык төмөн болсо ошончолук жогору.

Кыздарды ала качуу менен күрөшүүнүн эффективдүү ыкмаларын аныктоо, жана андан кийин бул көйгөйдү чечүүнүн комплексдүү стратегиясын иштеп чыгуу үчүн сурамжылоо убагында мындай терс көрүнүштү токтото турган чаралар жөнүндө калктын пикири иликтелген. Респонденттерге бул көрүнүш менен күрөшүү үчүн саясаттын бир нече маанилүү чаралары жөнүндө суроо берилген. 8.25-таблицада көрсөтүлгөндөй, жооп берген аялдардын да, эркектердин да бештен бир бөлүгү эң биринчи, милициянын жана соттордун кыздарды ала качуу жөнүндөгү арыздарды кароодогу ишине талапты күчөтүүнү тандап алган (21 пайыз). Маанилилүүгү боюнча экинчи чара – бул кызды ала качкан ар бир адамдын жазаланышын камсыз кылуу. Бул чараны аялдардын 19 пайызы жана эркектердин 18 пайызы белгилеген. Маанилилүүгү боюнча үчүнчү чара болуп уландарга кызды ала качууга жана үйлөнүүгө мажбурлоого жардам берген досторун жана аялдарды кылмышка шериктеш болгондугуу үчүн жоопкерчиликке тартуунун зарылдыгы тандалган. (15 жана 16 пайыз, тийешелүү түрдө). Мындан тышкары, респонденттер дагы бир кошумча чара - кыздарды ала качуу - алардын укугун бузуу болуп саналаары жөнүндө калкка маалымат берүүнү көп айтышкан (аялдардын 16 пайызы жана эркектердин 14 пайызы). Сунушталган чаралар боюнча респонденттердин жынысына жана жашаган жерине карата айырмачылыктар дээрлик байкалган эмес.

Милициянын жана соттордун кыздарды ала качуу жөнүндөгү арыздарды кароодогу ишине талаптарды күчөтүүнү сунуш кылгандардын ичинде Талас областынын респонденттеринин (аялдардын да, эркектердин да 29 пайызы) үлүшү өтө чоң. Ысык-Көл областында ала качкан адамды жазалоону камсыз кылууну сунуштагандардын көбүрөөк салыштырма салмагы белгиленген (аялдардын да, эркектердин да 22 пайызы). Калкка маалымат берүүнүн зарылдыгы жөнүндө Талас, Баткен, Жалал-Абад жана Ош областтарынын жашоочулары (18-23 пайыз) көп айтышкан. Жалпысынан, тандап алынган чаралар боюнча ар түрдүү улуттагы респонденттердин жашына, билим жана жашоо деңгээлине карата айырмачылыктар дээрлик белгиленген эмес.

**8.25-Таблица. Үйлөнүү үчүн кыздарды ала качууну кандай чаралар токтото алат**

Сунушталган тизмеден кыздарды ала качууну токтото турган үч эң маанилүү чараны тандап алган аялдар менен эркектердин отурукташкан жашоо жеринин түрү, областтар,жашынын топтору, билим жана жашоо деңгээли жана улуту боюнча пайызы

| | Аялдар | | | Эркектер | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | милиция менен соттордун кыздарды ала качуу жөнүндө арыздарды кароодогу ишине талапты күчөтүү | Ала качкан адамдын ар биринин жазаланышын камсыз кылуу | Калкка кызды ала качуу анын укуктарын бузууга жатары жөнүндө маалымат берүү | милиция менен соттордун кыздарды ала качуу жөнүндө арыздарды кароодогу ишине талапты күчөтүү | Ала качкан адамдын ар биринин жазаланышын камсыз кылуу | Калкка кызды ала качуу анын укуктарын бузууга жатары жөнүндө маалымат берүү |
| Бардыгы | 21,2 | 18,7 | 15,8 | 20,6 | 18,4 | 14,3 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | |
| Шаар | 22,2 | 17,5 | 16,9 | 21,8 | 17,5 | 15,8 |
| Айыл | 20,6 | 19,5 | 15,0 | 19,9 | 18,8 | 13,5 |
| **Областтар** | | | | | | |
| Баткен | 21,6 | 19,3 | 13,5 | 24,3 | 20,0 | 9,6 |
| Жалал-Абад | 17,2 | 16,4 | 13,8 | 15,4 | 17,8 | 13,1 |
| Ысык-Көл | 17,8 | 22,3 | 17,6 | 19,4 | 22,0 | 16,7 |
| Нарын | 23,4 | 20,9 | 13,7 | 21,1 | 17,8 | 15,0 |

Сунушталган тизмеден кыздарды ала качууну токтото турган үч эң маанилүү чараны тандап алган аялдар менен эркектердин отурукташкан жашоо жеринин түрү, областтар,жашынын топтору, билим жана жашоо деңгээли жана улуту боюнча пайызы

| | Аялдар | | | Эркектер | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | милиция менен соттордун кыздарды ала качуу жөнүндө арыздарды кароодогу ишине талапты күчөтүү | Ала качкан адамдын ар биринин жазаланышын камсыз кылуу | Калкка кызды ала качуу анын укуктарын бузууга жатары жөнүндө маалымат берүү | милиция менен соттордун кыздарды ала качуу жөнүндө арыздарды кароодогу ишине талапты күчөтүү | Ала качкан адамдын ар биринин жазаланышын камсыз кылуу | Калкка кызды ала качуу анын укуктарын бузууга жатары жөнүндө маалымат берүү |
| Ош | 19,7 | 20,2 | 13,5 | 19,4 | 18,4 | 10,7 |
| Талас | 29,0 | 21,1 | 22,9 | 28,5 | ,9 | 22,7 |
| Чүй | 23,1 | 20,2 | 16,5 | 23,0 | 18,0 | 15,4 |
| Бишкек шаары | 24,0 | 16,3 | 19,2 | 23,6 | 15,9 | 18,2 |
| Ош шаары | 22,0 | 16,6 | 12,7 | 20,4 | 17,4 | 13,4 |
| **Курагы, жаш** | | | | | | |
| 18-20 | 22,3 | 16,3 | 18,7 | 22,9 | 16,7 | 16,5 |
| 21-30 | 21,1 | 19,0 | 14,6 | 21,8 | 17,8 | 14,4 |
| 31-40 | 20,8 | 19,2 | 16,4 | 20,4 | 19,0 | 14,6 |
| 41-50 | 21,8 | 18,9 | 15,8 | 18,2 | 18,6 | 13,2 |
| 51-60 | 20,9 | 19,0 | 15,6 | 21,1 | 18,9 | 13,8 |
| 61-70 | 20,9 | 18,1 | 15,9 | 20,0 | 18,1 | 16,3 |
| 70+ | 20,8 | 18,1 | 15,8 | 20,2 | 19,3 | 11,8 |
| **Билим деңгээли** | | | | | | |
| Негизги жалпы (баштапкыны камтый) | 21,4 | 19,6 | 13,4 | 21,6 | 17,6 | 13,3 |
| Жалпы орто | 20,9 | 18,9 | 16,0 | 19,9 | 18,1 | 13,6 |
| Баштапкы жана орто кесиптик | 20,7 | 19,6 | 16,1 | 20,6 | 19,5 | 15,7 |
| Жогорку кесиптик жана бүтпөгөн жогорку | 22,2 | 17,4 | 15,9 | 21,4 | 18,3 | 14,8 |
| **Жетиштүүлүгүнүн деңгээли** | | | | | | |
| Өтө жакыр | 21,3 | 19,9 | 14,1 | 20,8 | 19,3 | 13,7 |
| Экинчи | 20,2 | 18,9 | 15,2 | 19,8 | 17,7 | 13,0 |
| Орто | 20,2 | 18,7 | 15,7 | 20,8 | 19,0 | 14,5 |
| Төртүнчү | 22,3 | 18,5 | 17,0 | 21,2 | 17,8 | 14,6 |
| Өтө бай | 22,2 | 17,0 | 17,6 | 20,1 | 17,6 | 16,8 |
| **Улуту** | | | | | | |
| Кыргыздар | 21,3 | 18,8 | 15,5 | 19,8 | 18,2 | 14,8 |
| Өзбөктөр | 18,5 | 18,4 | 14,7 | 20,9 | 19,7 | 11,0 |
| Орустар | 24,3 | 19,5 | 18,8 | 23,7 | 17,7 | 16,0 |
| Башкалар | 21,4 | 17,9 | 16,5 | 25,9 | 18,0 | 14,1 |

Келтирилген маалыматтар калктын көпчүлүгү кыздарды үйлөнүү үчүн ала качуу көрүнүштөрүнө терс көз караштa экенин көрсөтүп турат. Бирок, сурамжылоонун катышуучуларынын болжол менен бештен бир бөлүгү мындай көрүнүштөргө нейтралдуу же оң карашат. Бул жалпысынан, коомчулуктун аялдардын жубайын эркин тандоо укугунун бузулушуна чыдамдуулук менен караганын айтып турат. Терс баа берүүлөрдүн басымдуулук кылганына карабастан аялдар өздөрү кыздарды ала качууга катышышат жана өздөрүнүн катышканын элдик салт, үрп-адат деп, тууганына жардам берүү керектиги, жана ошондой эле алар өздөрү да убагында ала качкан адамга күйөөгө чыкканы менен акташат.

Сурамжылоонун катышычууларынын дээрлик ар бир онунчусу үйлөнүү үчүн макулдугу жок, зордоп ала качып кеткен кыздарды билишет. Үйлөнүү үчүн кыздарды ала качуунун регионалдык жана этникалык өзгөчөлүктөрү бар. Бул көрүнүш Нарын жана Ош областтарында, жана ошондой эле Бишкек менен Ош шаарларында көп таралган.

Изилдөөлөрдүн маалыматтары боюнча көп учурларда өтө жакыр үй-чарбаларынан чыккан, билим деңгээли төмөн кыздарды ала качышат. Бул кыздарды үйлөнүү үчүн ала качуу көрүнүшүнүн маданий жана этникалык табияты гана эмес, социалдык да табияты бар экенинин күбөлөндүрүп турат.

Кыздарды ала качуу көрүнүшүнө карата болгон гендердик өзгөчүлүктөр аныкталган - эркектер үйлөнүү үчүн кызды ала качкан эркекке оң баа берип же нейтралдуу караса, аялдар мындай эркекке карата болгон терс мамилесин билдиришкен.

Кыздарды ала качуунун себептери көп учурда өзүнө ишеними жок жана башка эркек менен болгон атаандаштыктан корккон эркектин өзүн-өзү төмөн баалоосу менен да байланышкан. Ошондуктан, кыздарды ала качуунун өтө көп таралган себептери ала качкан адам кыз башка адамга күйөөгө чыгып кетет же кыз макул болбой баш тартат деп корккону нда, ал гана эмес таанышууга батынбагандыгында жатат. Ошол эле убакта, кыздарды үйлөнүү үчүн ала качуу кыздын ата-энесинин кызы үчүн калың алганы менен да байланышкан. Көрсө, кызды ала качууга калың төлөөгө мүмкүнчүлүгү жок жаштар барат.

Ала качып кеткенде кетип калууга жана ала качкан адамга күйөөгө чыгуудан баш тартууга мүмкүндүк бербеген гендердик көнүм көз караштар коомчулуктун аң-сезимине бекем сиңип калган. Ала качкан адамга күйөөгө чыкпай койгон кыз сөзгө калат, аны коомчулук айыптайт, кийин ага турмушка чыгуу оор болот, жана ошондой эле кыз эркекке баш ийиш керек деген пикирлер кеңири жайылган. Айылда жашаган калк, жана ошондой эле калктын билими төмөн бөлүгү көбүрөөк дуушар болгон гендердик көнүмдөр кыздарга ала качкан адамдан кетип калууга жана укук коргоо органдарына кайрылууга мүмкүндүк бербейт.

Ала качуу сексуалдык зордук менен коштолгон учурларда, кыздын отуруп калганы жана ала качкан адамга күйөөгө чыкканы оң деп эсептеген респонденттердин саны жогорулаган. Бул факт кыйла өлчөмдө кыздын кыз бойдон калганы анын ийгиликтүү үй-бүлөлүк жашоосунун кепилдиги деген гендердик көнүмдүн баардык жерде кеңири таралганы менен байланыштуу. Мында, кыздын биринчи сексуалдык тажрыйбасы, ал үчүн зордуктоонун натыйжасы көп жылдарга психологиялык жаракат болуп кала турганы көңүлгө алынбайт.

Респонденттердин жарымынан көбү ала качканда зордуктоого кабыл болгон кызга кетип калууга жана укук коргоо органдарына кайрылууга кеңеш бергенине карабастан, алардын үчтөн бири гана өзүнүн кызын/карындашын/сиңдисин ала качып кетсе аны үйүнө кайра алып кетерин жана милицияга арыз менен кайрылаарын айткан. Зордуктоого кабыл болгон аялдар - алар болгон окуяга өздөрү күнөөлүү деп эсептелгендиктен, көп учурда коомчулукта басмырлоого кабыл болушат. Ошондуктан, алардын кызы же карындашы/синдиси жөнүндө сөз болгондо респондентер, репутациясын сактоо үчүн, зордуктоо фактысын жашырууну тандашат.

Изилдөөлөр кыздарды үйлөнүү үчүн ала качууга кылмыш-жаза мыйзамы менен жоопкерчилик каралгандыгы (үчтөн биринин маалыматы жок) жана жоопкерчиликтин ченемдери (60 пайызынын туура маалыматы жок) жөнүндө калктын маалыматынын жетишсиздигин аныктаган.

Калктын пикири боюнча, милициянын жана соттордун ала качуу фактылары боюнча арыздарды кароо иштерине болгон талаптарды күчөтүүгө багытталган укуктук механизмдер, ала качкан адамды, жана ошондой эле аны менен чогуу кылмышка катышкандарды, көмөкчүлөрүн жазадан четте калтырбоо принципин камсыз кылуу, үйлөнүү үчүн кыздарды ала качууларды токтото алат. Ошондой эле, аялдын жубайын эркин тандап алуу укугун бузууга жол бербөө жөнүндө кеңири маалымат кампаниясын өткөрүү сунушталууда.

# 9 Аялдардын саясий катышуусу

**Негизги жыйынтыктар**

- Калк, саясатчынын эң негизги сапаты, жынысына карабай, бул билимдүүлүк жана жогорку интеллект (27 пайыз), жөнөкөй элдин муктаждыктары жөнүндө кам көрүү (18 пайыз), тууралык жана ак-ниеттүүлүк (16 пайыз) деп эсептейт.
- Изилдөө учурунда аялдардын 37 пайызы жана эркектердин 40 пайызы Кыргыз Республикасында аялдарды саясатта алдыга жылдыруу боюнча кандайдыр бир атайын чаралар бар экендигин билишкен.
- Айылдагы жана шаардагы аялдар менен эркектердин көпчүлүгүнүн ойлору боюнча, аялдар өлкөбүздүн саясатынын калыптанышына өздөрүнүн зор салымын кошушат жана, ошондой эле, алар бийлик органдарындагы аял менен эркектердин бирдей өкүлчүлүгү өлкөбүздүн жогорку даражадагы өнүгүүсүн көрсөтөт (69 пайыз жана 63 пайыз) жана биздин өлкөбүздө аялдардын саясий өкүлчүлүгү азыркы абалга салыштырмалуу жогору болуусу зарыл (68 пайыз жана 60 пайыз) деп эсептешет.
- Аялдардын жарымынан ашыгы (54 пайыз) жана эркектердин жарымынан азы (41 пайыз), эгерде чечим кабыл алган адамдардын арасында аялдардын саны көбүрөөк болсо, өлкөбүздө жашоо деңгээли жогорулайт деп эсептешет.
- Жалпысынан алганда, респонденттердин жарымы (50 пайыз), аялдар жана эркектер, аялдардын саясатка активдүү катышуусунун эң негизги тоскоолдугу, бул күйөөсү же үй-бүлөсү тарабынан көрсөтүлгөн колдоонун жана аялдардын тажрыйбасынын жана билиминин (46 пайыз) жана коомдун колдоосунун (42 пайыз) жок болушу деп эсептейт.
- Калктын дээрлик жарымы (48 пайыз), аялдар жана эркектер, аял депутаттарды билишпейт. Бирок, ошол эле учурда, аялдардын чейрек бөлүгүнүн ою боюнча (26 пайыз) аял депутаттардын аткарган жумушу майнаптуу.
- Жыйынтыктарды карай турган болсок, аялдардын 16 пайызы жана эркектердин 21 пайызынын көз-карашы боюнча, аялдардын катышуусу жергиликтүү кеңештин жумушуна эч кандай таасир бербейт жана 17 пайыз менен 16 пайыздын ою боюнча, жергиликтүү кеңештин жумуштарын аялдар аткарат.
- Акыркы жылдарда калк ар кандай даражадагы шайлоолор (89 пайыз), ар түрдүү темадагы коомдук угууларга (14 пайыздын көбү) активдүү катышкан жана суроолорго жооп бергендердин кээ бирлери болсо, жергиликтүү бюджетти (3 пайыздын тегереги) талкулоого жана кандидат катары шайлоого (2 пайыз) катышышкан.
- Көчө жыйындарында өздөрүнүн көз-караштарын активдүү жана өжөрдүк менен көрсөткөн аялдар ким деген суроого респонденттердин 44 пайызы жөнөкөй эле аялдар, 15 пайызы ОБОН жана бир аз бөлүгү жергиликтүү коомчулуктун лидерлери, кандайдыр бир партиялардын мүчөлөрү, укук коргоочулар жана бейөкмөт уюмдарынын өкүлдөрү деп жооп беришкен.
- Жөнөкөй аялдардын көпчүлүгү (75 пайыз) жана ОБОНдун аял мүчөлөрү (73 пайыз) жана ошондой эле жергиликтүү коомчулуктардын лидерлери жана партиялардын мүчөлөрү акча каражаттарынын айынан нааразылык көрсөтүү акцияларына катышышат (44-46 пайыз). Ал эми идиелогиялык себептер боюнча партиялардын мүчөлөрү жана жергиликтүү коомчулуктардын башчылары көбүрөөк катышышат (29-30 пайыз).
- Калктын үчтөн бир бөлүгү (35 пайыз) ОБОН аялдарын билишпейт. ОБОН топтору тууралы маалыматтары болгон респонденттер алар акча каражат табуу үчүн нааразычылык акцияларына катышышат деп эсептешет (25 пайыз).

Адамдын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүнүн теңдигин коргоого багытталган коомдун демократиялык өнүгүү прогрессинин эң негизги индикаторлорунун бири – бул чечимдерди кабыл алуу процесстеринде гендердик паритетке жетүү жана аялдардын саясий катышуусун кеңейтүү жана Кыргыз Республикасынын эл аралык жана мамлекеттик милдеттенмелеринде орун алган мамлекеттик жана муниципалдык кызмат органдарында гендердик кадрдык саясатты өндүрүү. Башкаруу органдарындагы аялдардын катышуусунун прогрессивдүү мыйзамына жана чечимдерди кабыл алуу процесстерине карабастан, мурдагыдай эле, аялдар саясат ишкерлеринин азчылыгын гана түзөт. Изилдөөнүн жыйынтыктарын талдоо аялдарды бийликке илгерилетүүдөгү тоскоолдуктарды изилдөө, башкаруу органдарында аялдардын өкүлчүлүктөрүн жакшыртуу максатында саясаттын жаңы багыттарын аныктоо жана ошондой эле улуттук мыйзамды мындан ары жакшыртуу үчүн негиз болот.

Бул бөлүмдө аялдардын жана эркектердин саясатка катышуусу, аялдардын саясий катышуусун бекемдөө үчүн аялдардын активдүүлүгү жана саясий өнүгүүсүнүн даражасы боюнча атайын иш-чаралардан кабардар болуу жана ошондой эле калктын ар түрдүү эл аралык жана коомдук мекемелердин ишкердүүлүгүнө болгон мамилелерине байланыштуу жыйынтыктар берилген.

Сурамжылоодо калктын ой-пикирин мүнөздөөчү, башкача айтканда идеалдуу эркек жана аял саясатчынын эң негизги сапаттарын көрсөтүүчү маалымат чогултулган. Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча, калк аял менен эркек саясатчылардын сапаттарынын ортосундагы айырмачылыктарды белгилешкен эмес. 9.1-таблицада аял саясатчыга тиешелүү болгон эң негизи сапаттар көрсөтүлгөн. Респонденттерге сунушталган тизмедеги аял менен эркектер аял депутатка мүнөздүү үч негизги сапатты белгилешкен: билимдүүлүк жана жогорку интеллект (27 пайыз), жөнөкөй адамдардын муктаждыктарына кам көрүү (18 пайыз), чынчылдык жана ак ниеттүүлүк (16 пайыз). Ошол эле учурда, аялдар менен эркектердин көрсөткүчтөрүн тандап кароодо алардын жашоо жери, билим жана жетиштүүлүк деңгээли, улуту боюнча кандайдыр бир айырмачылыктар дээрлик байкалган эмес. Башка аймактар менен салыштырмалуу, Жалал-Абад областында респонденттер билимдүүлүк жана жогорку интеллектти (32 пайыз), Талас областында жогоруда аталган айым саясатчыга мүнөздүү баардык үч негизги сапатты тандашкан (31, 23 жана 22 пайыз).

**9.1-Таблица. Аял-саясатчылар үчүн маанилүү үч сапат**

Аймактар боюнча аял саясатчыга үчүн эң негизги үч сапатты тандаган аял менен эркектердин пайызы

| | Баткен | Жалал-Абад | Ысык-Көл | Нарын | Ош | Талас | Чүй | Бишкек ш. | Ош ш. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Билимдүүлүк жана жогорку интеллект | 28,0 | 31,6 | 23,2 | 31,1 | 25,9 | 31,0 | 26,2 | 24,3 | 18,9 |
| Салттуу үй-бүлөлүк баалуулуктарга берилгендик | 4,1 | 4,8 | 1,7 | 5,6 | 5,1 | 1,0 | 1,2 | 3,0 | 4,6 |
| Чынчылдык жана ак ниеттүүлүк | 12,6 | 15,0 | 16,9 | 17,1 | 16,3 | 23,1 | 22,3 | 13,0 | 16,2 |
| Жашоо тажрыйбасы | 10,4 | 3,9 | 8,4 | 5,1 | 4,7 | 4,8 | 5,9 | 11,6 | 3,3 |
| Көз-караштын ийкемдүүлүгү | 2,3 | 2,7 | 2,3 | 3,1 | 3,2 | 3,0 | 1,1 | 3,8 | 4,0 |
| Жылдыздуулук, чырайлуу келбет | 4,0 | 2,3 | 4,7 | 1,7 | 4,7 | 0,5 | 1,0 | 2,8 | 7,0 |
| Сүйлөшө билүү | 9,8 | 4,3 | 9,0 | 3,7 | 7,4 | 7,9 | 9,2 | 7,0 | 7,8 |
| Жөнөкөй адамдардын муктаждыктарына кам көрүү | 13,1 | 19,0 | 19,1 | 16,4 | 18,9 | 21,9 | 20,4 | 14,2 | 15,1 |
| Туруктуулук, чечкиндүүлүк | 5,7 | 3,8 | 9,4 | 5,8 | 5,9 | 3,7 | 4,8 | 12,0 | 10,6 |
| Мекенчилдик | 4,7 | 11,6 | 4,6 | 7,1 | 3,5 | 2,5 | 2,5 | 5,2 | 5,3 |
| Динчилдик | 0,4 | 0,3 | 0,0 | 0,2 | 2,4 | 0,0 | 0,9 | 0,3 | 1,2 |
| Туюм | 4,9 | 0,4 | 0,3 | 3,1 | 1,5 | 0,4 | 1,4 | 2,4 | 5,3 |
| ЖБК/ЖБ | 0,1 | 0,5 | 0,3 | 0,2 | 0,5 | 0,2 | 3,2 | 0,4 | 0,7 |
| Бардыгы | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

Кыргыз Республикасында калкка толук берилбей калган топтор (аялдар, этникалык топтордун өкүлдөрү, жаштар) үчүн квота берүү[23] принциби жана өлкөнүн парламентин түзүүчү партиялык тизмелер боюнча аялдардын саясий катышуусун бекемдөө максатында маанилүү мыйзамдык ченемдер бекитилген. Мажоритардык принциби боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин эркек курамы 2005 жылы шайлангандан кийин парламентке партиялык тизмелер боюнча аялдар, этникалык азчылыктар жана жаштардын өкүлдөрү киргенгенден кийин бул көрүнүш толук бойдон өзгөрүүгө учураган.

Калктын саясатта аялдардын катышуусун жогорулатуучу атайын иш-чараларга байланыштуу маалыматы 9.2 таблицасында көрсөтүлгөн. Изилдөө жүргүзүү учурунда аялдардын 37 жана эркектердин 40 пайызы гана Кыргыз Республикасында саясатта аялдардын катышуусун камсыз кылуу боюнча кандайдыр бир атайын иш-чаралардан маалыматы бар болгон. Ошол эле учурда, айыл жергелери менен салыштырмалуу шаар жергелеринин тургундары бул мыкты деңгээлде маселеден кабардар болгондугун көрсөтүшкөн (46 пайыз жана 34 пайыз). Аймактар боюнча Бишкек шаарынын жана Ысык-Көл Областынын тургундары (46 пайыз жана 56 пайыз) бул маселеден кабардар болгондугун көрсөтүштү. Бишкек шаарынын тургундарынын жарымынын көбү атайын иш-чараларынын болгондугун билишкен (аялдардын 58 пайызы жана эркектердин 62 пайызы). Нарын Областынын респонденттери атайын иш-чараларды толук билишкен эмес (аялдардын 18 пайызы жана эркектердин 21 пайызы).

9.2-Таблицасында калктын аялдарды мыйзам жана аткаруу органдарына илгерилетүү иш-чаралардан кабардар болгондугу тууралуу маалыматтар берилген. Аялдарды илгерилетүү үчүн саясаттын атайын иш-чараларынын болгондугун билген аялдар менен эркектер аталган иш-чараларды партиялардын талапкерлеринин тизмелерин түзүүдө берилген квота (35 жана 39 пайыз) жана ошондой эле алар айылдык кеңештерге шайлоодо берилген квота (16 пайыз жана 20 пайыз) жана башкаруу кызмат орундары үчүн талапкерлерди тандоодо квота берүү (15 пайыз жана 18 пайыз) деп эсептешкен. Респонденттердин улуу курактагы топтордун арасындагы эркектердин атайын иш-чаралардын болгондугун билүү даражасы улутка карабастан билим жана жетиштүүлүк деңгээлинин өсүшү менен бирге  жогорулап жатышын белгилөө зарыл. Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча, өлкөнүн калкы, эркектер да, жана аялдар да, айрыкча айыл жергесинде, бийлик органдарында аялдардын катышуусун камсыздоочу атайын иш-чаралардын болгондугун жакшы билишпейт. Демек, калтктын аталган бөлүгү бийлик органдарына аялдардын эмне себептен зарыл болгондугун жакшы билишпейт. Бул көрүнүш гендердик теңдикке жетүү жана чечим кабыл алууда аялдардын саясатка катышуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө тосколдук жаратып жатат.

[23]Квота (лат. *quota*) –макулдашуу жана келишимдерде мүмкүн болуучу бир нерсенин ченеми, үлүшү же бөлүгү. Квота принциби бир жыныстагы адамдардын өкүлчүлүгү 70 пайыздан ашпашы керек, ошол эле учурда талапкерлердин тизмесинде кезектик үч орундан ашпоого тийиш.

## 9.2-Таблица. Саясатта аялдардын санын көбөйтүү үчүн атайын социалдык чаралар жөнүндө кабардар болуу

Аялдардын өкүлчүлүктөрү, жашаган жерлер, областтар, курак, билим жана жетиштүүлүк деңгээли боюнча атайын иш-чаралардын бар болушун билген эркек менен аялдардын пайызы

| | Аялдар | | | | | | Эркектер | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Иш-чаралардын тизмеги | | | | | | Иш-чаралардын тизмеги | | | | |
| | Иш-чаралар бар | Талапкерлерди башкаруу кызмат ордуларына тандоодогу квоталар | ЖК партиялардан талапкерлердин тизмесин түзүүдөгү квоталар | Айылдык кеңештерге шайлоодогу квоталар | Өкмөттү түзүү-дөгү квоталар | ЖБК/ЖБ | Иш-чаралар бар | Талапкер-лерди башкаруу кызмат ордуларына тандоодогу квоталар | ЖК партиялардан талапкерлердин тизмесин түзүүдөгү квоталар | Айылдык кеңештерге шайлоо-догу квоталар | Өкмөттү түзүү-дөгү квоталар | ЖБК/ЖБ |
| Бардыгы | 37,5 | 15,1 | 35,5 | 15,7 | 7,4 | 15,7 | 39,6 | 17,8 | **39,2** | **20,0** | **9,5** | **13,5** |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | | | | | | |
| Шаар | 46,0 | 12,9 | 33,1 | 12,6 | 8,6 | 25,8 | 47,4 | 15,0 | 31,5 | 15,4 | 11,8 | 22,2 |
| Айыл | 32,2 | 16,5 | 37,1 | 17,8 | 6,7 | 9,0 | 35,7 | 19,3 | 43,5 | 22,6 | 8,2 | 8,6 |
| **Областтар** | | | | | | | | | | | | |
| Баткен | 38,1 | 28,5 | 37,7 | 30,1 | 22,8 | 3,6 | 44,1 | 36,5 | 43,9 | 36,1 | 31,9 | 3,2 |
| Жалал-Абад | 32,0 | 19,6 | 44,0 | 20,0 | 3,2 | 5,1 | 33,6 | 28,4 | 50,5 | 31,2 | 5,0 | 2,1 |
| Ысык-Көл | 49,3 | 25,2 | 58,5 | 46,8 | 17,8 | 2,7 | 55,8 | 26,0 | 68,8 | 43,2 | 17,8 | 0,0 |
| Нарын | 18,1 | 15,5 | 33,9 | 8,0 | 6,4 | 3,4 | 20,8 | 20,7 | 43,2 | 12,1 | 7,1 | 7,9 |
| Ош | 33,9 | 13,9 | 41,8 | 14,2 | 2,1 | 13,5 | 37,1 | 14,3 | 44,3 | 14,7 | 3,7 | 10,2 |
| Талас | 23,8 | 7,1 | 22,2 | 24,5 | 9,7 | 5,4 | 25,4 | 7,3 | 30,0 | 37,3 | 9,9 | 3,6 |
| Чүй | 29,4 | 7,9 | 18,9 | 1,9 | 5,8 | 20,0 | 32,2 | 5,5 | 22,9 | 2,8 | 6,1 | 20,8 |
| Бишкек шаары | 58,1 | 10,9 | 34,3 | 7,7 | 6,6 | 38,6 | 62,2 | 12,2 | 25,5 | 10,3 | 9,6 | 38,7 |
| Ош шаары | 23,2 | 9,2 | 13,0 | 7,5 | 5,2 | 10,2 | 22,8 | 7,7 | 16,2 | 8,7 | 10,9 | 10,8 |
| **Курагы, жаш** | | | | | | | | | | | | |
| 18-20 | 30,7 | 14,3 | 32,4 | 12,5 | 7,1 | 16,4 | 41,3 | 9,8 | 27,7 | 20,4 | 2,8 | 19,7 |
| 21-30 | 36,0 | 14,2 | 36,2 | 14,8 | 7,1 | 12,9 | 35,3 | 15,5 | 32,1 | 16,9 | 6,5 | 19,4 |
| 31-40 | 38,7 | 17,7 | 34,6 | 15,0 | 5,5 | 18,6 | 40,5 | 15,5 | 39,8 | 17,9 | 11,3 | 14,3 |
| 41-50 | 41,2 | 14,1 | 38,6 | 16,8 | 8,7 | 15,3 | 39,9 | 17,2 | 42,3 | 23,4 | 12,2 | 8,5 |
| 51-60 | 38,5 | 17,5 | 38,5 | 19,1 | 7,5 | 15,2 | 40,1 | 24,0 | 49,3 | 22,3 | 11,5 | 8,0 |
| 61-70 | 38,5 | 11,2 | 32,6 | 16,5 | 8,4 | 19,8 | 47,7 | 30,0 | 38,0 | 22,7 | 10,0 | 11,0 |
| 70+ | 30,7 | 13,3 | 23,2 | 11,6 | 10,6 | 14,6 | 38,4 | 7,5 | 49,3 | 18,2 | 8,8 | 11,9 |
| **Билим деңгээли** | | | | | | | | | | | | |
| Жалпы орто билим (башталгыч билим берүү) | 26,8 | 10,9 | 24,5 | 7,5 | 2,6 | 11,2 | 29,4 | 10,7 | 23,2 | 12,3 | 5,2 | 15,4 |
| Орто билим | 31,8 | 15,4 | 34,7 | 15,9 | 6,6 | 12,9 | 34,0 | 17,6 | 38,0 | 24,0 | 7,7 | 9,7 |
| Башталгыч жана орто кесиптик билим | 41,0 | 12,8 | 36,9 | 15,9 | 7,5 | 18,7 | 46,9 | 18,6 | 41,2 | 18,6 | 10,0 | 16,3 |
| Жогорку/бүтпөгөн жогорку билим | 48,4 | 18,1 | 39,5 | 18,3 | 10,5 | 19,1 | 48,0 | 19,8 | 45,0 | 17,0 | 13,6 | 16,8 |
| **Жетиштүүлүгүнүн деңгээли** | | | | | | | | | | | | |
| Эң жакыр | 31,0 | 17,4 | 28,7 | 13,5 | 7,8 | 13,9 | 35,2 | 19,2 | 36,5 | 19,5 | 9,4 | 14,2 |
| Экинчи | 32,0 | 13,3 | 36,0 | 15,7 | 6,1 | 12,3 | 37,9 | 17,4 | 48,1 | 23,9 | 9,7 | 8,4 |
| Орто | 38,1 | 15,2 | 36,5 | 18,1 | 5,4 | 15,2 | 37,6 | 15,2 | 37,0 | 19,0 | 7,5 | 14,5 |
| Төртүнчү | 45,6 | 14,6 | 37,0 | 13,7 | 9,5 | 20,9 | 47,4 | 18,6 | 34,8 | 16,3 | 12,6 | 16,3 |
| Эң бай | 44,3 | 14,8 | 41,4 | 18,7 | 8,5 | 16,8 | 43,4 | 18,2 | 39,4 | 21,3 | 7,6 | 14,6 |

9.3-Таблицасында аял менен эркектердин аялдын саясаттагы ролу тууралуу ой-пикирлери берилген. Бул ой-пикирлердин арасында гендердик жана аймактык айырмачылыктар бар.

Ой-пикирлердин бир бөлүгү аялдардын саясий катышуусуна болгон жагымдуу, оң мамилени көрсөтөт. Ал эми ой-пикирлердин экинчи бөлүгү болсо, аялдардын саясий катышуусуна болгон жагымсыз же терс мамилени аныктайт жана аялдардын саясатчы болуу мүмкүнчүлүктөрүнө байланыштуу гендердик стереотиптерди камтыйт.

Айылдагы жана шаардагы аялдар менен эркектердин көпчүлүгүнүн ойлору боюнча, аялдар өлкөбүздүн саясатынын калыптанышына өздөрүнүн зор салымын кошушат (73 жана 64 пайыз). Катышуучулардын үчтөн эки бөлүгү «аял менен эркектердин бирдей өкүлчүлүгү өлкөбүздүн жогорку даражадагы өнүгүүсүн көрсөтөт» (69 жана 63 пайыз) деп эсептешет жана «биздин өлкөбүздө аялдардын саясий өкүлчүлүгү азыркы абалга салыштырмалуу жогору болуусу зарыл» деген көз-карашты колдошот (68 жана 60 пайыз).

Ошол эле учурда, респонденттердин көпчүлүгү аялдар үчүн эркектердей болуп саясатка жолтоосуз катышууга мүмкүнчүлүк бербеген тоскоолдуктар бар деген пикири менен макул болушту. Аялдар менен эркектердин ою боюнча «эркектер аялдардын саясатка катышуусуна дайыма каршылык көрсөтүшөт» (65 жана 61 пайыз). Аял менен эркектердин жарымынын көбү аялдардын финансылык көз карандылыгы саясатка катышууга жол бербейт жана берилген квоталар аялдарга бийлик органдарына жетүүгө жардам берет деп эсептейт (55-57 пайыз).

Респонденттердин аялдардын саясатчы болуу мүмкүнчүлүгү жөнүндөгү көндүм ой-пикирлер коомдогу гендердик стереотиптердин болушун тастыктайт. Ошентип, аялдардын 40 пайызы жана эркектердин 50 пайызы «аялдардын физикалык жактан алсыздыгы саясатка катышууга жол бербейт» деген ой-пикир менен макул болушту. Суроолорго жооп берген дээрлик бардык адамдардын ойлору боюнча, «аялзат үчүн үй-бүлө жана саясат бир бирине туура келбейт» жана «саясатка катышуу үчүн аялдар өтө эле сезимтал келишет» (аялдардын 42 пайызы жана эркектердин 52 пайызы). Ошону менен бирге, ар бир төртүнчү аял (25 пайыз) жана ар бир үчүнчү эркек (35 пайыз) «аялдар такыр эле саясатка катышпашы керек, бул аялдардын иши эмес» деп эсептешет.

Изилдөөнүн жыйынтыктары жашаган аймактары боюнча респонденттердин ой-пикирлеринин айырмачылыктарын көрсөтүп жатат. Жалпысынан, Нарын, Ысык-Көл жана Баткен областтарынын тургундарынын көпчүлүгү (80 пайыздан 90 пайызга чейин) аял саясатта зор ролду ойнойт деген пикир менен макул болушту. Ошол эле учурда, Жалал-Абад жана Ош областтарынын жана Ош шаарынын тургундарынын жарымынын көбү көндүм (стереотиптүү) ой-пикирлер менен макул болушту. Бул көрүнүш Кыргыз Республикасынын түштүк аймагындагы патриархалдык көз-караштардын болушун тастыктайт.

## 9.3-Таблица. Саясаттагы аялдар тууралуу ой-пикир менен макул болгон аялдар менен эркектердин үлүшү

Саясат жана аялдар тууралуу ой-пикир менен макул болгон аялдар менен эркектердин пайызы, жашаган жери жана областтар боюнча

| | Аялдар өлкөбүздүн саясатынын калыптанышына өздөрүнүн зор салымын кошушат | Аялдар такыр эле саясатка аралашпашы, бул аялдардын иши эмес | Өлкөбүздө саясаттагы аялдардын өкүлчүлүгү азыркыга салыштырмалуу жогорураак болушу керек | Аялзат үчүн үй-бүлө жана саясат бир бирине туура келбейт | Эркектер аялдардын саясатка катышуусуна дайыма каршылык көрсөтүшөт, бул алар үчүн пайдалуу эмес | Аялдардын өздөрү күнөлүү, анткени, аялдар аялдарга өз добуштарын беришпейт. | Саясатка катышуу үчүн аялдар өтө эле сезимтал келишет | Аялдардын финансылык көз карандыгы саясатка катышууга жол бербейт | Аялдардын физикалык жактан алсыздыгы саясатка катышууга жол бербейт | Берилген квоталар саясатка кирүү үчүн жардам берет | Бийлик органдарындагы аялдар менен эркектердин бирдей өкүлчүлүгү өлкөнүн жогорку даражадагы өнүгүүсүн көрсөтөт |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Аялдар** | | | | | | | | | | | |
| Бардыгы | 73,3 | 25,0 | 67,9 | 41,6 | 65,0 | 51,4 | 41,8 | 56,4 | 40,2 | 54,6 | 68,6 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | | | | | |
| Шаар | 69,5 | 17,7 | 68,7 | 36,0 | 61,1 | 48,3 | 36,1 | 48,6 | 33,5 | 59,7 | 68,2 |
| Айыл | 75,6 | 29,5 | 67,4 | 45,1 | 67,3 | 53,3 | 45,3 | 61,3 | 44,3 | 51,4 | 68,9 |
| **Областтар** | | | | | | | | | | | |
| Баткен | 84,0 | 16,1 | 81,5 | 35,1 | 55,7 | 61,3 | 61,3 | 63,1 | 47,4 | 61,9 | 78,3 |
| Жалал-Абад | 68,8 | 31,3 | 60,6 | 47,0 | 80,9 | 63,6 | 47,7 | 63,5 | 59,4 | 52,9 | 68,1 |
| Ысык-Көл | 90,2 | 16,5 | 87,9 | 28,9 | 65,2 | 50,4 | 39,6 | 70,7 | 45,9 | 78,2 | 82,1 |
| Нарын | 92,0 | 24,2 | 76,9 | 29,7 | 47,1 | 53,8 | 42,5 | 61,9 | 52,7 | 65,2 | 86,0 |
| Ош | 74,7 | 43,8 | 62,5 | 63,6 | 65,6 | 51,5 | 54,8 | 61,2 | 40,2 | 50,8 | 66,2 |
| Талас | 81,6 | 18,0 | 82,3 | 27,5 | 69,9 | 48,5 | 23,1 | 65,3 | 34,4 | 59,5 | 72,2 |
| Чүй | 68,5 | 20,1 | 65,2 | 33,3 | 64,3 | 47,5 | 32,8 | 54,6 | 29,9 | 30,9 | 61,8 |
| Бишкек шаары | 64,5 | 9,4 | 66,3 | 30,9 | 58,0 | 37,7 | 25,2 | 33,8 | 23,0 | 60,8 | 66,9 |
| Ош шаары | 66,6 | 39,1 | 57,4 | 55,4 | 62,6 | 60,3 | 46,6 | 62,0 | 46,9 | 66,5 | 54,9 |
| **Эркектер** | | | | | | | | | | | |
| Бардыгы | 64,2 | 34,7 | 60,5 | 51,3 | 61,3 | 56,8 | 52,5 | 56,9 | 49,9 | 55,9 | 63,2 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | | | | | |
| Шаар | 63,9 | 30,4 | 58,3 | 49,3 | 57,3 | 52,6 | 47,5 | 47,8 | 43,3 | 61,3 | 64,4 |
| Айыл | 64,3 | 36,9 | 61,6 | 52,3 | 63,3 | 58,8 | 54,9 | 61,5 | 53,1 | 53,2 | 62,6 |
| **Областтар** | | | | | | | | | | | |
| Баткен | 83,3 | 17,5 | 72,7 | 45,1 | 54,2 | 60,4 | 64,3 | 57,2 | 51,8 | 69,7 | 76,1 |
| Жалал-Абад | 53,5 | 39,5 | 54,1 | 56,4 | 70,3 | 57,0 | 52,7 | 62,9 | 65,2 | 49,2 | 55,1 |
| Ысык-Көл | 83,4 | 33,1 | 73,6 | 33,3 | 63,8 | 62,6 | 53,9 | 65,6 | 54,2 | 80,4 | 81,3 |
| Нарын | 87,2 | 25,6 | 76,1 | 35,1 | 37,5 | 54,6 | 52,8 | 60,7 | 58,7 | 69,6 | 86,1 |
| Ош | 58,5 | 50,9 | 56,2 | 65,8 | 64,3 | 63,5 | 64,0 | 61,1 | 53,0 | 55,7 | 57,2 |
| Талас | 67,9 | 42,0 | 70,7 | 49,1 | 55,9 | 71,1 | 52,7 | 68,7 | 50,2 | 61,1 | 70,3 |
| Чүй | 64,2 | 25,2 | 60,2 | 45,8 | 65,6 | 52,3 | 44,2 | 53,8 | 36,1 | 32,2 | 59,3 |
| Бишкек шаары | 60,1 | 21,9 | 57,5 | 45,1 | 55,4 | 43,0 | 37,7 | 34,9 | 33,7 | 61,5 | 67,0 |
| Ош шаары | 59,3 | 50,1 | 50,8 | 63,3 | 53,1 | 61,0 | 55,4 | 66,2 | 48,1 | 59,9 | 43,7 |

Изилдөө жүргүзүүдө эгерде чечим кабыл алуучу адамдардын арасында аялдардын саны көп болсо, өлкөдө жашоо-турмуш өзгөрөт беле деген суроо тууралуу маалымат алынган (Таблица 9.4). Аялдардын жарымынын көбү (54 пайыз) жана эркектердин жарымынын азы (41 пайыз), айыл жана шаар жергесинде, өлкөдө жашоо-турмуш өзгөрөт деп эсептешет. Дээрлик калктын үчтөн бир бөлүгүнүн ою боюнча, жашоо жерине карабастан, өлкөдө жашоо-турмуш өзгөрбөйт (аялдардын 26 пайызы жана эркектердин 34 пайызы). Ошол эле учурда, аялдардын 10 пайызы жана эркектердин 13 пайызынын көз-караша боюнча, эгерде саясатка аялдар катышышса, жашоо-турмуш начарлайт. Ошондой эле, шаар жергелерине салыштырмалуу айыл жергесинде респонденттердин көпчүлүгү жогоруда аталган ой-пикир менен макул (14 жана 8 пайыз).

Айыл жана шаар жергесинде жашаган тургундардын ой-пикирлеринин ортосундагы айырмачылыктардан сырткары аймактык айырмачылыктарды да белгилеп кетсе болот. Ысык-Көл Областында (аялдардын 72 пайызы жана эркектердин 53 пайызы) жана Нарын Областында (70 жана 61 пайыз) сурамжылоого катышкан респонденттер айым-депутаттардын санынын жогорулашынан улам өлкөбүздөгү абал жакшырууда деген көз-карашты белгилешкен. Жалал-Абад Областынын аялдары (38 пайыз) жана Талас областынын эркектери (59 пайыз) өлкөнүн абалынын жакшыруусуна ишенишпейт. Жалал-Абад областынын жана Ош шаарынын аял жана эркек тургундары (18 жана 25 пайыз) абалдын начарлашын белгилешкен. Аталган аймактарда диний баалуулуктарга жогорку деңгээлде колдоо көрсөткөнүн баса белгилеп кетүү зарыл. Ошол эле учурда, 40 жаштан ашкан аялдар (56-58 пайыз) жана 60 жаштан ашкан эркектердин (55-56 пайыз) ою боюнча, жашоонун жакшыруусу мүмкүн. Аталган көз-караш менен макул болуу даражасы аял менен эркектердин билим деңгээлинин өсүүсү менен бирге жогорулоодо (60 жана 43 пайыз). Бирок, бул көз-караш жакыр жана бай жашаган үй чарбаларда кеңири жайылган.

Жыйынтыктар азыркы учурда аялдардын республикада мамлекеттик жана саясий жашоосуна катышуусунан калктын кабардар болуусу дагы эле төмөн деңгээлде экендигин көрсөтүп жатат. Айрыкча, бул көрүнүш калктын төмөн билим деңгээлине байланыштуу.

**9.4-Таблица. Эгерде чечим кабыл алуучу адамдардын арасында аялдардын саны көп болсо, өлкөдө жашоо-турмуш кандай өзгөрөт деген ой-пикир**

Эгер чечим кабыл алуучу адамдардын арасында аялдардын саны көп болсо, өлкөбөздө жашоо-турмуш жакшырат, начарлайт же өзгөрбөйт деп эсептеген аял менен эркектердин пайызы, жашаган жерлери, областтар, жашы, билим деңгээли, жетиштүүлүк жана улут боюнча

| | Аялдар | | | | | Эркектер | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Жак-тырат | Начар-лайт | Өзгөр-бөйт | ЖБК/ЖБ | Баар-дыгы | Жак-тырат | Начар-лайт | Өзгөр-бөйт | ЖБК/ЖБ | Бардыгы |
| Бардыгы | 54,4 | 9,8 | 25,6 | 10,1 | 100 | 41,2 | 13,4 | 33,9 | 11,5 | 100 |
| **Отурукташкан жеринин түрү** | | | | | | | | | | |
| Шаар | 55,0 | 6,4 | 26,6 | 12,0 | 100 | 43,4 | 8,9 | 35,9 | 11,8 | 100 |
| Айыл | 54,0 | 12,0 | 25,0 | 9,0 | 100 | 40,2 | 15,6 | 32,9 | 11,4 | 100 |
| **Областтар** | | | | | | | | | | |
| Баткен | 66,1 | 5,7 | 13,5 | 14,6 | 100 | 51,3 | 6,8 | 18,1 | 23,7 | 100 |
| Жалал-Абад | 39,8 | 18,3 | 37,8 | 4,1 | 100 | 29,5 | 25,0 | 41,1 | 4,5 | 100 |
| Ысык-Көл | 72,0 | 2,1 | 16,9 | 9,0 | 100 | 52,7 | 2,6 | 31,9 | 12,8 | 100 |
| Нарын | 69,9 | 3,5 | 20,4 | 6,3 | 100 | 61,3 | 4,4 | 28,9 | 5,4 | 100 |
| Ош | 50,5 | 16,1 | 25,8 | 7,6 | 100 | 33,4 | 20,1 | 34,2 | 12,3 | 100 |
| Талас | 57,5 | 2,6 | 35,4 | 4,4 | 100 | 34,5 | 2,3 | 59,2 | 4,0 | 100 |
| Чүй | 55,5 | 8,4 | 21,6 | 14,6 | 100 | 48,4 | 9,5 | 27,0 | 15,1 | 100 |
| Бишкек шаары | 57,4 | 2,8 | 25,8 | 14,0 | 100 | 46,9 | 4,0 | 36,4 | 12,7 | 100 |
| Ош шаары | 42,4 | 17,7 | 26,0 | 13,8 | 100 | 34,3 | 24,2 | 26,7 | 14,8 | 100 |
| **Курагы, жаш** | | | | | | | | | | |
| 18-20 | 47,9 | 5,7 | 37,1 | 9,2 | 100 | 29,3 | 15,4 | 36,2 | 19,1 | 100 |

Эгер чечим кабыл алуучу адамдардын арасында аялдардын саны көп болсо, өлкөбөздө жашоо-турмуш жакшырат, начарлайт же өзгөрбөйт деп эсептеген аял менен эркектердин пайызы, жашаган жерлери, областтар, жашы, билим деңгээли, жетиштүүлүк жана улут боюнча

| | Аялдар | | | | | Эркектер | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Жак-тырат | Начар-лайт | Өзгөр-бөйт | ЖБК/ ЖБ | Баар-дыгы | Жак-тырат | Начар-лайт | Өзгөр-бөйт | ЖБК/ ЖБ | Бардыгы |
| 21-30 | 53,3 | 11,7 | 25,3 | 9,6 | 100 | 37,6 | 15,1 | 35,0 | 12,3 | 100 |
| 31-40 | 52,8 | 11,7 | 25,4 | 10,1 | 100 | 38,7 | 12,3 | 35,8 | 13,2 | 100 |
| 41-50 | 58,3 | 8,7 | 24,1 | 8,9 | 100 | 41,8 | 13,4 | 35,2 | 9,6 | 100 |
| 51-60 | 55,8 | 8,8 | 24,9 | 10,5 | 100 | 43,2 | 12,3 | 33,2 | 11,2 | 100 |
| 61-70 | 56,0 | 6,5 | 23,4 | 14,2 | 100 | 54,8 | 11,8 | 27,9 | 5,5 | 100 |
| 70+ | 53,1 | 11,2 | 23,9 | 11,9 | 100 | 56,4 | 12,0 | 22,8 | 8,8 | 100 |
| **Билим деңгээли** | | | | | | | | | | |
| Жалпы орто билим (баш-талгыч би-лим берүү) | 39,6 | 14,2 | 28,2 | 18,0 | 100 | 35,5 | 13,5 | 34,6 | 16,4 | 100 |
| Орто билим | 54,9 | 11,4 | 26,4 | 7,3 | 100 | 38,7 | 16,6 | 33,7 | 11,0 | 100 |
| Башталгыч жана орто кесиптик билим | 53,1 | 6,3 | 27,4 | 13,2 | 100 | 43,2 | 11,2 | 35,6 | 10,0 | 100 |
| Жогорку/ бүтпөгөн жогорку билим | 60,1 | 8,7 | 21,6 | 9,6 | 100 | 46,7 | 8,6 | 32,6 | 12,1 | 100 |
| **Жетиштүүлүгүнүн деңгээли** | | | | | | | | | | |
| Эң жакыр | 56,7 | 9,0 | 23,5 | 10,7 | 100 | 40,2 | 13,2 | 34,7 | 11,9 | 100 |
| Экинчи | 54,6 | 12,2 | 24,6 | 8,6 | 100 | 40,5 | 15,3 | 32,3 | 11,9 | 100 |
| Ортончу | 51,0 | 12,3 | 27,3 | 9,4 | 100 | 44,2 | 11,3 | 32,8 | 11,7 | 100 |
| Төртүнчү | 52,2 | 8,4 | 27,8 | 11,5 | 100 | 41,4 | 12,2 | 33,8 | 12,6 | 100 |
| Эң бай | 57,2 | 6,6 | 25,5 | 10,6 | 100 | 40,1 | 14,7 | 36,5 | 8,7 | 100 |
| **Улуту** | | | | | | | | | | |
| Кыргыздар | 56,9 | 9,3 | 25,3 | 8,6 | 100 | 42,7 | 12,9 | 34,5 | 9,9 | 100 |
| Өзбектер | 42,8 | 17,1 | 27,0 | 13,1 | 100 | 30,5 | 19,4 | 35,3 | 14,8 | 100 |
| Орустар | 57,0 | 4,1 | 26,8 | 12,0 | 100 | 52,9 | 4,8 | 27,7 | 14,5 | 100 |
| Башкалар | 48,6 | 8,6 | 24,3 | 18,5 | 100 | 37,3 | 13,4 | 30,1 | 19,1 | 100 |

Жылыштарга карабастан коом мамлекеттик жана саясий турмушта, айрыкча, чечим кабыл алууга байланыштуу кызмат орундары, мыйзам жана аткаруу бийлигинин жогорку даражалары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу деңгээлинде жергиликтүү башкаруу, өкүлчүлүктүү жана аткаруу бийликтеринин органдарында аялдарга жетиштүү орун бербөөдөн улам тынчсызданууда. Кыргыз Республикасынын өнүгүүсүндөгү акыркы он жылга тиешелүү статистикалык маалыматтар аялдардын бийлик органдарындагы туруксуз абалын көрсөтүүдө. Республиканын башкаруу оргадарында, айрыкча бийликтин жогорку эшелондорундагы, катышуу боюнча көрсөткүчтөр аялдарды бийликте илгерилетүүдөгү жолтолорду көрсөтүп турат. Изилдөөнүн максаттарынын бири болуп коомдо аялдардын саясий катышуусун кеңейтүү маселесине тиешелүү болгон тоскоолдуктарды изилдөө саналат.

Изилдөө жүргүзүүдө аялдардын саясатка активдүү катышуусуна тоскоолдук жаратуучу негизги себептер жөнүндөгү маалыматтар чогултулган. (Таблица 9.5). Жалпысынан алганда, респонденттердин жарымы (50 пайыз), аялдар жана эркектер, аялдардын саясатка активдүү катышуусунун эң негизги тоскоолдугу, бул күйөөсү же үй-бүлөсү тарабынан көрсөтүлгөн колдоонун жана аялдардын тажрыйбасынын жана билиминин (46 пайыз) жана коомдун колдоосунун (42 пайыз)

жок болушу деп эсептейт. Мындан тышкары, сурамжылоого катышкан адамдардын чейрек бөлүгү (26 пайыз) аялдарга саясатка катышуу үчүн материалдык каражаттар жетишпейт деп белгилешкен.

Ошол эле учурда, шаар жергелерине салыштырмалуу айыл жергесинде күйөө же үй-бүлө тарабынан көрсөтүлгөн колдоонун жок болушу деп айткан респонденттердин үлүшү 1,5 эсе жогору (27 жана 38 пайыз). Тажрыйбанын жана билимдин жок болушун шаар жана айыл жергелеринин тургундары, жынысына карабастан, бирдей белгилешкен (45 жана 47 пайыз). Айыл жергелерине салыштырмалуу шаар жергесинде «коомдун колдоосунун жок болушу» деген жоопту аз белгилешкен (37 жана 44 пайыз). Аталган суроо боюнча изилдөө көрүнүктүү гендердик, куррактык, билим берүү жана башка айырмачылыктарды көрсөткөн жок. Бирок кээ бир аймактык айырмачылыктарды белгилеп кетүү маанилүү. Ош областында «күйөө жана үй-бүлө тарабынан көрсөтүлгөн колдоонун жоктугу» деген жоопту көп тандашкан (жалпысынан 73 пайыз). Талас областынын тургундары аялдардын тажрыйбасынын жана билиминин жоктугу деп жооп беришкен (59 пайыз). Ал эми Ысык-Көл областынын тургундары коомдун колдоосунун жоктугу деген жоопту белгилешкен (52 пайыз).

Сурамжылоонун жыйынтыктары, айрыкча, айыл жергесинде коомдук-саясий турмушка толук кандуу катышууга аракеттенген аялдарга үй-бүлөдө тийиштүү колдоо алууга мүмкүнчүлүк бербеген патриархалдык моделдер жана стереотиптердин коомчулукта сакталуусун тастыктайт. Аялдардын саясий катышуусунда дагы коом, мамлекеттик жана бейөкмөт уюмдарынын жетишсиз колдоосу, аялдардын финансылык көз карандыгы абдан зор ролду ойнойт. Ошону менен бирге, аялдар жетиштүү билим жана тажрыйба албастан саясатка толук кандуу катыша алышпайт. Айрыкча айыл жергесинде аялдардын көпчүлүгү билим жана тажрыйба ала алышпайт.

**9.5-Таблица. Аялдардын катышуусуна тоскоол болгон себептер тууралуу пикир**

Аялдарга саясатка активдүүрөк катышууга жолто кылган үч себепти белгилеген аял менен эркектердин пайызы, жашаган жерлери, областы, жашы, билим жана жетиштүүлүк деңгээли жана улуту боюнча

| | Аялдар | | | Эркектер | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Тажрый-банын жана билимдин жоктугу | Күйөө / үй-бөлү тарабынан көрсөтүлгөн колдоонун жоктугу | Коомдун колдоосунун жоктугу | Тажрыйбанын жана билимдин жоктугу | Күйөө/ үй-бөлү тарабынан көрсөтүлгөн колдоонун жоктугу | Коомдун колдоосунун жоктугу |
